26.891,
Ч-75

# Касиеттүү Ысык-Көл



УДК 908
ББК 26.891
Ч-75

Редакциялык кеңеш: А.А.Алдашев, Ж.К.Канимeтова, Н.М.[illegible], С.Ж.Мусаев, Т.Н.Мукубатов, В.М.Плоских, М.Тентимишев, К.Мамбетов.
Редактор: Л. Ниязбекова

Сүрөтчүлөр: Н. Асаналиев, Н. Жумалиев, Ж. Бейшебаев, А. Мусуралиев
Дизайнерлер: М. Шайымов, Н. Насырбеков, Б. Акпаев, А. Сатаров
Фотосүрөтчү: В. Ушаков

Чолпонбаев У., Акматалиева Ж., Тилеммеев М.
Касиеттүү Ысык-Көл. – Б.: «Адвер», 2015. – 308 б.

ISBN 978-9967-27-493-8

Китеп Ысык-Көлдү туу тутуп, Кыргыз жеринин бермети тууралуу таанып-билүүнү каалаган инсандарга арналат. Силер бул китептен көгүлтүр көл тууралуу жана уламыштарды, ошондой эле анда жашаган кыргыз урууларынын тарыхы, маданияты жөнүндө, ошол өрөөндөн чыккан улуу инсандар тууралуу кызыктуу аңгемелерди окуй аласыңар.

Байыртан кыргыз эли руханий баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруп, аларды көзүнүн карегиндей сактап, муундан муунга берип, түбөлүк көчтү улантып келишкен. Ошондуктан китепте «Манас» эпосун көкүрөгүндө сактап, элибиздин [illegible] тарыхын даңазалаган улуу манасчылар, кыргыз күүсүнүн атасы болгон залкар комузчулар жана улуттук дөөлөттөрдү түпкү-боюна сиңирип, жан-дүйнөсүндө сактап, аздектеп, аларды эл арасында жайылтып, өнөрлүү, акылы тунук, илим-билимдүү инсандар жөнүндө маалыматтар камтылды.

Ысык-Көл – сыйкырдуу кудуретке ээ. Ошондон улам, анын жээгиндеги [illegible] жерлер ыйык деп саналат. Алар тууралуу да китепте кызыктуу окуялар баяндалат.

Иллюстрацияларга бай «Касиеттүү Ысык-Көл» – элдин тагдыры жана тарыхы, маданияты, ошондой эле ал өрөөндөн чыккан, кыргыз элине эмгеги сиңген, Кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөөгө салым кошкон, чыгаан инсандар жөнүндөгү китеп.

Ч 1805080000-14

УДК 908

ISBN 978-9967-27-493-8

ББК 26.891

«Adver Print» басмаканасынын жабдуусунда басылды.
print@adver.kg, тел: +996 312 47 28 79

Береке экен, бел экен,
Пенде көрчү жер экен,
Жердегенде адамды
Кан кылуучу жер экен.
Жээк жери баарысы
Бай кылуучу жер экен,
Ортосу көпкөк көл экен,
Суусунда миңдей төр экен
Жердеген адам бай болчу,
Көлүндө ырыс бар экен.
Боз мойнокчо, лөбөчө
Түшүп Манас жер чукуйт
Касиеттүү жер экен,
Эки эли жерин ооларса
Түгөнгүс алтын бар экен.
Жаныбарым, Ысык-Көл
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген киши тунбайбы!
Мындай кызык жер болбос,
Мындай кызык көл болбос,
Будур-будур бел экен,
Будурмак аттуу жер экен,
Будурмак келип турулуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Жаткан экен жайылып
Будурдун чөбү суюлуп,
Ар коктудан жаркырап,
Миңден булак куюлуп,
Өйүз-бүйүз жери тар
Ортосунда жайнаган
Сонун көпкөк көлү бар...

*(С.Каралаевдин варианты боюнча «Манас» эпосунан үзүндү)*



# Айкөл Манас

*Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,*
*Толкунга толкунуна тең ортокмун.*
*Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,*
*Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.*
***
*Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,*
*Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.*
*Турмушта канча курдаш күтсөм дагы,*
*Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.*
***
*Ысык-Көл, Ата-Журттун күчүн сынап,*
*Өзүнчө ойдо-төмөн жүрүш кылат.*
*Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да,*
*Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат...*

**Алыкул Осмонов**





*«Ысык-Көл – адам менен жаратылыштын тыгыз мамилелеринин эң мыкты үлгүсү, ажырагыс биримдигинин жана карым-катышынын толук гармониясы... Учурда ар бирибиз бу кереметибиздин келечек тагдырына кам көрүүнү унутпашыбыз керек. Анткени, Ысык-Көлдү сактоо – Мекенибиздин бир ажайып байлыгын сактоо болуп эсептелет».*

**Чыңгыз Айтматов**



Эне кылып маралды,
Билип турган кези экен.
Бир эмчегин эмчиге,
Бир эмчеги маралдын
Ийип турган кези экен.
Баарына Хан Теңир күбө:
«Байыркы күч байралат,
Кийинки күч ийрилет,
Адам - табият кулуну.
Эртегиңди эсте, эсте, энеден кечпе.
Жалуңду тут!»

«Манас» эпосунан

# КУТ ДААРЫГАН ОРООН



## Урматтуу Окурман!

Касиеттүү Ысык-Көл – кыргыз элинин кутман сыймыгы гана эмес, улуттук тарыхынын, рух-маданиятынын улуу кенчи! Кереметтүү көл суусу көк асман менен сырдашып, элибиздин ташка тамга баскандай карт тарыхын, тармалданган толкун добушунда сактап, укмуштуудай кооздугу менен адам баласын өзүнө тартып турат. Ушул кут даарыган ороондо биз сыймыктанган Назар, Чоюке, Тыныбек, Акылбек, Сагымбай, Саякбай, Шаабай сыяктуу залкар-манасчылар туулган. Алар Айкөл Манас баатыр баянын көл тереңинен сузуп алып, калктын калың катмарына сиңиргендей ой калтырат.

Кылымдар жылтоолоогон көл жээги жөн гана кең жайыттуу кеңдик же көл жээги эмес, кыргыз элинин – тарыхый да, рухий да эс тутуму. Биз бала кезде «Ысык-Көлдүн башат булагы кайда: Хан-Теңирдеби, Кумтөрдөбү, Сырттабы же Көл тереңиндеби?» деп суроо салып, жооп издечү элек. Ал суроо азыр да көкүрөктө. Анын жообун көл тууралуу уламыштардан, жомоктордон, улуу «Манас» дастанынан издөөр элек. Биз ошол уламыш, жомоктор жана көл касиетинин таасиринде эр жеттик.

Учурда дүйнө эли жаратылыш менен эриш-аркак жашоого умтулууда. Ал эми биздин ата бабаларыбыз эзелтен алмустактан бери табиятка аяр мамиле жасап, анын мыйзамдарын катуу кармангандыктан, байыркыдан бүгүнкүгө чейинки улуу жолду улап, өз урпактарына укмуштуудай Ысык-Көлдү тартуулап отурат. Ушул ыйык жолду, мындан ары татыктуу улап кетүү жоопкерчилиги Сиз менен биздин энчибизге тиешелүү, кадырлуу Окурманым!

«Кыргыз бермети» аталган Ысык-Көлдүн сыйкырдуу жаратылышын, ошондой эле өлкөбүздүн, элибиздин өнүгүүсүнө салым кошкон, ак эмгеги менен, өчпөс из калтырган улуу инсандардын өмүр жолун, анда жашаган жоомарт калктын каада-салтын, нарк-насилин, үрп-адатын чагылдырган китеп чыгаруу, аны өсүп келаткан муундарга тартуулоо ойдо жүргөн. Буюрса, аны ишке ашырдык...

Көл адамга күч-кубат берүүчү касиетке ээ. Анын жээги булактарга жана сыры ачыла элек ээлүү мазарларга да бай. Табиятынан акылы тунук, сезимтал элибиз өзгөчө касиети бар, бул жерлерди ыйыктап, кыраакылык менен мамиле кылышкан. Анткени, алар адамдардын рухуна, ден соолугуна таасир этип, дартка дабаа, кеселге шыпаа боло турган жакшы билишкен. Мындай ыйык жерлер жүздөп саналат. Ошентсе да, алардын белгилүүлөрүн китепке киргиздик.

Бул кут түшкөн дубанда залкар-манасчылар, кара күүнүн атасы аталган Карамолдо Орозов, Ыбырай Туманов сыяктуу комузчу жана залкар композитор, кыргыз эли өзүнчө мамлекет болууга тарыхый алкышка татыктуу экенин далилдеген Жусуп Абдрахмановдой мекенчил, саясий ишмерлер, кыргыз профессор наамына татыган Касым Тыныстановдой илимпоздор, кыргыз жазма адабиятынын көч башы, кара сөздүн дыйканы Түгөлбай Сыдыкбековдой ак жазуучулар, ажал менен арбашкан, таланттуу хирург Иса Ахунбаев өңдүү кыргыз элинин мыкты инсандары туулганын, урматтоо менен, белгилегим келет.

Кереметтүү Ысык-Көл жергесинин КАСИЕТТҮҮЛҮГҮН, КУТУН, ЫЙЫКТЫГЫН жана анда жашаган элди даңазалаган маалыматтарды чогултуп, Сиздерге табарик катары сунабыз. Келечекте жаш муундар бул китепте камтылган маалымат-булактарды окуп эле тим болбой, мындан да байытып, кемин толуктап, учугун улайт деп, ишенебиз. Эл журтка керектүү – бул ыйык ишеним, өзүбүздүн тарыхый жолубузду таанып, алга карай багыт алууга кайрат-күч, дем берет.

*Элиме амандык, тынчтык, бакубат жашоо каалайм!*

**Улан Чолпонбаев**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин депутаты**



Эне кылып маралды,
Билип турган кези экен.
Бир эмчегин эмчиге,
Бир эмчеги маралдын
Ийип турган кези экен.
Баарына Хан Теңир күбө:
«Байыркы күч байрилат,
Кийинки күч ийрилет,
Адам - табият кулуну.
Эртеңиңди эсте, эсте, эмеден кечпе.
Жолуңду тут!»

«Манас» эпосунан

# КУТ ДААРЫГАН ОРООН



## Урматтуу Окурман!

Касиеттүү Ысык-Көл – кыргыз элинин кутман сыймыгы гана эмес, улуттук тарыхынын, рух-маданиятынын улуу кенчи! Кереметтүү көл суусу көк асман менен сырдашып, элибиздин ташка тамга баскандай карт тарыхын, тармалданган толкун добушунда сактап, укмуштуудай кооздугу менен адам баласын өзүнө тартып турат. Ушул кут даарыган ооронунда биз сыймыктанган Назар, Чоюке, Тыныбек, Акылбек, Сагымбай, Саякбай, Шаабай сыяктуу залкар-манасчылар туулган. Алар Айкөл Манас Баатыр баянын көл тереңинен сузуп алып, калктын калың катмарына сиңиргендей ой калтырат.

Кылым жылдоолугон көл жергеси жөн гана кең жайыттуу кеңдик же көл жээги эмес, кыргыз элинин – тарыхы да, руханий да өз тутуму. Биз бала кезде «Ысык-Көлдүн башат булагы кайда: Хан-Теңирдеби, Кумтөрдөбү, Сырттабы же Көл тереңиндеби?» деп суроо салып, жооп издечү элек. Ал суроо азыр да көкүрөктө. Анын жообун көл тууралуу уламыштардан, жомоктордон, улуу «Манас» дастанынан издөөр элек. Биз ошо уламыш, жомоктор жана көл касиетинин таасиринде эр жеттик.

Учурда дүйнө эли жаратылыш менен эриш-аркак жашоого умтулууда. Ал эми биздин ата-бабаларыбыз эзелтеден бери табиятка аяр мамиле жасап, анын мыйзамдарын катуу кармангандыктан, байыркыдан бүгүнкүгө чейинки улуу жолду улап, өз урпактарына укмуштуудай Ысык-Көлдү тартуулап турат. Ушул ыйык жолду, мындан ары татыктуу улап кетүү жоопкерчилиги Сиз менен биздин энчибизге тиешелүү, кадырлуу Окурманым!

«Кыргыз бермети» аталган Ысык-Көлдүн сыйкырдуу жаратылышын, ошондой эле өлкөбүздүн, элибиздин өнүгүүсүнө салым кошкон, ак эмгеги менен, өчпөс из калтырган улуу инсандардын өмүр жолун, анда жашаган жоомарт калктын каада-салтын, нарк-насилин, үрп-адатын чагылдырган китеп чыгаруу, аны өсүп келаткан муундарга тартуулоо ойдо жүргөн. Буюрса, аны ишке ашырдык.

Көл адамга күч-кубат берүүчү касиетке ээ. Анын жээги булактарга жана сыры ачыла элек эзелки мазарларга да бай. Табиятынан акылы түнүк, сезимтал элибиз ылгоочу касиети бар, бул жерлерди ардактап, кыраакылык менен мамиле кылышкан. Анткени, алар адамдардын рухуна, ден соолугуна таасир этип, дартка дабаа, кеселге шыпаа болорун жакшы билишкен. Мындай ыйык жерлер жүздөп саналат. Ошентсе да, эң белгилүүлөрүн китепке киргиздик.

Бул кут түшкөн дубанда залкар-манасчылар, кара күүнүн атасы аталган Карамолдо Орозов, Ыбырай Туманов сыяктуу комузчу жана элдик композитор, кыргыз эли өзүнчө мамлекет болууга тарыхый алкакта татыктуу экенин далилдеген Жусуп Абдрахмановдой мекенчил, саясий ишмерлер, кыргыз профессор наамына татыган Касым Тыныстановдой илимпоздор, кыргыз жазма адабиятынын көч башы, кара сөздүн дыйканы Түгөлбай Сыдыкбековдой ал жазуучулар, ажал менен арбашкан, талантуу хирург Иса Акунбаев өңдүү кыргыз элинин мыкты инсандары туулганын, урматтоо менен, белгилегим келет.

Кереметтүү Ысык-Көл жергесинин КАСИЕТТҮҮЛҮГҮН, КУТУН, ЫЙЫКТЫГЫН жана анда жашаган элди даңазалаган маалыматтарды чогултуп, Сиздерге тебертик катары сунабыз. Келечекте жаш муундар бул китепте камтылган маалымат-булактарды окуп эле тим болбой, мындан да байытып, кемин толуктап, учугун улайт деп, ишенебиз. Эл-журтка керектүү – бул ыйык ишеним, өзүбүздүн тарыхый жолубузду таанып, алга карай багыт алууга кайрат-күч, дем берет.

*Элиме амандык, тынчтык, бакубат жашоо каалайм!*

**Улан Чолпонбаев**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин депутаты**

# Кереметтүү көл жээги

Ысык-Көл - Борбор Азия аймагындагы көлдөрдүн көлү, сулуулуктун сулуулугу, тарыхый Теңир-Тоодогу Кыргыз бермети. Андагы укмуштуудай кооз көлдү окумуштуу-геологдор «мыңдаган он-жыйырма миңдеген жылдар илгери тоо бузулуп сай болду, сай бузулуп тоо болду деген» замандарда пайда болгон» дешет. Ысык-Көлдүн улуу «Манас» дастанында эскерилиши эле, аталган көлдүн байыркы тарыхынан кабар берет.

Ал эми, ысык көл жээгинде кыргыз эли байыртан эле жашап келгени, «Манас» эпосунда жана элдик санжыра, уламыштарда да айтылган. Айкөл Манас бабабыздын доорундагы көчмөн жоокер элибиздин жасаган эрдиктери, «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу тарыхый башка окуялар «Манас» эпосунда баяндалуу менен, кыргыз уруулары Теңир-Тоону жердеп, Ала-Тоо бермети Ысык-Көл жээгин жана Каркыра өрөөнүн ээлеп байырлап келишкени, ар бир муундун эс-тутумунда сакталган.

Ооба, укмуштуудай кооз Ысык-Көл улуу Жаратуучу тарабынан – Кыргыз элине берилген таберик. Ошондуктан, кыргыз баласы үчүн Ысык-Көл – ыйыктардын ыйыгы. Элибиз кут дарыган көлүн жанынан артык көрүп, көзүнүн карегиндей сактап, кастарлап, анын өлбөстүгүн, кереметтүү сулуулугун элдик оозеки чыгармаларында даңазалап келген. «Ысык-Көл жанар тоо (вулкан) аракетинен жаралгандыктан, миңдеген жылдар бою анын түбүнөн күкүрт кычкыл жана башка ис чыгып, көлдүн бети жайы-кышы тумандап тургандыктан, илгерки жергиликтүү жашоочулар «Ис-Көл» деп аташкан» деген божомолдор да бар.

«Өткөн кылымдар менен кийинки кылымдар тогошо баштаганда гана истин жыты жоголуп, жээктерине чыккан калың чөпкө мал жайылып, токой, бадал арасындагы жаныбарлар көбөйгөн» деген илимий пикир бар. Көл суусу жайы-кышы жылуулук сактап, кычыраган суукта да тоңбогондуктан, «Ысык-Көл» атыгып, жээктерине адамдар да байыр алып, шаар-кыштактар курула баштаса керек.

Ысык-Көл аймагын жана Теңир-Тоо арасын мекендеп келаткан кыргыз элинин, оозеки жана жазма булактарда баяндалган, узак жана окуяларга бай тарыхый жолуна улам-улам кайрылып жүрүп отурабыз. Анткени көл кылаасындагы шаарларды, кыргыз урууларын, жер аттарын, мазарларды, топонимикалык, тотемдик айырмачылыктарды жана башка тарыхый маалыматтарды жазууда, сөзсүз түрдө, алар тууралуу уламыш, санжыраларды кошо жазууга туура келди. Анткени касиеттүү Ысык-Көл өрөөнү менен кылым карыткан элинин өткөндөгүсү менен бүгүнкүсү түбү чексиз баяндарга абдан бай.

Көлдүн түпкүрүнөн чыккан минералдык ысык суу көлдү гана түпкүрүнөн ысытпастан, жер жаракалары аркылуу жол таап, жээктерде жылуу булактарды пайда кылган. Окумуштуулардын айтуусуна караганда, Ысык-Көлдүн жээгин терең бургуласа, минералдуу ысык суу чыгат. Буюрса, ысык сууну бир гана адамдарды дарылоого пайдаланбастан, келечекте андан электр энергиясын алуу менен, анда жашаган калк үйлөрүн жылытууга жана башка турмуш-тиричилик керектөөлөрүнө кеңири колдоно баштайшат. Мындай келечекке элибиздин да ишеними зор.

Көл дубаны – туристтик аймак катары да, маданий-тарыхый эстеликтерге өзгөчө бай. Учурда бир нече миң тарыхый-археологиялык эстелик катталган. Анын ичинен 320 объектиси мамлекет тарабынан коргоого алынып, 1500 археологиялык эстелик расмий каттоодон өткөн. Алардын арасында таш, коло жана темир доорлорунун эстеликтери (жатактар, үңкүрлөр, эскиден калган жазуулар), алгачкы жана орто кылымдагы таш айкелдер (балбалдар), байыркы таш бетиндеги сүрөттөр жана жазуулар, шаарлардын жана чакан шаарлардын калдыктарынын орду бар.

Чолпон-Ата калчыганында жана башка жерлерде, аскалардын жана таштардын беттериндеги, биздин заманга чейинки II миңинчи жылдан биздин замандын VIII кылымдарынын аралы-

гынан деп белжолдонгон жазуу-петроглифтери сыяктуу эсеби тактала элек, байыркы эстеликтер да абдан көп. Аларды сактоо жана келечек муундарга мурас кылуу – баарыбыздын милдетибиз.

Түп районундагы Күрмөнтү айылынын жанындагы Падыша-Коргон – баатырдык доордон бери көчмөндүк турмушта жашаган кыргыз элинин коомдук, мамлекеттик түзүлүшүнүн таасын эстелиги. Ушул өңдүү эстеликтер Ысык-Көлдүн башка аймактарында да бар. Алар тарыхый гана эмес, туристтик багытта да өтө баалуу байлык. Тарыхый, археологиялык бул эстеликтер – көчмөн жоокер сактардын күмбөздөрү жана чептеринин калдыктары.

Кыргыз эли гүлдөгөн баатырдык доорлордо улуу тоону этектей, көл аймактарында отурукташуу менен бирге, дыйканчылык маданиятын жаратышкан. Кыргыз мамлекети гүлдөп турган мезгилде, анын чек арасы улуу Теңир-Тоодон Күн чыгыш мухиттеги Сары деңиз жээгине (азыркы Корея) чейин созулуп жаткан. Тарыхый жазма булактарда көл жээгинде гүлдөгөн Кызыл Өрөөн шаары («Чигу шаары» деп да аталган) жөнүндөгү бир канча эскерүүлөр, буга күбө. Тарых изилдөөчүлөр белгилегендей, Түптүн Сары-Булуңунан, Чоң-Өйдүн жана башка аймактардын катарындагы суу астынан табылып жаткан урандылар – ар кайсы доордогу байыркы шаарлардын урандылары.

Көл жээгинде отурукташуу дыйканчылык маданиятын калыптандырган. Аны археологиялык жана жазма булактар күбөлөп турат. Тору Айгыр айылынын жанынан табылган XIV кылымдагы мончонун урандысы отурукташуунун тарыхый-маданий эстелиги болуп саналат.

Көл өрөөнүндө айыл чарба азык-түлүктөрүн кайра иштетүү багытындагы өнөр жай тармагы түзүлгөн. Башка тармактардагы ишканалар да бар. Ысык-Көл өрөөнүндө ден соолук чыңдоочу курорттук-санаториялар, ошондой эле тарыхый-рекреациялык жана тоо туризми да өнүгүп келе жатат. Бүгүн көл жээгинде 30 миң эс алуучуну бир учурда кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар, 128 ден соолук чыңдоочу, эс алуучу мекемелер жайгашкан.





# Ысык-Көлдүн тарыхый шаарлары



Кыргыз эли Ысык-Көл өрөөнүндө зээлтен жашап келгенин тарыхый «Манас» эпосу жана элдик санжыра, уламыштар тастыктап турат. Байыркы баатырдык доордо жашаган Манас бабабыз жана анын кырк чоросу, көчмөн жоокер эли Каркыра өрөөнүндө кызыктуу окуяларды башынан өткөрүп, улуу эрдиктерди жасаган.

Биздин заманга чейинки VII кылымдан тарта, биздин замандын II кылымына чейин Ысык-Көлдүн жээгинде жашаган кыргыз уруулары Борбор Азиянын аймагын басып алууну каалаган Иран падышасы Кирдин, андан соң Дарийдин жоокерлерин, андан кийин Александр Македонскийдин грек аскерлеринин улуу топ арасына сүңгүп киришин токтоткон. Бул улуу согушка көчмөн кыргыз уруулары менен бирге, көл жээгинде отурукташкан уруулардын жоокерлери да катышкан.

Ал шаар-кыштактар Ысык-Көлдүн деңгээли көтөрүлгөн орто кылымдарда суу алдында калып, учурда да катуу толкун болгондо ал замандарда жашаган бабалардын буюмдарын жээкке сүрүп чыгарып турат. Кыргызстандын тарыхчы-археологдору көл жээгинен жана суу астынан коло курал-жарактарды, казан, чырак, карапа идиштерди, алтын, күмүш жасалгаларды көп тапкан. Алар көл тереңинен дубалдарды көргөн. Уламышта айтылгандай, падыша-хандардын, алардын ичинде Чыңгыз хан менен Амир Темир да жоокерлери менен, касиеттүү көл жээгине келип, эс алуу үчүн, ар кандай имараттарды курдурганын далилдеген урандылар да табылуула.

Орто кылымдарда көл аймактарында болгон окумуштуу-саякатчылардын айтуусу боюнча, Ысык- Көл жээгинде жети шаар болуптур. Болжолу 630-жылдары, дээрлик бир жарым миң жыл мурда, кытай будда-кечили Сюан Цзан Индияга зыяратка (б.а. ажыга) барат.

Андан соң, кытай саякатчы-кечили кантип эң оор жана коркунучтуу ашууларды ашып, торт жүз лиден (1ли - 500 метрге барабар) ашык тоолорду басып өтүп, Цин-Чжи көлүнө келгени белгилүү. Көлдүн аталышы кытай тилинен которгондо «тунук» дегенди билдирет. Бул бардык тарабынан тоолор менен курчалып, миңдеген булактар куйган Ысык-Көл эле. Саякатчы-кечил көл жөнүндө:

«Айланасы 1000 лини (500.000 метр) түзүп, батыштан чыгышка созулуп жатат. Түштүктөн түндүккө чейинки аралыгы кыска. Төрт тарабынан тоо менен курчалган. Ага ар тараптан шаркы-

раган дарылар куюлуп турат. Суунун түсү кочкул-кара, даамы туздуу, негизинен ачуу. Шамалда суусу тулпардай ышкынып, ай асманга чамынат. Бул көлдө ажыдаарлар менен балыктар бирге байырлашат. Кез-кез көл түпкүрүнөн бир укмуш коркунучтуу жаныбар көл бетине чыга калат. Андыктан бул көл жээги менен өткөн жолоочулар өз амандыгын тилеп, кудайга жалынат. Балыгы көп болгонуна карабай, жергиликтүү эл балыкчылык менен алектенбейт», - деп жазат.

Биздин мезгилдин окумуштуулары, Кытай кечилдери өз жазууларында дал ушул Ысык-Көлдү сүрөттөп жазганын, далилдешти. Анын баяндоосундагы Ысык-Көл ушул күнгө дейре, батыштан чыгышка созулуп жатат. Көл боюндагы шаарларды ал өз тилине которуп же ылайыкташтырып: «Дун, Хале, Бежи шаарлары», - деп жазган.



# Жогорку Барскан

Айрым тарыхчылардын болжолу боюнча, биздин заманга чейинки доордо пайда болгон, бул шаар Кир жана Дарий хандарынын доорунда таажык, сыягы, перс жоокерлери тарабынан курулуп, ошондо эле Фарскент деп аталса керек. Муну алардын кыргыз тилин билбегендиги менен түшүндүрсө болот. Байыркы кезде Көлдүн тескей тоолору жыш токойлуу келип, жолборс менен илбирстер көп болгондуктан, жергиликтүү калк бул жерлерди Барскен деп аташса керек. Антпесе эки коңшулаш турган шаардын бири – Жогорку Барскан, экинчиси – Төмөнкү Барскан аталмак эмес.

Дагы бири – кыргыз элинин темирчилигине байланыштуу болушу мүмкүн. Кытай тарыхчылары: «Кыргыздар өтө чебер уста. Алар күн күркүрөп, чагылган чартылдап жааган нөшөрдөн кийин, асмандан түшкөн темир сыныктарын (метеорит) терип келип, эриткен темирге кошуп ийлеп, албарс кылыч, бычак жана башка куралдарды жасашат», - деп жазган. Экинчи бир жазмада, кытайдын жана башка элдердин кербенчилери кыргыздардын темирин батышка

чейин алып барып, сатаары айтылган. Темирдин баасы так болушу үчүн, аны Барскан түрүндө куюшканы белгилүү. Ошондуктан шаар Барскан аталышы мүмкүн.

Байыркы Барскан шаары азыркы Тамга курорту турган жерде болгон. Ысык-Көлдөгү бул шаардын азыркы орду туу-ралуу көптөгөн пикирлер бар. Анын биринде азыркы Тамга курортунун орду көрсөтүлсө, биринде Ысык-Көлдүн бүтүндөй түштүк аймагынан Тоң айылына чейин Жогорку Барскан деп аталгандыгы айтылат. Мындай пикирди Ысык-Көлдү изилдеген археолог, тарыхчы, этнографтар да колдошот. Махмуд Кашгаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагында» (араб тилинен которгон-Т.Чоротегин) «ЫСЫК КӨЛ» – Барскандагы көлдүн аты. Анын узундугу отуз фарсах, туурасы он фарсах (1 фарсах - 6 чакырымдай), 99-бет, Т.Ч)), – деп берилген. Ал эми «Барскан» этноними сөздүктө - Барсган – Афрасиябдын уулунун ысымы. Өз мезгилинде ал – Барсган шаарын курган адам. Махмуддун атасы дал ушул шаардан чыккан», -деп жазылат. Махмуддун картасында жердин чордону катары Барскан көрсөтүлгөнүн билебиз. «Барскан шаарынын аталышы «Дивандын» текстинде каткалаң «гайн» аркылуу «Барсган» деп берилген болсо, ал эми картада – каткалаң «каф» аркылуу «Барскан» деп жазылган. Сыягы, бул айырмачылык диалектикалык өзгөчөлүктөр менен байланыштуу болсо керек. Түркстан аймагы көңүл борборунда тургандыгынан улам, бул картаны кандайдыр бир даражада, Караханиддер династиясынын саясий картасы иретинде түшүнүүгө болот», -деп белгилейт, тарыхчы Т. Чоротегин.

Ал шаардын орду азыр да сакталуу. Шаар жөнүндө Орто Азияга IX кылымда келген, тарыхчы Хордадбектин чыгармаларында да эскерилген. Андан кийин X кылымда, араб саякатчысы Кудама ибн Жафар да келген жана ал көргөндөрүн жазып калтырган. Бул эки саякатчы бирдей, Барскан шаары кооз жана бардык ыңгай-шарты бар экендигин баяндашат. 982-983-жылдары белгисиз автор жазган «Күн чыгыштан күн батышка созулган жерлер жөнүндө китеп» («Китаб Худуд ал-Аалам мин ал Машриу ила-Магриб») деген эмгекте, Ысык-Көлдүн жээгинде шаарлар бар, анда баатыр, жоокер уруулар жашайт деп жазылган. Ошондой эле, белгисиз автор, ошол шаар – «Ысык-Көл» деп аталарын, анда калк жыш отурукташканын, Жибек-Жолу өткөндүктөн, ири соода борбору болуп саналарын жазган.

Ал эми тарыхчы Гардизи, Ысык-Көл жээгинде жашаган элдин бири калбай жоокер болгонун маалымдайт. Шаарда көбүнесе аскер адамдары бойдок жашап, алардын санынын төрттөн бирин гана аялдар, балдар, кары-картаңдар түзгөнү да маалим. Барскан шаары көл өрөөнүн мекендеген сак урууларынын эң таасирдүү ханынын борбору болгон.

Дагы бир тарыхый маалыматта, бул жерден саякатка чыккан жоокер жигит Мавреннахр тарапка бара жатканда, Бухара шаарына жакын талаада колго түшүп, перстерге гуламдыкка (кул жоокер) сатылат. Ал далай кармаштарда эрдик көрсөтүп, падышага жагып калып, башкы аскер башчы даражасына жетет. Колго түшкөндө «тегим саяк» деп айткан, ал баатырды, баары Себук Тегин атап, тарыхта да, ошол ат менен калган. Себеби, согуштардын биринде падыша каза болуп, анын ордун басып, Газна мамлекетине бийлик кылган. Анын уулу Махмуд Газневи, небереси Масуд Газневи падышачылыгын кеңейтип, Индияга чейин жортуул жасаган. Себук тегиндин Ысык-Көл жээгиндеги Барскан шаарынан экенин билген, атактуу окумуштуу Абу-Райхан Беруни: «... Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан Барскан шаарында темирчи усталар коло менен жездин аралашмасынан казан идиштерди жасайт», – деп жазган. Бул факт Барскан шаары жез менен колону иштеткен борбор болгондугун тастыктап турат.

Барскан шаарында атактуу Махмуд Кашкари да туулган. Атасы Кашкарга элчи болуп шайланып, ошол жерде терең билим алып, атактуу чыгармаларын жазган. Учурда шаардын ордун таап, калдыгы турган жалпак дөбөнүн жана анын жалпы аянтын изилдеген окумуштуулар шаарда ошол замандарда эле, 30 миңге жакын адам жашаганын божомолдоп жүрүшөт.

Бул аймакта эң байыркы көчмөн скифтердин жана сактардын доoруна таандык, байыркы эстеликтер бар. Кезегинде алар көл өрөөнүнө көптөгөн чептерди калтырып кетишкен. Алардын биринде, тагыраак айтканда, Барскан айылынын түштүк-батыш тарабындагы Көк-Ой деген жерде сактардын көркөм өнөр үлгүсү болгон, жырткыч жаныбарлардын сүрөтү түшүрүлгөн, темир жасалга буюмдары табылган. Жалпак жездин бетине жырткыч жолборстун тумшугу тартылган. Табылгалардын баалуулугу – аталган жасалгалар менен бирге, табылган жез буюмдар жергиликтүү өндүрүштүн туундусу экендигин тастыктаган, жезди даярдоо өндүрүштөрүнүн табылгандыгында. Барскандык темир усталар ошол байыркы убактарда эле, атагы таш жарып, белгилүү болушкан.

Барскандагы дагы бир тарыхый эстелик катары XIX кылымдарга таандык Коконд чебинин урандыларын белгилей кетсек болот. Бул чеп тоо капчыгайынан чыккан дарыянын оң жээгинде жайгашкан. Аталган аскер сепили 1842-жылы кокондуктарга каршы чыккан кыргыз көтөрүлүшүндө талкаланган.



Махмуд Кашкари түзгөн Дүйнөнүн картасы. XI к. Которгон Камрат Белек



# Төмөнкү Барскан

Бул шаар кичирээк болгону менен, үйлөрү тыгыз жана ирээттүү курулганы байкалат. Мында да жоокер эл жашаган. Шаардын атын айлана-чөйрөдө жашаган илбирстерден же Барскан темирдин жасалышына байланыштыруу туура. Айткандай эле, бул шаарда да усталар жашаганы археологиялык жактан аныкталган. Жоокерлер жашаган шаарларда, өзгөчө, темир усталары болуп, согушта сынган, майтарылган куралдарды оңдогон жана жаңы курал-жарактарды жасашкан.

Шаар илбирстер, жолборстор мекендеген тоо коосунун оозунда тургандыктан, ошондо эле, бул жердин аталышына үндөш Барскоон аталышы да мүмкүн. Төмөнкү Барскан шаарынын калдыгы да өзүнчө аянтта созулуп жатат. Тоң аймагындагы бул шаар орто кылымдарда Көлдүн көрүнүктүү шаары болгон. Ал жогорку баш шаарга баш ийиши да мүмкүн. Шаардын ордусунун жарым бөлүгү совет жылдарында айдоо аянтка айланып кеткен. Отузунчу-кыркынчы жылдары ал жерди айдаганда, ар кандай коло жана карапа буюмдар, жарым бышырылган кирпичтер чыгып турганын, аксакал адамдар айткан.

Бул эки шаардан башка да шаарлар болгонун Ысык-Көлдүн күнгөй-тескей жээктериндеги калдыктар айтып турат. Алар тууралуу кытай, фарс, араб тарыхый-жазма булактарда эскерилген. Бирок алардын орду так көрсөтүлбөй, «Чүйлөгү чоң шаардан (Суябдан) чыгышка карай, бир канча чакырым аралыкта, тоо арасында көлгө жакын жайгашкан» деген маалымат аркылуу айтылып, ушул күнгө дейре көбү табыла элек. Ал шаарлар улуу жер которууларда жок калган, же монголдор келгенде, анда жашаган жоокер эл аларга кошулуп жортуулга кетип, башка жактарда туруп калышкан. Жергиликтүү эл мындай апааттардан кийин, көчмөн жоокер жашоого өтүп, малчылык, аңчылык менен алектенип, тоого таянып кеткен.

Бул шаар жөнүндө кытай тарыхый-жазма булактарында «Иллыйкы чектеги угуздар» деп жазылган. Демек, Иллыйкы чектеги бул шаарда кыргыз (угуз) жоокерлер турганы анык.







«Бул жер Ysicol деп аталат. Армян [illegible] бир туугандардын чиркөөсү жайгашкан [illegible] Апостол жана Евангелист Матфейдин сөөгү жатат» ([illegible])

Каталон картасы 1375-жыл. Бул – өтө белгилүү дүйнөлүк сейрек карталардын бири. Аны Европанын картографиялык борбору болгон Майоркада түзүшкөн. Картаны ошол доордун атактуу картографы Авраам Крескес (?-1381-жыл) жана анын баласы Иехуда (1350-1425-жылдар) Испаниянын ханзаадасы Хуан Арагонский менен атасы Педро IV Арагонскийдин тапшырмасы менен чийишкен. Картаны ханзаада Франциянын королу Карл IVкө белекке берген... Жаш окумуштуу П.П.Семёнов Париждеги китепканалардын биринен бул карта менен таанышып, андагы «Ysicol» деген аталышка көңүл бөлүп, кийин Жети-Сууга жасаган саякатына да, дал ушул маалымат негиз болгон.



Кабылан келбеттүү бастырмалар
Сак доору. Барскоон





1968-жылы Барскоон айылынын окуучулары кийимге бастырылып тигилген коло жасалгаларды таап алышкан. Коло пластиналардан жасалган Барскоон табылгасы Сактардын уруу башчысынын салтанаттуу жыйынга кийүүчү кийимин кооздоп турган. Кийин тарыхчылар – бул табылганын негизинде кийимдин түзүлүшүн реконструкциялаган.



# Койсары

Байыркы кылымдар менен орто кылымдардын аралыгында гүлдөп турган бул шаар Ысык-Көл менен Кара-Көлдүн ортосунда жайгашкан. Учурда анын айрым урандылары күн чыгып келе жатканда жана батып бара жатканда, суу алдынан кадимкидей көрүнүп турат. Байыркы шаар өтө чоң болгондуктан, анын айрым бөлүгү Кара-Көлдүн түбүндө жатса, ал эми калган бөлүгү Ысык-Көлдүн жээгине чейинки суунун астында жатат. Хан сарай жана анын чеп дубалдары бизге белгисиз, өзгөчө технология менен бышырылган кыштан курулгандыктан, ушул күнгө чейин өз турпатын жоготкон эмес.

Бир жарым кылым илгериреекте көл жээгине көчүп келген, орус дыйкандары, суу тартылган кезде, ал сепилдин кыштарын бузуп келип, үйлөрүнүн жана мончолорунун курулуштарына пайдаланышкан экен. Аны көргөн жергиликтүү эл ал кирпичтерди күмбөз курууга пайдаланышканы айтылып жүрөт. Узундугу үч, туурасы эки чакырым келген шаардын жашоочулары карапа кубурлар аркылуу агып келген таза суу менен камсыз болгон. Ал кубурлар археологиялык казуулар учурунда табылган. Тарыхый-жазма булактарда бул шаардын кандайча аталганы такталбагандыктан, учурдагы Койсары аталышы пайдаланылып жүрөт. Кыргыз эли касиеттүү көл жээгин кылым түпкүрлөрүнөн бери жердегендиктен жана ушул улуу тоо арасынан Алтайга, Кангайга, Эренге (Иран), андан ары Теренге (Египет, Европа) чейин жортуул жасаганы «Манас» эпосунда эң сонун чагылдырылгандыктан, балким, бул улуу шаардын аты ошол учурларда деле Койсары болушу мүмкүн.

Койсарынын жээгинен табылган буюмдардын ичинен мусулман маданиятына тиешелүү фрагмент табылган. Койсарыны падышалык россиянын Жети-Суудагы чиновниктери изилдегенде, суу түбүнөн жаргылчак, идиштердин сыныктары, кыштын сыныктары жана байыркы курулуш жайлардын орду табылган. «Жер титирөөнүн кесепетинен мүрзө дөбөлөр чөгүп кеткен» деген божомолдор айтылган. В. Бартольд табылган буюмдарга таянып, «бул отурукташып жашаган мезгилдин белгилери» деген тыянакка келген.



# Дархан

Орто кылымдарда белгилүү болгон Дархан шаары азыркы Дархан айылынын түндүк тарабында, Жууку дарыясынын сол куймасынан орун алган. Бир кездерде Дархан шаары да Койсары шаарына окшоп, гүлдөп турган, байыркы шаар эле. Окумуштуулар шаардын дубалдары ылайдан жасалган кирпичтерден курулган, ал эми суу түтүктөрү чоподон болгон деген жыйынтыкка келишкен. Анткени мурдагы шаар жайгашкан жерде саз пайда болгон. Балким суу түтүктөрдөн аккан суу кылымдар бою жер алдына топтолуп отуруп, шаардын урандыларынын сазга айланышына себеп болгондур.

Байыркы шаар ордунан табылган коло күзгү, ар кандай буюмдар, жез жана күмүштөн тыйын (дирхем), акча жасоо үчүн даярдалган калыптар, суу сактоого жана тамак салууга ылайыкталган карапа идиштер, анын жашоочулары маданияттуу жана бардар жашаганын кабарлайт. Караханийлердин кол жеткисиндеги бул шаары орто кылымдарда (болжолу VIII-X кылымдар) Улуу Тоодон Фергана жана Чыгыш Түркстанга кетүүчү Жууку дабанын көзөмөлдөөчү Улуу Жибек жолундагы маанилүү түйүн болгон.

Шаарда [illegible] аскер адамдары, ошондой эле кол өнөрчүлүк менен алектенген, тагыраак айтканда, темирден жасалган буюмдарды жана башка түрдүү кооз нерселерди, аскер курал-жарак, карапаларды жасаган усталар менен уздар жашаган. Кыязы, алар бул аймактагы жер кендерин экологиялык таза технологиялар менен иштетүүнү билген болуш керек.



# Түп

Бул шаар тууралуу маалымат өтө аз. Буга карабай, эл ичинде байыркы Түп шаары жөнүндө баяндар, уламыштар оздон-оозго айтылып, сакталып келе жатат. Өз мезгилинде П.П. Семенов-Тянь-Шанский, Н.М.Пржевальский, В.В.Бартольд жана башка окумуштуулар Түп тууралуу так маалыматтарды тактоо үчүн, аны изилдей баштаган. Биздин күндөрдө да, шаар жөнүндө көбүрөөк маалымат топтоо боюнча аракеттер жасалып жатат. Байыркы шаарга болгон кызыгуунун бирден бир себеби деп, анын аймагында табылган тарыхый буюмдарды атаса болот. Мисалы: жезден, колодон, чоподон жасалган буюмдар, темирден жасалган буюмдар (бычак, найза, жебе, балта), жана башка курал-жарактар, бышкан кыштар.

Түп суусунун куймасына курулган бул шаар толук бойдон көл ичине чөгүп кеткен дешет. Анткени Түп суусунун көлгө куйган жери өтө тереңдеп кеткендиктен, булуңда жайгашкан шаар да көл астында калган.

Түп булуңунда табылган суу астындагы калдыктар - байыркы усун мамлекетинин (б.з. ч. II кылым, б.з. V кылым) тургундарына таандык экендиги айтылып жүрөт. Бирок биздин күндөрдө жээкке сүрүлүп калган кыштар түзүлүшү боюнча, Кулжа менен Жаркент шаарларын куруу үчүн колдонулган, кытай кыштарына окшош. Ошондуктан В.Бартольд «бул шаар курулуштары - Жети-Сууда кыска мөөнөттө бийлик кылган кытай мамлекетинин курулуштарына дал келет» деп белгилеген. Жергиликтүү калк В. Бартольдго (ал Орто Азияда 1893-1894 жылдары болгон)Түп булуңунан табылган чиретилген үч буттуу жез казан жана жез бычакты көрсөтүшкөн. Бул окумуштуунун «буюмдар түзүлүшү жагынан байыркы Сибирь куралдарына окшош» деген бүтүмгө келишин шарттаган.



# Кара-Ой

Көл жээгиндеги – бул шаарга, ошол мезгилдерде Чин, Мачин билермандары сыяктуу, Борбор Азияга бийлик жүргүзгөн окумдарлар келип ээ алгандыгы жөнүндө көптөгөн аңыз кептер бар. Көлдүн тереңинен орун алган – бул аралда курулган, ал шаарларга жээктен ары кеткен, таштуу кууш булунча жол алып барган. Ал булуң тайыз суу астында азыр да бар.

Элдин айтымында, шаарга Караханиддер да башпаанек-теп, аны сепилге айлантышкан. Кийин Чыңгызхандын мураскерлери да келип, ээ алган. Бирок, орто кылымдардын аягында болгон катуу жер титирөө аны кыйратып, шаар суу астына чөгүп кеткен.

Шаардын өнүккөнү жана окумдарлардын сүйүктүү жайы болгонун бул жерден табылган кооз буюмдар, алтын, күмүш тыйындар жана билерик, сөйкө жасалгалары, карапа идиштер, бышкан кыш, курал-жарактар далилдеп турат.

Буга карабай, тарыхый шаар варвардык мамилеге кабылган. Себеби айрым адамдар пайда табуу үчүн, археологиялык маанилүү табылгаларды сатып жиберген корунуштор да жок эмес. Албетте, бул абдан өкүттүү. Кара-Ойлук жаш муундар – бул жосунсуз жоруктарга каршы аракет жасап, ата-бабаларыбыздан калган мурасты сактап калаарына ишенимибиз терең.



# Кой-Суу

Бул - Ысык-Көлдүн жээгиндеги эң даңктуу жана сырдуу шаар. Мисалы, тарыхчы Ибн Арабшахдын жазгандарына таянсак, бир кезде бул чакан аралга аксак-Амир Темир чеп курдуруп, анда өзүнүн туткундарын камаган экен. Ал эми даңазалуу Бекичек Эмир хан да бул аралга өзүнүн ордосун курдуруп, анда үй-бүлөсү менен жашагандыгын, моголдордун көрүнүктүү аскер башчысы жана тарыхчысы Мухамед Хайдар жазып кеткен. Тарыхчынын айтуусуна карағанда, аралга ат же кайык менен сүзүп жетүү мүмкүн болгондуктан, Бекичек Эмир жортуулга аттанаарда, үй-бүлөсүн калмактардын кол салуусунан какыс кылуу үчүн, алардын коопсуздугун камсыздаган.

Орус колонизаторлору үй, мончо куруу үчүн, аталган сепил менен андагы имараттарындагы бышкан кыштарды ташып алышып, тарыхый шаардын жоголушуна өз таасирин тийгизген. Албууттанган толкун жээкке сүрүп чыгарып койгон, ар кандай тарыхый буюмдарды жергиликтүү эл таап алып турушкан.

Албетте, бул аралча азыр жок. Аралчанын жоголушу, жаңы дооргo түш келиши мүмкүн. Себеби, Арабшахтан кийин, Ысык-Көл тууралуу терең изилдеп жазган Махмуд Хайдардын эмгектеринде ал тууралуу айтылган эмес. Кийинчерээк Жети-Суу дубанынын аскер-губернатору Г.Колпаковскийдин материалдарында «Чоктал жана Чолпон станцияларынын ортосунда жарым аралча бар» экендиги айтылат. Мындан эки тыянак чыгарса болот: Кой-Суу шаары жер титирөөнүн кесепетинен улам, деңизге чөгүп кеткен, же жээкке жакын жайгашкандыктан, суунун тартылып кеткенине байланыштуу, кургакка кошулуп кеткен. Бул аралчаны заманбап тарыхчылар «Тимурдун сарайы» деп да аташат. Археолог Д. Винниктин табылгалары да бул пикирди ырастап турат.



# Тору-Айгыр

Көчөө жакында эле табылып, толук изилденип бүтө элек – табышмактуу шаар. Бул шаардын дубалдары да бышкан кыштан курулган. Археологдордун айтуусуна караганда, ал кыштар бири-бирине абдан бекем кынalгандыктан, аларды, жада калса, темир кескичтер менен да кесип ажыратуу кыйынга турган.

Шаардын четинде Орто кылымда тегирмендер үчүн колдонулган ташка окшогон таш жатат. Ал таштар кандай максат үчүн пайдаланылганы белгисиз. Ошондой эле, жерди казуу учурунда адамдардын сөөктөрү да табылган. Көрүстөндөгү ал сөөктөрдүн жайгашуусунан улам, жергиликтүү калк исламдан башка динди тутунгандыгын божомолдосо болот.

Ушул аймактагы эң баалуу табылга катары «кыш заводун» айтсак болот. Анткени ушул жерден чыккан төрт чарчы, жалпак кыштар жакшы технологиялар менен бышырылып, бети ачык жашыл түс менен сырдалган. Кийинки замандарда бул кыштар ташылып кеткен. Жергиликтүү калктын айтымында (болжолу 1893-жылдары), Тору-Айгырдан түндүгүрөөктө жайгашкан тоолордон кулактуу жез казан жана алтын идиш табылган. Бирок бул буюмдардын азыркы жайгашкан орду кайерде экендиги жана кимдин колунда калгандыгы белгисиз.



# Улахол

Элдик уламыштарда айтылган. Ысык-Көлдүн астына чөгүп кеткен Улахол шаары окумуштуулар тарабынан ийне-жибине чейин изилденген. Ага чейин, алар шаардын байыркы тургундары турмуш-тиричиликте колдонгон буюмдарды, атап айтканда, өзгөчө чеберчилик менен жасалгаланган эки кулактуу, карапа казанды табышкан. Тарыхый шаарды мындан ары изилдөө боюнча иштер алдыда. Айткен менен, шаар орто кылымдарда курулуп, XIV кылымга чейин элдүү түйүн болгону айтылып жүрөт.



# Чигучен – Кызыл өрөөндөгү шаар



Чигу (Чигучен – Кытай булактарында) – «Ысык-Көл Атлантидасынын», байыркы шаарларынын бири, Борбордук Азиянын чыгышынан келген усундардын башкы ордосу. Бул сөздүн котормосу – Кызыл өрөөндөгү шаар.

Б.з.ч. II кылымда усундар Теңир-Тоону басып алышкан, ал эми алардын кол башчысы Ысык-Көлдөгү сактардын мурунку ордосун ээлеп алган. Ушул учурда Чигуга белгилүү Кытай саякатчысы жана Улуу Жибек жолун биринчи жолу ачкан Чжан Цянь келген. Анын ортомчулугу менен, 2200 жыл мурда Теңир тоонун тургундары менен Хань мамлекетинин ортосунда мамилелер түзүлгөн. Чигу көчмөндөрдүн шаары болгон. Алар боз үйлөрдө жана унаага чиркелген үйлөрдө жашашкан. Чжан Цяндын саякатынан кийин, Кытай менен байланыш түзүлгөндөн баштап, усун мамлекетинин окумдарлары Кытайдын башкаруучу династиясынын кыздарын аялдыкка ала башташкан жана шаарда алар үчүн кытай үлгүсүндөгү үйлөрдү курушкан.

Чигуну табууга биринчи аракет XIX кылымда эле башталган. Тянь-Шанда отурукташуунун келип чыгыш көйгөйлөрүнө байланышкан маселелерге келсек, Ысык-Көлдү изилдөөчүлөрдү байыркы усундардын борбору, усундардын башчысы-

нын ордосу болгон Чигу шаарынын жайгашуусу кызыктырып келген. Айрым изилдөөлөрдө азыркы Каракол шаарынан 18 чакырым алыстыкта турган Койсары курортунун жээктеринен табылган археологиялык калдыктарды көрсөтүшөт. Бирок, аталган шаар тууралуу А.Н. Бернштамдын пикири тарыхый чындыкка жакындай сезилет: «Койсары аймагында Жогорку Барскандын кыштагы болгон, муну байыркы араб жана перс авторлору жазып калтырган. Анын суу алдынан табылган калдыктары, табылгалардын мезгили VII-XVI кылымдарга туура келет. Чигуну табууда, жоопту анын аталышынын этимологиясынан жана Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги эстеликтердин топографиясынан издесек болот...» Ушул эле ойду Клапроттун жана Риттердин эмгектерине таянып, Н. А. Аристов да бекемдеген.

Археологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча, бул шаар Ысык-Көл дубанындагы Жети-Өгүз районунун азыркы Кызыл-Суу айылынын чет жакасында жайгашкан. Шаардын урандыларынын негизги бөлүгү суу астында жатат. Анын жашоочулары – дыйкандар жана кол өнөрчүлөр болгон. Б.з. башында көлдүн суусу көтөрүлө баштап, шаарды көмүп калган. Бирок суу астында сүзүү үчүн, атайын жабдуулар пайда болгондон кийин гана, бул иш жүзөгө ашкан. 1959-жылы биринчи жолу Д.Ф.Винниктин суу астындагы археологиялык экспедициясы тарабынан изилденген. Ошондон баштап көп жылдардан бери көлдөгү иштер академик В.М.Плоскихтин жетекчилиги менен жүргүзүлүүдө. Археологдор көптөгөн кызыктуу буюмдарды табышкан. Чигу шаары өзүнүн сырларын акырындык менен ача баштады.

Айрым окумуштуулар Чигуну Түп менен Жыргалаңдын ортосунан жана Түптүн жанындагы Сары-Булуң жээгинен издешкен. Эски кытай карталарында Кызыл ордондогу шаар – Чигу ар кайсы жерде – бирде Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, бирде Кочкор жергесинде же Чүй өрөөнүндө жайгашкан деп көрсөтүлгөн.





# Кан-Добо

Бул шаар калдыгы Тоң районунун Туура-Суу айылынын жанында жайгашкан. Элдик аңыз кептерде сан жеткис казына катылган, түрдүү сырларга бай Кан-Добо шаарынын урандыларынан бабалардын жашоосунун издери, тиричилик буюмдары археологдор тарабынан табылган.

Казуу учурунда тарам-тарамга бөлүнгөн суу түтүктөр тутуму, жер алдындагы лабиринт сымал галлереялар, Будданын элеси түшүрүлгөн байыркы тыйындар жана таштан, темирден жасалган бизге белгисиз буюмдар, сөөк топчулар, эр буюмдары, ат жабдыктарынын деталдары табылган. Жейрендин элеси чегерилген кичинекей алтын фигура, байыркы сак урууларынын башчыларынын калпагына тоонолчу буюм экендиги да такталган.

Кыязы, Кан-Добо ото ири шаар болгон. Археологдор урандылардын бир канча катмарын казып көрүшүп, үстүңкү катмары X-XI кылымдардын архитектурасына мүнөздүү болгон оюмдар менен жасалгаланып, бышкан кыш менен салынган салтанаттар сарайынын калдыгы болгондугун табышкан. Сарайдын алдыңкы кабатын ашкана жана кампалар үчүн пайдаланышкан.

Кан-Добо шаар урандысынын тоо таралтагы болугун изилдешкенде, бул жайга али адам колу тийе элегин белгилешкен. Урандысы айлана формасында болуп, чок ортосунда узуну 30 см. келген таш орнотулган. Бул Чыңгызхандын доoруна мүнөздүү белгилер деп эсептешет, окумуштуулар. Казуу учурунда аял кишинин сөөгү табылып, анын жанынан кайчы табылган. Негизинен Тоң районундагы Кан-Добо, Кош-Добо шаар калдыктары Туура-Суу өрөөнүндө таш доорунан бери адам баласы жашагандыгын тастыктап турат. Ошондой эле, сак урууларынын артефактылары, коло доорунун, Карахандыдар менен Чыңгыз хан бийлигинин заманынан берки эстеликтер кездешет.





Кербен сарай жана металлургиялык завод. Сары-Булуң (Балыкчы шаарына жакын).
Орто кылымдардагы металл иштетүү борбору катары белгилүү болуп келген. Кийин Кербен сарайы катары пайдаланылган





Колодон куюлган короздун айкели.
2010-жылы Кан-Дөбө археологиялык эстелигин казууда табылган экспонат



Ак-Чункур (Сары-Жаз) үңкүрүнөн табылган сүрөттөр Мезолит доору.



Хун доорунда калыптанган түрктөрдүн уруулук тамгаларынынын түрпаты. Бул тамгалар миң жылдар бою ар кайсы уруулар, бирикмелер ичинде пайдаланылып келген.



Сак доорундагы коргон.
Түп району. Фрунзе айылы.



Кан-Дөбө аттуу караханийлер доорундагы эстеликтерди казуу. Тоң району.



Чийин-Таш жазуусу. 2008-жылы Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы Чийин-Таш жергесинен табылган. Жазуу төмөндөгүдөй которулат: «Темирдеги (көктөгү) Көр тегин жердеги күрөң аюунун үнү өзү бир»







Ысык-Көлдөн табылган табылгалар

# Ысык-Көл жөнүндө уламыштар



Семетей

# Теңир-Тоо көзү – Ысык-Көл

Илгери-илгери Теңир баатыр өз мамлекетинин четин кеңейтүү максатында, 40 чоросун чакырып алып, алардын ар бирине жакшы жер таап, ошол жерди мекендеп, отурукташууга буйрук бериптир. Ар бирине 40 жоокер, караламан калк, ошондой эле төрт түлүк мал жана көтөрүмдүү желмаян тоолордон бөлүп берген экен. Ошол тоолордун ар бири жетип барып, чөккөн аймактан өтпөй, чоролор ошол жерлерди өз турагына айлантып, байырлап калышкан.

Чоролордун көпчүлүгү күн чыгыш тарапка жөнөшкөн. Орол-Тоо, Алтай, Каратай (тайга), андан ары Саян, Сары деңиз жээктери сыяктуу чыгыш жерлери чоролордун карамагына өтүп, алар ошол жерлерди мекендеп калышкан.

Калган чоролор күн батыш тарапка, Иран жергесинен тарта Кара, Ак жана Мармар деңиздерине чейин жетишкен. Өзөнтин отуруп, Анкаранын тоо этектерине, Европанын жерлери менен чөлдөрүнө чейин барышкан экен. Теңир баатыр чоролоруна берген төөлөр белгиленген жерге жетип чөккөндө, алар тоолорго айланып калышкан дешет. Ошол төөлөрдүн ар бири – Теңир-Тоого, Ала-Тоого, Кашкар-Тоого, Букар-Тоого жана Гималай-Тоого айланып кеткен. Ал эми көлдөрү Ойсул-Оң-Көл жана Ойсул-Сол-Көлгө карап калган экен. Кийинчерээк, «Ойсул-Оң-Көл жана Ойсул-Сол-Көл» деген уламыштын таасиринен улам, «Ысык-Көл жана Соң-Көл» деп аталып калган.

Үчүнчү кыргыз каганаты (империя) пайда болгон. Анын борбору кезек-кезеги менен Алтайда, Энесайда жана Теңир-Тоо чордонунда орун алмашып турган. Байыркы кытай жана грек тарыхчылары өз эмгектеринде Ысык-Көлдүн кооздугу жана анда жашаган элдин аскер курал-жарактары менен зер буюмдарды жасоодогу укмуштуудай чеберчилиги жөнүндө жазып калтырышкан.

Орто кылымда жашап өткөн, улуу окумуштуу-энциклопедист Махмуд Кашкари дүйнө картасын түзүп жатып, Ысык-Көл өрөөнүн жана Теңир-Тоо тоолорун дүйнөнүн чордону катары белгилеген. Ушул картанын жана түрк тилдеринин сөздүгүнүн шарапаты менен, Ысык-Көл дүйнөгө таанымал болду. Космостон тартылган сүрөттөр, Теңир-Тоонун кыркаларынын чөккөн төөнүн өркөчтөрүнө жана Ысык-Көл менен Соң-Көлдү анын эки көзүнө окшош экенин ырастады.



# Махабат көлү

Илгери бир заманда Ысык-Көл өрөөнүнүн ханынын ай-дай сулуу кызы болуптур. Ал өзүнүн бийик сепилине чыгып, Теңир-Тоонун чокуларына жана жылдыздуу асмандын кооздугуна суктанып карап турчу экен. Ушундай түндөрдүн биринде, анын жанына кайдан-жайдан бир улан пайда болот. Улан кызга аны көптөн бери ыраактан дүрбү салып байкап жүргөндүгүн, бүгүн жакындан көрүү үчүн келгенин айтат. Хандын кызы, өз кезегинде, бойго жеткиче сепилден сыртка чыгууга тыюу салынгандыктан, анын бирден бир эрмеги тоолордун жана жылдыздуу асмандын кооздугуна суктануу экендигин, уланга айтып берди. Алар таң атканча сүйлөшүштү. Таң агарганда кыз эс алуучу бөлмөсүнө кетти. Ошентип алар ар түнү жолугушуп, сүйлөшүп жүрүштү. Күндөрдүн биринде улан кызга тегерек-четке аттуучан айланып келүүнү сунуш кылды. Кыз макул болду. Кубанган улан алакандарын чабар замат, сепилге канаттуу ак боз тулпар учуп келип конду. Кыз менен улан тулпарга учкашып алып, Теңир-Тоо менен Улуу-Тоонун чокуларын айланып учушту. Алтын-Казыкты беттеп учуп баратканда, кыз жерди карай салып, жердин бөдөнөнүн жумурткасындай болуп калганын көрдү. Алар Саманчынын Жолу менен учуп барышып, улан жашаган жылдызга келип конушту. Улан да кыз сыяктуу эле хан тукумунан экен. Алар хан сарайда конок болушту. Эртеси таң алдында улан кызды атасынын хан сарайына жеткизип койду.

Күндөн күн өтүп, кыз апасына сырын айтты. Ал эми апасы атасына билдирди. «Кызыбыз жин-периге жолуккан экен» деп коркуп кеткен атасы, өзүнүн көзгө атар мергенчисин чакырып, уланды өлтүрүүгө буйрук берет. Уланды карай жаасын мээлеп калган мергенчини көрө койгон кыз жүгүрүп барып, сүйгөнүн тосуп калат. Жебе кыздын көксүнө сайылып калат. Улан өстүдөн ары түңгүйүккө боюн таштайт. А кыз болсо, каза болот.

Ушул кезге чейин, күн түнгө алмашкан маалда, Ысык-Көлдүн тереңинен сүйүшкөндөрдү кошкон ыр сымал добуш угулуп турат. Көлдөгү суу – махабаттын курмандыгы болгон улан менен кыздын көз жашындай, тунук жана туздуу.





# Капкалуу-Кудук

Илгери-илгери азыркы Ысык-Көл ойдуңунун ордунда көл жок экен. Бул жерде айкөл, эч кимден эч качан жеңилип көрбөгөн, баатыр эли жыргал-куунак жашаган, абдан кооз шаар болуптур. Ошондуктан, мында келген жолоочулар шаардын элине абдан суктанчу экен. Күндөрдүн бириндe Теңир ушул элдин ханына аян берип, хан сарайынын чок ортосуна кудук казууга буйрук берет. Кудук казылганы менен, андан мөлтүр кашка суу атырылып, шаарды каптай баштайт. Ошол убакта тоо боорунан үйдөй таш тоголонуп келип, кудук оозун жаап калат. Ошондон баштап шаар тургундары бул жерди «Капкалуу-Кудук» деп атап калышыптыр. Эл бул ташты ыйык санап, ага табынышып, жылына бир жолу ак боз бээ курмандыкка чалып турушчу экен.

Курганчылык болгон мезгилде таш оозунан ачылып, көк кашка суу асманга атырылып, сыртка чыкчу. Ал жерге жамгырдай нөшөрлөтүп жаап, Теңир-Тоонун эгин талааларын жана жерлерин сууга кандыруучу. Өрөөн гүлдөп, бүрдөп, жашылданган кезде, таш кайрадан кудуктун оозун бекитип, шаар элинин муктаждыгына жетишерлик бир агым суу күнү-түнү агып турчу экен. Ыйык кудуктун капкагы ачылган кезде, шаар тургундары бардык оору-сыркоодон сакайып, ал эми абийирсиз, уятсыз жана ыймансыз шаардыктар заматта үй-жайлары менен кошо кайым болуп, жок болуп кетчү экен. Шаар калкы бул жөнүндө жакшы билгендиктен, ак ниет, ару жана туура, тартиптүү турмуш кечиргенге аракет кылышчу.

Бир күнү душмандын ханы өз жоокерлери менен шаарга кирип келишти. Анткени ал хан бул керемettүү жерди көптөн бери басып алууга келип жүргөн болчу. Бирөөгө кара санабаган, эч кимге жамандык кылбаган, бейкүнөө адамдарга кол салып, баскынчылар баарын туткундап алышты. Каршы чыккан эр азаматтарды зынданга салып, ошол эле жерден баштарын кыя чаап сала беришти. Душмандар шаар ханын жана вазирлерин да туткундап, Капкалуу-Кудуктун жанында орнотулган устундарга байлап, каалагандай зордук-зомбулук көрсөтүп, кулактарын айтабына кактап, жондоруна жүз кайрып камчы менен чаап турушту.

Көп өтпөй туткунга түшкөн хандын кулагына Капкалуу-Кудуктан: «Эртең менен баскынчы ханды чакырып, мал-мүлкүңдүн, байлыгыңдын баарын таштаарыңды айтып, элиң менен, тынч чыгып кетүүгө уруксат сура. Ал макул болот. Андан соң, ушул жерлериңди таштап, ашуудан ашасыңар, кең талаага жетесиңер. Ошол жерге он баатыр жигитиңди кароол кылып калтырып кой. Андан соң элиңди Алтай, Байкал, Энесай жерлерине токтоосуз көчүрүп кет. Ошол бойдон элиң бул өрөөнгө жүз жыл бою жолобосун. Ошондон кийин, Манас баатырдын жол башчылыгы астында мекениңерге кайтып келесиңер», - деген бир үн угулду. Эртеси Капкалуу-Кудуктан уккан сөзүн хан душмандын кол башчысына айтат. Ошентип Капкалуу-Кудуктун жанына кошо бир алтын, күмүш, баалуу таштардан жасалган буюмдарын үйдүрүп, элин эртеңкинин күн чыгышы кошо жүрүп кетти. Алар түш оой ашуудан ашып, күн батаарда ары жагында Алтай, Байкал, Энесай жаткан, кең талаага жетишти. Кароол болуп, ашуунун ылдый жагында калган баатыр жигиттер, кокустан эле, жер силкинип, атырылып чыккан жанар тоонун түбүндө калып, душмандын жоокерлери набыт болгонуна күбө болушту. Ошол замат кудуктун оозундагы ыйык таш жылып кетип, андан чыккан кайнак суу хан сарайды каптап калды. Ал эми качууга аракет кылган душман жоокерлери жанар отко куйкаланып, кайнак сууга чөгүп, ысыкка уулашып, кырылып калышты. Болгон окуяны кароол жигиттерден уккандан кийин, хан жаңы конушка отурукташкан өз элине: «Жүз жылдан соң, баатыр Манастын жол башчылыгы астында, өз эл-журтуңарга кайрылып барасыңар», - деген, ыйык Кудуктан уккан сөзүн айтып берди. Туптуура жүз жыл өткөндөн кийин, хандын эли күч-кубаттуу болуп, акырындап Алтайдан Капкалуу-Кудук шаары жайгашкан өрөөнгө карай көчүп келе башташты. Бирок адамдар уулуу ыстын жытына чыдай албай, кайра кайтып кетүүгө мажбур болушту.

Манас баатыр баштаган улуу көч кайнап турган ысык көл өрөөнүнө кайрылып келишти. Ошондон өткөндөн кийин гана көл тынчып, берекелүү жерге айлана башталды. Адамдар ыйык Кудуктун айткандары төп келгендигине таң калышты. Ошондон кийин эл арасында: «Элүү жылда - эл жаңы, жүз жылда - жер жаңы», - деген макал айтылып калган. Ошол замандан ушул заманга чейин, бул өрөөндүн эли жыргал-куунак, ынтымак-ырашкерчиликте жашап келе жатат.





# Умай Эне

Кайсы бир замандарда Датка ысымдуу момун адам жашаптыр. Анын жети кызы болуптур. Эң кичүү кызынын аты -Умай экен. Бул кыздын атын акылман чоң атасы Түкүбай өзү коюптур. Жылдар өтө берет. Датканын кыздары бой жетип, өз алдынча турмуш жолдору башталат. Датканын кубанычы койнуна батпай турса да, бир жагынан түтүн булатып, башка бирөөлөргө бөлө болуп кеткен кыздарын ойлоп, кабатырлана берет. «Чыккан кыз чийден тышкары»-дегендей, кыздары анда-санда атасынан келип, кабар алып кетишчү экен. Атасынын ичинен муңканып, кабыргасы кайышып, кайгырып жатканын кичүү кызы Умай сезип жүрөт.

Умай өзүнүн жаш экенине карабай, абдан сезимтал, акылдуу кыз болуптур. Күчү жетпегенге, акылы жетчү дешет. Бир күнү Умай: «Мен али жашмын, буюрса, баарын көрөм. Биринчи кезекте атам үчүн дабаа табышым керек. Анын дилин дарылашым керек. Ошондуктан чоң атам Түкүбай бизге мурас калтырган китепти окуп чыгышым керек. Антпесем, атамы сакайтыш үчүн дарыны кенкө издеп калам. Эгер мен чоң атамдын китебин толук окуп чыксам, ата-энеме гана эмес, бүткүл эли-журтума да пайдам тиймек»,-деп ойлоду. Канча убакыт өткөнүн Теңир өзү билет, бирок Умай-кыз өзүнүн аракетчилдигинен улам, китепти толук окуп бүтүп, дабагер-табып болуп калат. Эл ичинде анын дарыгерлиги жөнүндө аңыз кеп, кыска элдин кыйырына, узун элдин учугуна, тез эле тарап кетет. Ар түрдүү сыркоо адамдар Умайга келип, жардам сурашып, дабаалана башташат. Калк айтса, калп айтпайт. Ага келген көп бейтаптар, дартынан айыгып, куландай соо болуп кетишет. Адамдар тургай, айбанаттарды да дарылап, сакайта баштайт. Айыккандар ыраазы болушуп, бир эсе кубанса, аларды сакайткан Умай өзү миң эсе кубанат. Ошентип ал өзүнүн ата-энесин да сакайтып ийет. Умай өзүнүн бейтаптарын мансабына карабай, бай, кедей деп бөлбөй, баарына бирдей жылуу мамиле жасачу экен. Ал канчалык акылдуу болбосун, баары бир секелек кыз болгондуктан, бардык балдар сыяктуу эле, ата-энесинин мээримине бөлөнүп, эркелегиси келчү. Ата-энеси болсо, кызынын боорукерлигин, жөндөмдүүлүгүн көрүп сыймыктанышчу. Ошондуктан ата-энеси Умайга көз тийбесин деп, суук көздөн коргоочу тумар тагышат. Мен дарылап, сакайттым деп, Умай эч качан айтчу эмес дешет. Ал ар дайым: «Бул чоң атам Түкүбайдын касиетинин кереметн»,- дечү экен. Андан бери нечендеген суулар агып өттү. Секелек жаш Умай – «Умай эне» деген сыймыктуу атка конду. Эл ага табына баштады.

Ошондон кийин, атактуу, даңазалуу табыптар, эмчи-домчулар да сыркоо адамды дабалай баштаганда: «Менин колум эмес, Умай энемин колу»,-деп айтышат. Алты жашынан тартып, элге кызмат кыла баштаган, аракетчил, тырышчаак, эмгекчил, жаш Умайды эл даңазалап, «Умай эне» деген ыйык наамды ыйгарышкан. Элдин батасын алган Умай эне түбөлүккө өлбөс болуп калыптыр. «Кимдин үйүндө наристе төрөлүп жатса, аман-сен төрөлүшүнө же сыркоолуу бала-бакыра болсо, Умай эне ошол жерге келип, аларды жөлөп-таяп, айыгып кетишине көмөк көрсөтөт», деген ишеним эл арасында ушул күнгө чейин жашап келет.

# МҮЙҮЗДҮҮ ЭНЕ БАЯНЫ

Илгери-илгери биздин мергенчи ата-бабаларыбыз Нарын шаарынын күн батыш тарабында жайгашкан Ала-Мышык тоо кыркасынан кайберендер уруусунун кызын кармап алышат. Колго түшкөн кайберендердин кызын көрүү үчүн, Арык мырза жана Оролбакты аксакал беш баласы менен келишет. Алар кызды Мырзакулдун уулу Алсейитке күйөөгө бермек болушат. Элдин айтканына караганда, кайберен кызды Кара мырза менен Асан мырза кармап келген экен. Ошентсе да, кыргыз элинин салты боюнча кыздын тагдырын ошол уруунун аксакалы чечет. Ошентип кызды тарбиялоо милдети Арык мырзага тапшырылат. Убакыт учкан куштай өтүп, кыз бойго жетет. Эл арасында «кызды күйөөгө бербейби» деген имиш-имиштер жүрө баштайт. Баары «аны Арык мырзанын өлүнө эле башын байлап, нике кыйып коюш керек» дей башташат. Бирок Арык мырза мындай сунушка макул болбой коет.

Ошол мезгилде, Мырзакул инисинин келини Токтобек келин сырттан иттердин санын жүзгө жеткирем деп, эч кимди укпай, баарын унутуп, өлү менен өлү болуп калган болот. Арык аксакал: «Токтобек келин ит багып убара, эч кимди укпай, акылынан адашып жатса, эл ичинде Алсейит инимдин балдары «баягы ит баккандын балдары» деген жаман сөзгө калабы?» - деп ойлонуп, санаага батат. Ал эми бойго жеткен кайберен-кыз жөнүндө да ар түрдүү имиш кептер күчөй баштады. Арык мырза ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры кызды Алсейитке күйөөгө бермек болду. Токтобек келин иттерди багуусун улanta берди. Алсейит менен кайберен-кыз Жаманкул жана Бала деген уулдуу болушту. Учурда ал экөөнөн тараган укум-тукум эл арасында өз ордун таап, кадыр-барктуу эл болуп, өсүп-өнүгүп жатканы баарыга маалым.

Эл: «Арык ата Кайберен эненин колунан ак бата алган»,- деп айтышат. Бабалардын санжырасында айтылгандай, Кайберен эне кош бойлуу болгон кезде, Кара мырза менен Асан мырза деген мергенчилерге: « Эгер кайберендин ургаачысы маралды кармап алсаңар, анын төшү менен желинин алып келип бергиле», деп өтүнөт. Бирок мергенчилер анын өтүнүчүн аткарбай коюшуптур. Ошондо айласы кеткен Кайберен келин Арык мырзага кайрылыптыр. Ал атайын салбууруңга чыгып, маралды кармап алып, анын төшү менен желинин келинине алып келип берет. Буларды эмне кылат экен деп таңданган Арык мырза, кош бойлуу келинди аңдытат экен. Ошондо кайберендин кызынын желинди эмип жатканын көрүшөт. Талгагы канган Мүйүздүү-Марал эне Арык мырзага: « Укум-тукумуңуз өссүн, эч нерседен кем болбосун!» - деп ыраазычылыгын билдирип, батасын берет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Арык мырзанын урпактары, Кудайга шүгүр, өнүп-өсүп, уланып келе жатат. Мүйүздүү байбиче ушунчалык араа, нурлуу жана ыйык болуптур. Анын өмүрлүк жары Алсейит мырза да башкалардан айырмаланып турчу экен. Ошентип экөөнөн тараган уул-кыздар «Бугу уруусунун урпагы» деп аталып калыптыр.

Күндөрдүн биринде Мүйүздүү эне менен Алсейит атаны калмактардын ханы Чоктөрө конокко чакырат экен. Экөө конокко барып, бир нече күн конуп калышат. Ошондо Чоктөрөнүн ниети бузулуп, жигиттерине: « Эртең ууга чыкканда Алсейитти өлтүргүлө. Аялын болсо, мага алып келгиле. Ал абдан сулуу экен», - деп буйрук берет. Бирок Чоктөрөнүн он алты жашар кызы Чегимжан атасынын бузук оюн кокустан угуп калат. Ал ошол замат укканын төкпөй-чачпай Алсейит менен байбичеге айтып келет. Анткени Алсейит нурлуу киши болгондуктан, Чегимжан аны жактырып калган болот. Кыз тандалма үч тулпарды алып келип, үчөө калмак ханы Чоктөрөдөн аман-эсен кутулуп, качып кетишет.

Кийинчерээк Мүйүздүү эне Алсейит мырзаны чакырып: «Чегимжанды экинчи аял кылып ал. Ал сага уул төрөп берет»,-дейт. Чегимжан жан дили менен байбичеге жардам берип, жеңилин жерден, оорун колдон алышат. Бир жолу Чегимжан анын башындагы мүйүзүн көрүп калат да, элдин «Мүйүздүү эне» деп айтканы төгүн жерден эмес экен деп ойлойт. Ал башын жуубарда, Чегимжан ар дайым суу куюп берчү экен. Бирок жаш келин сууну токтпой, негедир аны ичип алчу.



Муну байкап калган Мүйүздүү эне Чегимжанга ак батасын берет.

Чегимжан Алсейиттен уулду болот. Атын Туума Чолок коет. Бирок аны эл Туума-Кашка деп айтчу экен. Бул болсо «нурлуу киши» деген маанини билдирген. Анткени бала атасы сыяктуу узун бойлуу, келбеттүү болуптур. Ал кандай кийим кийбесин бой-келбетине жарашып турчу, бирок кийимдин жеңи негедир кыска келер эле дешет. Экинчи аялдын баласы болгондуктан, Туума-Кашка атасынын жылкысын багып, анда боло турган. Ошол мезгилде таятасы Чокторо кыргыздарга кол салып, агалары Жаманкул менен Бапаны туткундап кетет. Бул кабарды уккан Туума атасына келип, агаларын туткундан бошотуп келүүгө уруксат сурайт. Бирок Алсейит уулуна: «Эки агаңдан айрылганым аз келгенсип, эми сенден да ажырап калайынбы?!» - деп, уруксат бербей коёт. Бирок баласы көшөрүп айтканынан кайтпады. Айласы кеткен атасы акыры макул болбоско чарасы калбады. Алсейит баласына: «Уулум, азыр кыш, чаргаранты муз каптап, суулар тоңуп турат. Ашуулда кар калың. Жаз келсин, ошондо аттанасың!» - дейт.

Жаз келгенде, атасы Туума-Чолокту Жаманкулдун тулпарына атказып, сапарга узатат. Ал калмактардын жергесине жетип, жылкысына тийип качат. Бирок Чокторо хандын жигиттери Туума-Кашканы кууп жетип, кармап келишет. Ошондо хан алдына келген бала «Мен - Чегимжандын баласымын. Сиз менин таятамсыз. Салт боюнча сиз мага энчи берген жоксуз. Ошол энчимди алайын деп келдим», - дептир. Сөзгө жыгылган хан небересине: «Каалаганыңды сура, бирок, жылкыларыма тийбе?!», - дейт экен. Ошондо Туума-Чолок баатыр жылкы ордуна эки агасын сурап, бир туугандарын туткундан бошотуп, өз жерине аман-эсен алып келген дешет.

# Мүйүздүү эне баяны

Илгери-илгери биздин мергенчи ата-бабаларыбыз Нарын шаарынын күн батыш тарабында жайгашкан Ала-Мышык тоо кыркасынан кайберендер уруусунун кызын кармап алышат. Колго түшкөн кайберендердин кызын көрүү үчүн, Арык мырза жана Орозбакты аксакал беш баласы менен келишет. Алар кызды Мырзакулдун уулу Алсейитке күйөөгө бермек болушат. Элдин айтканына караганда, кайберен кызды Кара мырза менен Асан мырза кармап келген экен. Ошентсе да, кыргыз элинин салты боюнча кыздын тагдырын ошол уруунун аксакалы чечет. Ошентип кызды тарбиялоо милдети Арык мырзага тапшырылат. Убакыт учкан куштай өтүп, кыз бойго жетет. Эл арасында «кызды күйөөгө бербейби» деген имиш-имиштер жүрө баштайт. Кээ бири «аны Арык мырзанын өзүнө эле башын байлап, никеге кыйып коюш керек» дей баштайт. Бирок Арык мырза мындай сунушка макул болбой коёт.

Ошол мезгилде, Мырзакул инисинин келини Токтобек келин сырттан иттердин санын жүзгө жеткирем деп, эч кимди укпай, баарын унутуп, өзү менен өзү болуп калган болот. Арык аксакал: «Токтобек келин ит багып убара, эч кимди укпай, акылынан адашып жатса, эл ичинде Алсейит инимдин балдары «баягы ит баккандын балдары» деген жаман сөзгө калабы?» - деп ойлонуп, санаага батат. Ал эми бойго жеткен кайберен-кыз жөнүндө да ар түрдүү имиш кептер күчөй баштады. Арык мырза ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры кызды Алсейитке күйөөгө бермек болду. Токтобек келин иттерди багуусун уланта берди. Алсейит менен кайберен-кыз Жаманкул жана Бала деген уулдуу болушту. Учурда ал экөөнөн тараган укум-тукум эл арасында өз ордун таап, кадыр-барктуу болуп, өсүп-өнүгүп жатканы калкка маалым.

Эл: «Арык ата Кайберен эненин өзүнөн ак бата алган», - деп айтышат. Бабалардын санжырасында айтылгандай, Кайберен эне кош бойлуу болгон кезде, Кара мырза менен Асан мырза деген мергенчилерге: «Эгер кайберендин ургаачысы маралды кармап алсаңар, анын төшү менен желинин алып келип бергиле», - деп өтүнөт. Бирок мергенчилер анын өтүнүчүн аткарбай коюшуптур. Ошондо айласы кеткен Кайберен келин Арык мырзага кайрылыптыр. Ал атайын салбуурунга чыгып, маралды кармап алып, анын төшү менен желинин келинине алып келип берет. Буларды эмне кылат экен деп таңданган Арык мырза, кош бойлуу келинди аңдытат экен. Ошондо кайберендин кызынын желинди эмип жатканын көрүшөт. Таңгалып калган Мүйүздүү-Марал эне Арык мырзага: «Укум-тукумуңуз өссүн, эч нерседен кем болбосун!» - деп ыраазычылыгын билдирип, батасын берет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Арык мырзанын урпактары, Кудайга шүгүр, өнүп-өсүп, уланып келе жатат. Мүйүздүү байбиче ушунчалык аруу, нурлуу жана шыйык болуптур. Анын өмүрлүк жары Алсейит мырза да башкалардан айырмаланып турчу экен. Ошентип экөөнөн тараган уул-кыздар «Буту уруусунун урпагы» деп аталып калыптыр.

Күндөрдүн биринде Мүйүздүү эне менен Алсейит атаны калмактардын ханы Чоктөрө конокко чакырат экен. Экөө конокко барып, бир нече күн конуп калышат. Ошондо Чоктөрөнүн ниети бузулуп, жигиттерине: «Эртең ууга чыкканда Алсейитти өлтүргүлө. Аялын болсо, мага алып келгиле. Ал абдан сулуу экен», - деп буйрук берет. Бирок Чоктөрөнүн он алты жашар кызы Чегимжан атасынын бузук оюн кокустан угуп калат. Ал ошол замат укканын токтоой чачпай Алсейит менен байбичеге айтып келет. Анткени Алсейит нурлуу киши болгондуктан, Чегимжан аны жактырып калган болот. Кыз тандалма үч тулпарды алып келип, үчөө калмак ханы Чоктөрөдөн аман-эсен кутулуп, качып кетишет.

Кийинчерээк Мүйүздүү эне Алсейит мырзаны чакырып: «Чегимжанды экинчи аял кылып ал. Ал сага уул төрөп берет», - дейт. Чегимжан жан дили менен байбичеге жардам берип, жеңилин жерден, оорун колдон алышат. Бир жолу Чегимжан анын башындагы мүйүзүн көрүп калат да, элдин «Мүйүздүү эне» деп айтканы төгүн жерден эмес экен деп ойлойт. Ал башын жуубарда, Чегимжан ар дайым суу куюп берчү экен. Бирок жаш келин сууну токтоой, негедир аны ичип алчу.



Муну байкап калган Мүйүздүү эне Чегимжанга ак батасын берет.

Чегимжан Алсейиттен уулду болот. Атын Туума-Чолок коет. Бирок аны эл Туума-Кашка деп айтчу экен. Бул болсо «нурлуу кишi» деген маанини билдирген. Анткени бала атасы сыяктуу узун бойлуу, келбеттүү болуптур. Ал кандай кийим кийбесин бой-келбетине жарашып турчу, бирок кийимдин жеңи негедир кыска келер эле дешет. Экинчи аялдын баласы болгондуктан, Тууна-Кашка атасынын жылкысын багып, анда боло турган. Ошол мезгилде таятасы Чоктөрө кыргыздарга кол салып, агалары Жаманкул менен Бапаны туткундап кетет. Бул кабарды уккан Тууна атасына келип, агаларын туткундан бошотуп келүүгө уруксат сурайт. Бирок Алсейит уулуна: «Эки агаңдан айрылганым аз келгенсип, эми сенден да ажырап калайынбы?!» - деп, уруксат бербей коет. Бирок баласы көшөрүп айтканынан кайтпады. Айласы кеткен атасы акыры макул болбоско чарасы калбады. Алсейит баласына: «Уулум, азыр кыш, чартарапты муз каптап, суулар тоңуп турат. Ашууда кар калың. Жаз келсин, ошондо аттанасың!» - дейт.

Жаз келгенде, атасы Тууна-Чолокту Жаманкулдун тулпарына атказып, сапарга узатат. Ал калмактардын жергесине жетип, жылкысына тийип качат. Бирок Чоктөрө хандын жигиттери Тууна-Кашканы куун жетип, кармап келишет. Ошондо хан алдына келген бала «Мен - Чегимжандын баласымын. Сиз менин таятамсыз. Салт боюнча сиз мага энчи берген жоксуз. Ошол энчимди алайын деп келдим», - дептир. Сөзгө жыгылган хан небересине: «Каалаганыңды сура, бирок, жылкыларыма тийбе?!», - дейт экен. Ошондо Тууна-Чолок баатыр жылкы ордуна эки агасын сурап, бир туугандарын туткундан бошотуп, өз жерине аман-эсен алып келген дешет.



# Чолпон-Ата тууралуу уламыш

Азыркы Чолпон Ата шаары турган жерде бир кедей адам жашаган экен. Ал байдын малын багып оокат кылуучу дейт. Көпкө чейин балалуу болбой жүрүп, жашы улгайганда бир кыздуу болот. Кызына Чолпон деп ат коет. Ал абдан сулуу, акылэстүү болот. Кызы чоңоюп келе жатканда, апасы каза болуп калат. Абышка менен кызы катуу кайгырышат, бирок өлүмгө айла барбы, жашоо уланып, тиричилик өтө бериптир. Күндөрдүн биринде ошол тегеректеги бир бай адам Чолпондун сулуулугуна, акылдуулугуна суктанып, атасына жуучу жиберет. Жетишпеген жашоодон тажаган атасы «кызым кыйналбай, бардар жашасын» деген ой менен, байга макулдугун берет.

Бирок кызга кыйын болду. Анткени жашы өтүп калган адамга баргысы келбегенин атасына түшүндүрсө да, атасы көшөрүп, өз сөзүнөн кайтпай коёт. Ошондо айласы кеткен кыз бир күнү атасы мал артынан кеткенде, тоого чыгып, көз жашын көлдөй төгүп, өз жанын өзү кыймакчы болуп, тоодон боюн таштайт. Эңкейиш секире бергенде, ал ташка айланып катып калат. Кечинде атасы үйгө келсе, кызынан дайын жок. Ана келет, мына келет менен, бир топ убакыт өтөт. Айылдагылардан сураса, эртең менен тоону көздөй бара жатканын айтышат. Атасы күйүгүп тоого чыкса, таш болуп, катып калган кызын көрүп, өпкө-өпкөсүнө батпай, армандуу ыйлайт. Биринчи аялынан, экинчи кызынан тирүүлөй ажыраган абышка да, бул дүйнө менен коштошуп, аскадан секирип өлгүсү келет. Ошондо ал да ташка айланып катып калат. Күн ачык турган кезде, Чолпон-Ата шаарынын үстүндөгү тоо кыркасынан эңкейиш турган кыздын жана секирип бараткан абышканын элесин байкоого болот дешет. Ошол замандан бери, ал кыз менен атасынын урматына, ушул жерди Чолпон-Ата деп атап калган деген уламыш муундан муунга айтылып келе жатат.







# Жарылган жүрөк

Илгери-илгери атактуу Жетиген баатыр ай десе аркы жок, күн десе көркү жок, Чолпон аттуу бир сулуу кызга ашык болуп калат. Көп өтпөй экөө жолугушуп, бири-бирине арзууларын айтышат. Бирок Жетигендин бир тууганы Баскак эки жаштын бактысына көз артып, ич күйдүлүк кылып, Чолпонду ата-энеси башкага кудалап койгон деп калп айтып коёт. Ошентсе да, Жетиген бул сөздөргө көңүл бурбай, Чолпон экөө үйлөнүү той болор күндү белгилей башташат. Акыры эки жаштын нике тою болуп жаткан күнү, ичи күйгөн Баскак Одураман досунун аскерлери менен келип, Жетигендин уруусуна кол салат. Ошондо Жетигендин атасы Казык менен Чолпондун атасы Үркөк Баскактын жер жайнаган аскер күчүнө туруштук берип, согуша башташат. Көп өтпөй аларга өз аскерлери менен Жетиген да келип кошулат. Бала кездеринде бирге чоңоюшкан Жетиген менен Одураман согуш талаасында жекеме-жеке чыгышат. Жетигендин куралы жоктугунан пайдаланып, Одураман жаа менен аны атып жиберет. Жаа Жетигендин так жүрөгүнө кадалып калат. Жарадар болгон Жетиген сүйгөнү Чолпондун алдына барып, жан берет. Чолпондун иниси Жылдызбек Баскакка каарданып, кылыч менен анын ичин жарып салат. Өлүм алдында Баскак: «Оо, Чолпон, мен мунун баарын сен үчүн жасап, сен үчүн өлүп баратам!»,-деп, каза болот. Ошондо муңканган Чолпон сулуу колдорун асманды көздөй көтөрүп, Жаратканга жалынып жиберет. Заматта жер бетин караңгылык каптап, иттер улуп, айбанаттар өкүрүп, катуу жер титирөө болот. Ушундай алааматтан соң, жерди кайрадан тынчтык каптады, дешет.

Жетиген баатырдын сөөгү жаткан жерде суу пайда болуп, анын жараланган жүрөгү кызыл түстүү ташка айланыптыр. Ошол жерде жети зоо пайда болуп, эл аны «Жетигендин жети өгүзү», кийинчерээк, кыскартып Жети-Өгүз деп атап калышат. Ошол кандуу окуя болгон жерде көл пайда болуп, Ысык-Көл атка конуптур. Мааниси «Жетигендин ысык көз жашы» деген билдирип, ошол күнөөсүз махабат окуясын баяндап турат дешет.

***

Илгери бир замандарда жалгыз кызы бар, бир бай адам жашаптыр. Бай кызынын бактысы жөнүндө күндөп-түндөп ойлончу болуптур. Күндөрдүн биринде башка бир бай кызга жуучу түшөт. Кыздын атасы макул болуп, байга сөз берип коёт. Бирок кыз бир кедей уланга ашык болуп жүргөн болот. Байга берген убадасынан баш тарталбаган атасы кызын «байга турмушка чык» деп, көндүрүүгө аракет кылат. Акыры кызы кедей уланды жактырып, сүйүп калганын жашырбай айтып салат. Атасы «кызым бай кишиге турмушка чыкса, бактылуу жашайт» деп ойлогондуктан, кызын таптакыр укпай коёт.

Ошол түнү кыз бала менен качууга бел байлайт. Биринчи кыз үйүнөн качып чыгат. Ал жигиттин болжошкон жерден күтүп турмак болот. Кыз баланы көпкө чейин күтө-күтө чарчайт. Акыры бийик аскадан боюн таштап, курман болот. Бир маалда жигит келет да, кызды издеп таппай калат. Таң агарган кезде, улан кыз секирген жерге келип караса, жарылган жүрөккө окшош таш пайда болуп калган болот. Ошондо болгон ишти түшүнгөн жигит аскадан боюн таштап, сүйгөнүнүн артынан кетет. Ошол күндөн, ушул күнгө дейре, ушул жер «Жарылган жүрөк» атка конуптур дешет.



# Үч-Кайнар

Илгери-илгери, ушул жерлерде Жыргаландын этегине дейре калың чий өсүү экен. Чий ушунчалык бийик эле дешет, жада калса, төө кирип кетсе да көрүнбөй, жоголуп кетчү экен. Бул аймакты жердеген уруулар бир үй-бүлөдөй болуп, улууну урматтап, кичүүнү ызаттап, ынтымак-ырашкерчиликте, бакубат жашоодо жашаган имиш. Ич-ара араздашуу жат болгон, бул ырыстуу элге душмандар кол салганга да дааи албаптыр. Мунун баары душмандардын кыжырына тийип, пейилинин бузулушуна себеп болот экен. Алар бул элди кантип басып алуунун амалын издей баштапат.

Ошол күнү Арпачы деген аксакал кызын күйөөгө узатып, кыз той болот. Той тойлоп, эч нерседен кам санабаган эл, жоо ордорун коддой аттанып жатканы тууралуу оюна да келбейт. Тойдун шаан-шокотунан чарчаган уруу эли таттуу уйкуга кирген кезде, калмактар калың колу менен камап калат экен. Ошондо эр азаматтар эле эмес, карыялар, кыз-келиндер, ошондой эле тестиер балдар да кашык каны калганча, душман менен катуу кармашкан дешет. Ошентсе да жоонун капилет кол салуусун күтпөгөн калк канчалык каршылык көрсөтпөсүн жеңилип калат. Ал эми калмак ханынын баласы катуу жаракат алат. Анын дартынан, бүтүндөй бир уруу эл кыргынга кабылат. Хандын вазирлеринин бири ойго келбеген мыкаачылык менен, туткун болгон уруунун бирин калтырбай кырып салууга буйрук берет. Ал эми тирүү калгандарын жырткычтык менен өлтүрүүнүн амалын табат. Канкор вазир уруунун элин үч топко бөлдүрөт. Биринчи топко – жалаң эркектерди, экинчи топко – жалаң кыз-келиндерди, ал эми үчүнчү топко болсо, жалаң өспүрүмдөр менен наристе балдарды бөлөт. Ошондон кийин, канкор-мыкаачылар балдарды ата-энелеринин көзүнчө кыйнап өлтүрө башташат. Кандай эне ушундай оор кайгыны чыдап көтөрө алат, кандай эне ушундай мыкаачылыкка жөн гана карап тура алат?! Мындай мыкаачылыкка, кордукка чыдай албаган энелер, аталар, ал куру кол душманды качырып киришет. Бир уруу элден бир тирүү жан калбай, баары кырылып калат. Үч жерде кызыл-жаян канга чыланып жаткан адам сөөгүн ошол жаткан калыбында эле, үстүнө бир карыштай калыңдыкта топурак ташып кете беришет, душмандар. Бирок калмак ханынын каардуу, арам оюу толук ишке ашпай калат.

Бардык уруу эли кырылып калганына карабай, ошол кыргын болор алдында Жыргаландын этегиндеги талааларга соко тартканы кеткен үч эр-азамат аман калат. Тамак-аш алып келчү жигиттерди күтө-күтө чарчаган, үч ага-ини өз журтуна барып-келели деген чечимге келишет. Журтка кайтып келген жигиттер үйлөрдүн чала күйгөн калдыктарын жана үч жерде пайда болгон дөбөчөнү көрүшөт. Иштин чоо жайын түшүнүшөт. Аблан кайгыга батып, элин жоктоп ыйлашат. Белдерин бек буул, үч дөбөнү калың топурак менен жаап, ошол жерде жашоосун улантып кала беришет. Бир канча мезгил өткөн соң, дөбөлөрдүн үстүнө чөп чыгат. Жигиттер бойго жетип, очор-бачар болуп, тукуму улана баштайт.

Күндөрдүн биринде баягы үч дөбө турган жерден үч булак оргуштап кайнап чыгат. Андан бери канча суулар акканын эч ким билбейт. Ата-бабаларыбыз айткандай, бул булактар – ошол кыргынга кабылган уруу элин жоктоп ыйлаган жердин көз жашындыр. Булак пайда болгондон кийин, бул жерлерде айыл-кыштактар да пайда болуптур.

Ошентип бул жер «Үч-Кайнар» аталып калган дешет.



# Толубай сынчы

Илгери бир хан кылычтан аттанмакчы болуп: «Жылкыдан ким тулпар тапса, каалаганын берем, эгер жаңылса, анын эки көзүн ойдуруп салам», – деп жар чакыртат. Муну уккан элден эч бир сынчы чыкпайт. Хандын жигиттери сынчы издеп барбаган жери калбай, чарчап чаалыгып келе жатышса, жардын түбүндө бир чал алдына аттын куу башын коюп алып: «Сенин тулпардыгыңды ким билет, менин сынчылыгымды ким билет?» – деп күңгүрөнүп ыйлап отурганын көрүшөт. Хандын вазирлери чалды ханга алып келишип, талаадан уккан сөздөрүн айтып беришет. Хан абышканын ал-жайын сурап отуруп: «Сынчы экендигиң чын болсо, менин жылкыларымдын ичинен тулпар таап бер, эгер жаңылсаң көзүңдү ойдурам!» –деп шарт коёт.

Эртеси сынчы менен хан жана анын жан-жөкөрлөрү катар отурушуп, алдыларынан жылкыларды бирден чубатып өткөрүп жатты. Түмөндөгөн жылкылар туура үч күн, үч түн бою чубатуудан өттү. Эчен күлүктөр менен тулпарлардын ичинен бири да сынчынын купулуна толбоду. Андан соң падышага караштуу элдердин жылкыларынын баарын чубатууга салышты, бирок, бири да жакпады, сынчыга. Акыркысы болуп үстүнө жибектен үртүк жабылган, хандын тулпарлары, күлүктөрү өттү эле, хан сынчыга карап: «Буларга эмне дейсиң, сынчым?» – деп сурады. Ошондо сынчы: «Булар тулпар эмес», –деп башын чайкайт. Ошентип Толубай сынчынын сынынан өткөн бир да жылкы калбайт. Ал бирин да жактырбай коёт. Ошондо ачуусу келген хан: «Дагы кимдин аты калды?» – деп вазирлеринен сурайт. Хандын вазирлери: «Бир байкуш, кедей абышканын жоону жоор, жаман сары-чаар аты калды», - деп жооп беришет. Жаалданган хан: «Ошону да алып келгиле!» – деп буйрук берет. Жигиттери жаман чаарды жетелеп келишет. Жонунун кырк жеринде жоору бар, чаар ат аран басып, ийкий-кыйкый алдыларынан өткөндө, сынчы кубанганынан чыдабай: «Ханым, мына тулпар!» – деп, кыйкырып жиберет. «Мени шылдыңдап жатат» деп, ойлогон Хан каардануу: «Мени шылдың кылган, наадандын көзүн оюп салгыла!» – деп буйрук бериптир. Жендеттерге эмне, хандын буйругун эки кылбай, Толубайдын эки көзүн оюп салышат. Ошондо Толубай кан чубурган көзүн басып туруп: «Ханым, жарлыгың бир, бирок, көзүмдүн кунуна ушул чаарды бериңиз?» – деп сурайт. Хан болсо, чаарын бергиле деген белги берип, басып кеткен экен.

Толубай жаман чаарды жетелеп, кемпирине барып, алпти атты кырк бир күн жердин алдына баккан дейт. Олчоосу менен жем берип, убагы менен суу берип, кырк бир күн бүтөт дегенде, алдына кемпирин мингизип, артына өзү учкашып бастырып чыгыптыр. Ошондо кемпирине айтып, сейилдеп келаткан хандын алдына аттын оозун тартпарып туруп: «Эо, ханым, баягы жаман чаар атка жигит болсоң жетип ал эми!» – деп, аттын оозун коё бериптирген экен. Хан ызасына чыдабай, топ жигиттери менен, сынчыны артынан куугу жөнөйт. Тилекке каршы, хан «тулпар» деп жүргөн аттары карааныбай кала берет. Толубай менен кемпири жүрүп отуруп, бир күндүк жерге келгенде, алда кайдан бир аттын дүбүртү угулат. «Кандай ат экен?» – деп кемпиринен сураганда, «Көрчунак деген ат көрүнөт», – деп байбиче жооп берет. «Аны кудай ала койсун, жука мээ арам көрүнөт эле, тулпарды күнгө карай тарт», – дептир. Күнгө карай тартып жөнөй бергенде, Көрчунактын мээсине күн өтүп, алда кайда кала берген экен. Экинчи күнү дагы бир дүбүрт чыгат. Толубай аны угуп да: «Бул кайсы тулпар экен?» – деп сурайт. «Керкашка деген тулпар окшойт», – деп жооп берет, кемпири. «Аны кудай ала койсун, жука туяк неме көрүнөт эле, тулпардын башын таш тагы бур», – деди. Айтканындай эле, Керкашка бир аз элпиндеп келип, анан ташырккан басып калды. Булар үч күндүк жерге жеткенде, таң агара баштаганда, бир укмуштуудай аттын дүбүрү угулат. Толубай: «Бул кайсы экен?» – дегенде, кемпири карай салып: «Телкызыл деген тулпар окшойт», – деп жооп берет. «Анык тулпарлардын бири ушул Телкызыл көрүнөт эле. Өзү үч жылы жашы бар. Сырт жагында айыбы жок. Бирок буга маасини жарышпайт. Бардык жагы келишкен менен мактоо көтөрө албай турган көрүнөт эле. Жаман чаардын башын тике маңдайга тарт, мактоо салайын», – дейт, Толубай. Байбичеси аттын башын буруп алат. Толубай: «Ай, жаныбарым ай, сендей да тулпар туулат экен, зо. Сынынды кара, сымбаттуу, көркүңдү кара, не деген тулпар?! Жаныбардын чурканы, ай! Пай-пай пай...», – деп мактайт. Ошондо Телкызыл, чын эле, чуркай албай кала берди. Кийин, Телкызыл тулпарды Хан өзү минип, кууп келе жат

кан экен. Ошондо Толубай бурулуп келип: «Ханым, эч жеринен айбы жок тулпар таап бер дегениңди, жок кылбай, таап бергенимди билбедиң. Тулпар кадыры менен сынчы кадырын билмек кайда! Шерт мойнуңда, кайыр эмес», – деп аттын оозун коё берет. Акыры анын чаар тулпары жерди бүт айланып, нечендеген кар аалып, бир деңизге түшүп кеткен дешет. Ошондон улам, кыргыз элинде: «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол», – деген ылакап айтылып калган экен.



# Эр Табылды

«Эр Табылды» – эл арасында кеңири тараган, көп варианттуу баатырдык дастан. А.Тыныбеков, Ы. Лыйканбай уулу, Ж. Жамгырчиев – дастандын эң белгилүү варианттарынын авторлору.

Ысык-Көл өрөөнүндө катаган уруусу жашаган. Эр Табылды дал ошул катагандан тараган. Катаган уруусу калмактарга каршы тынымсыз согуштун айынан, жана башка тарыхый себептерден улам, ар кайсы тарапка чачырап кеткен экен. Мисалы, Ооган жеринде катагандар тарабынан түзүлгөн район бар.

Дастан XIV-XVIII кылымдарда Орто Азия жана Казакстанга калмак хандары жасаган жортуулга байланышкан, тарыхый окуяларга негизделген. Албетте, андан кийинки тарыхый фактылар да эпостогу окуялардын байып-тереңдешине өз үлүшүн кошкон. «Манас» жана «Курманбек» эпосторунда эл-жер үчүн болгон айыгышкан, аягы бүтпөгөн согуштар сүрөттөлсө, ал эми «Эр Табылды» дастанында алардан айырмаланып, кагташкан тарап менен, кыз алышуу, кыз беришүү салтынын негизинде, элдешип, туугандашуу амалы баяндалат. Чыгарманын башкы каарманы Табылды аркылуу элдик баатырдын образы түзүлгөн. Дастан элдин эркиндик жана көз карандысыздык тууралуу идеясын даңазалайт.

Ысык-Көл дубанындагы Тоң районунун Кызыл-Туу айылында Эр Табылды баатырдын урматына арналып, күмбөз салынган. Эр Табылды Көл кылаасын калмактардын баскынчылыгынан коргогон баатыр куткаруучу болгон. Күмбөздүн жанында, көлдүн жээгинде жоодон жарадар болгон Эр Табылды жаратын дарылаган жер бар. Ал жер кийинчерээк Тоң районундагы ыйык мазарлардын бирине айланган.



# Кыз-Күйөө

Илгери-илгери Ысык-Көл өрөөнүнүн Тоң тарабында бир бай киши жашаптыр. Анын сулуулугу чендө жок жалгыз кызы болуптур. Байдын жылкычысы кызга ашык болуп калат экен. Бирок жигиттин кыздын атасына бере турган калыңы жок эле. Анан калса, бир томояк жылкычыга бай кызын бермек беле. Кыз да жылкычы жигитке ашык болуп калат экен. Экөө эмне кылар айласын билбей, арзууларын ичине сактап, эч кимге билдирбей жүрө беришет. Бир күнү бай кызын дагы бир башка байдын уулуна кудалашып, сөз берип коёт. Ошондо айласы кеткен жылкычы жигит кызды алыс жактарга алып качмакчы болот. Буга кыз да макул болот.

Белгилешкен күнү байдын баласы келип, кызды алып кетмекчи болот. Ошондо жылкычы байдын жылкысынын ичинен эки тандалма күлүк тандап алып, кыз экөө Чүй өрөөнүн көздөй качышат. Анткени жигиттин ошол жакта туугандары жашачу экен. Алыпча арнашкан эки жаштын качканын байкап калышып, артынан куугун түшөт. Экөө Боом капчыгайына жеткенде, бири оң тарапка, бири сол тарапка бөлүнүп, эки жакка качып жөнөшөт.

Байдын жигиттери эки ашыкты кууп жетип, кармап алышат да, атасынын буйругу менен, кыз менен жигитти ошол капчыгайда муунтуп өлтүрүп салышат. Бир мезгилде махабаттын дартынан курман болгон, эки жаштын каны төгүлгөн жер астынан эки булак атырылып чыгыптыр. Ошол армандуу күндөн тарта, ошол жер «Кыз-Күйөө» деп аталып калган дешет.



Жиргурак

# Ысык-Көл дубанындагы кыргыз уруулары


БУЛ БОШ ТОРЧОЛОРГО ЖЕТИ АТАҢДЫ
ЖАЗЫП КАЛТЫР




# Ысык-Көл өрөөнүндө жашаган кыргыз уруулары

Эзелтен бери Көл жээгинде: Бугу, Саяк, Азык, Черик, Дөөлөс, Коңурат, Кытай, Мундуз, Моңолдор, Кушчу, Саруу жана башка уруулардын да өкүлдөрү жашап келе жатышат. Бул урууларды Ысык-Көлдүн жайы салкын, кышы жылуу болуп, мал үчүн жайыты оттуу, кыштоого ыңгайлуу болгону кызыктырган. Жоокер көчмөн элдин күндөлүк тиричилигинде мал чарбачылыгы баасыз тармак болгон. Ошондуктан кыргыз баласы бири бири менен: «Мал жан аманбы?» - деп саламдашкан. Мындан сырткары көчмөн баатыр эл аңчылык менен да алектенген. А малды асыроо үчүн, оттуу жайыттар аба менен суудай керек болгон.

Көл жээги айыл чарбасына, тагыраак айтканда, дыйканчылык кылууга да жайлуу экен. Ошондуктан ата-бабаларыбыз жерди өздөштүрүп, дан эгиндерин айдап алышкан. Айрым тарыхчылардын айтканына караганда, көлдүк кыргыздар биздин заманга чейинки доорлордо эле, кошуна элдерден дыйканчылыктын сырларын үйрөнүп алышыптыр. Касиеттүү Көл кылаасын мекендеген уруулар өз мекенине сарамжалдуулук, өзгөчө камкордук менен мамиле жасашкан. Алар уруу, урукка бөлүнбөй, жанын аябай, каруун казык кылып, бир адамдай өз жерин сырткы душмандардан коргошкон. Ошондуктан, Ысык-Көлдүн жээгинде ынтымакта, бирдикте жашаган, эр жүрөк, мекенчил, баатыр кыргыз уруулары жөнүндө орто кылымдагы тарыхчылар жана андан кийинкилери жазып калтырып кетишкен.

# Тагай бий
# [Мухаммед Кыргыз]



Тагай бий – кыргыздардын оң канат урууларынын түпкү атасы. Санжырада Долон бийден Ак уул, андан Адыгине, Тагай, Мунгуш жана Наалы эже деген балдары болгондугу айтылат. Б. Солтоноевдин маалыматы боюнча Тагай Кокон, Маргалаң калаасынын тегерегиндеги «Ийри-Суу Былпылдак» деген жерде, дагы бир маалыматта – Ош калаасындагы «Сары-Бел» деген жерде, болжолу, 1460-70-жылдары туулган. Тагай бийдин ишмердигин XVI кылымдагы моголстандык кыргыздардын башчысы Мухаммед Кыргыздын тарыхый ишмердүүлүгү менен окшоштурушат. Б. Солтоноев ушул маалыматтарга таянуу менен «Мухаммед Кыргыз Тагай бий болушу мүмкүн» деген оюн сунуштайт. Санжырада сакталган маалыматтарга караганда, Тагай бийдин эл башкаргандыгы айтылат. Инилери бойго жеткенде, эжеси Наалы малды Адыгинеге, бийликти Тагайга, ал эми чарбаны Мунгушка бөлүп бериптир. Башка бир уламышта «Адыгине менен Тагай энчи бөлүү тоюн өткөрүп, салт боюнча малды, жерди, калкты экиге бөлүп алган» деп айтылат. Оштун Карадарыясына чейинки чектердин күн батыш жагын Адыгине, күн чыгыш жагын Тагай бий башкаргандыгы баяндалат. Б. Солтоноевдин маалыматы боюнча, Тагай бий, болжол менен, 1535-1540-жылдары өлгөн, ал эми сөөгү Үч-Турпандын күн чыгыш тарабындагы күмбөзгө коюлган. Кыргыздардын «оң канат» деп аталган, уруулук бирикмесиндеги: бугу, сарыбагыш, солто, багыш, саяк, чекир саяк, азык урууларынын келип чыгышын Тагай бийдин ысымы менен байланыштырышат. XVII-XVIII кылымдарда Таластан тартып, Ысык-Көл, Нарын аймактарына чейинки оң канат, сол канат кыргыздары «Тагай» конфедерациясын түзүп тургандыгын санжыра маалыматтары ырастайт.

Ала Тоо аймагы XV кылымдан баштап, туруктуу саясий-мамлекет катары «Кыргызстан» деген аталышка ээ болгон. Ушул мезгилден тарта, кыргыздар моголдорго баш ийбей, башкаруунун өз колдоруна алышкан. Азыркы Казакстандын батыш тарабындагы калааларда жашаган, көчмөн өзбектер Амир Темир негиздеген мамлекеттин алсыраганынан пайдаланып, ага кол салып, толук ээлеп алышкан. Алтын Ордонун чыгыш тарабындагы көчмөн уруулар XVI-XVII кылымдарда Өзбек хандын атынан улам, «өзбек» деген ат менен белгилүү болушкан. Шейбани хандын колун түзгөн, көчмөн өзбектер Амир Темирдин урпактарынан бийликти тартып алышкан. Буларга Амир Темирдин урпагы Захириддин Бабур (1483-1630-жылдар) башкаларга караганда көбүрөөк каршылык көрсөткөн.

Бабур көчмөн өзбектер менен болгон согуштарда, аларды нечен ирет жеңип алган. Самарканд бир нече жолу колдон колго өткөн. 1504-жылы өзбектер Бабурду жеңген соң, аны биротоло ал жерден куул чыгышкан. Ал Гисар тоолору аркылуу Ооганстанга (Кабулга) өөп кеткен. Ал жакка Орто Азиядан Шейбани бийлигине кызмат кылгысы келбегендердин баары анын артынан ээрчип кетишкен. Бабур күчтүү аскер топтоп алып, Кабулдан Индиянын түндүк-батышын (1510-жылдан тарта) көздөй жортуулга аттанат. Акыры ал жеңишке жетишип (1526-жылы), Улуу Моголдор империясын негиздейт. Захириддин Бабур 1493-1529-жылдардагы окуяларды камтыган «Бабур-наама» деген мемуардык китебин жазган. Ал эмгекте Бабурдун өмүр баяны, Орто Азиядагы, Ооганстандагы, Түндүк Индиядагы тарыхый окуялар жөнүндө чындыкты жымсалдабай ачык жазылган. Аталган китепте Кыргызстандын тарыхы тууралуу, мындан сырткы-

ры Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймагын мекендеген кыргыз уруулары жөнүндө маанилүү маалыматтар камтылган. Ханзаадалардын ортосунда так талашуу күч алып, андан пайдаланган кыргыздар Моголстандын түндүк тарабын ээлеп алышкан. Мухаммед Хайдар: «Кыргыздардын айынан Моголстанда бир да могол калган жок», - деп жазган. 1514-жылы могол хандарынын бири Султан Саид хан Кашкарды басып алып, Абу-Бекир мырзанын бийлигин жок кылган. Бул күрөштө ага Мухаммед Кыргыз зор колдоо көрсөткөн.

Моголстан ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен алсырай баштаган кезде, Мухаммед Кыргыз кыргыз уруулары менен уруктарынын башын бириктирип, алардын бириккен күчтөрүн чыңдоого, ошону менен бирге кыргыздардын этностук аң-сезиминин өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Аны 1508-жылы ак кийизге салып, хан көтөрүшкөн. Ушундан кийин ага Мухаммед Кыргыз деген ысым ыйгарылган. Ал кыргыз урууларынын биригүүсүнүн келечегин көрө билгендиктен, тышкы алакаңы ошого ылайык түзгөн. Казакстан аймагынын түндүк-батыш тарабын басып алууга ниеттенген Мухаммед Кыргыз ишенимдүү союздаш боло турган, казак султандары менен мамиле түзө баштаган. Ошондуктан, ал Сыр-Дарыянын жээгиндеги шаарларды, ошондой эле Орто Азиянын калк отурукташкан аймактарын ээлеп алууга аракеттенген. Шейбаниддерге каршы аттанган казак султандарынын жортуулдарында кыргыздар Мухаммеддин кол башчылыгы астында каармандык менен согушкан. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкент, Анжиян, Аксы жана башка жерлерге чейин жеткен. Мухаммед Самаркандга жасаган жортуул убагында өзбектердин ханзаадасы, Самарканддын акими Кучкунчи хандын уулу Абдулланы туткундап алып, кайра коё берет. Бул Султан Саид хан үчүн кыргыздарды чаап алууга шылтоо болгон. Ошентип 1517-жылы могол ханы кыргыздарга кол салат. Ошол мезгилде Мухаммеддин ордосу Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Барсканда жайгашкан болот. Бул согушта кыргыз кошуунун талкалашып, Мухамед Кыргыз туткундалып, Кашкарга алынып кетет.

Бирок Мухаммед туткунда көпкө кармалган жок. Саид хан саясий абалды салмактап көрүп, аны 1518-жылы туткундан бошотуп, өзүнүн уулу Абдар Рашид менен бирге өз мекенине жөнөтүп жиберет. Мухаммед Кыргыз Ала-Тоого келгенден кийин, кайрадан кыргыз урууларына башчы болуп, моголдорго каршы күчтүү кол топтой баштайт. 1524-жылы Кыргыз жергесине (Кочкорго) казак ханы Тахир келет. Мухаммед аны менен моголдорго каршы күрөшүү үчүн келишим түзөт. Муну билип, Султан Саид 1525-жылы Мухаммедди кайрадан туткундап, Кашкарга алдырып, «Ак үйлүү» кылып коёт (салт боюнча, эгер каршылашкан тарап эл башкарган адамдарды туткундап алса, алар үчүн атайын өзүнчө үй тургузуп, ошондо кармашкан). Ал Султан Саид өлгөнгө чейин (1533-ж.) туткунда кармалган.

Уламыштарда Тагай орто жаштан өтүп калганда, бир нече жыл Эрше хандын карамагында (туткунда) жашап, элине кайтып келген. Ал эми Мухаммед Кыргыз да көп жылдар чет жерде туткунда жүргөн. Ошентсе да элден кол үзбөй, көздөгөн максатынан баш тарткан эмес. Анын негизги максаты кыргыз элинин азаттыгы, анын көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөш эле.




Тарыхта 6 з 681-жылдары бугу уруусунун эн тамгасы болгон-деген маалыматтар бар

# Бугу уруусу

Бугу уруусу –ээлеттен белгилүү чоң уруу. Бугу уруусунун эли баатыр, өнөрлүү жана эмгекчил экендиги тууралуу кыргыз санжыраларында байма-бай айтылып келген. Үчү-кыйырсыз, кең талааларда жашаган элдердин уламыштарында, элдик оозеки чыгармаларында «буруттар, бураттар, төлөнгүттөр жана кыргыздар – бир эл» деп көп айтылган ойду, белгилүү тарыхчы Рашид ад-Дин да ырастайт . Иркут уездинде буруттар хотон жана тыргоот элдеринин арасында кездешет.

Байыркы замандан бери белгилүү болгон Бугу уруусу кыргыз-бурут элдеринин бири же ага кандаш уруу деп эсептелет. Бир мезгилдерде бул уруу сан жагынан азайып кеткендигине байланыштуу, тарыхый аренага чыкпай калган.

Айрым бир уламыштарда: «Бугу уруусу Эне-Маралдан тараган»,- деп айтылат. Тагай бийдин үчүнчү баласы – Кылжыр (Сарыбагыш). Кылжырдан: Орозбакты, Доолосбакты болгон. Ал эми Орозбактыдан Бугу тараган. Ысык-Көлдүн баш жагын толугу менен Бугулар ээлеп калышты. Мурда алар Күндүз, Жылдыз, Текеске чейин жашашчу эле. Ал эми Каркыранын түндүү жерлерине чейин Бугулардын жайлоолору болгон. Тянь-Шанда болсо, эки дарыянын башынан, Нарын дарыясынан Какшаал дарыясынын Нура, Балгарт, Каман сууларына чейин жашашкан. Кыргыз санжырасында Орозбакты тукумунун «Бугу» деп аталып калышынын Мүйүздүү-Эне менен байланыштырышат. Анткени Ала-Мышык тоосунан алып келинген кайберен кызды (кийин Мүйүздүү Марал-Эне аталып калган) Алсейитке алып беришет. Экөө Жаманкул жана Бапа аттуу уулдуу болушат. Бапа Олуят деген аялынан 9 уул көрөт. Андан аман калган балдары: Чалай, Төрөштек, Кубаакы, Манжы, Эштек. Олуят Бапага таарынып Кубаакы менен Манжыны ээрчитип казакка кирип кеткен дешет санжырада. Эштектин тукуму Анжиянда туруп калган.

Чалай менен Торонтектин тукумдары, азыр Кутуй, Мажик болуп Барскоон тарапта турушат. Ышпа насилинен Садык атуу баатыры чыгып, атагы алыска кеткен. Жаманкулдан: Итбак, Бооке, Торокочкор, Кыдык, Белек. Булардын ичинен Белек көп учугу узарып, укум-тукуму көп болот. Кыдыктан тарагандар жогор жакка, Тоңдон Барскоонго чейин чачырап жайгашса, ал эми Белектин балдары көлдүн башын жана түндүк чыгыш жагын ээлешкен. Белектин биринчи аялы Македеи (Салмакедеи): Тогузбай, Элчибай, Кожош, Шүкүр, Теңизбай. Экинчи аялы Жаркындан: Алдаш, Алдаяр, Саты, Токой, Токоч. Үчүнчү казак аялы Уулчадан: Толубай. Өз кезегинде Санчы сынчы Белектин тукумун сынаган деп айтылат, санжырада. Ал: «Алдаштын тукумунан бир эки күчтүү, кыйын адам чыгат. Шүкүрдүн тукуму тууралуу көп тарых барактары жазылат. Толубайдын чыныгы баатыр тукуму жоноквй болот. Толубай – хан болууга татыктуу адам. » – деп айткан экен. Калмактардын доорунда Толубайды хан көтөрүшүптүр. Алдаштан Тазабек, Шапак, Меңмурат, Токөк, Бирназар, Кудайменде тараган. Меңмураттан: Байбото, Шабыке, Керки, Боронбай. Санчы сынчынын айтканы төп келип, Бугу уруусун Алдаш тукумунан чыккан Шапак, Бирназар, Боронбайлар бийлеп калат. 1862-жылы В.В. Радлов жазып алган жана 1865-жылы Ала-Тоо округунун башкаруучусу берген маалыматтар боюнча, бугулар бир канча уруктарга бөлүнгөн: 1. Арык; 2. Бапа; 3. Бору; 4. Кыдык; 5. Желдең. 6. Алдаяр; 7. Токоч; 8. Токобай; 9.Толубай; 10. Салмаке; 11. Белек; 12. Токой; 13. Тынымсейит. Казак окумуштуу Чокан Валихановбугуларды негизинен үчкө бөлөт: 1. Алсейит. 2.Тынымсейит. 3. Арык. Алсейит ич ара бешке бөлүнөт: Бору (Боор), Белек, Кыдык, Бапа, Желдең. Бугунун Алсейит тукуму Ысык-Көлдүн түштүк өрөөнүн, Тескейди, Соокtун жээгин, Кызыл-Үңкүрдү жерлешет. Учурдагы аймактык бөлүштүрүү боюнча, бугулар Тоңдон тартып, көлдүн баш жагынан Оруктуго чейинки жерлерге чачырап тарап кеткен. Алар Ысык-Көлдөн сырткары, Тянь-Шань аймагында да жашашат. Бугулар менен саяктар, азыктар, чериктер, кытайлар, саруулар, желдеңдер, коңураттар, отузуул, эштектер, дөөлөстөр, муңдуздар аралашып жашашат. Ошол убакта калмактардын кысымына туруштук бере албай, Гиссар, Бадахшан, Жерге-Тал, Каратегин тарапты көздөй качкан жана калмактардын кайрадан талкалоосуна кабылышкан, аталган уруулар Ысык-Көлдө туруп калышып, бири-бири менен аралашып кеткен. Айрым уруулар, мисалга, муңдуздар, саруулар, желдеңдер, кытайлар, отузуул, эштектер, коңураттар, дөөлөстөр өз урууларынан алыстап, бугулардын ичинде калып калышкан. Бара-бара айрым уруулар өздөрүнүн түпкү тегин унутуп, Бугулар менен биртууган болуп, жуурулушуп кетишкен.

Болжол менен, 1774-жылы Бугу уруусу Ысык-Көлдөн Фергана өрөөнүн карай көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Фон Гермдин маалыматы боюнча, бугулар Бирназар бийдин жетекчилиги менен, кайра өз мекенине кайтышкан. Баш манап Боронбай Меңмуратов 1855-жылы П.П. Семенов-Тянь-Шанскийге: «Биздин көл жээгине кайрылып келгенибизге 71 жыл болду»,- деп айткан. Бирназар бий Бугу уруусунун атынан Пекинге барып, кытай императорунун колунан белек жана атайын жасалган мөөр алган. Бул тууралуу маалымат кытай тарыхында жана Ч.Валихановдун эмгектеринде жазылган. Ч.Валихановдун жазып алган маалыматтарында: «Бугулар кышта, жазда жана күздө Ысык-Көлдүн түштүгүндө, жайында Сыртка, Сары-Жазга, кытай чек арасынан өтүп, Текеске кетишет. Текестеги жайлоолорду пайдалангандыгы үчүн Кытайга салык төлөшчү. Алар ал жакта Кулжа менен соода иштерин да жүргүзүшчү», деп айтылат. Биринчи жолу 1855-1856-жылдары Төрөгелдинин баскынчылыгынан улам, экинчи жолу 1856-1857-жылдары кыска мөөнөткө Ысык-Көл аймагын таштап кетүүгө аргасыз болушкан.

Учурда Бугу уруусун Арык, Мырзакул, Асан, Кара, Токоч мырзалардан тараган тукумдардан турат. Боронбай, Мураталы, Качыбек, Балбай, Боорсок, Табылды, Бекбайлар ушул уруудан чыккан атактуу, чоң манаптар болгон.

Тарыхчы Ч. Валиханов: «Бугулар 10 миң түтүндөн турат. Анын ичинде Бапанын тукуму – 300 түтүн, Белектин тукуму – 5000 түтүн, Кыдыктын тукуму – 1750 түтүн, Желдеңден – 1000 түтүн жана Арыктын тукумунан – 2500 түтүн», - деп жазган. Бугу уруусунун Белек менен Арыктан тара-

[illegible] саны мынчалык көп санда болушу мүмкүн эмес, сыягы. Боронбай Ормондон ажырап алган катаган саяктары да кошо жеңтелип кеткендей. Анткени 1855-1856-жылдары Сарыбагыш менен Бугу уруусунун ортосундагы чыр-чатактан саяктардын үчтөн бири талкаланган.

1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугуна баш ийген Ысык-Көл чөлкөмүндө 7 болуштук түзүлүп, ага Кең-Суу, Түргөн Ак-Суу (Багыш), Кожур-Олөң, Ала-Баш, Кара-Ой, Жууку-Барскоон, Күңгөй Ак-Суу, Тору-Айгыр сыяктуу болуштуктар кирген. Ошол мезгилде Бугу уруусу Кең-Суу болуштугунда – 1727 түтүн, Түргөн Ак-Сууда – 1533 түтүн, Жууку-Барскоондо – 1739 түтүндү түзгөн. Кожур-Олөң болуштугунда, болжол менен, 5000 түтүн же 25000 адам болгон. Калган болуштуктарда калктын негизги бөлүгүн Саяк уруусу түзгөн. Бугу уруусунун Тынымсейит уругу Нарын дубанына көчүп, Арык тукумунун бир бөлүгү Кочкорго, Семиз-Белге көчүп келип отурукташкан. 1893-1894-жылдары Бугу уруусунун саны жалпысынан 15111 түтүндү, башкача айтканда 75,5 миң адамды түзгөн. Бугулардын айрым окуулары 1856-1860-жылдары жана 1916-жылы Кытайга кетишкен. Учурда бир тобу Кытай мамлекетиндеги Кызыл-Суу жергесинде жашайт. Бирок алардын так саны изилдене элек.

Бугу уруусунун эн тамгасы – Жагалмай. Жалпы ураанын изилдене элек.




# Саяк уруусу

Элдик санжырада Тагай бийдин дагы бир баласы – Саяк. Кыргыз санжырасында саяктар тууралуу ар түрдүү варианттар айтылат. Айрымдары Карачорону ээрчип келген жалгыз (саяк – жалгыз дегенди түшүндүрөт. М, Саяк жүрсөң, таяк жейсиң.) бала экен, ошондон тараган тукумдар саяк уруусун түзөт дейт. Айрым санжырачылар «Саякты Карачоро менен энеси бир, Карачоронун атасы – Тагай бий, Саяктын атасы – Мышык бий» дешет. Ал эми дагы бири «Саяктын өз аты - Байызбек, ал Карачоро менен энелеш болуп, Кашкардан качып келген. Ошондуктан Карачорону ээрчип келгенин шылдыңдап, «сен бир селсаяксың» деп жүрүп, саяк

атка конгон» деп да, айтып жүрүшөт. Саяк тууралуу кайсы варианты албайлы, Карачорого байланыштырышат. Ал түгүл XVI кылымдын башында жазылган «Маджму ат-таварихте»да Саякты Карачоронун баласы катары көрсөтөт. Белгилүү фольклорист окумуштуу С.Закиров: «Менимче, бул саяк уруусунун, Тагайдан мурда пайда болушуна байланыштуу болсо керек» - деп жазган. Байыркы убактарда, тактап айтканда, биздин заманга чейинки VII-IV кылымдарда Жети-Сууда сактардын (скифтердин) уруу союзу жашаган. Тарыхчылардын, археологдордун берген маалыматына караганда, ошол сактар кийин усундар менен кошулуп кеткен. Ошондуктан сактар, усундар кыргыздардын байыркы ата-бабаларынан болушу мүмкүн. Кийин, кыргыз эли калыптана баштаганда, байыркы сактар саяк болуп өзгөрүп, кыргыз ичинде калса, усундар-уйсун болуп, казак ичинде сакталып калышы ыктымал.

XIX кылымдагы кыргыз санжырачыларынын айтуусунда, саяктар төрт урукка бөлүнгөн. Бул тууралуу Чокан Валиханов жазып алган. Ал төрт урук: Курманкожо, Кулжыгач, Шыкмамбет, Каба. Алар XIX кылымдын экинчи жарымында: Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, Соң-Көлдүн тегерегинде, Кочкор, Жумгал, Нарын суусунун боюнда көчүп жүрүшкөн. Саяктан: Алакөз, Каба, Чекир. Алакөздөн – алакөз уругу тарайт. Алар азыр Ысык-Көлдүн төмөн жагында, Кочкордо, Жумгалда жашашкан. Кабадан: Түнкатар, Түнтой, Өйдөчекти, Кутунай, Актери, Бостери. Түнкатар жана Түнтой уругу – Кетмен-Төбөнүн Үч-Терегинен тарта, Кызыл-Үңкүргө чейин жерлесе, Өйдөчектилер – Жумгалды, Тогуз Торону мекендешет. ал эми Актери, Бостери уругу – Көлдө, Жумгалда жашашат. Чекирден – Үч- Куртка, Түгөл. Үч-Курткадан – Аккабак, Ыман, Кудайберди. Кудайбердиден – Күлжыгач, Чоро. Күлжыгачтан – Күрүчбек, Сүтэмген, Итэмген. Булардын ичинен, Чоро саягы – Ак-Талаа, Тогуз-Тородо жашаса керек. Бул уруктан элдик баатырлар - Атантай, Тайлак чыккан. Саяктар негизинен Ысык-Көлдө жана Тянь-Шанда жашашкан. Ошого карабай, алардын Кыргыз жеринин, дээрлик, бардык аймактарына чачырап кеткенин байкоого болот. Азыркы мезгилде саяктар бугу, сарбагыш, солто, саруу, кушчу, басыз, жедигерлердин да ичинде бар.

Кээ бир санжыра, уламыштарда, ошондой эле тарыхый маалыматтарда «Саяк Тегин хан менен Азык Тегин хан бир тууган» деп, а айрымдарында ата-бала болгону айтылат. Кытай жана фарс тарыхый-жазма булактарында «атактуу Түмөн хандын (Үстөм хан, Тага хан) уулу Карачоро кагандын уулу Саяк Тегин, анын уулу Азык Тегин» деп, жазылган маалымат да бар.




# Катаган уруусу

Кыргыздын чоң урууларынын бири. Хан Кошой жөнүндө баяндалган «Манас» эпосунун негизинде жана Турсун аттуу хан тууралуу айтылган дастандардын негизинде, ошондой эле кенже эпостордогу маалыматтарга таянып, кыргыз элдүүлүгүн түзгөн, кырк уруунун бири - Катаган уруусу болгон деп, айта алабыз.

С.Абрамзон: «XX кылымдын орто ченддеринде Катагандар негизинен аз сандуу болуп, Чыгыш Түркстандагы Кебез-Тоо, Муз-Бел, Чоп-Бел деген жерлерде жашашкан. Алар нукура кыргыз тилинде сүйлөшкөн. Алардын каада-салты (Мисалы, ат чабыш, улак тартыш, эр эңиш жана башка ушул сыяктуу) кыргыздарга абдан окшош», - деп баяндаган. Саяктардын ичиндеги катаган уругун, байыркы атактуу-аксакал Кошой чыккан катагандар менен алмаштырууга болбойт (С. Закиров. Кыргыз санжырасы.)

Катагандар байыркы түрктөрдүн мезгилинде чоң урууну түзгөн. Кийинчерээк түрдүү себептерден улам, көп элдин ичинде майда уруктарга чачырап кеткен. Бул жагынан алар: кыпчак, коңурат урууларына таглырлаш. Азыркы учурда катагандар моңгол, өзбек, каракалпак, казак элдеринин ичинде өзүнчө уруу, урук болуп, жашап жүрүшөт. Кыргыздарда катагандар саяк уруусуна кирет.

Катагандар жөнүндө алгачкы жолу Рашид-ад-Диндин эмгегинде эскерилет. Азыркы күндө катагандарды кыргыздардын ичиндеги черик, саяк, чекир-саяк сыяктуу уруулардын тобуна кошуп жүрүшөт. Бирок алар байыркы Катаган уруусунун урпагы болуп саналбайт. Мисалы, Тоголок Молдо жазып калтырган санжырада: «Эшим хан катаган уруусунун ханы Турсунду чаап алып (бул жөнүндө Абул-Гази хандын да эскерүүсү бар), анын кызын чекир-саяк Түгөлбайдын уулу Миңгытка аялдыкка алып берет. Ал кыздан туулган Казыкул, Сүйөркул, Эсиркемиш аттуу эрлердин тукумун «катагандар» дешкен», - деген божомол бар. Катагандарды Кыргызстанда гана эмес, Орто Азиянын башка республикаларынан да жолуктурууга болот.




# Моңолдор уруусу

Кыргыздын оң канатына таандык чоң уруулардын бири. Санжыра, уламыштарга ылайык, бул уруунун алгачкы окулдору: Адигине жана Тагайдын эжеси Наалы. Айрым уламыштарда Көкө баатыр менен Дайыр баатырлар кыргыздарга кошулгандыгы тууралуу айтылат. Адигине менен Тагай алардын баатырдыгын жана адилеттүүлүгүн баалайт. Ошентип Тагай эжеси Наалыны Көкө баатырга алып берет. Алардан тараган тукум Моңолдор уруусун түзөт. Ал эми таарынып, казактарга кеткен Дайырдан тарагандар Жалайыр уруусун түзгөн. Башка санжыра булактарында Жалайырларды - Албан деп да аташат.

Окумуштуу-тарыхчы С. Абрамзон: «Дайырды XVI кылымда жашаган, казак ханы Тахир болушу мүмкүн» деп божомолдойт. Анын оюу боюнча, моңолдор кыргыз элинин этникалык калыптанышына катышы бар, монгол-түрктөргө кошулган,

урууларынын бири болуп саналат. Ал эми Н. Аристовдун пикири боюнча, моңолдор – кыргыздарга башка этностордон келип, кошулган уруу. Ошондуктан моңгол уруусунун этникалык тарыхый жолу толук иликтене элек. Ошентсе да, бул божомолдорго карабай, моңолдор уруусу – кыргыздын чыныгы уруусу экендиги талашсыз. Моңолдор уруусун Наалы эже менен байланыштыруу да, этимологиялык жактан караганда негизсиз. Себеби моңолдор Адигине жана Тагайдын пайда болушуна чейин эле, кыргыздын белгилүү чоң уруусу болгон. Моңолдор уруусунун негиздөөчүсү, Улуу Түрк каганатынын атактуу Моңол баатыры болушу толук ыктымал. Ошондой эле, моңолдор уруусун моңголдор менен байланыштыруу да, тарыхый жактан, далилдене элек, негизсиз пикир. Мындан сырткары, кыргыздын моңолдор уруусунун аталышына таянып, бул урууну Моголстандагы моголдор менен байланыштыруу да, негизсиз.

Моңолдор кыргыздын коомо уруусу болгондугун аныктаган, бир канча тарыхый булактар бар. Мисалы, мындай маалыматтар байыркы Кытайдын «Синой тужи» сыяктуу тарыхый летопистеринде кездешет. Бул булактарда: «Моңолдор – чыгыш кыргыздарынын чоң төрт уруусунун бири», - деп айтылат.

Кыргыз санжыраларынын биринде айтылгандай, моңолдор Баакы бийден тарап, Богонок, Улуу Кыйра, Бала Кыйра, Бай Моңол деген негизги топторго бөлүнөт. Моңолдор уруусуна таандык топторду Кыргызстандын бардык аймактарында жолуктурууга болот. Анткени, Кыргызстан Оруссия империясынын курамына киргенге чейин, түрдүү саясий себептерден улам, кыргыз уруулары күчтүү армия түзүү үчүн биригишкен, тилекке каршы, кийинчерээк чачырап кетишкен. Балким, ушундан кырдаалдар моңолдор уруусунун Кыргыз жеринин бардык булуң-бурчуна тарап кетүүсүн шарттагандыр.

Тарыхчы С. Абрамзон моңолдор уруусунун өкүлдөрү орус падышачылыгы өкүм жүргүзүп турганда, кайрадан баш кошуп, биригүүгө аракет жасагандыгын белгилейт. Ошол учурда алардын бир бөлүгү манап Кайду Рыскулбековдун буйругу менен, Нарын, Ат-Башы жергесине чогулуп, өлүнчө болуштукту түзүп калышкан.

Учурда моңолдор уруусунун өкүлдөрү негизинен: Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Кочкор, Ысык-Көл дубанынын Түп, Жети-Өгүз райондорунда, Чүй облусунун Кемин, Сокулук, Панфилов райондорунда, Таласта жана Кара-Бууралда, Ош дубанынын Кара-Кулжа районунда, Жалал-Абад дубанынын Тогуз-Торо, Токтогул, Аксы райондорунда, ошондой эле Баткен жергесинде да жашашат. Мындан сырткары, Борбор Азия өлкөлөрүнүн башка аймактарында да моңолдор уруусунун өкүлдөрү катталгандыгы жөнүндө маалыматтар бар.

# Кушчу уруусу

Кушчу (кутчу) – кыргыздын сол канатына таандык чоң уруу. Өз алдынча уруу катары, биринчи жолу XVI кылымдагы «Мажму ат-Таварих», «Тазкира-и-ходжаган» тарыхый чыгармаларында сөз болот. Ал эми «Тарихи-и рашиди» чыгармасындагы маалымат боюнча, кушчу уруусунан чыккан эмирлердин түпкү атасы мергенчи болгондуктан, ал Моголстандын ханы (1380-1399 ж.) Кызыр Кожону такай коштоп жүргөн. Бул уруунун экинчи аты «күкөлдөш» («күкалдаш») болгон.

Тарыхчы В. Радлов «Кыргыздын кушчу (кучу) уруусу Теңир-Тоодо жана Эне-Сайда жашаган кыргыздар менен этностук байланышы бар» деген божомолун айткан. Ал эми кээ бир кытай тарыхый булактарында: «Кушчулар кушибилердин бир тобу. Дал ушул «гэшулар» кушчулардын ата-бабасы болгон», - деп да айтылат.

Бирок азыркы кушчу уруусу менен байыркы түрк урууларынын түзмө-түз байланышы




тууралуу так далилдер жоктугуна карабай, айрым тарыхчылар, тарыхый булактар түрктөрдүн байыркы аскер наамы «куш беги» аталганын же хандын «кушчу кызматчылары» болгонун бетке кармап, кушчу уруусу ошолордон тараган деген божомолдорду айтышат. Чындыгында, кушчу уруусу – кыргыздын мундуз, кыпчак, конурат, канды сыяктуу урууларындай эле байыркы уруулардын бири.

Кушчулар этнокомпонент катары, ногой, түркмөн, башкыр, өзбек, азербайжан элдеринин арасында да кезигет. Кытайдын «Пиндин Чжунгээр фанлюэ», «Синюй чжи» сыяктуу тарыхый булактарында «кушчу уруусу илгертен Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда, айрыкча XVII XVIII кылымдарда, жигердүүлүк менен катышкан» деп айтылат. Элдик санжыра боюнча кушчу уруусу жоош жана меңдуулат деп эки топко бөлүнөт. Жоош – касымсейит, торосейит, тынымсейит деген үч негизги уруудан турат. Ал эми меңдуулат – таз кушчу, кара кушчу, көк кушчу, кагасты, чимжубут, шаранпот, сакалды жана башка урууларга бөлүнөт. Учурда кушчу уруусунун негизги бөлүгү Талас өрөөнүнүн баш жагында турушат. Мындан сырткары, Чүй дубанынын Панфилов, Жайыл, Кемин жана башка ооданларында, Ысык-Көл аймагындагы Жети-Өгүз, Тоң, Түп райондорунда, Нарында, Тогуз-Торода, Ак-Талаада, Кочкордо, ошондой эле Баткен жергесинин айрым айыл-кыштактарында жана Кытай Эл Республикасынын Ак-Чий, Каражүл аймактарында да жашашат. Кушчу уруусу – Кыргыз элинин курамын түзгөн, негизги уруулардын бири.




# Черик уруусу

Черик – кыргыздын кыраан урууларынын бири. Бул аталыш байыртадан «аскер, кошуун» дегенди түшүндүрөт. Кыргыздардын уруулук-этникалык тарыхында черик уруусу VII–VIII кылымдарда эле белгилүү болгон. Кытай тарыхый жылнаамаларындагы жазылган «чэли» этнонимин окумуштуу Л. Базен «черик» деп которгон. Башка тарыхый булактарда черик уруусу Чыгыш Түркстанда жашагандыгы тууралуу да айтылган.

Чыгыш Түрк мамлекетинин каганы Элкаганды Тан династиясынын кол башчысы Ли Цзинь жеңип алган соң, черик уруусунун элин Юнь Чжунь аскерчилигинин аймагына көчүрүлөт. Ушул окуялардан кийин, чериктер башка кыргыз уруулары менен бирге, Тан династиясынын императоруна караштуу Тайшань ыйык тоосундагы сыйынуу аземине (ажылыкка баруу сапарына) катышкан.

Демек, ошол замандарда кыргыздын черик уруусу күч-кубаттуу Тан империясына убактылуу көз каранды болгон. Айрым түркологдордун пикирлерине караганда, «черик» байыркы мезгилде кыргыз тилине санскрит тилинен кирген сөз болгон жана ал «аскер, кошуун» деген маанини туюндурган. XI кылымда Махмуд Кашгари өзүнүн «Диван лугат-ат түрк» аттуу китебинде, бул урууну «жаруклут» деп атоо менен бирге, уруу элинин бул аталышы «аскер, кыраан» дегенди билдирет деп түшүндүргөн. Ошол эле китепте тартылган, дүйнө картасында «чериктер Жети-Сууда жашаган иргек жана чомул урууларынын ортосунда жашайт» деп көрсөтүлгөн.

Айрым изилдөөчүлөр «черик уруусунун бир бөлүгү азыркы Ички Монголияда шарылар (сары) уруусу менен кошуна жашаган» деп жазып жүрүшөт. Алардын маалыматы боюнча Чыгыш Түрк каганаты кыйраган соң, черик уруусунун айрым топтору Ички Монголия тарапка оогондугу, айрымдары Жети-Сууда калгандыгы маалым. 756-757-жылдары Орхондо жасатылган Моюн Чурдун эстелигинде «душман Селенгага чейин черик коюшту» деген жазуу бар. Демек, бул жазуулардан да «черик» сөзүнүн этнонимин аңдаса болот.

Ошентип, черик уруусунун аталышы «черүү» сөзүнөн келип чыгып, бул «аскер, кошуун, күчтүү кол» дегенди туюндурат деген божомолдор бар. Ошентсе да, «черик» этнониминин байыркы курамы ушул күндөргө чейин, өзгөрүлбөй сакталып калгандыгы байкалат.




# Азык уруусу

Окумуштуу Н.А.Аристов кыргыз элинде айтылган уламыштарга жана санжырааларга, ошондой эле кытай тарыхый жылнамаларына таянып, азык уруусун кыргыз элинин негизи деп эсептеген. Байыркы Тонукокко арналган жазма эстеликтерде «Аз уруусунан чыккан, чоң мерген Эне-Сай жээгинде жашаган кыргыздарга ашуута бара турган жолду көрсөтүп берген. Ошондон көп өтпөй, 714-жылы карлуктар аз уруусуна кол салган. 715-жылдагы оор кандуу кагылыштан кийин, Караколдун жээгинде жашаган азык уруусунун аман калгандары Батыш каганатына коддой качууга аргасыз болушкан.» деп айтылат.

Айрым тарыхый булактарда азык уруусунун өкүлдөрү Кара Чоро каган жана Азык Тегиндин тукуму деп жазылган. Ал эми фарс тарых намаларында, ошондой эле Наршахинин тарыхый чыгармаларында «Азык тегин Кара Чоро кагандын уулу же небереси болгон» деп баяндалат. Сыягы, Үстөм хан менен анын уулу Кара Чоро бийлик жүргүзгөн мезгилде гүлдөгөн, кыргыз каганаты талкалангандан соң, Азык Тегин элин Саяк тегин курман болгондон кийин, өз энчисине алган Улуу-Тоо колунун жээгине ээрчитип кетет.

Азыктар калмактардын чабуулунан абдан жапа чегип, Кашкелен баатырдын жетекчилиги менен, аларга каршы аттанганда, калмактар Чүйдөн чыгышка чегинүүгө мажбур болушкан. 1856-1858-жылдары Улуу Тоого келген Чокон Валиханов сарыбагыш уруусунун Надырбек уругунун арасынан «азык бийлери Козубек, Чал Түталбаев (орус императору күмүш медаль менен сыйлаган), таздар уругунун арасынан азык бийи Жоомартты тапкан жана «азыктар төрт чакан уруктан, Козугана - 50 түтүн, бычман - 60 түтүн, бөрү - 100 түтүн, байкүчүк - 300 түтүндөн турааарын» жазган.

Азык уруусу Теңир-Тоого көчүп келген, кыргыз урууларынын ичинен эң байыркы экендиги тарыхый жактан такталган. Азык Тагайдын асыранды баласы эмес, анын кошуунундагы байыркы уруу өкүлдөрү, аскерий топтун баатыр жетекчиси болгон. Азык уруусунун түпкү бабасы жана эң тамгасы азыр да күңүх, тактап айтканда белгисиз. XX кылымдын башында Пишпек уездинде



ш мырза Сүрөтчү Н. Жумалиев




Кыргыздардын Энесай, Алтай, Кыргыз-Нурда жашаган доорундагы санжыралардын арбынын мезгилдин шамалына учуп, бизге, XX кылымга азыноолагы гана жетти окшойт? Элибиз Ала-Тоого келгенден кийинки, Чыңгыз хандын мезгилинен берки санжырада көбүрөөк тарыхый тактык, көркөм-элестүү баяндар бар. Айрыкча, XVI кылымдан берки, кыргыз элинин санжырасы менен, сабаттуу адамдар кагаз бетине түшүрүп алган санжыраларда чындыкка шайкештик, мурда айтылгандарына айрым толуктоолорду киргизүү менен бирге, көркөмдүк да байкалат.

Ысык-Көлдүк кыргыз урууларынын тарыхын изилдөөдө, Долон бийден берки санжырага кайрылып келебиз. Багыш (Чоң багыш) уруусунун окулу Долон бийден Акуул (Абыл), Кубуул (Кабыл) болуп, эл ичи оң канат жана сол канат болуп бөлүнгөн. Акуулдан, Адигине, Тагай, Моңкуш, Ноолы эже дешет. Ал эми жыл сурүштүрө келгенде, Адигине, Тагай XV кылымдын аягында, XVI кылымдын башында жашашыптыр. Тагайдан (Мухаммед Кыргыз): Богорстон, Койлон, Кылжыр (Сарыбагыш). Кылжырдан: Доолосбакты, Орозбакты. Орозбактынын балдары Бугу, Доолосбактынын балдары Сарбагыш деп аталат. Ал эми Орозбактыдан: Арык, Мырзакул, Карамырза, Асан жана Токоч аттуу уулдар тараган.

# Арык мырза






Орозбактынын балдары эр жетип, ата жолун улап, бакубат, байгер жашап, элге алымдуу куда-сөөк күтүп, «Мырза» атыгышып, аларга эл «Мырза жигит» деп кайрылышкан. Балдардын улуусу болгон соң, Арык мырза эл көзүнө эрте урунат. Ал болжол менен 1580-1655-жылдар аралыгында жашаган. Арык мырза эр жеткенде Нарын ооронундо, Анжиян, Алай, Памир, Фергана аймактарына чачырап кеткен туутан-уруусун жыйнап, биринчилерден болуп Ысык-Көл тарапка көчүрүп келген. Анын бул эрдиги тууралуу кыргыздын оозеки тарыхында жана санжыраларында байма-бай айтылып келет.

Сыягы, Арык мырза баштаган Орозбактынын (Бугу) тукуму Ысык-Көлдүн түндүк тарабына XVI кылымда келген өңдөнөт. Анткени уламышта айтылгандай, Кара мырза менен Асан мырза аттуу мергенчилер Нарын шаарынын күн батыш тарабында жайгашкан Ала-Мышык тоо кыркасынан кайберендер уруусунун кызын (Мүйүздүү энени) кармап алышат. Колго түшкөн кайберендердин кызын көрүү үчүн, Арык мырза жана Орозбакты аксакал уулдары менен келишет эмеспи.

Кыргыз баласы өзүнүн көчмөн-жоокер жашоосунда, аксакалдарга, улууларга, анын ичинде иш билги, акыл- парасаттуусуна баш ийип, аларга өзгөчө урмат-сый менен мамиле кылышкан. Ушундай иш билги жана даанышман Арык мырзага, ал эли башка уруулар, улуттар менен болгон, ички жана тышкы алакаларды жүргүзүүдө, ага чоң ишеним көрсөтүшүп, анын айтканы менен болушкан. Арык мырза эл ичиндеги карым-катнашка тиешелүү, ошону менен катар уруу-урук аралык тартипке ылайык маселелерди калыстык, кыраакылык менен чечүү эмен. Салт боюнча агаинилери, эже-карындаштары Арыкка баш ийип, сөзүн эки кылбай, урматтап, турушчу. Алар бир туугандары Арыктан жамандык-жакшылыкта акыл сурап, анын эл ичинде кадыр-баркка ээ болгондугу менен сыймыктанышчу. Арык мырза сабырдуу, бир сырдуу, улуу-кичүүгө жагымдуу, ата-бабалардын нарк-насилин сактаган, кыргыздар менен гана эмес, аралаш жашаган калмактар менен да, тил табыша алган, чыныгы Мырза болгон. Арык мырзанын бабалары менен тукумунун жоокердик тагдыры тарыхтын кыйын мезгилиндеги калмактардын баскынчылык дооруна туш келген.

# Мырзакул мырза






Мырзакул мырза - Орозбактынын беш баласынын бири. Ал болжол менен 1580-1655-жылдар аралыгында жашаган. Эл оозунда «Мырзакул мырза кайда күткөн, өтө салабаттуу жана салмактуу адам болгон» деп айтылып жүрөт. Мырзакул мырзанын тукуму а дегенде, Нарын, Анжиян, Жалал-Абад тарапта жашап жүрүшүп, XVI кылымда Ысык-Көл тарапка көчүп келишет. Анын тукуму дал ушул касиеттүү жерден орун-очок алып, учугу узарып, конушу кеңейип, «Мырзакул мырзанын тукуму» аталып келе жатат. Мырзакулдун уулдары: Алсейит жана Тынымсейит. Азыр Алсейит тукуму «Жаманкул» жана «Бапа» уруусунун өкүлү катары белгилүү. Алар учурда Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде жашаган калктын дээрлик көпчүлүгүн түзөт. Ал эми Тынымсейит тукуму Нарын өрөөнүндө орун-очок алган. Касиеттүү Мүйүздүү Марал эне – Алсейиттин аялы Мырзакул мырзанын келини. Мырзакул мырзанын тукумунун өнүгүп-өсүп, кулач жайышы, Мүйүздүү Марал эненин касиетине тыгыз байланыштуу экендигин, эл айтып жүрөт.

# Кара мырза

Кара мырза Орозбактынын (Бугу) беш мырза уулунун ичинен, мергенчилиги, өзүнүн тереңейилдиги, тыңдыгы, калк ичиндеги бийик кадыр-баркы менен өзгөчөлөнгөн. Ал эл ара-






сында кара ат минип, кара кийим кийгендиги менен айырмаланган.

Мергенчиликке дайыма Асан мырза менен Токоч мырзаларды алып, олжолуу кайткан, дешет. Кара мырзанын тукуму негизинен Түп районунун Токтоян айылында, Бишкек, Каракол шаарларында, Түп айылында жашашат. Анын тукумунан коомдук белгилүү адамдар чыккан. Мисалы, Бийгелдиев Асантай – Ысык-Көл облаcттык аткаруу комитетинин катчысы, коомдук ишмер болгон. Ар кайсы жердеги туугандарын чогултуп, Токтоян айылынын түптөлүшүнө чоң салым кошкон, өз үйүн мектепке берип, балдарга камкордук көргөн. Сыргатай уулу Эгемберди – Касыйда окуган, билимдүү, чоң молдо, мындан сырткары даары чөптөрдү билгичтик менен пайдаланып, көп адамдарды ажалдан арачалап калган, чоң табып болгон. Ал эми диний билиминин күчү менен, дуба окуганда сууну дароо музга айландырып, сүттү айран кылып уютуп, адамдын өлөр-өлбөсүн тамырынан билген, дешет. Боло турган иштерди алдын-ала так айтып, жаратылыш кубулуштарына олуттуу таасир эте алган. Ал табиятынан өзгөчө өнөр касиетине ээ болгон адам болуптур.

# Асан мырза






Асан мырза - Орозбактынын (Буту) беш уулунун бири. Ал көзгө атар мерген жана тайбанбас, мыкты жоокер болгон, дешет. Асан мырза ар дайым Кара мырза, Токоч мырза менен мергенчиликке чыгып, коомдук иштерге да алар менен чогуу катышчу экен. Асан мырзанын Желкилдек, Жетиген (Ош аймагы тарапта) аттуу эки уулу болуптур. Анын тукуму ушул эки атадан башталат деп, айтышат. Азыр Асан мырзанын укум-тукуму негизинен: Ысык-Көл дубанынын Ак-Суу районунун Жаңы-Арык, Маман, Ак Булак, Ак-Суу айылдарында, Бишкек, Каракол, Талас, Ош шаарларында жашайт.

Асан мырза тукумунан да эл үчүн кызмат кылган, көрүнүктүү, атактуу инсандар көп чыккан. Атап айтканда: Жолдошбай Бүргөев – конструктордук бюронун конструктору болгондуктан, космостук кемелерди, космостук чыналууну калыптандыруучу (стабилизаторлоо) тетиктерди , космостук аэростаттарды куруу-чыгаруу өндүрүшүнө катышкан.

# Токоч мырза






Токоч мырза - Бугу уруусундагы атактуу Орозбакты аксакалдын беш уулунун эң кенжеси. Ал уулу Келөгөн төрөлгөндөн кийин эле, абдан жаш мезгилинде дүйнөдөн өткөн, дешет. Ал замандардагы салт боюнча, Токочтун жесирин агасы Кара мырзага нике кыйып, алып беришкен. Дүйнөдөн Токоч мырза эрте кетсе да, жалгыз уулу Келөгөн мырза тың чыгып, өз уруусунун акыйкат, калыс башкаруучусу болгон. Өткөн бир убактарда анын тукуму Арсланбап жергесин жердешкендиги маалым.

Токоч мырзанын уулу Келөгөндүн сөөгү Арсланбап мазарына коюлган. Болжол менен Келөгөн мырза XVII кылымдын аягы, XVIII кылымдын башында жашап өткөн. Ал өз уруусунун татыктуу башчысы катары, уруу элинин тагдырын мойнуна алып, башка уруулар жана улуттар менен болгон, ар кандай сүйлөшүүлөрдө өз элинин кызыкчылыгын коргогон. Санжыра боюнча, Келөгөн Баатыр Арсланбап жеринин кеңейишине, анын гүлдөп өсүшүнө олуттуу салым кошуп, чачырап кеткен элди бириктирген.

Ошол эле санжырада айтылгандай, Келөгөн мырза бардык мүлкүн сарптап, болгон күчүн жумшап, кагыраган жерге суу чыгарып, өстөн чаптырган. Өстөн бүткөндө, аймактын эли эки тарабынан суу чыгарып, мол түшүм алып турган. Бул арык азыр да Базар-Коргон районундагы (Арсланбапта) оңдогон айылдарды суу менен камсыз кылып, «Келөгөн арык» деп аталат. Ошонусу менен ал жер – ыйык жана сыймыктуу. Арадан далай заман өтсө да, бул жерге куран окуп, таазим кылган адамдардын аягы үзүлбөйт.

Токоч мырзанын уулу Келөгөн баатырдын тукуму өсүп, кайрадан Ысык-Көлгө, тарыхый мекенине, б.а. ата-бабаларынын журтуна көчүп келишип, Түп аймагынын Токтоин айылында жашап калышат. Алардын жалпы саны - 400 түтүн. Албетте, көпчүлүк эли кичинекей Токтоин айылында жашашат. Мындан сырткары, Түп, Сары-Кол, Маякта, Ак-Суу районундагы Каракол, Жылдыз айылдарында, Жети-Өгүз, Тоң, Ысык-Көл райондорунда, Каракол, Чолпон-Ата, Балыкчы, Бишкек шаарларында отурукташкан. Коомдук ишмерлер Жумабек Рахманов, Жангороз Канниметов, Социалистик Эмгектин Баатыры Жамиля Дүйшоева Токоч Мырзанын тукумдарынан.

# Ысык-Көлдөн
# чыккан – атактуу
# Жети Аке



Жети ата. Сүрөтчү Н. [illegible]

# «АКЕ» ТЕРМИНИ ТУУРАЛУУ

Ысык-Көлдүк жети акеге карата айтылган, «Аке» терминининин маанисин, этимологиясын түшүндүргөн, бир нече пикирлер бар. Биринчи илимий көз караш боюнча, бул термин түштүк диалектисинен алынган деп айтылат. Мисалы, илимпоз А. Иманов: « XVII кылымдын башында Жунгар хандыгы түндүк кыргыздарды түштүккө карай сүрүп салган. 1758-жылы Цин империясы Жунгар хандыгын талкалаган соң, көлдү жердеген уруулар өз мекенине кайра кайтып келген», -деп жазат. Экинчи көз караш боюнча, илимпоз К. Асанбеков: «Көлдүк кыргыз зайыптар кайын журтунун жашы улуу эркектерин атынан айтпай, аларга «Аке» деп, тергеп кайрылышкан», - дейт. XVIII кылымдын жарымында, XIX аягында Көл өрөөнүндө «аке» термини, кошумча жаңы мааниге ээ болот. Тактап айтканда, бул терминди адамдар кайрылуу үчүн эле эмес, даража, ардактуу наам катары кабыл алып, өз турмушунда колдоно баштады. Мына ушинтип «аке» термини коомдук терең мааниге ээ болот. «Аке» наамы кандайдыр бир иерархиялык расмий даража катары бекитилген эмес. Бул наам хандардын, бийлердин жарлыгы менен эле, элдик чоң жыйындарда жарыя кылынган.

Профессор А. Иманов «XVIII кылымдын жарымы - XX кылымдын башында Ысык-Көл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар» деген эмгегинде: «1840-жылдары, Боронбай бийдин доорунда Жыргалаңдын боюнда өткөн, чоң жыйында кадимки Тилекмат элчи эле Мойт атага, Сарт абага «Аке» деген ардактуу наамды ыйгарып, аларды «Аке» деп атоо сунушун айтат. Ошондо калың эл аны түп көтөрүлө колдоп кетишет. Ошол күндөн тартып, эл аларга «Мойт Аке», «Сарт Аке» деп кайрыла баштайт»,- деп жазган.

Бул эпизоддон башка, кандай учурда «Аке» наамы ыйгарылгандыгы тууралуу так маалымат кездеше элек. «Аке» наамын ала электе, «Тилекмат элчи» деп айтышкан. Бирок Тилекматтын көзү өткөндөн кийин, эл аны «Аке» деп, айтып калышты. Акелердин баарынын эле расмий бийлиги, же толгон-токой байлыгы болгон эмес. Мисалы, Мойт Аке, Сарт Аке, Садыр Акелер жупуну эле жашашкан. Ал эми Карга Аке, Карач Аке, Садыр Аке жана Кыдыр Аке түшпөс бий аталып, Тилекмат Аке теңдеши жок элчи болуп, эл тагдырындагы бурулуш учурларда туура чечимдерди кабыл алууга жетишкен. Жети акенин баары бирдей көрөгөчтүк, даанышмандык, акыйкатчылдык касиетке ээ болушкан. Бирөө да керт башынын кызыкчылыгын элдин тагдырынан жогору койгон эмес. Алар кыргыз элинин терең ойчул жана сөздүн кадырын, баасын билген, кара жаак чечен, улуу инсандары болушкан. Уруу башчыларынан тартып, хан-бектерге чейин тең ата болуп, өз пикирин кылчактабай айтып, аларга кеңеш берип, чыр-чатактардын түйүнүн чечүүдөгү калыстыкты, кыраакылыкты дал ушул, акелер көргөзгөн. «Мал – ашкырса жүткүгү, айдаса жоонугу. Эл камын көргөн көкүрөгү ачыктар – элдин байлыгы», - деп, Сарт Аке айткан. Жети акенин айрым-айрым уруу кызыкчылыгынан, ар дайым жалпы элдин ынтымагын жогору койгон, куйкормандыгы, жоомарттыгы, эрдиги – Ысык-Көл өрөөнүндөгү эл менен катар, жалпы кыргыз тарыхынын байлыгы, сыймыгы, үлгү алаар сабагы.

# Мойт Аке



Мойт Аке – Алсейиттин уулу Жаманкулдун тукумунан тараган, Белектин Алдаяр деген уулунун кенже уулу. Так табылган маалыматтарга караганда, Мойт Аке 1745-жылы Түп районунун Орто-Өрүктү жергесинде туулуп, Ысык-Көлдүн күнгөй тарабында эл арасында жупуну жашап өтүптүр. 1997-жылы анын урпактары Түп районунун Орто-Өрүктү айылында 250 жылдык маарекесин өткөрүшүптү. Анын сөөгү керээзи боюнча, Манжылы-Ата мазарына коюлган. Себеби Мойт Акенин өмүрүнүн көп мезгили, ушул Манжылы-Атадан алыс эмес, Тоң жергесиндеги кыштоодо, жайкысын болсо, Каркыра жайлоосунда өткөн, дешет. Ушул кезге чейин алыс-жакындан келген кишилер Манжылы-Атага гана сыйынбастан, Мойт Акенин күмбөзүнө барып, «жар сурап», «бала сурап», «бата сурап» жүрүшөт. Ошондуктан «Бата же баш сурасаң, Мойт Акеге бар», - деп, бекеринен айтышпаса керек.

Мойт Акени өзүнүн замандаштары, кийинки эле урпактары анын ашкере «батакөй адам» болгондугун жакшы билишет. Анын берген батасы жаздем кетпей, айысы ай жыл тегеренбей төп келип, алдынан кыя өткөндөр болбоптур. Ал эле эмес, көз кыйырын агытып, жаман карап койгон кишиси дагы, оңой менен «мал болчу эмес» дешет. Демек, табиятынан ыйык, көрөгөч, көсөм, даанышман, бул адамды бийик касиеттер гана эмес, Кыдыр жылоологон сезимталдык, сергектик, чанда бир адамга мүнөздүү ыйык сапаттардын бирге коштоп жүргөнүн айтсак, аша чапкандык болбос. Анын алдын ала көрө билген касиеттеринин бири катары, айтылуу Эшкожонун аялы Айжандын баатыр Балбай курсактагы кезинде эле өңдөн кетип, томолонуп жумаланып, ооруксунуп, бирде акылына келсе, бирде акылына келбей, толгонуп жатканын көрүп: «Келин оорубай-эчтеей эле турат. Алдын алып, жаман жорук баштап жибербегиле, ал бар болгону жолборстун жүрөгүнө гана талгак болуп калыптыр. Жолборс атып, келиндин талгагын кандырып койгула. Буюрса, андан эли-журтунун камын кастарлаган эр жүрөк, жолборс мүнөз, кабылган душманын кансырата чапкан, эли-журтун ач-жылаңач калтырбай баккан, баатыр бала төрөлөт», - деген экен.

Мойт Акенин келечекти алдын ала айткан, сынчылыгы эле эмес, чоң саяпкерлиги жана мүнүшкөрлүгү, ага кезегинде чоң кадыр-барк алып келген. Эрезеге жетип, бүркүт, ителги таптап, куш сала баштаган кезинде, Ат-Башынын Ак-зоосундагы бүркүттүн уясынан балапан кармап келип, таптай баштайт. Бирок канча аракет кылбасын тапка келбей, ээсин сүй жыгат. Акыры кадимки Тилекмат Акенин атасы Жылкыайдар карыянын кеңеши менен, сарбагыштын Жумаш деген карыя мүнүшкөрүнө сындатууга жөнөп калат. Жумаш карыя жедеп, карылыкка моюн сунуп, көзү да көрбөй калган кези экен. Аксакал бүркүттү алдына кондуруп, сылап-сыйпап, кыраан экенин айтып, башка жөндүү кеңеш бере албай коёт. Абышканын Суусар аттуу кызы атасынын өнөрүн үйрөнүп, сырын өздөштүрүп алганын айтып, «билсе ушул билет» деп, аны алдырат. Суусар бүркүттү колуна кондуруп көрүп, бул бүркүт Ат-Башынын Ак-зоосунан балапан кезинде алынганын, ээсинин сары курусун кылып, колго көтөрүп, талбай машыктырып жүргөнүн, аны азыраак үндөп, көбүрөөк чыргалап учуруп, ат үстүнөн да чырга менен жем жедирип, учушун түздөп, ач өзөк кылбай, багуу кереектигин айтып, келгендердин көңүлүн жай кылат. Суусар кыз эртеси эле, берегн тапка келбеген ээн баш бүркүттү чырганы бир тартуу менен эле, табына келтирип койгон, дешет. Кийин дал ушул бүркүт «Тоо комдот» деген ат менен, узун элдин учуна таанымал болот. Айтылбай, күтүлбөй келген ачарчылык учурунда, «Тоо ком-

дот» бүркүт алуусу бийик аска-зоолордон кийик алып, аларды жергиликтүү эл тоого комдоп, жүктөп келишип, эл-журтка таратып беришип, катуу кырсыктан аман-эсен чыгышкан экен. Ошондой эле, тулпарларды тандоо боюнча Мойт Акенин саяпкер синчылыгы тууралуу да, өтө көп уламыштар айтылат.

Сарбагыштардан чыккан Ниязбектин жылдыгында чоң байге сайылып, күлүк чабыш болот. Ошондо көп күлүктөрдүн ичинен, солдук кыргыздардан Шапак баатырдын күлүгү «Топчу башы» биринчи болуп марага келет. Ал эми Мойт акенин «Керкашкасы» биринчи беш күлүктүн арасында марага жетиптир. Дал ушундай болоорун, күлүктөр чубаганда эле, баамдап койгон, олуя Мойт Аке кабатырланып турган Шапак баатырды тынчтандырган экен, жарыктык. Ал саяпкерчилик өнөрдүн сырлары тууралуу калтырган, бир топ санаттарында: «Эгерде, саяпкер өз малынын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун, күч-кубатын, жей турган тамагын алдын ала сезе билбесе, андан эч натыйжа чыкпайт. Айрыкча марага таптап жаткан малдын көңүлүн калтырбоо керек», - деп айткан. Ошондон улам, «Басынган күлүк байге албайт» деген сөз калган. «Кырчаңгы менен кыр ашпайт»; «Саяпкерине жараша күлүгү, тарбиясына жараша жүрүмү»; «Тулпар баксаң табын тап, шумкар тапсаң баабын тап»; «Марага ашыккан күлүк келбейт, ашыкпаган күлүк келет», - деген экен, даанышман, кыраакы карыя.

Кыргыз, казак журту жайкысын Каркыра жайлоосун жайлап, аш-тойлорду бирге өткөрүп, койгойлуу маселелерди да чогуу чечкен жыйындарда Мойт Аке кыргыз тарабынан сүйлөөчү экен. Осуятын, нускасын тааныгандар анын тунук акылга, тубаса жөндөмгө ээ экендигин урматташып, анын айтканы айткандай аткарылганы белгилүү. Анын калыстыгын казак эли эле эмес, калмактар да баалап, акыл сурап, кеңеш алып турушкан.

Мойт Аке көчмөн ата-бабалардын «канга-кан, өлүмгө-өлүм» деген маанисиз салтын жоюп, бугу, саяк, сарбагыш, кыдык билермандарынын башын кошуп, жыйын өткөрүп, «эр өлтүргөнгө үч жүз жылкы, бир мүчөсү майып болгонго жүз жылкы кун төлөнсүн» деген бүтүм кабыл алууга жетишкен. Бул жарлыкка эл башчы, бийлер бармактарын басышып, мыйзам катары таанышкан.

Кезегинде Мойт Аке менен санаалаш, сапарлаш, пикирлеш, табакташ, жаш жагынан айырмасы болсо да, жандары жолдош, сырлаш-курдаш болгон замандаш иниси Сарт аке: «Бу киши өтө калыс, бийик даражалуу. Сында жок даназалуу, айтып түгөткүс нускалуу, ашкере баатыр, оозго сала бергендей чыгаан сынчы, алдын-ала көрө билген көсөм, чеңде жок саяпкер жана чанда бир кездешчү мүнүшкөр адам», - деп, так-таамай сыпаттаган экен.

Ысык-Көлдүн тескейинде жайгашкан Тоң районундагы Манжылы жылгасы – касиеттүү, сырдуу жай. Себеби көлдүктөр XVII кылымдын экинчи жарымында Жуңгар хандыгынын чапкынында калып, Фергана менен Анжиянга ооп кетишкен. Ал эми 1760-1770-жылдары Ысык-Көлгө кайра кайтып келишкен. Бирок ошого карабай, ошол мезгилдерде көлдүн эли атактуу адамдары көз жумса, алардын керээзи боюнча, сөөктөрүн төөгө жүктөп барып, Арсланбаптагы ата-бабаларынын жанындагы күмбөзгө коюшчу экен. Ушул катаал тартип-эрежени да Мойт Аке көз жумаарда токтотуп кетет. Анткени ал: «Менин сөөгүмдү Манжылыга эле койгула, сөөк жүктөгөндөн эл кыйналып кетти», - деп, керээз айтып кетет. Олуя Мойт Аке 1843-жылы дүйнөдөн кайткан. Анын аманаты боюнча, сөөгү Манжылы мазарына коюлган.

# Карга Аке



Карга Аке өз заманында «түшпөс бий» аталып, ушул атактуулугу менен кийинки муунга таанымал. Кез-кезде «Карга мырза кадырлуу Акелердин катарына кантип кошулуп калды?» деп, айтылып жүрөт. Негизи 1996-жылдары Карганын урпактары, бабасына арнап күмбөз тургузуп, ага куран окуткан күндөн тарта, анын «Аке» даражасы кол элинин арасында талкууга түшүп, санжырачылар арасында талаш-тартыштарды жаратты. Бул тема Желден урутунун урпагы, профессор Ү. Асаналиевдин «Карга Аке» деген чакан чыгармасы, илим изилдөөчү К. Асанбековдун «Карга Аке» аттуу илимий макаласынан кийин, кеңири иликтөөгө алына баштаган. Талкуу 2003-жылга чейин мезгилдүү басма сөздөрдө уланып отуруп, акыры Карганы «Аке» катары таанууга, эч ким деле каршы далил айтып чыга алган жок. Ушундан улам, Карга Меңдегул уулун «Карга Аке» деп, ардактап айтып жүрүшөт. Карга Аке жашаган доор калмактар менен болгон уруштарга, уруу-уруу болуп чабышкан капсалаң мезгилге туш келген. Бий катары кашкайган калыстыкты бекем кармаганы, дүйнөгө болгон көз карышынын калыптанганы, каадалуу-нарктуу кеби-сөзү, алысты көрө билген зиректиги, олуялык касиети, эзели эки болбогон батасы, эл ичинде анын кадырбаркын көтөргөн. Энектен алган жоодон, калың бугу элинин ынтымак-ырашкерлигин гана сактап калаарын кан-какшап айтып, «биримдиги бар эле өзөт, биримдиги жок эл – тозот» деген экен. Ошол кездерде көз кыры түшүп, көңүлүндө сыйлап жүргөн Боромбай бийге акыл катчап: «Оо, Боромбай султаным, бийликтин күчү биримдикте, биримдиги жок болуп, Бугу эли алды-алдынан бөлүндүк. Жолубузга сакчы бол, журтубузга башчы бол. Ар уруу элди курап ал, адилет карап сурап ал. Көп элди көп экен деп көкөлөтпө, көп элге аз элиңди чөгөлөтпө. Бирин ашыкча мактап, экинчисин басынта какташа. Алыска карап, баарын тең сана. Убайга салбай кең кара. Айтканың жерде калбасын, канатың карып талбасын. Акылдуу башчы жоктон бар кылат, акылсыз башчы барды жарга урат. Амалдуу какырдан чөп чыгарат, жалгыздан көп чыгарат. Кан жаңылса кадыры кетет, калк кыйналса сабыры кетет... Ак бол, так бол. Ар бализден сак бол. Мына бул алкышыган ак бозду, ак диилден алдына тартып, аянбай ак батамды берип жатам», - деген экен.

Карга Акенин калыстыгы жөнүндө аңыз кептер арбын. Бир жолу белек тукумунун бийи Бирназар мырза конокко келип, түнөп калат. Эртең менен Бирназар бек каралгы табыштаган Ак боз жорго ордунда жок болуп чыгат. Карга Аке бул жорукка катуу жаны кейип, айылдагы шектүү делген бала-бакыранны чакыртып келип: «Эгер араңарда ушул турган аңдан аттай албаганыңар болсо, арам өлсүн. Ак болсоңор аттан өтүп кетээрсиңер», - дейт. Ошол уландардын ичинен, өзүгүн бала-

сы аңга кулап түшүп, жан берген экен. Ошондо Карга бий: «Менин мындай балам жок деп эсептеп койгула. Канчалык кабыргам кайышса да, калыстык деген эмe мени сөөмөгү менен көзго сайып турбайбы. Каранын иши ар качандан, бир качан кара болот. Ал кудайдан өз жазасын алды. Чуу чыгарбай коомун салгыла», - деп, басып кеткен экен.

Эл ичинде Карга Акенин кара кылды как жаргандай калыс, жыланач тооңу такымга чапкандай таамай сүйлөгөн, макал-лакап сөздөрү, куюлуштуруп айткан ырлары, бийлик мансабына карабаган даанышмандык, акыл көрөгөчү дагы бир канча кылымдарды карытаары, чындык. Анын канаттуу сөздөрүнүн ичинен: «Эр менен эрдин эрегишинин айласын тапса болот, кудайым алды эл менен элдин эрегишинен сактасын. Эрдин эрегиши мал менен бүтөт, ал эми элдин эрегиши кан менен бүтөт. Ошондуктан элдин эрегишине жеткирбөө зарыл. Ынтымак – ырыстын иши, ырк бузулган – уруштун иши», - деп айтканы бар.

Карга Аке бул тирүүлүктө 110 жыл жашап, 1828-жылы көз жумган. Анын 13 жашар небереси Кожотай кызы Аруукенин чоң атасы каза болор алдында кошкон кошогу, мээлиш бүктөмүндө калып, унутулуп кетпей, ушул кезге чейин элдин эс-тутумунда сакталып калганы, кандай гана керемет:

...Калайык калкым бекем тут,
Кошокту уксаң менден ук.
Кочкондо төөнү айдап ук,
Конгондо бээни байлап ук.
Апталап эмес, катыгын,
Ай бою жатып, жаттап ук.
Калайык калың тең туутан,
Байралып мында тактап ук. ..
...Атакем жайын айтайын,
Ар жаның аны сактап ук.
Аз гана жашка келгенде,
Арышын чыңдап кергенде,
Ай аалам көзгөн кудайым,
Атама бакыт бергенде,
Айттырбай-дебей жараткан,
Атамды берген Жеддеңге.
Бел болуп бечел элдерге,
Бек кармап кутман жерлерге.
Бек, бийин жакын жолотпой,
Бербеди жерин теңдерге.
Калкына калыс кеп айтты,
Калтырбай бирин төп айтты.
Каадалуу сөздөн көп айтты,
Кашыктап туруп бек айтты.
Кылымды артка таштады,
Калмактан элин сактады.
Карайлап турган бугунун,
Карыштап санын тактады.
Эл ичин бөлбөй экиге,
Эрлерди бөлбөй жетиге.
Эп менен журтун башкарды,
Эзелки даркан секиде...

# Сарт Аке



Бул даанышман адам эс тартканы Боронбай манапка кеңешчи, Тилекмат элчиге устат, ал эми жалпы бугу элинде сый-урматка арзыган, акыл көрөңгөсү болгон экен. Сарт Аке элин жеке эле Кокон хандыгы, солто, сарбагыш тобелдору менен эле эмес, казактар, кытайлар, орустар менен да, жакындан мамиле түзүүгө чакырган. Ал үнүн өтө бийик чыгарбаган, жазыксыз адамдын шагын сындырбаган, сый-урматты туу туткан, жорго сөздүн чебери, кара жаак чечен, айтаар кебин жети өлчөп, бир кескен, баарлашкан адамдын рух- дөөлөтүн байыткан, жаман-жакшыны алдын-ала сезе билген, акылман адам болуптур.

Тунук акылдын, сергек ойдун ээси болгон Сарт Аке түптүк урууларынан жер которуп келген, байыркы дөөлөс уруусунун Толумандан тараган урпагына кирет. Азыр «Кызыл уулдан» тараган, ичкилик кыргыздардан Жети-Өгүз жергесинде «беш айыл дөөлөс уругу бар» деген кептин так аныктамасы бар. Толумандын кенже уулу Чулум күлүк аттын айынан, Кокондун акими менен тирешип, атасы аны башка жерге качыруудан башка аргасы калбай, мурда кийин Ак үйлүүдө бирге кызмат кылган, Бугунун аттуу баштуу манабы Алсейитке кат жазып, түнката баласын качырат. Айткан аманатты эки кылбай, Алсейит Чулумду балдары Жаманкул менен Банага бир тууган кылып коёт. Ошентип, Чулум Алсейиттин «тондуу баласы» болуп, анын тукуму көлдү түбөлүк жердеп калат. Чулумга «Керкашкасынын» чуусун жармаштырып, эл аны «Чулумкашка» деп кошуп айтып калышат. Чулумкашкадан: Абышка, Зумбул, Булбул, Кармыш деген төрт уул тарайт. Ошол Зумбул деген баласынан тараган Байболоттон: Доскулу, Ырыскулу деген эки бала төрөлөт. Доскулунун үч баласынын кенжеси - Сартбай. Кийин аты Сарт деп кыскартылып, айтылып калган. Бугу элинин урматтоосу менен, «Сарт Аке» деген кадыр-баркка ээ болот. Ал жайкысын негизинен Каркыра жайлоосун жайлап, ал эми кышкысын Түргөндүн ичине кыштап, айтылуу Мойт Аке, Алдаштын Солтонкулу, Жылкыайдардын Тилекматы, Олжобайдын Токсобасы, Меңмураттын Боромбайы өңдүү, Бугу элинин чыгаан адамдары менен коңшулаш, конуш короолош отурат. Адатта, жайлоодо эл жакшылары топтолуп, чүйгүн тамак-аштын үстүндө нускалуу кептер, санжыра-спааттар, салмактуу акыл-насааттар айтылат эмеспи. Ошондой күндөрдүн биринде, олтургандардын аксакалы Мойт Аке кеп торкунун улап, жанжакасын каранып: «Бул жалганда эмне өлөт да, эмне өлбөйт?» - деп сурап калат. Ар ким, ар кандай божомолдорун айтышат. Акыры Сарт Аке: «Тилекке каршы, силер айткандардын баары өлөт, өлбөй турчу бир гана нерсе бар. Ал жакшынын сөзү менен жазып калтырган каты өлбөйт», дейт. Туура чечилген

жандырмакка ыраазы болгон Мойт Аке Сарт Акеге кайра бир ирет кайрылып: «Анда Сартым, бул жашоодо эмнеге айла бар да, эмнеге айла жок?» - деп суроо узатат. Анда Сарт Аке «Өлүм менен жаманга айла жок. Өлүм келгенин көрүп-багып жүрөсүңөр. Ал эрте-кечпи ар бирибиздин башыбыздан өтөөрү ыраазым. Аны кечтирбөскө ким-кимибиздин чарабыз да, чамабыз да жетпес. Эң опурталдуусу, «жамандын» айласынын жоктугу. Аны оңой менен оңдоого алууга да, түздөөгө да болбойт», -деп жооп бериптир. Ал эми:«Кимди байдын катарына кошсок болот?» - деген суроого, ал илгерилетпей: «Бул жалган дүйнөдөгү замандын курусун. Сан жылкылуу бай, бай эмес, керек болсо анын күтүрөгөн малы ашып кетсе, бир жуттук. Акыр түбү келип өлбөчү байлык – бул сенин акыл-көрөңгөң, даанышман сөзүң, сени колдоп-буттаар, артыңдан жөлөп-таяр бала-чакаң. Кут дарыган кенен дасторконуң менен кенен-чонон пейилиң», -деп жооп берген экен.

Азыркы Каракол суусунун тайыз кечүүсүнөн өтүп барып, анын шоокумун тыңшап: «Балким, жакынкы убакта бул дарыянын эки жээгинде бир чоң айыл пайда болоор. Тим эле буркан-шаркан түшүп, күңгүрөнүп, сырдуу агып турганын, укчу», -деп тамшанып, таңгалат. Көрсө, ал «чоң айыл» деп, учурдагы Каракол шаарын айткан турбайбы. Балбай Ормон баатырдын колуна түшүп, кулагы кесилип, бир топ убакыт туткун болуп, ордо жатып калат. Бугунун жакындары кеңешип, барып бошотуп келүүнү Сарт Акеге тапшырышат. Ормон бул ирет түз кабыл албай, шойком издеп, опуза кылууну көздөйт. Мунун максатын алдын-ала сезген Сарт Аке айлакерлик жосунун илгерилетпей жандырып, «акылга-акыл, амалга-амал» деп, ал да жатып алат. Акыры Ормон баатыр олуя кишиден чочулап, ага баш ийип, тай союп, Сарт Акени коноктоп, Балбай баатырдын башын азат кылган экен. Кек жалдыгы да, кектүтү да бар Балбайдын жүрөгү шимок турсун, боз үйдүн босогосун жапшыра басып, артына кылчайбай кекенип кеткен, дешет. Уюштуруп бир атанын балдары болгон, эки элдин ортосуна биротоло жарака кетет. Ал эми анын аягы кантип бүткөнүн тарых барактарынан билебиз.

Убагында Ормон хан: «Сарт билерманым, сени бу бугулар «табып, чечен, айлакер, амалкөй» деп көп айтышат, бир собол айтайын, ушуну тапсаң, байгесине бир айгыр, үйүр жылкы саям», - дейт. Отургандар кабатыр боло түшүшөт. Ормон: «Бөрү көздүү, бугу мүйүздүү, бууре сандуу, бука моюндуу, куш канаттуу, балык жондуу, бото курсактуу жандык эмне болуучу?» - деп тиктеп калат. Сарт Аке ансайын жарпы жайдары болуп, тамагын жасап: «Ханым, бул бугу бир туугандарыңызды жай чилдесиндеги көк чегирткеге теңеп жатканыңыз турбайбы?» - деп, жооп берген экен. «Бар бол, Сартым, бар бол! Эми сен айт табышмагыңды», - деп күтүп калат. Сарт Аке: «Элде жок, жерде жок, асманда жок, сууда жок, отто жок, чокто жок.

Сиздей ханда да жок, ал эле эмес, мендей букарада да жок, бул эмне болуучу ханым?» - деп, жообун күтүп калат. Туталанган Ормондун жообун күтпөй эле, аны өзү чечмелеп берген экен: «Ханым, жөнөкөй эле канаттуунун сүтү эмеспи. Сизге дагы бир табышмак: «Суу атасы эмне? Сөз атасы эмне? Жол атасы эмне?», - деп, кезектеги суроосун узатып калат. «Суу атасы – ак кар, көк муз. Сөз атасы – сендей акылман карыя. Жол атасы болсо, мына, биз сыяктуу калың кара эл. Аны эл чабат, эл узартат», - деп, Ормон хан жылмайып жооп берет. Анда Сарт аке: «Ханым, бул сиздин айткандарыңыз ал дагы болсо, турмушка жакын болгону менен табышмактын жандырмагын туюндура албай калды. Суу атасы кадимки эле булак. Бардык суу булактан башталып, ал агын сууну, агын суу болсо, өз кезегинде көл-дарыяны, деңиз менен мухитти жаратат. Сөз атасы - кулак. Ал ар бир айткан нерсени көкүрөккө сиңирип, ким-кимибизге аны түз дагы, кыйыр дагы маанисинде жеткирип турат. Ал эми жол атасы болсо, туяк болот. Дегеним, кандай гана жол болбосун аны туяк түптөйт. Төтө жолдон чоң жолго чейин, туяк түшпөгөн мейкин болбойт», - деп, өз жандырмагынын жообун өзү ханга айтып берет. Ошондо Ормон хан: «Бу, Бутудагы жалгыз эле акылман менин Боромбай кудам экен десем. Сартбайда дагы өнөрдүн кенчи жаткан турбайбы!?» - деп, оңтойсуз абалдан чыгып кеткен, деген сөз калган.

Эл арасында Сарт Акенин көзү ачык, көрөгөчтүгү, сынчылыгы тууралуу далай уламыштар, санжыралар айтылып келет. Бир күнү Тилекмат элчи он сегиз баласын бирдей сынатыш үчүн, Сарт Акени конокко чакырат. Астынан атын алганы чыккан, он бир жаштагы баланын илбериңки, ийкем кыймыл аракетине ыраазы болуп, кимдин баласы экенин сурап калат. Ал тартынбай, Тилекматтын уулу Чыныбай экенин айтат. Тилекматтын максатын жазгандебей туюп, үйдүн босогосун аттап-аттабай жатып: «Акылдын көзү, агыны катуу дайранын өзү болот экен, мына бул уулуң, - деп төргө өтөт, - Өмүр тоспой узак жашап, жаман көздөн, суук-селки сөздөн оолак болсун. Мунуңду көбүн эсе, эл түйшүгү күтүп турган бала болот экен», - деп кошумчалап коет. Бышкан этти чыпчыргасын короттпой, Сарт Акенин алдына тартышат. Ал этти туура экиге бөлүп, экинчисине башты кошуп балдарга табак тарттырып, байкап отурат. Тартылган эттен Чыныбай эч кимди карап койбостон, койдун башын, кар жилигин, жүрөгүн алып алдына коюп, калганын акырын ага-инилеринин алдына жылдырып коет. Ошондо: «Бул уулуң айткан сөзү эм, эл-журтуна дем болгон бала болот. Эми калганын сынатканга убара болбо», - деп, сын электин тыянагын чыгарган экен, Сарт Аке. Мындай сындатуу жоролголору Сарт Акенин турмушунда көп кездешкен.

Сарт Аке, Мойт Аке, Тилекмат Аке куштун кош канатындай болуп, биринин кемчиликтерин экинчиси толуктап, жетишкендиктерин даназалап, эл арасына даанышмандыктын, жакшылыктын үрөөнүн сээп, көрөңгөлүү илим-билими менен нускалуу акыл-насаатын ар бир замандашына, бала-бакырасына, урук туугандарына, дегеле жаамы кыргыз калкына мурас кылып, таштап кетишкен.

Сарт Аке Доскулу уулу айрым маалыматтарга караганда, ал 1775-1780-жылдар аралыгында туулуп, болжол менен 1869-жылдары жарык дүйнө менен коштошкон. Караңгыдан көз тапкан, калыптан сөз тапкан Бакай Ата сындуу Сарт Аке жөнүндө, эл арасында «Акыл сурасаң, Сарт Акеге бар» деген macaп айтылып калган.

# Тилекмат Аке



Айтылуу манап жана элчи Тилекмат байлыктын, мансаптын артынан куубаган, эл кызматы үчүн талыбаган, чоң кадыр-баркка жеткен, элдин урматтаган бийик инсаны, элдин туусу болгон. Окумуштуу Чокон Валиханов 1856-жылы Ысык-Көлгө Боронбайдын айылы Түлпар-Ташка келгенде, Тилекмат Акеге жолугуп аңгемелешкенден кийин, анын кат таныбаганына карабай, таамай жана кемеңгер сөздөрүнө баа берип: «Карачы, турганын, учайын десе канаты гана жок!» - деп, ыраазы болгон экен. Саякатчы Тилекматка жолукканын жол дептерине жазып, ал кийин китеп болуп чыккан.

Тилекмат Жылкыайдар уулу 1800-жылы Ысык-Көлдүн Шалба айылында туулган. Тилекматтын жарык дүйнөгө келиши эле, бир чоң дастан. Тилекматтын атасы Жылкыайдар белек тукумунун бийи Бирназардын «тоңдуу баласы» болгон. Анын баяны мындай: Бирназар бий кезегинде Ат-Башыны жердеген моңолдор уруусунун Боорсок бийи менен достошуп, аны дагы бекемдеш үчүн, бешинчи баласы Эсенаманга, Боорсоктун кызы Мээрканга куда түшүп, алып бермей болот. Кызды алып кетээрде, «Кыздын себинде чырмаган чыгданы жок экен», -деп, кыңкыстаган Шаарба байбиченин суроосуна чыгдандын ордуна, кудагыйына колунда жүргөн, сурап алаары жок, Күмүшай аттуу келинди баласы менен кошо беришет. Күмүшай келиндин күйөөсү Сарыбагыш уруусунун айтылуу Алымбек аттуу тың чыкмасы болгон. Ал өз кезегинде Кашкарды башкарып турган, беш бектин бирөөсү болгон. Каскак болуп, элинен ажыраган Алымбек аялын алып, Кашкардан качып чыгып, Ат-Башы жакка ыктайт. Ошондо ашуудан ашып баратып, Алымбек кан түкүрүп, ноокастап, о дүйнө салат. Күйөөсүнүн керээзи менен, Күмүшай Ат-Башыны жердеген Боорсок бийге баш калкалап келип, анда туруп калат.

Келиндин ошо кезде ай күнү жетип калган экен. Муну Күмүшай эч кимге сыр бербей, сактап келген дейт. Ошентип Күмүшай айым кыздын себине кошулуп, Көлгө күн катары келиптир. Ат-Башыдан келе жатып, кирген суунун кечмелигинен келин бешиктеги баласын агызып жиберет. Күкүктөй баласын жоктогон келиндин зарына чыдабай, Бирназар жигиттерине суу бойлой, бешикти издетет. Суунун айрылышындагы аралчага келип, токтоп калган бешиктеги баланы марал эмизип турганын көрүшкөн, жигиттер, бийге көргөнүн айтып келишет. Ошондон мындай сыйкыр коштогон наристени жат адамга бербей, Бирназар өзү багып асырайт. Бала Айдар бой тиреген малга жакын болуп, жылкычылардын арасында эс тартат, ушундан анын аты Жылкыайдар болуп өзгөрөт. Бирназардын көзү өткөнчө бутуна-бут, колуна-кол болуп, карыган

билгин өзгөчө кадырлап карайт. Карылыктан чөгүп калган Бирназарга Жылкыайдар өз балдарынан кем эмес кызмат кылат. Ал эле эмес, анын сөөгүн Анжыянга алып бара жаткан, аттын омуроосу бою жааган карга, катыра урган борошого карабастан, аттап-жөөлөп отуруп, бирдин айында Анжыянга алып барып, бир туутандары менен, коюп келген экен.

Дал ушул Жылкыайдардан Тилекмат төрөлот. Бактысына жараша, Тилекматы тың чыгып, чыйрак, акыл-эстүү, зирек болуп чоноёт. Ал өзү да, кийинчирээк Мураталы бийдин жылкысын баккан карабай, бара-бара мырзаларга, эл жакшыларына тең ата, үзөңгүлөш болуп чыга келет. Кийин эл башына түмөндөгөн сыноолор түшкөндө да, дал ушул Тилекмат элчи нечен курдай, коркунучтуу алааматтардан колдук бугуларды өзүнүн айла-амалдары, көрөгөчтүгү менен, аман-эсен сактап калат.

Баатыр-элчи атанган Тилекмат чукутандай сөз тапкан, чечендиги менен да, таанылгандыгы ырас. Бута 1830-жылы Кокон сарбаздары Тамгага өзүнүн чебин орнотушуп, Ысык-Көл бугусунун ханын чакыртканда, анын жообу күбө. Ал жолугушууга Бугулар эмнегедир Боронбай манапты жибербей, Тилекматтын эле баруусун эп көрүшкөн. Кокон сарбаздары Тилекматка берген соболдорго илгерилетпей, жооп берип, тар жол, тайгак кечүүлөрдөн ишенимдүү өтүп, натыйжада Тилекматка Кудаяр хандын мөөрү басылган, «бугу ханы» деген алгачкы күбөлүк берилет. Муну тастыктаган араб тамгасы менен эски чагатай тилинде жазылган Кокондун каты жана күмүш мөөрү ушул кезге чейин, Оргочор айылындагы К. Жетимишбаев атындагы тарыхый музейде сакталып турат.

Цин империясы Иле боюна өзүнүн өкүмүн жүргүзүп, бийлигин орнотот. Ал эми ошол учурда бугу уруусунун эли Кытай жергесиндеги Текестен байма-бай жылкы тийип турган болот. Кайсы бир топто бугулардын бейбаштыгын кароо жөнүндөгү кытайлардын арызын карап калышат. Топко Тилекмат элчи катышат. Ал кызыл тилди кайрап, кара жаак чечендигине салып отуруп, арызданган тараптын эч кимин сүйлөттүрбөй, көл бугулары ансыз дагы келим-кетимдүү, мал-жандуу эл келишип, коншу-колоңдор менен кадимки эле, бир туугандай жашап келишкенин далилдей алат. Ошондо Шинжаң өкүлү Тилекмат элчиге терең сый көрсөтүп, аттап-тондоп, калдук кыргыздар менен, жылуу мамиледе кала тургандыктарын айтып, узаткан экен.

Архивдик материалдарга жана элдик санжырага караганда, айрым уруу башчылары орусия империясынан жардам сурап, «кыргыздарды өз курамына, б.а. орусия мамлекетинин кошуп алуу жөнүндөгү» маселени көтөргөн учурлар 1784-1788, 1814-1824, 1855-1862-жылдарга туш келет (С. Закиров. Кыргыз санжырасы). Феодалдык-патриархалдык уруу түзүлүш доорунда уруу башчылары жакшылыкка да, жамандыкка да, бардык ишти элдин атынан жүргүзгөн. Ошентип бугу уруусунун өкүлдөрү «орустарга кошулсак, тынчтык болуп, калкалч табаар бекенбиз» деген үмүт менен, аны кандай жол менен ишке ашыруунун жолун ойлой башташат. Элдик уламыштарда айтылгандай, доолос Сарт акенин: «Бирназардын тоңдуу баласы - Жылкыайдардын тың чыкма баласы - Тилекмат элчиликке жарайт» деген акылы менен, аны казактын Тезек төрөсүнө жиберип, ал аркылуу орустарга кошулууну ишке ашырмак болушат. Тилекматты Боронбай чакырып, элдин ал-абалын түшүндүрүп: «Элчиликке барасың, эмне керек? Баарын камсыз кылалык», - дейт. Анда Тилекмат: «Жаныма калп айтпаган, айтканды айткандай гана аткарган, адамдан жалтанбаган, бир гана жигит кошуп бер, калганы иштин шартына жараша болоор», - дейт. Айткан жигитин кошуп алып, ошол учурда Каркыранын Кызыл-Кыясын жайлап жаткан, Тезек төрөгө жөнөп кетет. Тезек төрө - казактын улуу жүзүнүн султаны. Ал айтылуу Абылай хандын тукумунан болгон. Тезек төрө улуу жүздүн негизги уруулары: уйсун, албан, дуулат, чапыраштыны былк эткизбей бийлеп турган.

Бул уруулар негизинен Иле дарыясынын жээгинде жайлап, Бетпак талаасынан, Балкашка чейин көчүп жүрүшкөн. Тезек төрө орустар арасында да кадыр-баркка ээ болгон. Окумуштуу-саякатчы Чокон Валиханов - анын күйөө баласы. Ошондуктанбы, айтор, үйүнө орустун аскер

адамдары, окумуштуу-саякатчылары тез-тез келип турган. Ошентип, Тилекмат Тезек төрөнүн үйүнө түз кирип барбастан, сыртынан байкап, жолуккан адамдардан Тезек төрө жөнүндө сурап, качан туруп, качан жата турганын билип алат. Ошол учурда сарбагыштар да жон жатпай, бугулардын мурда Тезек төрөнү колго алуу үчүн, кырк жылкы тартуу кылып, элчи жиберип жаткан болот. Аны билген Тилекмат элчи төрө эртең менен даарат алып, эшикке чыкканда алдынан тосуп, салам айтат. Тезек төрөнүн: «Кайдан келген адамсың? - дегенине - Мен, колду жайлаган бугу уруусунан болом, эки жылдан бери сарбагыш уруусу камап, колдон сүрө турган болду. Биз Күндүз, Жылдыз, Текеске ооп кете турган болдук. Мурдатан сыртыңыздан билип, сыртыңыздан сыйлап жүрчү элек. Бугунун ханы Боронбай «төрөгө ылайыктуу» деп, Төрөайым деген сулуу кызды сизге арнап жүргөн экен, ошону сизге берип кетпесек болбойт, аманатын алып кетсин деп, мени жиберди»,-деген экен. Тезек төрө ойлоно калып: «Силер эмне үчүн сарбагыштын ханы Ормонду өлтүрдүңөр?»,-дейт. Анда, Тилекмат: «Суучулдун өлүмү суудан, мергендики тоодон, хандын өлүмү ага-туугандан. Бугу менен Сарбагыш бир Кылжырдын балдары. Ажалы жеткен хан өлдү, азабына эл калды. Адилдик кылар деп, сизге кайрылып отурабыз?»,-дептир. «Анда үй жакка барып, сарбагыштын элчилери менен сүйлөшчү», - деп, Тезек төрө Тилекматты ээрчитип, сарбагыштын элчилери жаткан конок үйүнө алып барат. Тезекти ээрчип кирген Тилекмат саламга келбей, үнүн бийик чыгарып: «Буларды кара, кечээ эле казактын Кенесары менен Норузбай төрөсүн өлтүрүп, бүгүн казак төрөсүнүн төрүндө чалкалап жатканын көр!»-дейт. Ошондо өзүнө карата айтылган сөздү баамдай койгон Тезек төрө: «Алып келген качырларыңарды айдап кеткиле!» - деп, айкырып жиберген экен. Ошентип, Тезек төрөнү өз жагына тартыш үчүн, алдаяр уруусунан чыккан, сулуу келинди кызча кийинтип, кыз ордуна берген, дешет. Кийин Желденден чыккан Солтобай ырчы бул окуяны:

«Заманга заман тогосо,
Кимге бербейт кезекти.
Айлабыздын жогунан,
Алдаярдан кыз берип,
Жезде кылдык Тезекти», - деп, ырдаган экен.



Сарт аке менен Тилекмат акенин айкели. Жети-Өгүз району, Оргочор айылы

# Садыр Аке



Саяк уруусунан чыккан, түз сүйлөп, бетке айткан Садыр Жолболду уулу 1821-жылы туулган. Анын балалык чагы, башкача айтканда өмүрү азыркы Ысык-Көлдүн Кичи Ак-Суу жана Чоң Ак-Суу деген жерлеринде өткөн.

Садыр Аке жерден боорун алганы, ата-энесинин оокат-кечелүү жашоосуна карабай, алардын жеңилин жерден, оорун колдон алып, эгин эгип, мал багып тирикарак эс тартыптыр. Ал узак жылдар бою Белектин Шапак элиндеги Ныша деген байдын жылкысын багып, кырк жашка караган курагында гана, саяктын айтылуу баатыры Нүрдөөлөттүн батасы менен, болуш болуп дайындалыптыр. Анын алгачкы топ бузган акылмандыгы, калыстыгы, айлакерлиги Жети-Суу акимчилигинде 1865-жылдын күз айларында өткөн, Кызыл-Саздагы чоң жыйында байкалган. Бул жерге Садыр Аке кечигип барат. Кадимки Шабдан баатыр Садырды тосуп алат. Эртеси жыйын башталар маалда, Шабдандын нөкөрү Баяке тетирленип: «Мырзам, тиги мурду жырык кара үйдөй болуп, шаңкрайып олтурган ким деги?»-деп калат. Анда Садыр Аке Баякеге: «Мен сен ойлогондой эли-жеринен сүрүлүп калган «бычма кул» эмесмин. Көл кылаасындагы тектүү делген, бетегелүү Кызыл-Кыя менен Сандашты, аягы мал көңдүктүү Кой-Ташты жердеген саяк уруусунан чыккан Садыр болушмун. Атам Жолболду. Билсең саякмын, билбесең башыңа тийген таякмын!» - деп, какшык аралаш каарып өтөт. Отурган эл кыраан-каткырык менен сүрөп калат. Анын мындай жалтанбай айткан сөзү орус акимчилигинин, Кокондон келгендердин, Байтик, Жангарач өңдүү бийлердин да шаштысын алат.



Садыр акенин күмбөзү. Кожояр айылы

Ошондо улуу-кичүү калк кадырмандарын тике карап: «Жаратылышынан катыңбаакы Кудаярдын баласы Рахматулланы жигиттерин кошуп, Байтиктин кырып салганы, чындык. Аны мен бери болгондо, Кудаярдын найза бойлогус кылык-жорутуна карата, өч алуу катары баалайм. Ордо жигити кылам деп, алып кеткен Байтиктин инисин ажатканга тазалатып ыргып койгону, кечирим бергис жорук. Ошондуктан бул маселеге кун төлөө талабын, орунсуз иш деп баалайм. Ал эми Байтиктин Каракол өзүнөн миң жылкы доолаган арызы да, суу кечпейт. Бул барып-келип эле карапайым элдин жонуна түшкөн, оор мүшкүл. Ырас, жыйын белгилүү себептер менен өтпөй калып, Ат-Башы, Нарын Чүй боорунан барган элдерди бооло убара кылып бүлүнттү. Ошондуктан Байтиктин доосун Каркырада жыйынды өткөртпөй койгон, ак паашанын Жети-Суудагы акимчилиги чечип бергени туура болот», деп сөзүн жыйынтыктайт. Жыйынга келгендер бул сунушту кош колдоп кабыл алышып, арызга тиешелүү чечимдер кошо тиркелген экен.

Садыр Аке табиятынан акыйкатчыл, калыстыкты туу туткан, залкар адам болгон. Болуштугунун кел-кели келип турганда, Алдаяр Муратаалы бий баштаган бөлөк тукумунун жакпыларын, мындан сырткары бийдин уулу Чомойду, Садыр Акени да мейманга кошо чакырып калат. Садыр Аке бир аз кечигип келгендиктен, Муратаалы бий өзүнүн жанында отурган аксакалдан кийинки орундукту көрсөтөт. Эт бышып табак тартылып, койдун жамбашын Садыр Акенин жанындагы аксакал алып, четинен бир тилим кесип, ооз тийип, анысын ортого түртүп коёт. Андан соң, аксакал табактагы үйдүн кыпкы сүрүнүн карчыгасынын бүлкүлдөгүнө кол сунат. Анысы да өз даражасына ылайык ардактуу орунга отурбай калып, кемсинип отурган Садыр Аке: «Эмне, сенден башка адамдын оозуна май жарашпайбы? Тарт колуңду. Мен дагы сенин өз конушун таба элек. Саяктын бир кексе чалы десем, Бөлөктүн баш теңдигине жетип, бирок аш теңдигине жете элек, кузгун сымал, куураган куу чалы турбайсыңбы?! Эткен май жоончук болсоң, саңа кошула элек, саяктын бир болушунун жанын сагалабай, бөлөктүн бийлери менен байлары отурган, төрку табакка отурбайсыңбы?!»-деп чалды каарымын болуп, баарынан мурда Муратаалы бийди сөзгө сындырган экен.

Кан Жантай өлүп, ашы-жыты берилген соң, мураскери Шабдан баатыр түндүк элинин башын бириктирип, эки тизгин бир чылбырды колума алам деп, чоң жыйын чакырат. Даярдыкты сарбагыштын байы Чоко баатырга табыштайт. Чоко баатыр эки жума мурун Кочкордун Чепилдегине келип, үй жайын тиктирип, жыйындын камылгасын көрүп калат. Он эки канат саймалуу өргөө тиктирип, анын төрүнө калыңдатып төшөк салдырып, ага жатып алат. Бул жорукту түшүнбөй Байтик баатыр, Шабдан баатыр, Жангарач бий, түштүктөн келген Алымбек датка нес болуп, отуруп калышат. Анда Садыр: «Мына бул оорулуп, ок жеген ноокасынарды, итти колоколуу бактын астына байлагансып, жыйын өтө турган өргөөгө жаткырып койгонуңар эмне? Бул кеселиңерге бир сайма алачык таап берсеңер болмок экен»,-деп барып, ордуна отура кетет. Сөзгө сынган Чоко оң-алеттен кетип өргөөдөн чыга качат. Бул жыйында Алымбек датка Кокон кандыгынын ал-абалы жөнүндө маселени кабыргасынан коюп калат. Датка ийги максаты, ушул түндүк-түштүк кыргыздарын бириктирип, аны башкаруу экенин, отургандарга ачык айта албай, бир топ сөз чаргытат. Муну угуп отурган Садыр Аке обдулуп: «Аба, абал биз күткөндөн кыйла оор экен. Кудаяр хандын качканы аз келгенсип, элинердин орус бийлигине сес көрсөтүшү, кайра келип эле орус төбөлдөрүнүн элиңерди кысмакка алып жатышы, элге кедергисин гана тийгизет. Кудаярга жөн деп, жан тартып хан көтөргөнү эмне муратка жеттинер? Мына, бүгүн билмексен болуп, ортого салып жаткан оюнузду оомат(ы)ныз келип, ойлоруңуз ишке ашып турган чакта, эмне суурулуп чыгып, ачык айтып, ак сүйлөй алган жоксуз?» - деп, ачуу, бирок калыс кине койгон экен. Алымбек Датка да бул айтылган сөзгө моюн, алдыртан карап, улутунуп койгон дешет.

Ак падышанын заманы келгени кытай тарап дагы, кыргыздын түшүмдүү жерлерине көз артып, коркунуч жаралды. Ошондуктан Кыргыз жеринин чек арасын белгилөө үчүн, мурда биздин жерлерге келип, изилдеп, чектерди чийип кеткен, саякатчы-окумуштуу П.П.Семенов Тянь-Шанский менен Н.М. Пржевальскийдин карталарына таянуу, зарылчылыктан улам келип чыккан. Чектерди аныктоо боюнча, комиссия түзүлүп, анын жетекчилигине полковник Колпаковский шайланган. Мүчөлүгүнө: Садыр Аке, Кыдыр Аке, Шабдан баатыр, солтодон Чолпонкул манап бекитилген.

Алгач алар Колпаковскийге өздөрүнүн шартын коюп, аны түшүндүрүү менен алек болушту. «Эгерде жаамы кыргыздын таламын талашып, Кытай менен биздин ортобуздагы жер маселесин толук чечип, Пржевальский чийген картаны калтырбай берсеңиз, кыргыз тарап орустун толук кандуу башкаруусун тааный алабыз», - дейт Садыр Аке, Колпаковскийге. Ошентип, үч күнгө созулган талкуу аяктап, кытай тарап менен сүйлөшүүгө Шабдан Жантай уулу менен Садыр Акеге күбөлүк берилген. Чек-араны белгилөө боюнча, бул эки тараптуу макулдашуу, генерал Куропаткин башында турган Ташкенттеги жыйында өткөн. Көпкө созулган талаш-тартыштан

кийин. Кашкар, Үч-Турпан, Какшаал, Кызыл-Суу, Улуу-Чат, Акчий өрөөнү кытайларга карап, ал эми «Жылдыз, Күндүз, Текес, Кулжа, Кашкар өңдүү жерлерди калтыруу керек деген» пикиринде Садыр Аке катуу турат. Тилекке каршы, Садыр Акенин пикиринен жыйынтык чыккан жок. Орусия империясы чек араны тактоодо кылган кызматы үчүн, Шабдан баатырга, Садыр Акеге империялык казынадан өмүр бою берилүүчү пенсия чектетип, андан сырткары 400 теше жер бөлүп берип, урмат-сый көрсөткөн. Ошол жер азыр «Он жети карагайдын ортосу» деп аталат.

Эл тагдырына байланышкан маселелерде, ар дайым чындыкты айтуудан тайманбай, өмүрүнүн аягына дейре, бий үстүнөн бийлик айтып, кан ишине калыстык кылган, саяктан чыккан Садыр аке 1905- жылы көз жумган. Анын сөөгү Ысык-Көлдүн Кожояр айылына коюлган. Эл арасында "Калыстык сурасаң, Садыр акеге бар" деген, ылакап кеп калган.

# Карач аке



Кадыры бийик Акелердин бири, айтылуу Карач Аке дешет. Ал Белектин Шапак уулунун тунгуу баласы, калмак уруусунан чыккан Чүрүмдүн чөбүрөсү. Меңдегүл Карач уулу болжол менен, 1837- жылы Ак-Суу өрөөнүндөгү Чолок айылында жарык дүйнөгө келген. Чоң атасы Чүрүм бирөөнүн «кол баласы» болуп жүргөн жеринен, Шапак баатыр аны көрүп калып, жактырып кылат да «бала кылып» асырап алган. Чүрүм Шапакка «ынтымакта жөлөк, ойдодо обок» болгон. Шераалы калмактарга барып колго түшүп калганда, Чүрүм жалгыз барып, туткундан бошотуп келген. Ошондогу Чүрүмкашкаптын эрдиги азыр да элдин эсинде. Анын урпагы болгон Карач аке калктын ынтымагы бузулбасын, бечара-карыптарга оордук келбесин деп, эл камын көргөн, тигил-бул урууларда ынтымак бузулса, аларга таасирдүү кеңеш айтып, ынтымакка чакырган.

Ысык-Көл элинин үстүнөн Ак падышанын бийлиги чыңалган кезде, уезд башчысынын жардамчысы болуп жүргөн Чыныбай Тилекмат уулу Белектин Салмаке, Жаркын деген зайыптарынан тараган тукумду көчүп кетүүгө, мажбур кылуу үчүн, кыса баштаган. Анын ичинде кадимки Боронбай манаптын уулу Өмүрзак да бар. Ошондон «Өмүрзак көчүп Чычкандан, дүнүйөсү кысканда» деген, сөз айтылып калган дешет. Эркинден көчкөндөр үч жылдай Нарын, Ат-Башы тарапта турушуп, кийин Кытайга оомой болушат. Акыркы үмүт эмеспи, болду-болбоду, Чыныбайга бир кайрылып көрөлү деп кеңешип, көчкөн элдин атынан, Малай аттуу карыяны элчиликке жиберишет. Кел-кели келип, көзүн май басып турган Чыныбай элчиликке келген карыяны өтүнүчүн угар-укмаксан болуп «өз тарабынан бул эчак чечилип калган» деп жооп берип, жолго салат. Малай карыя арызданып, Карач Акеге келет. Бул кыйналган элдин арызын айтыш үчүн, Карач Аке атташып алып, Чыныбайга барат. «Бүгүндөй Белек тукумун «акмак, келесоо эл» деп, аны эл катарына теңебепсиң. Антпесе алар «каңгайдан келген мага, капкайдан тентип келген, сендей тексиз кул-

га» эки чылбыр, бир тизгинин ишенип берип, өзүн кайдан-жайдан келгендерге билдиртип, кайра өзүнүн үстүнөн сурак жүргүздүртүп коюшат беле? Кеч боло элегинде, ичиңе буккан оюңдан кайткының!»-деген экен, Карач Аке.

Ошол кездери караламан элге салынган салыктын түрү көбөйүп, аны төлөөгө келгенде жарды-жалчынын айласы кетет. Түп жергесине калың кар жаап, ал аз келгенсип «кыштын моюну узарып» жатып калат. Уезд башчылыгында бул тууралуу маселе болуп, Карач Аке жеме угуп калат. Жан чөнтөгүнөн сыйпалап бир жез салкөбайды таап алып, аны уезд башчысынын алдына таштап: «Бул элдин байы азырынча менмин деп, ойлоймун. Бирок, менде болгон-жаткан пулум, байлыгым ушул эле. Ошондуктан казынаңыздын жыртык-тешигин беш тыйындык салкөбай менен бүтөп алыңыз», - деп, ордуна барып отуруп алат. Мындай жоопту күтпогон, уезд башчысы ыңгайсыз абалдан чыгыш үчүн: «Болуптур, Меңдегулов. Быйыл сиздин болуштукту салыктан бошотолу. Келеркиде салыкты үзгүлтүккө учуратпай төгүп тургула», - деп кутулат.

Оо, ал кездери эл жакшыларынын санжыра-санатын, накыл кеп-сөзүн угуу, эмне деген, керемет дүйнө эле?! Анын сыңарындай, эл чогулган тойтон бул өрөөндүн бийлерманы Соодан-бек ирөгө талашып, отурган боз балдарды какыс-кукус кылып, аларды качыра салып, кабаккашын үйүрүп, боктоп-сактап эле кууп калат. Муну байкап отурган Карач Аке: «Ээ кудай аткан Соодан бек, кечээ жакында эле «балык кармап бербейсиң» деп, бир карагаман байкушту асый бөзгө жыктың эле. Эми мингин бешиктен бели чыга элек бала-бакыраң тан болуп алыпсың. Деги, сен экообуз, айлана-тегерегибизге киши кондурбай калгандай «боз чаң добо» болуп калышыбыз керекпи? Же эмине кимдир бирөө бизди даңгалап, акмалап, айла күтүп, айланчыктап турбашы керекпи? Ансыз да сен экообуз эч кимге үстүкаңыбызды ыраа көрбөй отуруп, мүлжүгөн сөөктөрүбүз Төпкенин белине тете болду көрүнөт. Ушу балдардан үстүкаңыңды кызганганыңды койсоң боло!»-дегенде, мында отурган эл кыраан каткырыкка алып, күлүп калышыптыр.

Карач Аке Каркыра тараптан ат оргутуп келе жатса, Сан-Таш жайыгын жердеген, анын туугандары чырдашып атканын байкап, жаңдай бастырып барат.

-Ырас эле болбодубу, Карачым. Сенин Жамгырчыңды болуштукка көтөрсөк,- деп, - кызылчеке болушуп жаттык эле.

Атынын оозун тартып да койбостон, жаңдай өтүп бара жаткан Карач Аке:

-Талашып-тартышуунун эч деле кажети жок. Жамгырчынын азыр болуш болууга чамачаркы келе элек. А көрөкчө болуштукка тиги Мамбеттин уулу Байзакты эле көрсөтүп алганыңар туура болоор,- деп, бет алган жагына токтобой бастырып кетиптир.

Карач Акенин адамдык касиети, кадалуу кеп сөзү, калыстыгы, көрөгөчтүгү, мына ошол эле кыл чайнашкан, кыргыз турмушундагы өтө оор, опурталдуу мезгилдерден бери, нечендеген жылдар бою, унутулбай айтылып, эл ичинде сыр сандыктагы катылган, асыл ой түрмөгү катары, кылымдан кылымга сакталып келе жатат. Кезегинде Карач Акенин ажыга барып келгендигин тастыктаган, дагы көптөгөн маалыматтар бар. Карач аке 1914-жылы көз жумат. Сөөгү Ак-Суу өрөөнүндөгү Чолок айылына коюлган. Чүрүмдүн урпагы, Меңдегул уулу Карач Аке кара кылды как жарган калыстыгы, адилеттүүлүгү менен, элинин эс-тутумунда жашап келет.

# Кыдыр Аке



Айтылуу Акелердин эң кичүүсү – Кыдыр Аке. Ал 1843-жылы Ак Суу районунун Сары-Жаз кеңдигиндеги, Кайыңдынын Байыш жайлоосунда туулган. Ал - айтылуу кол бугусундагы беш мырзанын бири Арык мырзанын түздөн-түз тукуму, Байсарынын уулу. Акылы менен калыстыгын баалаган эл аны он сегиз жашында Арык тукумунун болушу кызматына шайлап алышкан. Ал элди калыс башкарып, акыйкат мамиле жасап, зордук-зомбулукту жойду. Анысын акыйкат баалаган эл Кыдырга ыраазылык билдирип, эчен той-аш, жыйындарда ак таңдай акын, ырчылар анын жакшы жактарын жайкап ырдап, баркына барк кошулду. Бара-бара анын кадырын анжияндык кыргыздар баалап, зор сый көрсөтүп Аке аташса, жайлоолору бир, ирегелеш жашаган коңшу казак эли да, аны Аке атка кондуруп, араздуу иштерин ага айтып, адилет чечим чыгартып, алар да Кыдыр Аке деп атай баштакан. 1871-1888 жылдары Түргөн болуштугунун башчысы катары 1-даражадагы чепкен, Станислав тасмасындагы кечи, чоң күмүш жана чоң алтын медалдар менен сыйланган. Берегн эле Ак-Суу чөлкөмүндөгү Керегe-Таштын жонунда «Кыдырдын секиси» деген бийик, үстү жайык секи азыр дагы бар. Ал секиге үй тигип, Кыдыр Аке жайлап-кыштап чыгуучу экен. Бир жолу үйүнө түшкөн меймандары менен секиде отурса, атына сылай камчы салып, алдында минген жоргосун алабарман жүрүш менен, келе жаткан бир жигитке суктанып: «Ээ жарыктык, бул өтө шайдоот, шаңдуу бастырып келаткан ким болду экен?» - дейт да, оозу-башын карманып калат. Көрсө, ал өзүнүн уулу Төгөөчү экен. Атасынын көзү тийген бала үйгө келип эле, кан кусуп, мүрт кеткенин аста кабарлагандарды «меймандар кеткенче чуу чыгарбагыла» деп тыйып коет. Анан комузун колуна алып, элдер тамак жеп бүткүчө армандуу бир күү чалыптыр. Кийин бул күү «Төгөөчүнүн арманы» деп кыргыз кыйырына тарады. Ошентип Кыдыр Аке баласынан айрылганын комуз күүсү аркылуу, туйган кондоктор бата кылып, жолго аттанышат. Бирок Керегe-Таштан көп узабай, ат тизгинин буруп, кайра Төгөөчүнү жоктоп, окуруп Акенин үйүнө түшүшкөн экен. Жогоруда айтылган кептер Кыдыр Акенин өзгөчө касиетинен жана чоң комузчу болгондугунан кабар берет.

Ал өнөр адамдарын баалап-барктап, Чоюке манасчыны алдырып улуу жомокту байма-бай уккандыгы, кадимки залкар комузчу Ыбырайга батасын берип, күү өнөрүнө багыттаганы эл арасында дайын. Тилекке каршы, «Төгөөчүнүн арманынан» башка «Кыдыр Акенин шыңгырамасы», «Кыдыр Акенин арманы», «Керегe-Таштын кербез ботою» өңдүү күүлөрү бизге чейин жетпей калды. Мындан сырткары бул инсан, кыргыз



Романовдор үйүнүн 300 жылдыгын майрамдоого катышкан Жети-Суу губерниясынын делегациясы. Санкт-Петербург шаары. 1913-жыл. 22-февраль. (Алдыңкы катарда сол жакта Генерал-губернатор Фольбаум, оң жакта Кыдыр аке)

тарых-таржымалын, түптүү санжырасын алаканга салгандай, так айткандыгы менен да белгилүү.

Кыдыр Аке 1913-жылы Санкт-Петербургдагы ак падыша Романовдордун династиясынын 300 жылдык салтанат тоюна барган, дешет. Ага кыргыз кыраңында тукуму жоголуп бараткан жолборстун баласын алып барып, падышанын чоң урматсыйын көргөнү да айтылат.

Кыдыр Акенин ата-тегин өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Арык тукумунда Олжобай эл жакшысы катары таанылып калган кези экен. Болбогон жерден арык менен белек тукумунун ортосунда чыр чыгып кетип, белек тараптан киши өлүп, аягы чоң чуу менен бүтүптүр. Иниlеринин бейбаштыгына таарынган Олжобай өзүнө жакын санаган элин зорчутип, Кытайга тарапка оон кетет. Кытай тараптагы Кулжанын бектери менен Кокондуктар ал кездери бири-бирин чаап алууга тымызын аракеттерди көрүп турган. Бул абалдан чыгууга айла-амал менен жол таап, эки тарапты элдештирүүгө жетишкен, дал ушул Кыдырдын чоң атасы Олжобай болгон. Ушундан улам бул эки тарап (Кулжалыктар, Кокондуктар) Олжобайдын эмгегин баалашып, Кулжалыктар «Чек ара улугу» кылып дайындашат. Ошондон тарта, Олжобай жалгыз гана бугу элине эмес, Кокон, Кулжа хандыктарына да таанылган. Кийин көзү өткөн соң, бул ишти баласы Токсоба улантып калат. Бул учурда көл жергесине орустар ээлик кыла баштаган эле. Элдин өтүнүчү боюнча Токсоба кайра көлгө кайтып келип, жергиликтүү калк менен орус акимчилигинин ортосундагы алака иштерге тыгыз катыша баштайт. Токсобанын жалгыз уулу Миңжылкы ат чаап



Сыйлыктар журналынан көчүрмө. Казакстан архивинен № 30981.

1. 1871-ж. Станислав тасмасында кичи күмүш медаль
2. 1875-ж. Станислав тасмасында чоң күмүш медаль.
3. 1879-ж. 30.01 2-даражадагы чепкен.
4. 1880-ж. 08.06 1-даражадагы чапан.
5. 1893-ж. Станислав тасмасында чоң алтын медаль



Кыдыр Аке үй-бүлөсү менен. Керете-Таш



Жети-Суу облусунун Аскер Губернаторуна Кыдыр Байсарин тууралуу рапорт. Катта Кыдыр Байсаринди Ханзаада Романовдун үйлөнүү үлпөтүнө катышууга жөнөтүү тууралуу сунуш берилет.

бара жатып, аты мүдүрүлүп, каза болот. «Куу тумшук» деген суук сөздү угуудан жалтанып, агасы Байсарынын баласы Кыдырды асырап алат. Токсоба аялы экөө уулу Кыдырдын үстүнө үйрүлө түшүп, бапестеп багышып, эл-журтка аралаштырып, жакшы-жаманды иргөөгө үйрөтүшөт. Кыдыр 14-15 жашка келгенде кудалап койгон, Тилекматтын Мааке аттуу кызына нике кыйышат. Кыдыр 18 жашка караганда Токсоба элге кайрылып, уулун болуш шайлатат. Бута чейин бул өрөөндүн болушу Байтүгөл Кененбай уулу экен. Кенсибай туугандарына таарынып, оёзго кат жазып отуруп, Тоң менен Кочкордун ортосундагы Семиз-Бел аймагынан жер бөлдүртүп алып, өзүнчө болуштук кылып, бөлүнүп көчүп кетет. Ошентип Арыктар экиге бөлүнүп калат. Кийин Кыдыр Аке Кенсибай карып, арып калган чагында саламга барып, керээзин угуп, аларды кайра көлдүн көкүрөгүнө көчүрүү маселесин айтканда, Кенсибай болбой койгон, дешет. Бирок, эли көчүп келбегени менен, анын керээз-мурасына жараша, Кененбайдын сөөгү Ак-Суудагы Тегизчил айылынын аймагына коюлуптур. Күмбөзү азыр да бар.

Кыдыр Аке жаштайынан эле жорго таптап, күлүк чаап, куш салып, бүркүт кармап, саяпкерлигинен мүнүшкөрлүк өнөрү бир топ артык болот. Анын көптөгөн жорго, күлүктөрү, куш-бүркүттөрү ооздон-оозго айтылып келе жатат. Казактар Эрсарынын ашында миң жылкы баш бейгесин коюп, аламан Текесте өтмөй болуп, Кыдыр Аке да Тайкашкасын таптап катышып калат. Мындан сырткары белектен Жанибек дегендин «Келин кызыл» аттуу күлүгү да катыша турган болот. Чабыла турчу тулпарлардын кыдырып жүргөн, казактын чыгаан сынчы-

сы Гүлчачар Кыдырдын «Тайкашкасын» издеп калат. Мындай бамоорун алдын-ала билген Кыдыр Аке, боз үй тиктирип, күлүгүн ошого киргизип, каттырып койгон экен. Эртеси күлүктөрдү чубатканда баңгы сынчы «Тайкашканы» көрүп:«Жылкынын сырттаны деп, ушуну айт. Каап, болбостур. Биз жылкыны Өрттөн-Кызарттан тосуп, Ак-Бейиттен айдатсак болмок экен. Күн аттын соорусунда калып жатпайбы? Эгерде күн аттын так чыкыйына тийгенде, бул ат марага жетпей калмак»,- деп баштагы белгиленген аламандын жер чегин өзгөртүүгө талап жасашат, казактар. Буга кыргыз тарап наараазы болушуп, ошондон чыга турган болушат. Айласы кеткен аш ээлери аттарды Чекиртинин «Кара-Суусунан» ары бир белес өткөртүп коё беришет. Мында да бир жоболоңду сезген Кыдыр Аке уулу Төөгөчкө: «Сен Биркадакты (чабандеси) коштой чап. Ал тиги кире бериштеги аңга катуу кирип, атынын арка моюну алдында калбасын. Ал жерден тизгинин аста тартып чыксын»,- деп айтканга үлгүрөт. Көрсө, казактар бул ойго кире беришке бутурма коюшуп, ага билинээр-билинбес аң казып коюшканын, Кыдыр Аке астыртан сезип койгон болот. Ошентип, миң жылкылуу байге толугу менен Тайкашканын энчисине өтүптүр. Кыдыр Акенин салтоокерлигин, куш сындоого болгон, өзгөчө мүнүшкөрлүгүн жакшы билишкен кыргыз-казактар далай ирет куш, тайган, күлүкторүн сындатышчу экен.

Кыдыр Аке адамдарга тике карап, көзүнөн чаар чыгара каарыбаган, атүгүл кимдир бирөөгө үнүн катуу чыгарып, опузалабаганы жеке эле арык-белек тукумунун элине эмес, алпай кыргыз журтуна үлгү болгон. Кыдыр аке өмүрүндө бир кишиге жамандык кылбаптыр. 1910-жылкы өткөн Кыргыздардын курултайында Кыдыр Аке төрагалык кылып, Курултайга келген билгилерине, бийлерге жана эл жакшылары кайрылып: «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. Мына ушул кепти кулагыңарга түйүп койгула. Тээтиги эки өстөн сууну көрдүңөрбү? – деп, төмөн жакта агып жаткан, эки сууну көрсөтөт, - Биринчи өзөндүн суусу ылайланып агып жатат. Экинчи өзөндүн суусу тунтунук. Эми экөөнүн кошулган жерин карагыла! Тунук суу бир топ жерге чейин аралашпай барып, бара-бара агымдын шарына туруштук бере албай, акырындап киргил сууга айланып баратат. Силер, бийлер, мына ошол киргил сууга айланбагыла. Силер тунук бойдон калган күндө гана, акыйкаттык, калыстык болот», - деп айтыптыр.

Кыдыр Акенин ак сөзүн уккан, казак, орус төрөлөрүнүн эчени анын алдына келип, ийилип салам берип, сый-урмат көрсөтүшөт. Тогуз болуштун арасында болгон чыр-чатактарды, же пикир келишпестиктерди Кыдыр акесиз чечкен учур, ал кезде сейрек болгон. Олуя-Ата менен Верныйда турушкан генерал-губернаторлор да Кыдыр Акенин ошол кадыр баркын пайдаланган. Ал өзүн болуштардын төрагалыгынан бошотуп

коюусун канча жолу өтүнсө да, макул болбой коюшуптур. Эл оозунда «анын колдоочусу эки бирдей олбурлуу «бири кара чаар, бири кызыл чаар жолборс болгон» деген аңыз кеп калган.

Кыдыр Аке өнөр адамдарын баалаган. Өткөн замандарда эл-журтка белгилүү адамдар ар кандай жыйындарга, аш-тойлорго, ошондой эле уруулар аралык расмий жолугушууларга барганда, өз элиндеги өнөр адамдарын кошо ала жүргөн экен. Бул салтты Кыдыр Аке да карманып: отузуул Токторбайды жигиттерин баштатып, Калматай урутунан Алыбектин Туугалбайын туруктуу кеңешчи кылып, балбаны Байторунун Казакбайын, тогуз коргоолчусу Кыйшыктын Алымбегин, оңдон уруусунан бир ирикти, бир тайды бир жеген балбан Супатайды да ала жүрчү экен. Анткени мындай адамдар ал кездеги ар кандай кырдаалдарда намыс коргоп, моорой алып берчү.

Кыдыр Аке 1926-жылы 26-март күнү дүйнөдөн кайткан. Аны акыркы сапарга узатуу үчүн, тогороктун торт бурчунан эл чогулуптур. Нарын, Чүй, Талас, Анжиян, Аксы, Кашкар, Текес жергесинен, коңшу казак элинин албан уруусунун баары, көл жээгин жердеген орус торөлөрү менен дыйкандары, Каракол шаарындагы уйгур, дунган, татар, өзбек соодагерлери, Кытайдагы таранчы элинин мыктыларынан бери чогулуп, сөөк коюу аземкаадасына катышышкан. Ал эми Ак-Суу кыштагынын орустары кыргызча өкүрүп түшүшкөн экен.

Кыдыр Аке үч аялдан тогуз уул-кыздуу болгон. Улуу байбичеси Маакеден Тогоочү жана Акимкан. Кийинки Тилек байбичеден эки кыз жана Мурат деген уулдуу болот. Үчүнчү Гүлшара зайыптан Шамий, Заюнай, Акираалы, Шакираалы деген балдар төрөлөт. Азыркы мезгилде Кыдыр Акенин небере-чөбөрөлөрү жүздөн ашып, анын укум-тукумдары республиканын ар тарабында эмгектенип келе жатышат.

# Ысык-Көлдөн чыккан улуу инсандар



# Буудайык

# Махмуд Аль-Барскани Аль-Кашгари



Махмуд Аль-Барскани Аль-Кашгари - XXI кылымдагы түрк тилдүү элдердин чыгаан энциклопедист-окумуштуусу, тарыхчы-этнограф, географ, картограф, диалектолог, лингвист жана тилчи. Ал Ысык-Көлдүн Барскоон шаарында 1029-1038-жылдар аралыгында туулган. Тилекке каршы, өлгөн жылы жана сөөгү коюлган жери белгисиз.

Өз мезгилинде атасы Хусейин Мухаммед уулу Барскан дубанын бийлеп турган. Айрым америкалык жана орусиялык окумуштуулар Махмуддун аты «аль-Кашгари» болуп чектелбестен, «аль-Барскани» деп да толукталышы керектигин айтышууда. Окумуштууну азыркы тапта «он биринчи кылымдын Радловy» деп да айтып жүрүшөт. Тескерисинче, «Василий Васильевич / Фридрих Вильгельм Радлов (1837-1918) – XIX кылымдын Махмуд Кашгариси» деп да, баалагандар бар. Бул эки илимпоздун көп окшоштуктары бар. Экөө тең жер кезип, Борбордук жана Ички Азияны байырлаган түрк калктарынын чоң уруттарынан тартып, майда уруктарына чейин кыдырып, алардын диалектилик өзгөчөлүктөрүн, этнографиялык мурасын, санжырасын, макал-лакаптарын, дастандарын терең иликтешкен.

Махмуд Барскани - Кашгари орто кылымдардагы «ислам кайра жаралуу доорунун» жемишине каныгып, түрк тилдерин гана эмес, араб тилин да терең үйрөнүп, өз элинин маданий казынасын араб окурмандарына боксортпой жеткирүүгө, максат койгон илимпоз. Ошондуктан, ал өзүнүн «Дивану лугати ат-түрк» - «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» деген эмгегин 1072-1077-жылдары араб тилинде жазган. Аталган чыгарманын кириш бөлүмүндө окумуштуу, бул энциклопедиялык сөздүктү XI кылымдын 70-жылдарындагы Аббасийлер халифи ал-Муктадига белекке берүү ниетинде болгондугун, мындайча жазат: «Касиеттүү, Пайгамбардык, Имамдык, Хашимийлик, Аббасийлик Кожоюнубуз жана Мырзабыз Абулкасым Абдулла ибн Мухаммед ал-Муктади би-Амриллага, - исламга ишенгендердин Эмиринин жана Ааламдын Кожоюнунун халифине, тартуу кылуу үчүн ушул китебимди Алла-тааланын көмөгүн көксөө менен, түбөлүккө эстелсин да, өчпөс издей чектелсин деп, жазып бүттүм».



Багдадда отурган халиф ал-Муктади 1075-жылы бийликке келип, 1094-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал кезекте Борбор Азиядан Жакынкы Чыгышка чейин селдей каптаган, Селжук түрктөрүнүн ташы оодо кулап турган чак болчу. Багдад халифи ал-Муктади жалпы халифаттын рухий жетекчиси катары таанылган менен, саясий чөйрөдө ал селжук султаны Меликшахтын көзүн карап турган. Дал ошол доорлордо залкар энциклопедист-окумуштуу, барскоондук Махмуд Кашгари Багдадда болуп, халифке өз чыгармасын тапшырууга ниеттенген. Анын бул ниети жүзөгө ашканбы, же жокпу, ал тууралуу азырынча бизге жеткен, жазма булактарда эч маалымат жок.

Махмуд Аль-Барскани Аль-Кашгаринин кол жазмалары жана анын чыгармаларынын түп нускасы бүгүнкү күнгө чейин жетти. Азыр алар Стамбулдагы Миллет китепканасында улуу тарыхый мурас катары аздектелип, сакталып турат.

# Боронбай Меңмурат уулу



«Журт атасы» аталган ар бир адам - ошол элдин кенчи жана сыймыгы. Ошондой инсандардын бири кол кылаасында жашап өткөн, бугу уруусунун ага манабы (орус империясы тарабынан берилген) - Боронбай Меңмурат уулу. Ал өз элинин камкор, көсөм башкаруучусу гана болбостон, ички жана тышкы саясий мамилелерде караңгыдан көз тапкан саясатчы, кагылеттен сөз тапкан чечен болгон. Боронбай үнү эл эркиндиги баарынан жогору болгондуктан, аны «эл ээси» деп аташкан. Жөн жерден Замандаштары ага : «Боронбайдай келечекти көрө билген акылман чыкпас. Чыкса да, замандын тутка кылып туппас. Колдогону Мойт Аке, Шапак баатыр, Ногой баатыр, жолдогону Сарт Аке, баатырлары Балбай менен Өмүр, элчиси Качыбек менен Тилекмат, жайчысы Айман, багбаны орус, дарыгери кытай. Төрт тарабы төп келишкен пенде эле», - деп, баа беришпегендир. Боронбай Меңмурат уулу болжолу 1779-жылы туулган. Боронбай бий Бугу уруусун жарым кылымдай башкарган. Боронбай барда жер тегиз, мал семиз, тол эгиз, эл дениз эле. Элдин башына калыс туруп, уюткулуу ынтымак ырашкерлик курган. Орус, кытай, казак сыяктуу коңшулар менен дипломатиялык алакаларды түзүүгө жетишкен - тарыхый инсан.

Тагай бийдин 9-муунундагы урпагы Боронбайдын ата-бабалары – Белек бий, Алдаш бий, Меңмурат бий, XVIII кылымдын биринчи жарымында калмак чапкынынын натыйжасында Фергана, Гиссар, Кулябга ооогон арка кыргыздарынын башында турушкан. Алар Ата Журту Ысык-Көлгө болжол менен XVIII кылымдын 70- жылдары кайтып келишкен. Бул учур Бирназар бийдин (Белектин небереси) башкаруу мезгилине туура келет. Убагында Бирназар бугу элинин атынан Цинь империясынын борбору Бээжинге барып, императордун кабыл алуусунда болгону, эл оозунда айтылып жүрөт. Кийин XIX кылымдын 20-жылдары бийлик Меңмурат уулу Боронбайга өткөн.

XIX кылымдын биринчи жарымында кол кыргыздарынын абалы өтө эле оордоп кеткен. Коокон хандыгы Батыш Ысык-Көлдү айланта коргон-чептерди куруп, ага сарбаздарын жайгаштырып, калктан алык-салыктарды жыйнап турган. Мындан сырткары манжу, кытайлар чыгыш тараптан алты шаар уйгур элин басып алып, ал жерге Жаңыжер (Шинжан) деп ат коюп, эми аныга, анын ичинде Ысык-Көлгө көз арта баштаган. Ал эми түндүк тараптан, Кенесары менен Ноорузбайдын өлүмүнөн кийин, кек куутан казактын кысымы буга кошул-ташыл болгон. Ал аз келгенсип, Ормондун өлүмүнөн кийинки сарбагыштардын чабуулу да кыстап турган. Ушундай татаал мезгилде элдин жоопкерчилигин моюнга алуу, анын тагдырын чечүү, дал ушул Боронбайдын энчисине туш келген. Ушундай каардуу учурда элин кеңешүүгө чакырган Боронбай: «Биз 8-9 миң түтүн элбиз, колдон башка жер бизге жер болбойт, жана биздин чогуубуз менен эч ким батыра албайт, башка элдер менен ырыыбыз кетип, ынтымагыбыз болчудай эмес. Ошондуктан чарбабыз да эки-үч жылдан бери чайпалып кетти. Илгертен орус түгтүү, чоң журт, калың калк оруска кайрылалы, эл эс алып, оокат кылсын»,-деген чечимге келген экен. Боронбай өзү теңдүүлөр арасында сөзгө жыгылбаган, кара жаак чечен, казал айта койгон акындык өнөргө да ээ адам болгон

экен. Бул тууралуу Б. Солтоноевдин жана адабиятчы Б. Кебекованын эмгектеринде айтылган.

Мисалы, Боронбай бийдин керээзи:

«Журтум Ысык-Көлгө ыктанар,
Кең Текес коздой чыктанар,
Жерге салгын эгинди.
Тегиз уккун кебимди.
Табайын журтум эбинди,
Айтайын керээ кебимди.
Түлкүлөрүн ынтанар,
Түп, Жыргалан кыштанар.
Четтен келген коңшуну,
Өз туугандай куштанар.
Экин семиз байланар,
Эл жайлоого чыкканда.
Сергүндүн жонун жайланар.
Айтыкка жайлуу жер эле,
Чыкканга эгин салынар.
Ага-иини сыйлашып,
Ынтымак болсун баарыңар.
Эгин айдап, бак тигип,
Көңүлөр журтум дыйканга.
Өрөөнүмө бак сайдым,
Өзүмдөн кийин калганга,
Өрнөк болсун деп сайдым.
Эл ичинде бир катар,
Эрмек болсун деп сайдым...»

(«Боронбайдын керээзи»., «Кыргыз эл ырчылары»., Түзгөн Б. Б.Кебекова., 1994., 147-б.)

Боронбай бий өзүнүн калыс бийлиги менен, Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыз урууларын бириктирүүгө жетишкен. Себеби Кытай империясы, Коконд хандыгы, Орус империясы, ошондой эле Казак хандыктары Ысык-Көлдү басып алууга кызыкдар эле. Мына ушундай оор абалда Боронбай манап дипломатиялык алакалардын чыныгы үлгүсүн көрсөтүү менен, кыргыз элине кол салууга ниеттенгендерди токтото алган.

Ал бир гана элди калыс башкаргандыгы менен эмес, тунук акыл-эс, табиятынан сергек, билимдүү болгондугу менен да таанылган. Башка уруу элдерге кайрымдуу карап, бөлөксүн деп кодулабай, кайра аларга шарт түзүп, тиричилигине каралашкан, март адам болгон, дешет. Өз мезгилинде Боронбай манапты ошол доордун мыктылары: Мураталы бий, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, элчи Качыбек Шералин, Балбай баатыр, комузчу жана заманачы-акын Арстанбек Буйлаш уулу өңдүү залкар инсандар курчап, акыл айтып, кеңеш берип турушкан.

1843-жылы Боронбай бий Жууку суусунун боюндагы Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп курдуруп, аны хан ордо кылган, ошондой эле өз аймагында акыйкаттуу, элге кайрымдуу бийлик жүргүзгөн. 1844-жылы ал Бугу уруусунун атынан Батыш Сибирдеги орус падышалыгынын бийлик өкүлүнө букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү менен, элчи жиберген. Орус бийлиги дароо жооп бербегендиктен, 1848-жылы дагы бир ирет элчи жиберип, алардын макулдугун алган. Андан беш жыл өткөн соң, 1853-жылы орус бийлиги Боронбайды Бугу уруусунун башчысы катары таанып, ага «подполковник» чинин жана «Ага Манап» деген титул ыйгарган. Ошондон кийин, Боронбай жиберген кыргыз элчилери 1854-жылы сентябрда Сибирге келип, 1855-жылы 17-январда Омбу (Омск) шаарында Россиянын букаралыгына өтүү жөнүндө ант беришкен. Боронбай бий орус букаралыгына кошулуу менен, кыргыз элинин турмушунда улуу бурулуш жасаган.

1855-жылы бугу менен сарбагыш уруулары чабышкан кезде Боронбай элин алып, Текести жердеп калган. Бугу уруусун сактап калуу үчүн, Кытайдан жардам сураган, бирок көмөк ала алган эмес. Андан соң, ал кайрадан орус бийликтерине өтүнүч менен кайрылган. 1856-жылы Боронбай жашаган айылга Ч. Валиханов келип, аны менен маектешип, сүрөтүн кагазга түшүрүп алган. Өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн, эр жүрөк инсан Боронбай Меңдиарат уулу 1858-жылы май айында дүйнөдөн кайткан. Анын сөөгү Жууку (Жети-Өгүз району) айылына коюлган.



Боромбайдын зайыбы Алма жана кызы Жүлүм.
М. Кошаровдун сүрөтү. 1857-ж.



Боромбай. М. Кошаровдун сүрөтү
1857-ж.



Бугу жана Сарыбагыш кыргыздарынын типтери. П.М.Кошаров. 1857-ж.

# Шапак Алдаш уулу



Шапак Алдаш уулу, болжолу 1740-жылы туулган. Бугу уруусунун бөлөк насилинен чыккан бий. Чет жердик баскынчыларга каршы күрөшүүдө таанылган – баатыр. Орус тарыхый булактарынын маалыматтарына караганда, бугу уруусунун бир бөлүгүн бийлеп турган. Кыргыз конуштары аркылуу өткөн орус соода кербендерине колдоо көрсөтүп, XIX кылымдын башында Батыш Сибирь администрациясы менен алака түзүүгө жетише алган. 1813-жылы бугу уруусуна атайын миссия менен келген А. Л. Бубеновду кабыл алган. Ушул эле жылы каза болгон. Сөөгү азыркы Жети Өгүз районунун Желе-Добо айылына коюлган.

# Балбай баатыр Эшкожо уулу



Балбай баатыр Эшкожо уулу кыргыздын XIX кылымдагы чыгаан инсандарынын бири, Бугу уруусунан Орусиянын отор-чулугуна каршы чыккан – ишмер. Балбай баатыр Ысык-Көл өрөөнүндө болжол менен 1813-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал 1867- жылы сентябрь айында, 54 жаш курагында Верный шаарында каза болгондугу тастыкталган. Балбай бала күнүнөн балбан билек, жаалдуу, чыйрак болуп чоңойот. Балбай кокойго тийген ууру-кески, талап-тоноочуларго сес көрсөткөн дымагы менен, жаш кезинен баатыр атагын алып, өмүрүнүн акыгына чейин, бул ардактуу наамды татыктуу алып жүргөн. Анын эрдиктери тууралуу аңыз кептер биздин күндөргө чейин айтылып келет.

Табияты керемет, каддын укмуштуудай кооздугуна көз арткан казак, кытай, орус, кокон бийликтеринин басып алуучулук саясатына каршы туруп, ошондой эле Бугу уруусунун аттуу аскерлеринин башчысы болгон. 1840-1850-жылдары Балбай баатыр башчылык кылган кыргыздар Барскоон, Конурөлөң жана Каракол чептерин кокондуктардан бошоткон.

Анын намыс талашкан күрөштөрү XIX кылымдын башынан 1867-жылдарга чейин, тагыраак айтканда, курман болгонго дейре уланган. 1861-жылы 10-июнда Балбай баатыр Станиславдын тасмасына тагылган чоң күмүш медалы менен сыйланган. Ал эми 1863-жылы 3-даражадагы чепкен алган. Ага кошумча «капитан» деген аскердик чин ыйгарылган. 1867-жылы жай мезгилинде полковник А.В. Полторацкий башчылык кылган орус кошуунун Нарын жана Чатыр-Көл тарапка барып, Балбай

менен Дуралы баатырларды кармап, Верный шаарындагы аскер сотуна өткөрүп беришкен.

Тарыхый булактарда жана санжыраларда төмөнкүдөй маалыматтар бар: Балбайдын атасы Эшкожо мергенчи болгон. Эшкожонун атасы Абайдылда баатыр деген болгон. Ал 105 жашында каза тапкан деген божомолдор бар. Абайдылданын атасы Токой баатыр болгон. Токой баатырдын атасы – Белек баатыр, түпкү аталары – Доолос менен Орозбакты. Балбай баатыр төгүз атасынан тарта манап болгон. Ал эл көргөгөн, эл үчүн күйгөндүктөн, «Баатыр» атка конгон.

Дагы бир тарыхый маалыматтарда: «Орустар Ысык-Көл өрөөнүнүн айрым жерлерине кол салгандан кийин, Балбай баатыр аларга каршы көтөрүлүүдөн майнап чыкпасын түшүнүп, Текес тарапка журт көтөрүп кеткен», - деп айтылат.

Казактардын Ыртыштан келген, Сокбакбай баштаган, белгилүү каракчылары болгон. Алардын 15 жигити жылкыга тийип, 3 миң жылкыны айдап баратканда кыргыздын 25 жигит жолду тосуп, Эген суусунун өзөгүндө капчыгайдын оозун буул, каракчылардан жылкыларды алып калган. Ошол жерде чоң чабыш болуп, Сокбакбайдын иниси Капкабай деген аркы ойуздон суута кирет. Берки ойуздон Балбай кирип, суунун ичинде кармашышат. Балбай Капкабайды желкеге сол колу менен урганда, ал шар аккан суута агып кеткен экен. Андан кийин, Ормон менен эр Жантөрөнүн, Алыбай баатырдын, Абылмейиз баатырдын айрым доңгуттору менен беттешкен экен, Балбай.

Орустар келгенде чеп менен кошо чиркөө салышкан. Ысык-Көлдө «Монастырь» деген жер бар. Ошол жерде 200гө жакын кыргызды орустар чокундурганга мажбурлай башташат. Аны уккан Балбай атчан жигиттери менен барып, орустарга карай ок чыгарып, жигиттери орус чиркөөсүн өрттөп жиберишет.

Балбай баатыр бала кезинен шамал менен жарышып, ат жалында эрезеге жеткендиктен, нечендеген кыл чайнашкан, кандуу кармаштарда жеңишке жетишкен. Орустар эр Балбайды тескее көнбөгөн өжөрлүгү, ошондой эле алардын бийлигине каршы көтөрүлүш чыгаргандыгы үчүн мерт кылышкан.

Ошол оомал-төкмөл замандын курмандыгы болгон, Балбай баатыр Эшкожо уулунун сөөгү Ысык-Көл облусунун Түп районундагы азыркы Балбай айылына коюлган.



# Шералы уулу Качыбек

XIX кылымдын ортосу Ысык-Көлдүк кыргыздардын тагдырында саясий маанилүү, тарыхый окуяларга туура келип, мезгилине жараша буй доор мыкты, иш билги улуу инсандарды жаратты. Алардын катарында Качыбек Шералы уулу (Шералин) да бар. Мамлекеттик ишмер, элчи, ага-манап Качыбек Шералы уулу болжол менен 1800-жылы Ак-Суу аймагынын Жыргалаң суусунун боюндагы Жайылма (азыр Шапак) айылында туулган. Айтылуу Шапак баатырдын небереси болгон.

Ошол заманда көл эли жашаган өрөөнду ээлеп алуу үчүн, туш тараптан көз артып турушкан. Маселен, 1760-1770 жылдары Аблай хан башында турган казактын Орто жана Уулу жүзү, Кытайдын Цин империясы жана Коконо хандыгы кыргыз жерине тийип-качып чабуул жасап турушкан. Ушуга байланыштуу

Ысык-Көлдүк манаптар, Орус падышачылыгына көбүрөөк ыктап, орус-кыргыз мамилелерине терең маани бере башташкан.

Ошол себептен 1824-жылдын башында Качыбек Шералы уулу (белек) жана Жакып Ниязбек уулунан (арык) турган кыргыз элчилери орусиянын Омск шаарына барышкан. Аларды генерал-лейтенант Григорий Иванович Глазенап кабыл алган. Элчилер ал жерде бир жарым жыл болушуп, Орусия министрлер комитетинин чечимине ылайык, «аскердик капитан» чинин жана атайын кылычтар менен сыйланышкан.

Кийинчерээк 1825-жылдын 4-августунда Омск шаарындагы орус бийлигине Ысык-Көлдөгү Бугу уруусунун белек тукумунун бийлери: Шералынын алты уулу – Ажыбай, Абылгазы, Ныша, Мусакожо, Жунус, Качыбек, Шапактын эки уулу – Эсенкожо, Нука, алар менен бирге Шербек Эсен уулу, Кудайменде Алдаш уулу, Боронбай Менмурат уулунун моорлору, колдору коюлган кызматташуу жөнүндөгү кат жөнөтүлгөн.

1854-жылы июль айында Омск шаарына Качыбек Шералы уулу баштаган көлдүк кыргыздардын окулчулугу сүйлөшүүлөр үчүн келишкен. Андан көп өтпөй, 1855-жылы 17-январда Омск шаарында Качыбек Шералы уулу Ысык-Көлдүк кыргыздардын россия империясынын карамагына өтүшүн ырастаган, салтанаттуу ант берип, куран кармаган. Ушул эле жылдын жай айларына чейин болгон, кыргыз элчилери орус аскерлеринин коштоосунда көлгө кайтып келишкен.

1859-жылы январь айында Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г. Х. Гасфорт Качыбек Шералы уулун Ысык-Көлдүк кыргыздардын (бугу уруусуна) Ага-манабы кылып дайындоо менен, ага «майор» чинин ыйгарган. Ал I даражалагы чепкен, алтын медаль, мындан сырткары «1853-1856-жылдардагы согуш тууралуу эстеликке» деген атайын алтын медаль менен сыйланган. Өз мезгилинин чыгаан инсандарынын бири Качыбек Шералы уулу 1861 - жылы дүйнөдөн кайткан.



Бугу уруусунун анты орус жана чагатай тилдеринде



Качыбек Шералин сыйланган юбилейлик медаль

# Калыгул Бай уулу



XIX кылымдын биринчи жарымында кеңири белгилүү олуя, даанышман, нускоочу элдик акын – Калыгул Бай уулу. Анын чыгармаларын кыргыз эли бийик баалап жана өзгөчө барктаган. Анын эмгектеринин айрымдары өз нускасында азыркга дейре сакталган. Негизинен көркөм сөз майданында Калыгул Бай уулуна чейинки, элдик атактуу акындардын, чечендердин, даанышмандардын өлөңү чыгармалары алгылыктуу сакталган эмес. Анткени алардын дээрлик көпчүлүгү өз мезгилинде кагаз бетине түшүрүлбөй калган. Чыгармалар оозсон оозго берилгендиктен, жазган авторлор менен аларды аткарган аткаруучулардын аты-жөнү бири-бирине окшоп, айтылып келет. Ошондой эле, бул чыгармалардын жаралуу мез-

гиси тууралуу да так маалыматтар жок. Мисалы, Асан кайгынын, Санчы сынчынын, Жээренче чечендин дагы башкалардын аттары менен чыгармалары реалдуулуктан көрө легендага жакыныраак.

Ал эми Калыгул чечен – реалдуу жана алдыда боло турган окуяларды таамай айтып, аны кийинчерээк чындыкка айланган олуя адам. Андыктан кээ бир адабият изилдөөчүлөр аны «кыргыз нускоочу акындардын атасы» деп жүрүшөт.

Белгилүү фольклорист Ы.Абдыракманов Калыгул жөнүндө залкар манасчы С.Орозбаковдун: «Андан мурда эл-журтка маалим ырлары сакталган, биринчи кыргыз акынын уга албадык», - деп айтканын, жазып алган. Калыгул Бай уулу 1785-жылы Ысык-Көл облусунун Байсоорун деген жеринде (эскиче жылан жылында) туулган. Төрөлгөндө оң бетинде калы болгондуктан, ысымын Калыгул коюшкан. Анын теги түндүк кыргыздардын сарбагыш уруусунун букаралашып кеткен, манап насилинен болгон, дешет. Атасы Доолот келей болгонуна карабай, нарк- насилдүү, билимдүү болуптур.

Алардын тукуму сарбагыш уруусундагы Надырбектен тараган, дешкен. Калыгул жети жашка келгенде, бардык аркалык кыргыздардай эле, тамга таанбай туруп, азык уруусундагы Сопу ата дегенден намаз окуганды үйрөнгөн. Анын диний окуусу ушуну менен чектелген. Анткени ошол мезгилде Кыргыз жеринин түндүк аймагында ислам кеңири жайылтылган эмес, ошондуктан диний мектептер жок болгон. Ушуга байланыштуу анын чыгармаларында диний көз караштар көп кездешпейт.

Көптөгөн окумуштуулар Калыгулдун олуя, даанышман жана акылы тунук акын болгондугун айтышат. Мисалы: «Калыгул эли аралабаса деле, эч качан бийликте отурбаса да, анын адилеттигине көзү жеткен, арга издеген кыргыздар өз ара чиеленишкен маселелерди чечүү үчүн, Калыгулга кеңеш сурап кайрылышкан. Калыгул калыстыгы, адилеттүүлүгү, кыраакылыгы менен, элди өз же жат деп бөлбөстөн, туура чечим кабыл алып, түз сүйлөгөн», - деп , жазылган маалыматтар бар. Ошондуктан эл анын «Калыс бий» деп аташкан. Ал эми бийлик буга тилектеш болуудан башка аргасы жок эле.

Эл арасында Калыгул акын тууралуу бир нече уламыштар бар. Алардын айрымдары даанышмандын турмушундагы чыныгы фактылар экендигинде шек жок. Мисалы, оң жак бетиндеги калына жана поэтикалык талантына байланыштуу, аны «өткүр сөздүү, кара жаак Калыгул» деп аташкан. Кийинчерээк «кара жаак» деген сөз «өткүр сөздүү чечен » сөзү менен синонимдеш болуп калган. Кыргыздын көрүнүктүү манасчы, акын, өнөрпоздору Сагымбай Орозбаков, Тоголок Молдо, Шапак Ырысмендеев, Ыбырай Абдыракманов, Абдыкалык Чоробаев жана башкалардын айтуусуна караганда, Калыгул «олуя», «көзү ачык», « ойчул акын» болгон. Көрүнүктүү манасчы Шапак Ырысмендеев «Калыгулдун насаатын» деген казалында: «Нечен акыл ойлонуп. Көкүрөккө алуучу. Көргөн жандын баарысы. Ажайыпка калуучу. Ошо тушта адамдын, Олуясы дечү экен», - деп айткан.

1940-жылы Ыбырай Абдыракманов : «Калыгул тууралуу дүлөй эле укпай калбаса, ал – жалпы кыргыз калкына аттын кашкасындай таанымал акын. Кыргыздар анын олуялык менен айткан сөздөрүнө чын дилден ишенишкен жана ага маани беришкен», - деп жазган. Ыбырай Туманов Калыгулдун ырларын обонго салбай эле, ал кандай айтса, ошондой маселдентип айтып берген. «Ал кезде ырларын обонго салып, комузга кошуп ырдагандарды «ырчы» дешкен. Ошого карабай Калыгулду да «акын» дешкен. Себеби, анын чыгармалары өзүнүн замандаштарына жана урпактарына санат, накыл, макал-лакап иретинде айтылган терең философиялык маанига ээ болгон. Анын үстүнө анын манаптык даражасы да ырдап отурууга, же комуз кармоого жол бербеген. Мындай даражадагы адамдардын ырдашы ал кездин шарты боюнча «чоң намыстын иши болгон, уят иш болгон»,- деп жазат, Ыбырай Туманов.

Калыгулдун акындык өнөрүнө байланыштуу, мындай кызыктуу маалыматтар бар: «Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан тойдо ырдабаган. Сөзүн көп ачылып айта бербе-

ген. Көп убактарда унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн. Айтаар сөзүн айтып туруп, көз убакта өзүнчө күңгүрөнүп, «ушундай эмеспи!» деп, оң жак, сол жак ийнин карап коюп, сүйлөгөн».

Калыгул өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн Ысык-Көлдүн күңгөй жээгиндеги Кара-Ой, Сары-Ой деген жерде өткөргөн. Калыгул Бай уулу 1855-жылы жай айында 70 жаш курагында Ак-Суугa жол тартып бара жатып, Чолпон-Атага кире бериш жердеги жолдун жээгин көрсөтүп, «менин сөөгүмдү ушул жерге койгула» деген керээзин айткан. Ошонун эртеси күнү Калыгул акын Байсоорунда сапарда жүрүп, каза болот. Керээзи боюнча сөөгү Кара-Ойго коюлуп, күмбөз тургузулат. Ал күмбөз тууралуу да нечендеген легендалар айтылып жүрөт. Бу олуя адамдын күмбөзүн салыш үчүн, көл жээгиндеги топурактан бышырылган кирпичти 5-10 км чакырымдан алып келишкен. Ошондо эл 10 км ге чейин каз-катар тизилишип, кирпичти колдон колго берген, дешет. Ал [illegible]ыми карыялар: « Эл Калыгул олуяны жан дили менен, артыкча сүйгөн», - деп эскеришет.

Калыгулдун чыгармаларындагы негизги мүнөздүү көрүнүш - анын насаатчы акындык талантында. Мисалы:

«Бу дүйнөдө не карып?
Сатылбаган бөз карып.
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болоор тез карып.
Кадырын жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдын чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып. »

Мындай өзгөчөлүк революцияга чейинки, жалпы эле кыргыз элинин оозеки поэзиясына жана анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгына бирдей таандык көрүнүш.

Чынында эле, Калыгулдун кайсы гана ырларын албайлы, алардын ар бир сабы өзүнчө чабыттуу ой толгоонун жемиши жана көрком сөз өнөрүнө камтылган залкар ойлордун каймагы. Бирок, ошону менен бирге, баардык чыгармаларында өзөктүү, бир максаттуу идея камтылып, бир ойго багыштырылып турат.

# Арстанбек Буйлаш уулу



Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да.
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.
Кабарың күнгө жетсе да,
Жаратkандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен адамсың
Элден чыксаң жамансың.

Ушул керемет ырдын ээси Арстанбек Буйлаш уулу – XIX кылымдагы кыргыз элинин чыгаан акыны жана ойчулу. Ал болжол менен 1840-жылы Жети-Өгүздүн Сырт жайлоосунда жарык дүйнөгө келген. Бугунун тынымсейит уруусунан болгон. Атасы Анжыянда Кокон хандыгынын аскерлери тарабынан туткундалып калганда, атасынын артынан Анжыянга чейин барган. Арстанбек Буйлаш уулу «заманачы» акындардын салтын түптөөчүлөрдүн жана улантуучулардын бири.

Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман» ыры терен философиялык ойлорду камтып, кыргыз поэзиясындагы сопулук (суфий) салтты өнүктүрүүдөгү маанилүү баскыч болгон. Арстанбектин чыгармаларын окууга Совет доорунда тыюу салынгандыктан, эл арасында жашыруун жол менен жайылтылган. Арстанбек Буйлаш уулу эл арасында залкар импровизатор-заманачыл акын, ойчул жана чоң комузчу катары таанылса, советтик доорундагы бийлик «улутчул, эскичил» деп эсептешкен. Арстанбек тынымсейит урутунан Шоро уулу Буйлаш бийдин Торокан аттуу кичүү аялынан төрөлгөн.

Кичүү аялдын баласы болгондуктан, койчулары менен бирдей мал кайтарган. Арстанбек 12 жашынан тартып, элдик күүлөр менен ырларды аткара баштаган. Ошол эле жылы келечекте таанымал акын боло тургандыгы жөнүндө аян түш көрүп, атасына айтса, ал ишенген эмес. 14 жашка келгенде эл арасына таанылa баштаган. Ал эми 16 жашка толгондо Кокон бийлигинин Анжияндагы өкүлү Алымбек датка Тынымсейиттердин Буйлаш баштаган тобун аскерлери менен алдыртат. Арстанбек болсо артынан барып, Алымбек датка баштаган ордо бектеринин алдында ырдап, алардын көңүлүнө жагып калат. Жаш ырчынын өнөрүнө ыраазы болушуп, Буйлаш бий жетектеген кыргыз жакшыларын түрмөдөн бошотушат. Анжиян жана Кокондун айланасындагы элди кыдырып, көп аш-тойлордо ырдап, чоң-чоң күүлөрдү черткен. Беттешкен ырчы-комузчулардын баарын жеңип, алдына эч кимди салдырбаган.

12 жашында көргөн аян түшү ишке аша баштаган. Себеби казак элинин аттын кашкасындай белгилүү, төкмө акыны Сүйүнбай сыяктуу алптар менен беттешип, айтышта жеңип чыккан. Сүйүнбай менен Арстанбектин ошол айтышы, ушул күндөргө дейре айтыш өнөрүндөгү токмолук таланттын туу чокусу болуп саналат.

Айрым маалыматтарга караганда, Арстанбек 500 күүнү черте билген комузчу болгон. Ошондой эле 200 күүнүн автору экендиги айтылат. Кокон хандыгынын жана орустардын зордугун көргөн улуу акын, аларды ачык сындашы менен элге таанылган. Ал чыгармаларында өз элинин оор турмушун, үмүтүн чагылдырган. Кокон бийлигинин карапайым элдерге карата, жүргүзгөн адилетсиздигин баяндаган ырларды уккан эл көз жашын кармай алышкан эмес. Мисалы: «Тегере-

ги кыргыздын, Темирден тарткан тор болду. Түшкөн жери кыргыздын, Кырк кулач терең ор болду. Кочмондуу биздин көп кыргыз, Көк чапан сартка кор болду»,- деп ырдаган.

Түндүк кыргыздардын турмушундагы өзгөчө тарыхый окуялардын бири Бугу менен Сарбагыштын чыры да Арстанбектин чыгармаларында өкүт менен чагылдырылган. Элдик акын уруу башчыларын, бийлик, мансаптын айынан эки тараптын элин кан төктүрбөөгө, ынтымакка чакырган. Ошондой эле, Арстанбек ырчы орусия империясынын кыргыз жеринде жүргүзгөн баскынчылык саясатын ырларында ачык сындаган. Акын «Тар заман» аттуу ыры ушул тарыхый көйгөйгө арналган. Бул чыгармасында орус бийлигинин элге гана эмес, кыргыз баласынын табиятына да, залал алып келгендигин арман менен баяндаган. 1928 жылы атактуу музыка изилдөөчү А.Затаевич Арстанбек Буйлаш уулунун айрым күүлөрүн нотага түшүргөн.

Арстанбек Буйлаш уулунун көпчүлүк чыгармасын арман, ой-толгоо жана санат-насаат сыяктуу ырлар түзөт. Залкар талант «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Чоро», «Бердикожо» сыяктуу кенже эпосторду, «Манас» эпосунан «Көкөтөйдүн ашын», казактардын «Беш казак» поэмасын эркин айтчу, дешет. Тилекке каршы, анын аткаруусундагы бул чыгармалардын бирөө дагы бизге жеткен эмес. Таластык акын Чоңду Арстанбектен айтышта жеңилсе, Кантарбай акын анын ырын угар замат, дароо жеңилип бергендигине тарых күбө. Арстанбек Буйлаш уулунун Кыргыз эли жөнүндөгү ырларын угуп, казактын Тезек төрөсү акындын талантына таазим этет. Эл арасында Арстанбек тууралуу: «Акын эки ийининде эки периште отуруп сайрап турат. Ал – өткөндү баяндаган жана келечек тууралуу айткан колу ачык олуя, ал эми комузу сыйкырдуу күүлөрдү өзү чертет»,- деп айтышкан. Арстанбекти өз замандагы акындар, ошондой эле кийинки жаш акындар «устатыбыз» деп, туу тутушкан. Айтылуу Женижок акын: «Чыныгы ырчы Арстанбектин нуска сөзүн уксам экен», - деп, 1870-жылдары Арстанбекке Каркыра жайлоосунда жолуккан. Ошондо Арстанбек Женижоктун ырчылык өнөрүнө баа берип, насаатын берип узаткан. Арстанбектен Молдо Кылыч да таалим алган. Арстанбек акын ырларында кыргыз элинин ич ара мамилелери бузулуп, адамгерчилик, жоомарттык адеп-ахлак принциптери жоголуп бара жатканын, бир кылым мурун эле айтып койгон.

18 жашынан баштап бугу уруусунун башчысы, ага манап Боромбайды коштоп жүргөн ырчысы, теңи жок акын Арстанбек катуу ооруга чалдыкканда, Бугу уруусунун башчысы Боромбай өзү анын дартына даба издеткен. Акын көз жумарда айылдаштары келип: «Булбулубуз жок кантебиз?» деп катуу кайгырышкан. Ошондо да Арстанбек элинин көңүлүн көтөрүп, шакирти Солтобайга керээзин айткан. Ал узакка созулган оорудан улам, 1882-жылы көз жумган. Сөөгү Жуукунун күн чыгышындагы Таш-Кыя айылына коюлган. Залкар акын Нарын жергесинде туулганына карабай, өмүрүнүн көбүн Ысык-Көлдүн жээгинде өткөргөн. Арстанбек Буйлаш уулу кыргыз элине, жерине карата жүргүзүлгөн адилетсиз, зулум башкарууга каршы, Ала-Тоодой тоскоол тосуп, чындыкты айтып, сындагандан корккон эмес. Кыргыз элинин тагдыры менен үзөңгүлөш Арстанбек Буйлаш уулунун тарыхый ордун татыктуу баалоо менен бирге, анын теңдешсиз көркөм сөз мурасын сактоого милдеттүүбүз.



# Нурдөөлөт Жороп уулу

Бугу уруусу россиянын букаралыгына кабыл алынгандан кийин, Нурдөөлөт баатыр Ысык-Көлдүн түндүгүндө, азыркы Ысык-Көл районунун чегинде жашаган саяк уруусунун аймактык башкаруучусу болуп шайланган. Бул аймак Каракол уездинин карамагына кирген. Ал кезде уруулар, уруктар бытыранды жашагандыктан, Нурдөөлөт баатыр саяктардын башын бириктирүүнү максат кылган. Ошондуктан бул өрөөндүн чар тарабына чабарман чаптырып, урук башчыларын биригүүгө чакырган.

Ансыз да биригүүнү эңсеп турган саяктар Нурдөөлөттүн чакырыгын жан дили менен кабыл алышты. Алардын ичинен кожояр уруусу гана бир топко чейин жооп бербей, олку-солку болуп, кошулбай коюшту. Нурдөөлөт баатыр кожоярдан чыккан, акылман Садыр Акеге кайра-кайра элчи жиберди. Акыры Садыр Аке аны колдоого макул болду. XIX кылымдын 60-жылдарынын башында кожоярлар Текестен көчүп чыгып, Ысык-Көлдүн Кырчын жайлоосуна келип орнушту. Ошондон бери саяктардын негизги бөлүгү Кырчын жайлоосунан төмөнкү жерлерди, тагыраак айтканда, азыркы Ысык- Көл районунун аймагын ээлеп, жашап келатат.

Нурдөөлөт баатыр кыргыз тарыхында саяк уруусун бириктирген инсан катары калды. Албетте, бул маанилүү ишке Садыр Аке оңдүү саяк уруусунун аттуу-баштуу адамдары да зор салым кошушкан. Ушундай аракеттерден улам, Текесте жана башка жерлерде чачыранды жашаган, саяк уруусунун жамааттары касиеттүү Ысык-Көл жээгине келип, чогуу жашай баштаган.

1861- жылы 2-июлда Нурдөөлөт Жороп уулу орус өкмөтүнөн кылыч жана атайын ардактуу кур менен сыйланган. 1867-1876-жылдары Кара-Ой, Сары-Ой аймагынын башкаруучусу жана акими болгон.

Нурдөөлөт баатыр каза болгондон кийин, саяк эли жана башка уруу өкүлдөрү чогулуп келип, аймак (волость) башчылыгына Садыр Акени бир добуштан шайлап алышкан. Добуш берүү мезгилинде, «Менин ордума Садыр Аке шайлансын» деген Нурдөөлөт баатырдын керээзи да эске алынган, дешет.

# Манаке олуя



Манаке олуя - XIX кылымдагы атактуу, кыргыз инсандарынын бири. Ал Ысык-Көл дубанындагы Жыргалаң суусунун боюндагы «Кондой Талаа» деген жерде 1815-жылы жарык дүйнөгө келген. Анын атасы Айман Көл өрөөнүнө белгилүү «Айман жайчы» атанган, касиеттүү адам болгон. Бекеринен Боронбай султан өз мезгилинде, Айман жайчынын өнөрүнө бийик баа бербегендир.

Манаке да бала кезинен эле зирек, сергек, сезимтал болуп чоңоёт. Ошону менен катар, анын табигат менен өзгөчө мамиледе экендиги да байкалат. Биринчиден, бута атасы Аймандан алган сабактары түрткү болсо, экинчиден, баланын түндөсү жылкы кайтарып, түнкү асмандагы ай-жылдыздарга карап суктангандыгы, кызыгуусу таасир эткен. Ал жылкы малын аздек-

деген сыңкер катары, колундагы «Чоң Тору», «Ак Сур», «Ак Жал», «Шарп кула», «Алаң Көз», «Нар Баш» деген күлүкторүн эч кимге ишенбей, өзү таптап минчү экен.

Манаке олуя жылдыздардын жайгашуу абалына карай, алдыда боло турган окуяларды так айта алган жылдыз саноочу (звездочет) болгондуктан, замандаштары, айрыкча келин-кесектери аны «Эсенчи аке» деп тергечү экен. Анын алдын ала көрө билген олуялыгы мындай: ал аба-ырайынын күтүлгүс кубулуштарын божомолдобой, так билген. Мисалы, айылдаш иниси Жамансарынын бир күнү эгип жаткан таруусунун түшкө чейин сепкени бышып, түштөн кийинки сепкени бышпай каларын алдын-ала айткан. Жамансары Манаке абасынын айтканын сынамакка, таруусун толук айдап бүткөн соң, түштөн мурдагы менен түштөн кийин себилген аянтты чектеп, белги коёт. Айткандай эле таруунун түштөн мурда себилгени бышып, түштөн кийинкиси думбул болуп, дапдаяр толук бышпай калат. Ошондо жаамы журт Манакенин олуялыгына таң калган, дешет.

Дагы бир окуя. Жылдардын бир жылында, саратан жайдын кечинде, Манаке ортончу уулу Чыпалакка (өз аты Адый): « Адыйга айткыла, кечке Шарп Куланы көлдөтө тердетип, аркы бетти ылдырып келиптир. Таң ашырайын деп, аса байлап коюптур. Таң аткыча терине тоңуп мал мерт болуп калат. Агытып ийсин жоргону. Жылдыз толо көшөр, мөндүргө айланып, мөндүр кар аралаштып, таңга жуук аяз жүрөт»,- деп, айтып жиберет. Баласы атасынын сөзүнө ишенбей, «жай саратанда кайдагы аяз» деп, жатып алат. Таң кулан оош калганда, Адый сыртка чыкса, тушаардан ойдо кар жаантыр. Таңдагы муздак шамалга ат сеңейип, тоңуп калыптыр. Ошентип өз өрөөнүндө таанымал Шарп-Кула күлүк Адыйдын акма кулактыгынын курмандыгы болот.

Касиеттүү Манаке аба-ырайын жылдыздарга карап аныктап койчу, дешет. Ал «Ала жазда булут көчөт, булут көчсө, кубулуп көчөт, мына ушуну байкагыла»,- дечү экен. Ошондой эле булуттар кандай ылдамдыкта, жерден канча аралыкта, кандай түстө, кай тарапты көздөй көчөт - ушул кубулуштардын баарын айта алган. Албетте, табияттын мындай сыры олуянын өзүнө гана маалым болгон. Манаке атанын касиети түн небереси Бүбүш апага берилген, башкача айтканда ал да табият тартуулаган өзгөчө жөндөмгө ээ болгон. Бүбүш апа 100 жыл жашаптыр. Дал ушул небереси Манаке олуя тууралуу элге даректүү баяндарды айтып берген. Мисалы: «.. Атам тээ түн бир оокумга айтылуу өзүнүн дөңүндө (Манакенин секиси) олтурар эле. Таш күзгүсү болоор эле. Эми ойлосом чоңойтуп көргөзгөн айнек тура. Чоң арман, ошол таш күзгүсү кийин, 1916-жылдагы үркүндө сынып жоголду. Ал күзгүсүн эки даракка чырмап байлап койчу. Ал өзүнө гана белгилүү эсептөө, ыкма менен, 12 айдын нугунда боло турган жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү аныктап, аба ырайынын абалы тууралуу калкына эскертип, кабар айтып турчу...», - деп эскерет, Бүбүш апа.

Манаке Айман улуу жылдыздар ааламын мыкты билген, жылдыздарга карап маалыматты так айта алган олуя адам болгон.



# Кыдыр Ата

# Алдаш Молдо



Алдаяр Жээнике уулу (Алдаш Молдо) 1874-жылы Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор айылында туулган. Эл агартуу ишин баштоочулардын бири, жазма акын, «заманa» агымынын окулу. XIX кылымдын 90-жылдары Каракол шаарындагы медреседен окуган. Аны бүткөндөн кийин, айылындагы көчмө мектепке кирип, балдарды окуткан (1904-1906).

Октябрь революциясынан кийин, 1919-жылы Жети-Өгүз районундагы Талды-Булак коктусунда мектеп ачкан. 1921-1922-жылдары Алматыдагы мугалимдерди даярдоо курсун бүтүрүп, мугалим болуп иштей баштаган. 1905-жылы жазган «Шайлоо» аттуу поэмасында бийлик ээлеринин болуштук талашып, чабышып, алардын кесепети элге тийгендигин, бир калкты бири-бири менен кагылыштырганын, ынтымакты бузгандыгын ашкерелеген

«Баракан тууралуу баян» (1912) аттуу чыгармасы да, зөөкүлөргө каршы багытталган. Анын көрүнүктүү чыгармаларынын бири – «Хал заман» (1914). Анда кыргыздардын орусиянын курамына киргенден кийинки, кыргыз жергесинде болуп жаткан, тарыхый кырдаалдар жөнүндө ой толгоп, коомдун өнүгүүсүнө орусиянын тийгизген таасирин, анын прогрессивдүү жактарын белгилейт. Ошону менен катар, падыша өкмөтүнүн колониялык саясатынын терс жактарын, орус чиновниктери менен жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү биригип, калкты эзип жаткандыгын да тайманбай жазган.

1916-жылы «Үркүн» аттуу көлөмдүү поэма жазып, анда орустар тарабынан чабылган, өз жеринен куулган кыргыз элинин муң-зарын реалдуу сүрөттөгөн.

Совет бийлиги орногондон кийин, ал реакциячыл акын катары куугунтукталып, чыгармалары өз мезгилинде бааланбай калган. XIX кылымдын ойчул, мекенчил акыны Алдаш Молдо 1930-жылы 56 жашында дүйнөдөн кайткан.

# Талип Молдо



Талип Молдонун өз аты – Жыргалбай Байболот уулу. Ал 1849-жылы азыркы Жети-Өгүз районундагы Чырак айылында туулган. Кыргыз элинин этнографы, эл агартуучу жана саякатчы. Анын атасы Мекеге барып, өз жерине кайтып келбей калган. Анын себептери тууралуу маалымат жок. Кичинекей Жыргалбай мусулман миссионерлеринин таасири менен чоңойгон. Бала кезинде соодагерлердин кербени менен Анжиянга кетип, ал жерден тааныш миссионерге жолугуп, Самаркандга жашыруун барып, диний окууга кирген. Андан соң, Бухарага келип, ал жерде 6-7 жыл жашайт. Китепканада билимин тереңдетип,

араб жана перс тилдерин үйрөнгөн. Бухаранын диний ишмерлери анын ислам окууларын терең өздөштүргөнүн жогору баалап, ага «Абу Муталиб» (арабчадан «Изилдөөнүн атасы») деген ысым ыйгарышкан. Ал эми кыргыздардын арасында Талип Молдо деген ат менен белгилүү болгон.

Талип Молдо Ысык-Көлгө 8-10 жылдан кийин келип, коомдук-агартуу иштерин жүргүзүп жана окутуучулук менен алектенген. Ошону менен бирге, кыргыздардын тарыхын, үрп-адатын, элдик оозеки чыгармачылыгын, уруулар менен уруктардын карым-катыштарын изилдей баштаган. Ал дыйкандарга жер берүү, отурукташуу боюнча талаш маселелерди чечүүгө, ошондой эле ак жерден кордук көргөндөргө көмөк көрсөтүп, карапайым элге жардам берген.

Талип Молдо тарабынан Чырак айылы негизделген. Ал ар тараптуу жана терең билимдүү инсан болгон, көп тил билген (анын ичинде орус тилин да), сабактарында глобус менен дүйнө картасын пайдаланып, химиялык эксперименттерди жасаган. Ошондой эле чыгыштын поэзиясын изилдеген. Жыгач устачылык шыгы болгондуктан, боз үйдүн жыгачтарын да жасаган. 1916-жылы көтөрүлүш күч менен басылгандан кийин, Чыгыш Түркстанга кетип, 1919-жылы Кашкар, Ак-Суу, Тарымдын аймагынан Лобнорго чейин барган.

Талип Молдо Совет мезгилинде «Эркин Тоо» газетасына кыргыз жазуусун араб алфавитинен латын алфавитине өткөрүү маселелери боюнча макалаларды жазган. Анын изилдөөлөрү жана айткандары боюнча, 1939-1940-жылдары А. Убукеев тарабынан «Кыргыздар, кыргыздын түпкү теги, уруулук түзүлүшү, түрдүү салттары» деген тарыхый- этнографиялык эмгек жаралган.

XIX кылымдын көрүнүктүү агартуучусу, көп кырдуу билимдин ээси, калым менен санарлаш Жыргалбай Байболот уулу (Талип Молдо) 1949-жылы көз жумган.

# Жусуп Абдрахманов



Кыргыз мамлекетинин көрүнүктүү саясий жана мамлекеттик ишмери Ж. Абдрахманов 1901-жылы 28-декабрда Чиркей кыштоосунда (азыркы Ысык-Көл районунун Жаркынбаев айылында) Күнгөй Ак-Суу болуштугун башкарган адамдын үй-бүлөсүндө туулган. 1911–1916-жылдары Сазановка (азыркы Ананьев) айылында үч жылдык орус-түзем мектебинде, андан соң Каракол шаарындагы жогорку баскычтагы баштапкы окуу жайында окуган. 1916-жылкы Үркүндө эл менен кошо Кытайга качып, 1917-жылы кайтып келген.

1918-жылы кызыл гвардиячылардын катарына кирип, Жети-Суу дубанында Совет бийлигин чыңдоого катышкан. 1919-жылы Верный (азыркы Алматы) шаарында командирлик курста окуган. Ошондой эле 1919-жылы Түркстан рКСМ бюросунун президиумунун жана рКСМдин Жети-Суу облустук уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1920-жылы Москвада өткөн рКСМдин 3-съездинин делегаты болуп, анда көңгөгөн жаштар менен бирге В. И. Ленинге жолугуп, пикир алышкан. 1920-1924-жылдары партиялык жооптуу кызматтарда иштеп, 1924-жылы мартта Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин президиумунун мүчөсү жана жооптуу катчысы болуп шайланган. Ошол эле 1924-жылы Кара-Кыргыз



Ж. Абдрахманов Лилия Брик жана В. Маяковский өндөгөн орустун чыгармачыл интеллигенциясы чогулган Москвадагы Гендриев-ский көчөсүндөгү үйдүн туруктуу коногу болгон

автономиялуу областынын, областтык партбюросунун жооптуу катчысы болуп шайланган.

1925-жылдын май айынан рКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, август айынан Москвада рКП(б) БКнын аппаратында инструктор болуп иштейт. 1926-жылы октябрда Кыргызстанга келип, областтык аткомдун төрагасынын 1-орун басары, 1927-жылы марттан рСФСР БАКтын мүчөсү, андан кийин Бүткүл союздук БАКтын жана рКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун мүчөлүгүнө талапкер болгон.

1933-жылдын сентябрында «компартияга каршы аракеттенген» деген жалаа менен, иштен бошотулуп, партиянын катарынан чыгарылган. Андан кийин Ортонку Волга аймагында мал чарба башкармалыгынын башчысынын орун басары, 1935-жылдан Оренбург облустук аткомунун жер бөлүмүнүн башчысынын мал чарбачылык боюнча орун басары болуп иштеген.

1937-жылы ага контрреволюциячыл «Алаш ордо» уюмунун катышуучусу» деген жалаа жабылып, камакка алынган. 1938-жылы 5-ноябрда күнөөсүз жерден атылган. 1958-жылы акталып, сөөгү 1991- жылы Ата-Бейит мемориалдык көрүстөнүнө коюлган.



110 жылдыгына карата тургузулган эстелик. «Рух-Ордо» маданий-этнографиялык борбору, Чолпон-Ата шаары

Жусуп Абдрахманов өз элинин тарыхын терең изилдөө иш-аракеттеринин жана Кыргыз Республикасындагы тарых илиминин өнүгүшүнүн башында турат. Анын тарых боюнча алгачкы эмгеги 1928-жылы «Кыргызстан» деген ат менен жарык көргөн. Ошондой эле, 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө акыйкат жана калыс көз караш менен жазылган «Күндөлүгү» жана башка китептери белгилүү.

Жаңы доордун жарчысы Жусуп Абдрахмановдун ысымы Ысык-Көл районундагы айыл кеңешине (мурдагы Таштак айыл кеңеши), Бишкек шаарынын чоң көчөсүнө ыйгарылган.

туулган айылында жана Каракол шаарында анын өлбөс-өчпөс тарыхый ишмердүүлүгүнө арналып, эстелик тургузулган. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өз алдынча эркин болуусуна, өз өмүрүн арнаган Ж.Абдрахмановдун ысмы кыргыз элинин тарых барактарында жылдыз сыяктуу, түбөлүк жаркырап, нурун чачып турат.

# Касым Тыныстанов



Касым Тыныстанов – көрүнүктүү коомдук ишмер, кыргыз кызыл профессору. Кыргыз лингвистика илиминин негиздөөчүсү, кыргыз адабиятына негиз салгандардын бири, акын, драматург, агартуучу. Ал 1901-жылы 10-сентябрда Ысык-Көл районундагы Чырпыкты айылында туулган. Алгачкы билимди диний мектептен алган. Сазановка айылындагы орус-тузем мектебинде, андан соң Ташкенттеги агартуу институтунда окуган.

1925-1926-жылдары Түркстан республикасынын Академиялык Борборунун Кыргыз областтык бөлүмүнүн окумуштуу катчысы, ошол эле учурда «Эркин Тоо» гезитинин жооптуу редактору болгон. 1927-1930-жылдары Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары болгон. 1928-жылы К.Тыныстанов тарабынан «Жаңы маданият жолунда» журналы уюштурулуп, ал 1931-жылга чейин жооптуу редактор болгон. 1931-1937-жылдары Кыргыз маданий куруулуш институтунда илимий кызматкер, сектор башчысы, директордун милдетин аткаруучу, ошол эле учурда Кыргыз педагогикалык институтунда окутуучу болуп иштеген. 1931-жылдан доцент, 1936-жылдан профессор болгон.

К. Тыныстанов кыргыз жазуусун иштеп чыгууга, тагыраак айтканда, араб алфавитинин негизинде биринчи кыргыз алфавитин, кийинчерээк бул жазууну латын алфавитине, андан соң орус алфавитине алмаштыруу иштерине активдүү катышкан. Ал азыркы кыргыз орфографиясынын жана грамматикасынын негизги принциптерин, кыргыз тилиндеги тунгуч окуу китептерин иштеп чыккан. Ошондой эле тил илими боюнча терминдер сөздүгүн түзгөн.

Касымдын ырлары адегенде казакча, кийин кыргызча Алматыда, Ташкентте казакча чыгуучу газета-журналдарга жарыяланып, 1925-жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен Москвада жарык көргөн. Ал кыргыз адабиятчыларынын ичинен биринчилерден болуп, эл аралык жумушчулардын гимнин «Интернационалды», И.А.Крыловдун тамсилдерин кыргыз тилине которгон. Революцияга арналган ырларды жыйнап, «Өзгөрүштүн ырлары» деген кыргызча ат менен, китеп кылып чыгарган.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, айрыкча, «Манас» эпосун жыйноого зор көңүл бөлүп, бул темада атайын макалаларды жазган, уюштуруу иштерин жүргүзгөн. Мисалы, улуу манасчы Сагынбай Орозбак уулунун айтуусундагы «Манас» үчилтигин толук жазып алуунун демилгечиси жана уюштуруучусу болгон. «Манас» эпосун орусчага которуу ишине катышкан.

Касым Тыныстановдун жетекчилиги менен У.Абдукаимов, К.Карасаев, Т.Саманчин «Манас» эпопеясындагы «Чоң казат» окуясы тууралуу бөлүктү саппа-сап которушкан. «Академия кечелери» пьесалар түрмөгүндө «Алмамбет менен Чубактын жол талашканы» жана «Үргөнчтүн жээгинде Айчүрөктүн кырк кыз менен турушу» деген эки көрүнүш жазылган. 1933-жылдын 24-февралындагы жана 6-мартындагы «Кызыл Кыргызстан» гезитинин сандарында Аалы Токомбаевдин «Академиялык кече тууралуу» жана «Академиялык кеченин тыянагы» деген эки макаласы жа-



К. Тыныстанов жана К. Карасаевдин эстелиги. Каракол шаары

рык көргөн. Бул макалаларда К.Тыныстановду улутчул, панисламизм, пантүркизм идеяларына сугарылган деп, анын «Касым ырлар жыйнагы», «Академиялык кечелер» чыгармаларынын мазмунуна карап гана күнөөлөбөстөн, жаш кезинде «Алаш ордочулар» менен идеялаш болгон деп, күнөө коюлган.

1937-жылы Москвадан чакыртылып, эч себепсиз партиядан чыгарылат. Ал эми ушул эле жылдын 1-августунда камакка алынат. 1938-жылдын 5-ноябрында СССР Жогорку Аскер сотунун жабык көчмө сессиясында К.Тыныстановго «1921-жылдан тартып улутчул «Алаш ордо» уюмуна, андан кийин буржуазиячыл-улутчул, диверсиялык зыянкеч «Социалдык-Туран» партиясынын жетекчилик тобуна кирген» деген күнөө менен атууга өкүм чыгарылган. Өкүм күтүүсүз ишке ашырылып, кыргыз илиминин, жаңы доордун тунгуч кызыл профессору күнөөсүз жерден 7-ноябрда атууга кеткен. 1956-жылы аялы Түрдүбүбү тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрылып, 1957-жылы СССРдин Жогорку Аскердик соту 1938-жылдын 5-ноябрындагы чечимин жокко чыгарган. 1958-жылы 22-январда партиялык жактан да акталган.

Өз доорунун күрөшчүл-агартуучусу Касым Тыныстанов – кыска өмүрүндө мекени, мамлекети үчүн, болгон билимин, дареметин, акыл-эсин аянбай жумшаган, өз элинин чыныгы уулу.

## Күсейин Карасаев



Күсейин Карасаев – кыргыз тилчиси, улуттук тунгуч лексикограф жана лексиколог. Филология илимдеринин кандидаты (1944), профессор (1966), Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (1992), Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын ардактуу Академиги (1992).

К.Карасаев 1901-жылдын 5-январында азыркы Ысык-Көл дубанынын Түп районуна караштуу Токтоян айылында орто оокаттуу үй-бүлөдө туулуп, Токтоян айылында чоңойгон. Адегенде айылдык молдолордон кат - сабаты ачылып, кийин 1914-1916-жылдарда Караколдогу орус-түзем мектебинен окуп билим алат. Бала кезинен эле чыгыш акылмандарынын чыгармалары менен таанышат. Ошондой эле орус илим-билим ааламынын босогосун аттап, орус поэзиясынын алпы А.С.Пушкиндин ырларын жатка билген.

1916-жылкы элдин башына түшкөн трагедия, каргашалуу кайгы-муң анын башына да түшкөн. Эл-жерден ажырап, ата-энеси менен көрбөгөн азапты көрүп, бөтөн жерде тентип сандалуу, жаш Күсейиндин жүрөгүнө өчпөс так калтырган. Кытайда мусаапыр болуп жүргөн күндөрүндө Караколдо алган билиминин жардамы тийип, мугалим болуп иштеген. Жаратылышынан тилдик тукуму, сөз татымы күчтүү, зээндүү жаш

өспүрүм бат эле казак, уйгур, калмак тилдерин үйрөнүп алган. 1921-жылы Кытайдан туулган мекени – касиеттүү Ысык-Көлгө кайтып келет. Андан соң, Кең-Суу айылында сельревком болуп иштеп, коомдук иштерге аралашат. Бирок дили сергек, жаш улан Күсеин элдин текши сабатсыздыгын көрүп, калк үчүн бир маанилүү иш жасаш керек экенин, бул үчүн билимин жогорулатып, чоң борбор жактан окуу зарылдыгын түшүнөт. Ошентип 1923-жылы Ташкентке келип, Кыргыз-казак агартуу институтуна окууга өтөт. Ташкентте окуп жүргөндө Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов менен таанышып, бул экөө менен бирге 1924-жылы кыргыздын биринчи газетасы «Эркин-Тоону» чыгарууга катышат.

Ал 1923-1927-жылдары Орто Азия мамлекеттик университетинин жумушчу факультетине кыргыз тилинен сабак берген. Ошондой эле ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун котормочулар жана рецензенттер тобунун бюросуна мүчө болгон. 1927-жылы К. Карасаев Бакуда өткөн Жаңы түрк алфавитинин борбордук комитетинин пленумуна катышкан. 1931-жылы Ленинграддагы Енукидзе атындагы Чыгыш институтун бүтүргөн. 1931-1940-жылдары Кыргыз маданий курулуш илим-изилдөө институтунда (КирНИКС; кийин тил, адабият, андан кийин тил, адабият жана тарых илимий изилдөө институту) илимий кызматкери болгон. 1946-жылдан партта КПССтин мүчөсү болгон. 1951-1974-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде мугалим болуп иштеген. Кыргыз алфавитинин бардык жаңы түрүн түзүүгө катышкан. 1927-жылы авторлош болуп, чоңдор үчүн «Жаңылык» деген тунгуч алиппе түзүшкөн, ошол эле жылдары өзү да «Сабат ачкыч» алиппесин жазган.

Ал Кыргызстанда сөздүк түзүү ишине негиз салгандардын бири. Ал 1938-жылы И. А.Батманов менен бирге, алгачкы «Орусча-кыргызча сөздүктү» түзгөн, 1944-жылы чыккан «Орусча-кыргызча сөздүктүн» басымдуу бөлүгүн, андан кийин 1957-жылы чыккан «Орусча-кыргызча сөздүктү» түзүшкөн. 1966-жылы К. Карасаев тарабынан 60 миң сөздөн турган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» жарык көргөн. Кыргыз фольклористикасы менен адабият таануусуна, котормо теориясына да сиңирген эмгеги – чоң. Буга анын «Котормо жөнүндө», «Манас», «Кыргыз ырларынын түзүлүшү» деген сыяктуу макалалары далил. Кыргыз ыр түзүлүшү боюнча терминдердин үлүшү да К. Карасаев тарабынан иштелип чыккан.

Ал ошондой эле элдик өлөңдү чыгармаларды жыйноо, которуу ишине да эбегейсиз салым кошкон. «Семетей» баш болгон, жомок, дастандарды жыйнаган. Ал 1931-жылы Саякбай Каралаевди Ысык-Көлдөн Пишпекке алып келип, андан «Манасты» жаздырткан. Дүйнөлүк жазуучулар: М.Горький, А.Радищев, Л.Крючковский, Р.Тагор, Дж.Радари жана башкалардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Эл-журтуна кылган, талыкпаган эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

«Көлдө төрөлүп, көлдө чоноймун эле. Көлдүн абасы жагат, мен көлгө барышым керек. Ошол жакка Касым менен да бирге жүргөн күндөрдү сагындым. Өзүм жыйнаган 2500 китептик китепканам бар, ошону университетке берейин, жаштар окусун, пайдалансын», – деген, улуу устат Күсеин Карасаевди Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору 4-5 профессорун ээрчитип келип:«Бизге келип сабак бербей эле коюңуз, төрүбүзгө отуруп бериңиз?» – деп, Каракөлгө көчүрүп кетишет.

Касиеттүү Ысык-Көлдүн жээгинде туулуп, 1998-жылы анын жээгинде бул тирүүлүк менен түбөлүк коштошкон. Кыргыз тил илимине негиз салуучулардын дагы бир алпы – Күсеин Карасаев 100 жылга тете жашап, элинин урмат-сыйына арзыган, ардактуу инсан. Анын урматына арнап, Түп районундагы айылдык кеңеш (мурдагы Тасма), Бишкектеги гуманитардык университет, Ак-Суу районундагы Кыргыз-Түрк уландар колледжи, Бишкектеги жана Караколдогу көчөлөр аталган. Сөөгү Каракол шаарына жакын жердеги Н.М. Пржевальскийдин эстелигинин жанына коюлуп, «Күсеин секи» аталып калды.

# Аден Истамбеков



Кыргыз элинен чыккан тунгуч аскер комиссары Аден Истамбеков 1903-жылдын 3-июлунда Жети Суу уездинин Ак-Суу аймагынын Ичке-Жергез айылында туулган. Атасы Бекембай кембагал турмушта жашап, үй-бүлөсү менен Сибирге сүргүнгө айдалып, Улуу Үркүндө Кытайга эл менен кошо качып, далай азап-тозокту башынан кечирген. Уулу Аденге ата-энеси тиешелүү тарбия берүүгө көп далалат кылышкан.

Жаш кезинен билимдүү болууну каалаган мүдөөсү ишке ашып, адегенде революциялык комитеттин Каракол шаарындагы жетекчилери тарабынан 1921-жылы август айында Пишпек шаарындагы жөө аскерлердин командирлерин даярдоочу 29 мусулмандар курсуна жиберилген. Андан кийин 1922-жылы май айында Ташкент шаарындагы мусулмандар курсунун базасында, убактылуу В.И. Ленин атындагы Орто Азия аскер мектеби уюштурулат. Аден Истамбеков биринчилерден болуп бул окуу жайдын 23-командирлер курсуна которулуп, окуусун улантат. Ал окуу жайды аяктаган соң, алгачкы «Кызыл командир» наамын алып, Ташкент районундагы Ходжакент кыштагында жайгаштырылган 813-алгачкы тапшырма боюнча ишгөөчү, атайын багыттагы ротанын (рООН) бир взводуна командир болуп дайындалат.

1925-жылы аскердик ишти мыкты уюштуруучу катары бааланып, Орто Азия улуттарынын бириккен аскер мектебинде нускоочу болуу сунушу түшкөн. Ошол эле жылдын август айында Москвадагы Аскердик педагогикалык жогорку окуу жайына билимин жогорулатуу үчүн жөнөтүлгөн. 1927-жылдын 31-июлунда СССРдин революциялык-аскердик кеңешинин №388 буйругу менен Ташкент шаарындагы В.И. Ленин атындагы Бириккен Орто Азиялык аскер окуу жайына аскер тактикасы боюнча окутуучу кызматына дайындалат. Ошол жылдары Хорезм, Бухара, Самарканд айланасында басмачылар Совет өкмөтүнө баш ийбей, бир топ убара кылат. Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин чечими менен, душмандарды тазалоо боюнча текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп, басмачыларга каршы иш алып барат.

1930-жылдын ноябрь айынан 1931-жылдын январь айына чейин, Аден Истамбеков Ленинград шаарындагы жумушчу-дыйкандар Кызыл Армиясынын карамагындагы жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын, командачыларынын билимин өркүндөтүүчү броне-танктык техниканын тактикасы боюнча, кайра даярдоо курсунда окуган. Окууну аяктаары менен Бириккен Орто Азиялык жогорку Аскер окуу жайынын директорунун окуу иштери боюнча орун басары болуп дайындалган.

1933-жылы СССРдин революциялык аскердик кеңешинин №1546 буйругу менен, Казакстан территориялык атчандар полкунун командиринин саясий иштер боюнча жардамчысы болуп Алматыга келет. 1934-жылы Орто Азия аскер округунун 10-округдук партиялык конференциясында партколлегиянын мүчөсү болуп шайланат, ушул эле жылы Алматы шаардык советинин мүчөлүгүнө шайланат. 1936-жылы Фрунзедеги 53-кыргыз атчандар полкунун комиссарлыгына дайындалат. Ал эми 1937-жылы 19-сентябрда №0929 аскер буйругу менен Аден Истамбеков 21-тоо атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып, Ферганага жөнөп кетет.

1937-жылдын 21-декабрында ага «улуттук-контрреволюциячыл «Кошчу» социал-туран партиясынын мүчөсү» деген айып менен үйүнөн келип кармап кетишет. Ошол бойдон 1939-жылдын 8-январында Фрунзе шаарындагы №1 түрмөнүн ооруканасында жүрөк оорусунан көз жумду деген гана кабар келген. 1958-жылы ак жеринен набыт болгон өз замандаштары сыяктуу акталып, сөөгү агарган. Кыргыз элинен чыккан тунгуч аскер комиссары Аден Истамбеков жөнүндө тарыхтын актай барактарында жазылчу табылгалар келечек муундардын колунда.

# Сыдык Карачев



Ал мекенинин чыгаан уулу, улуттук жазма адабияттын, журналистика жана котормо багытынын пайдубалын түптөгөн, тунгуч калемгер Сыдык Карач уулу чейрек кылымдан ашык убакыт эл арасында гана эмес, адабият күйөрмандарынын арасында да дайынсыз, кабарсыз болуп келди. Арадан отуз жыл убакыт өтүп, Сыдык жалган жалаадан, саясий айыптан толук акталган соң, ал жөнүндө алгачкы маалыматтар басыла баштаган. Айрыкча, демократия менен айкындуулуктан кийин, бул белгилүү инсандын чыгармачылык жолун иликтөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Жазуучу, акын, журналист С. Карачев Ысык-Көл дубанындагы Түп районундагы Жылуу-Суу айылында 1900-жылы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Алгачкы билимди Каракол шаарындагы татар мектебинен алган. 1921-жылдан 1923-жылга чейин Ташкенттеги В.И.Ленин атындагы аскер училищасында окуган.

С.Карачев тунгуч прозаик катары чоң кадыр-баркка ээ болгон. Айрым маалыматтарга караганда, ал 1918-1919-жылдарда "Көмөк" газетасына "Окуу керек!", "Биз качан адам болобуз" аттуу макалаларын жарыялаган. Изилдөөчүлөр "Эркин-Тоонун" 1924-1934-жылдардагы сандарында С. Карачевдин ар кандай темадагы макалалары, фельетондору, очерктери жарыяланып, анын ичинде "Кара чаар менен Болдомочтун иттик кылды" жана "Бөдөнөнүн бөйрөгүнөн, торгойдун толорсугунан" сыяктуу жанытмалары, кадыресе, публицистиканын деңгээлине жеткенин айтышат.

С.Карачевди прозаик катары адабий чөйрө менен калкка тааныткан "Үйлөнүүдөн качты", "Сүйгөнүнө кошула албады", "Эрик таңында" аңгемелери, бөтөнчө "Эрксиз күндөрдө" повести болду. Булардын ичинен "Эрксиз күндөрдө" (1928-ж.) менен "Эрик таңында" (1929-жылы) өзүнчө китеп болуп чыккан.

Анын калемине таандык үч пьесасы бар. Анын биринчиси "Борч-2» деп аталып, качан жазылганы, канча көшөгөдөн турганы белгисиз, кол жазмасы да дайынсыз. Жаштардын демилгеси менен, бул чыгарма сахналаштырылып, Караколдо коюлганын калемгердин замандаштары эскеришет. Ал эми "Теңдик жолунда" жана "Торага Зейнеп" пьесалары 1928-1929-жылдары удаа басылган. Эки эле жылда ( 1928-1929) С. Карачевдин төрт китеби жарыяланганын өзү, 20-жылдардын аягында анын жаратмандык эмгегинен кабар берет.

С.Карачев – кыргыз элин Л.Н.Толстойдун "Шалпан кулак" аңгемесин, А.П. Чеховдун "Талаа" повестин, Н.Н. Островскийдин "Болот кантип курчуду" романын, Брет Гарддын "Самсд кызы" жана Ромен Ролландын "Жан Кристоф" деген романдарынын үзүндүлөрү менен тааныштырган котормочу. А. С. Пушкиндин "Бекетчи" аңгемеси менен "Дубровский" повести Карачевдин котормосунда 1937-жылы өз алдынча китеп болуп чыккан. Бул анын акыркы эмгеги. Ошентип, жүрөктүн үшүн алган, саясий айыптар чыгармачыл инсандын жаратмандык кеңдигин кесип, өзөктүү чыгарма жазуудан алыстатып, өмүрүнүн акырында жалаң котормо иши менен алек болуп калган эле.

1932-жылдын 7-мартында ВКП(б)нын Кыргыз обкому «Кыргыз адабияты жөнүндө» деген өзүнүн токтомун кабыл алды. Далай калемгерлердин өмүрүнө балта чапкан, бул каргашалуу токтомдун карасанатайлык мыяны өтө коркунучтуу эле. Дал ушул токтомдо «Эрксиз күндөрдө» да «контрреволюциячыл, улутчул, бай-манапчыл идеологиядагы» чыгарма болуп чыга келди. Ушул бүтүмдөн кийин, Карачевдин бүт чыгармаларына, айрыкча «Эрксиз күндөрдө» повестине кара көлөкө түшүп, жаманатты болду да калды. Ушундай сокур жалаалардын кесепетинен С.Карачев 1937-жылы кармалып, ак жерден атылган. Ысык-Көл өрөөнүнүн дагы бир шумкары Сыдык Карачевдин тарых менен тагдырлаш сапарындагы, чыгармачылык жолун терең изилдөө – келечектин милдети.



# Түгөлбай Сыдыкбеков

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Баатыры, Кыргыз Эл жазуучусу, Кыргыз Илимдер Академиясынын академиги, ССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, кара сөздүн дыйканы, эне тилинин түбөлүк коргоочусу Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы 14-майда Түп районундагы Кең-Суу айылында туулган. 1928-1931-жылдары Фрунзедеги айыл чарба техникумунда, 1931-жылы Ашхабад шаарындагы Орто Азия зооветеринардык институтунда окуган.

1931-1936-жылдары «Ленинчил жаш» гезитинде бөлүм башчы, 1937-1947-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзунун адабий кеңешчиси. Ал эми 1949-1951-жылдары Кыргызмамбаста редактор болгон. Биринчи поэтикалык жыйнагы «Күрөш» деген ат менен 1933-жылы жарык көргөн. Т.Сыдыкбеков «Манас» эпосун изилдөөгө жана басып чыгарууга көрүнүктүү салым кошуп, «Манас» эпосунун жыйынтыкталган вариантынын 3 томдугунун үчүнчү бөлүгү «Сейтекти» редакциялаган жана басмага даярдаган.

1960-жылы басылып чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхый очерктеринин» башкы редактору болгон. Жазуучу 1942- жылы К. Рахматуллин менен авторлош «Манас жана Алмамбет» эпикалык драмасын, ошондой эле «Күчтүү жүрөк», «Канжар», «Кыштак кожоюндары» аттуу пьесаларын жазган.

Калемгер замандаштары сыяктуу, котормо жаатында А.Пушкиндин, Н.Некрасовдун, Д.Бедныйдын, А.Чеховдун, А.Серафимовичтин, М.Шолоховдун жана башка жазуучулардын чыгармаларын которуу менен, чыгармачылык дареметин тастыктаган. 1948-жылы кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» аттуу романына үчүнчү даражадагы Сталиндик сыйлык ыйгарылган. Кийин ал сыйлык «СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы» деп аталып калган. Т.Сыдыкбековдун эмгеги Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу ордендери, ССРдин көптөгөн медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен бааланган.

Түгөлбай Сыдыкбеков – эң ириде заманыбыздын залкар, таланттуу жазуучусу, кыргыз адабиятынын патриархы, көрүнүктүү коомдук ишмер, кыргыз калкынын кадырман карыясы болгондуктан, аны эл «Журт Атасы» атап, урмат-сый көрсөткөн.

Ал - Кыргыз адабиятынын ренессансын жараткан улуу даанышман. Анын калеминен жаралган «Көк асаба», «Мен миң жашадым», «Жол», «Биздин замандын кишилери», «Зайыптар» ж.б.у.с. чыгармалары – кыргыз адабиятынын баа жеткис кенчи.

Түгөлбай ата – кыргыз тилинин улуулугун жана сулуулугун даңазалап, кыргыз адабий тилин жаңы бийиктикке көтөрүп, талбас ак ниет эмгек гана, адамды бакытка жеткире ала тургандыгын далилдеп, өрнөктүү өмүр сүрүп, Ата-Журтуна миң жылга тете, теңдешсиз эмгек сиңирип кеткен, залкар инсан. Пейили Ысык-Көлдөй чалкыган Түгөлбай ата 1997-жылы бул дүйнө менен кош айтышкан.

# Иса Ахунбаев



Кыргыз элинин чыгаан улуу, окумуштуу, хирург, кардиолог, дарыгер, коомдук ишмер Ахунбаев Иса Коноевич 1908-жылы 12-сентябрда Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Төрү-Айгыр кыштагында жарык дүйнөгө келген. Ал 1916-жылдагы Үркүндө ата-энеси менен Кытайга качып, башынан далай оор күндөрдү өткөргөн. Ысык-Көлгө кайтып келгенден кийин, 15 жашында партага отурган. Мектепте окуу үчүн 20 чакырым алыстыкты жөө басып, Төрү-Айгыр айылынан Балыкчы шаарына келип-кетип окуган. 1925-жылы Балыкчыдан Бишкекке билим алуу үчүн жөө келет. Билимди туу туткан улан 1935-жылы Ташкен шаарында Орто Азия медицина институтун ийгиликтүү аяктайт.

И. Ахунбаев 1948-жылы 25-июнунда Москва шаарында доктордук диссертациясын жактап, Медициналык институттун ректору болуп дайындалган. Ушул эле жылы ал кыргыз окумуштууларынан биринчи болуп, СССРдин Илимдер Академиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынган. Ал эми 1954-жылы Кыргызстанда Илимдер Академиясы ачылып, анын биринчи президенти болуп шайланган.

Иса Коноевичтин диссертациясы «Чүй өрөөнүндөгү эндемикалык богок» деген темада болгон. Автордун диссертациясы москвалык окумуштуулар тарабынан жылуу кабыл алынып, Иса Ахунбаев кыргыз жеринен чыккан, медицина илимдеринин алгачкы доктору болуп калды. Окумуштуунун 300дөй илимий макалалары түрдүү гезит-журналдарга жарыяланган. Илимий изилдөөлөрү негизинен эндемиялык богок, эхинококкоз, шок жана жүрөк, балдардын сокур ичеги ооруларын изилдөөгө арналган. Ошентип ажал менен арбашкан, доктор И.Ахунбаев 1959-жылы Орто Азия жана Казакстан аймагында биринчи жолу жүрөккө операция жасаган.

Аалым Иса Коноевич Ахунбаевдин илим мектебинен 6 доктор, 35 илимдин кандидаты даярдалып, бүгүн алар саламаттыкты сактоо тармагына өз салымдарын кошуп, адамдарга өмүр тартуулап келе жатышат. Мындан сырткары «Көкүрөк хирургиясы», «Эндокринология маселелери», «Кан айлануу», «Кыргызстандагы саламаттыкты сактоо» журналдарынын редактору да болгон.

И.К.Ахунбаев элине талыкпай, ак ниетинен кылган кызматы үчүн, Ленин ордени, Октябрь революциясы жана Эмгек Кызыл-Туу, «Ардак белгиси» ордендери жана көптөгөн медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле «Эмгек сиңирген илимий кызматкер» жана «Эмгек сиңирген врач» наамдарына татыктуу болгон.

Медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан Илимдер Академиясынын академиги, СССР Медицина Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын түңгүч президенти И.К.Ахунбаев 1975-жылы 5-январда автоунаа кырсыгынан улам, мезгилсиз дүйнөдөн кайткан.

Көлдөй терең инсан, кыргыз элинин даңктуу улуу И.К.Ахунбаевдин ысмын – Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы, Каракөлдөгү медициналык окуу жайы, Балыкчы шаарындагы орто мектеп сыймыктануу менен алып жүрөт. Мындан сырткары Бишкек шаарындагы жана Көл жээгиндеги көчөлөргө да анын аты берилген.

«Эр эмгеги жер жебейт» дегендей, 2001-жылы И.Ахунбаевге «XX кылымдын көрүнүктүү илимий жетишкендиктери үчүн» алтын медалы ыйгарылган. Ал эми 2008-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык академияга аты берилген. Ал эми Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы И.К.Ахунбаев атындагы сыйлыкты уюштурган.

# Болот Мамбетов



Көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Болот Мамбетов 1905-жылы 24-апрелинде Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Жер-Үй айылында жарык дүйнөгө келген.

Ал 1928-жылы Оренбург шаарындагы жумушчулар факультетин жана 1935-жылы Москва шаарындагы политехникалык институтун бүтүргөн соң, 1935-1940-жылдары Кыргызстандагы суу чарба жана ирригация курулуш мекемелеринде иштеген.

Б.Мамбетов 1940-жылдан тартып, Кыргызстан КП(б) БКнын үчүнчү катчысы, 1941-1945-жылдары транспорт жана байланыш боюнча катчысы жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басары болгон. Ал эми 1945-1953-жылдары партиянын Фрунзе областык комитетинин 1-катчысы, 1953-жылдан тартып Кыргыз Илимдер Академиясынын Суу чарба жана энергетика институтунун директору кызматында иштеген. Ал 1954-1964-жылдары Кыргыз ССРнин суу чарба министрлигин жетектеген. 1961-1968-жылдары Кыргыз ССР Министрлер советинин төрагасы болгон.

Б.Мамбетов экономика илимдеринин кандидаты, ошондой эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин жана СССР Жогорку Советинин бир нече чакырылышына депутат болуп шайланган. Ал Мекен алдында өтөгөн кызматы үчүн, үч Ленин ордени жана үч Эмгек Кызыл Туу ордени, «Кызыл Жылдыз» ордени, ошондой эле медалдар менен сыйланган.

Таланттуу уюштуруучу, адилеттүү жана принципиалдуу жетекчи Болот Мамбетов Кыргыз Республикасынын тарых барактарында жана кыргыз элинин эсинде ташка тамга баскандай, түбөлүктүү сакталат. Ал 1990-жылы дүйнөдөн өтүп, сөөгү Москва шаарына коюлган.

# Казы Дыйкамбаев



Кыргыз ССР тышкы иштеринин биринчи эл комиссары, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Казы Дыйкамбаев 1913-жылы 25-октябрда Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Талды-Суу айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 1937-жылы Ташкен шаарындагы Өзбек эл чарба институтун бүткөндөн кийин, Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинде ар түрдүү кызматтарда иштеген.

К.Дыйкамбаев 1940-1958-жылдар аралыгында Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары, республиканын Мамлекеттик текшерүү эл комиссары, Кыргызстан КП БКнын катчысы жана бюро мүчөсү болгон. Ал

Кыргызстан КП Фрунзе обкомунун 1-катчысы кызматында иштеген. 1961-жылдан тарта, Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары, ошондой эле төрагасы болгон. Ал эми 1958-1961-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген. СССР Жогорку Советинин эки жолку чакырылышынын (1947-1955-жылдар жана 1958-1963-жылдар) депутаты.

К.Дыйкамбаев Ата-Журтуна кылган ак эмгеги үчүн, эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени жана Советтер Союзунун көптөгөн медалдары, ошондой эле Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган. Ал – Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти.

К.Дыйкамбаев заманы менен канатташ жашап, 100 жашка толгондо, 2012-жылы тирүүлүк менен кош айтышты. Ал өз керээзинде сөөгүн Ала-Арча көрүстөнүндөгү замандашы, улуу агасы И.Раззаковдун жанына коюусун өтүнгөн.

Анын жарым кылымга тете, басып өткөн эмгек жолу – Ата Мекенге жан-дилден кызмат кылуунун бийик өрнөгү. Учурда КРнын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык Академиясы Казы Дыйкамбаевдин атын сыймыктануу менен алып жүрөт.

# Курман-Гали Каракеев



Курман-Гали Каракеев – советтик кыргыз тарыхчысы, Кыргыз ССРинин Улуттук Илимдер Академиясынын президенти жана академиги, ошондой эле СССРдин ИАнын мүчө-корреспонденти. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер.

Ал 1913-жылы 7-ноябрда Ысык-Көл облусунун, Түп районунун Күрмөнтү айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Эмгек жолун 1933-жылы республикалык «Ленинчил жаш» гезитинде иштөөдөн баштаган. 1938-жылы БКП(б)нын катарына өткөн.

Келечектеги академик 1933-жылы Ысык-Көл айыл чарба техникумун, 1946-жылы КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти, 1956-жылы Кыргыз мамлекет педагогикалык институтун, ал эми 1959-жылы КПСС БКга караштуу Коомдук Илимдер Академиясын бүтүргөн.

1960-жылдарга дейре К. Каракеев шаардык, облустук,

республикалык деңгээлдеги жетекчилик кызматтарда иштеген: 1933-34-жылдары «Ленинчил жаш» гезитинде бөлүм башчы, редактордун орун басары; 1934-36-жылдары Кыргыз обкомунда бөлүм башчы; 1938-39-жылдары «Коммунист» журналынын башкы редакторунун орун басары; 1939-44-жылдары Кыргызстан КП нын Фрунзе обкомунун пропаганда жана агитация бөлүм башчысынын орун басары, Тянь-Шань, Ысык-Көл обкомдорунун катчысы; 1946-49-жылдары «Кызыл Кыргызстан» гезитинин редактору; 1949-52-жылдары Кыргызстан КП БКнын үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы; 1952-57-жылдары Кыргызстан КП БКнын катчысы; 1952-56-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы; 1947-63-жылдар аралыгында Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты; 1962-79-жылдары СССР Жогорку Советинин депутаты болгон.

К.Каракеев 1960-78-жылдар аралыгында Кыргызстан ССРинин Илимдер Академиясын жетектеген. Ушул жылдары ал академиянын түзүмдүк бөлүмдөрүн чыңдоо, илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк илимий мекемелер менен чыгармачылык байланыштарды тереңдетүү, кеңейтүү боюнча зор илимий-уюштуруу иштерин жүргүзгөн. Кыргыз Республикасында илим менен өндүрүштүн байланышын чыңдоо жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо боюнча да эбегейсиз кызмат кылган.

К.Каракеевдин окумуштуулук кыраакылыгы менен, Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясында – автоматика, физика, математика жана тоо тектеринин механикасы, сейсмология, философия жана укук, биохимия жана физиология институттары, ошондой эле айрым түзүмдүк бөлүмдөр түзүлгөн. Таланттуу илимпоз 1968-жылы СССР ИА нын мүчө-корреспондентигине кабыл алынган. Ал эми 1991-жылы Россия ИА нын мүчө-корреспондентигине кайрадан шайланып, Россия Илимдер Академиясынын тарых секциясынын тарыхый-филология илимдери боюнча бөлүмүнө кабыл алынган.

Курман-Гали Каракеевдин Кыргызстандын, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхына арналган, 350 дөй илимий эмгеги жана 10 монографиясы бар. Ал «Кыргыз ССР нин тарыхы» илимий-окуу куралынын авторлорунун жана редакторлорунун бири. Анын илимий эмгектери негизинен, өлкөбүздөгү маданий калыптануунун айрым маселелерине, улуттук байланыштын теориясы менен тарыхына, аны менен катар республикадагы илимдин тарыхый өнүгүү жолуна арналган. Анын жетекчилиги астында 20 доктордук жана кандидаттык диссертациялар жакталган. Учурда анын көптөгөн окуучулары илимий мекемелерди жетектөө менен бирге, Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаркы жерлерде белгилүү, атактуу илимпоздор болушкан.

Ата-Журтуу, эли үчүн жасаган, талбас эмгегин баалап, Советтик мамлекет Ленин ордени, Октябрь революциясы ордени, 4 Эмгек Кызыл Туу ордени, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйлаган. Ал эми Кыргыз мамлекети I даражадагы жана II даражадагы «Манас» орденин жана «Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамын, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты» наамын беришкен.

Бүт өмүрүн коомдун илимий-агартуу тармагына арнаган, белгилүү окумуштуу, улуу устат Курман-Гали Каракеев бактылуу карылык доордун 2012-жылында 13-ноябрь күнү көз жумган.

# Мамбет Мамакеев



Мамбет Мамакеев – залкар хирург жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургия борборунун директору, Улуттук Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, медицина илимдеринин доктору, профессор.

Ал 1927-жылы 1-октябрда Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1946-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна кирген. Үчүнчү курста окуп жүргөндө эле, хирург болууну чечкен. Анткени медицина илимдеринин доктору, профессор, академик И. Ахунбаев жалпы хирургия боюнча лекция окуп, жалпы хирургия кафедрасында жетекчилик кылган. 1952-жылы институттун дарылоо факультетин аяктап, эмгек жолун Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун госпиталдык хирургия кафедрасында врач-ординатор катары баштаган. 1955-1958-жылдары аспирантураны бүтүрүп, ушул эле жылы «Ашказан түбүндөгү чоң тамырлардын үстүнө бөйрөктөрдү алмаштырып салуу боюнча топографоанатомиялык негиз» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. 1957-1962-жылдары институттун госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент, андан соң аталган кафедранын доценти жана башчысы болуп иштеген.

Өткөн кылымдын 60-жылдар ортосунда доцент М.Мамакеев докторлук диссертациясын жазууга киришкен. Ал холециститтин ылаңы (өттүн ыйлаагынын сезгенишин) жана өтүшүп кеткен өттөгү таш дартын дарылоо жана дартты аныктоо маселелерин иштеп чыгуунун зарылчылыгын көрө билген. Ошондон тарта М.Мамакеевдин бүтүндөй илимий ишмердүүлүгү ушундай татаал жана актуалдуу патология менен тыгыз байланыштуу болду. Ушул тармактагы анын илимий изилдөөлөрү холециститтин ылаңы жана өттөгү таш оорулар хирургиясынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошту. Ал эми 1970-жылы М.Мамакеев «Холециститтин ылаңы жана өттөгү таш ооруларынын өнөкөтүн хирургиялык жол менен дарылоо» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактаган.

1972-1974-жылдары КММИнин госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору, 1974-жылдан баштап 2003-жылга чейин И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын госпиталдык хирургия кафедрасын жетектеген. Ушул мезгилден тарта, бир гана доктор М.Мамакеевдин жашоосунда эмес, жалпысынан Кыргызстандагы ыкчам хирургиялык жардам көрсөтүү багытынын өнүгүүсүндө да жаңы этап башталган. Негизинен жалпы жана ыкчам жардам көрсөтүү боюнча хирургдардын мектеби түптөлө баштайт. Ошол учурда анын мыкты илимпоз, чыгаан хирург жана уюштуруучу-устат катары таланты жылдыздай жарк этип, нурун чачат. М.Мамакеевдин жетекчилиги астында, хирургиялык интернатура жана субординатурада врачтарды даярдоо боюнча окуу процессин бир топ жакшырткан, прогрессивдүү реформалар жүргүзүлгөн. Мисалы, Кыргызстандык жалпы жана ыкчам жардам көрсөтүү боюнча хирургдардын квалификациясын жогорулатууга байланышкан көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечүү үчүн, окуу пландарына өзгөртүүлөр киргизилип, дарыгерлердин адистигин жогорулатуу үчүн эки жылдык адистештирүү жүргүзүлгөн.

Жаш профессордун мындай аракеттери көңүл сыртында калган жок. 1973-жылы ага «Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген врачы», 1987-жылы «Кыргыз ССР нин илимине эмгек сиңирген ишмер» деген жогорку наамдар ыйгарылган. 1989-жылы Мамбет Мамакеев Кыргызстан Улуттук Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, ал эми 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук

Илимдер Академиясынын анык мүчөсү болуп шайланган. 1995-жылы Казакстандын медицина Илимдер Академиясынын анык мүчөсү болуп калган. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана жаңы технологиялар жаатындагы мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган. 2004-жылы чыгаан хирург М.Мамакеев Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры, «Ак Шумкар» жогорку наамын алган. Мындан сырткары, I даражадагы жана III даражадагы «Манас» орденинин, Октябрь революциясы орденинин, Эмгек Кызыл Туу орденинин , Эл Достугу ордендеринин жана медалдарынын ээси. Мамлекет тарабынан «Кыргыз ССР нин Жогорку Кеңешинин ардак грамотасы» жана «В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата» юбилейлик медаль менен сыйланган. Ал эми 2008-жылы Россия Федерациясынын Улуу Петр ордени тапшырылган. М.Мамакеев медициналык илимий изилдөөчүлүктөн сырткары, ССР Жогорку Советинин бир нече жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 4 жолку чакырылышынын депутаты болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин саламаттык сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү болуп иштеген.

Анын жетекчилиги менен, илимдин 15 доктору жана 30 кандидаты даярдалган, тарбияланган. Жарым кылымдан ашык эмгек жолунда М.Мамакеев 20 миңден ашык ичүүлүк хирургиялык жардам боюнча иш-аракетке катышкан. Ал эми 100 миңге жакын оор дартты дарылоо боюнча дарыгерлик кеңешин берген. Илимпоз-дарыгер тарабынан Кыргызстанда хирургиялык дартка кабылгандарды дарылоо боюнча жогорку натыйжалуу жаңы ыкмаларды иштелип чыккан жана жайылтылган. М.Мамакеев Кыргызстанда улуттук хирургиялык мектепти түзгөн. Учурда бул мектептин окуулары республикабыздын баардык бурчунда, ошондой эле Европада, АКШда, Израилде, Өзбекстанда, Казакстанда жана Орусияда ийгиликтүү эмгектенип жатышат.

Академик М.Мамакеев – абдоминалдык хирургдардын (курсак, ич; денения көңдөйүн ичиндеги көңдөйүн дарылоочу) кыргыз мектебинин негиздөөчүсү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургиялык борборун, тагыраак айтканда республикалык башкы илимий окуу-дарылоо комплексинин уюштуруучусу.

# Төлөмүш Океев



Кыргыз киносунун берметн, залкар кинорежиссеру жана СССР Эл артисти Төлөмүш Океев 1935-жылы 11-сентябрда Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Ж.Бөкөнбаев айылында туулган. 1958-жылы Ленинграддагы кино жана көркөм өнөр институтунун (ЛИКИ) электр техникасы факультетинин үн-оператор бөлүмүн аяктаган. Оболу, «Кыргызфильм» кино студиясында үн оператор болуп иштеген. "Аптап", «Операция «Ы», «Космонавтар көчөсү» сыяктуу тасмалардын үн режиссеру болгон. Ал эми 1966-жылы Москвадагы Бүткүл мамлекеттик кино институтунун (БМКИ) жогорку режиссёрдук курсун аяктаган. Анын алгачкы каламдары даректүү жана оюн-зоок фильмдеринин режиссер-коюучусу болуудан башталган.

Ал «Канаттуу искусство» (1985-ж. «Кыргызстан») китебинин жана бир катар сценарийлердин автору. 1986-1987-жылдардары М. Ауэзовдун «Абай» жана «Абай жолу» роман-эпопеясынын негизинде, «Абай» көп сериалуу фильминин сценарийин Б. Мансуров менен бирге жазган. Көркөм фильм ишке ашкан эмес. Ошондой эле 1987-1988-жылдары Н. Ка-

лининкоңдун «Каар заман» романынын негизинде, «Чыңгызхан» көп сериалуу фильминe сценарий жазган. 1990-1992-жылдары «Келечек» (Кыргызстан) жана «I.C.C.» (Италия) киностудиялары тарабынан «Чыңгызхан» көркөм фильмин тартышып, анын продюссери болгон. 1995-жылы түрк тарап менен бирге, «Манас» эпосунун миң жылдыгына арналган, «Манастан» урпан чакырып...!» аттуу толук көлөмдүү даректүү фильм тартууну ишке ашырган

Төлөмүш Океев талыкпаган, ак ниет эмгеги үчүн: Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1967 ж.); Бүткүл Союздук кинофестивалдын «Дебют үчүн атайын сыйлык» номинациясынын лауреаты (1968-ж.); Кыргыз ССРнин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1972-ж.); Бүткүл Союздук кинофестивалдын «Көркөм фильмдер үчүн биринчи сыйлык» номинациясынын лауреаты (1974-ж.); Кыргыз ССРнин Эл артисти (1975-ж.); Бүткүл Союздук кинофестивалдын «режиссура үчүн сыйлык» номинациясынын лауреаты (1978-ж.); ПНР дин маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1979-ж.); Бүткүл Союздук кинофестивалдын «Кинофестивалдын сыйлыктары» номинациясынын лауреаты (1981-ж.); Бүткүл Союздук кинофестивалдын «Башкы сыйлыктар» номинациясынын лауреаты (1985-ж.); Берлин кинофестивалынын «Көркөм салымы үчүн сыйлык» номинациясынын лауреаты (1985-ж.); СССРдин Эл артисти (1985-ж.); Казакстандын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1997-ж.) деген бир катар ардактуу наамдар жана сыйлыктар менен сыйланган. Мындан сырткары, Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар, Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, КРнын Президентинин Ардак грамотасы, III даражадагы «Манас» ордени жана «Түрк дүйнөсүнүн искусствосуна кошкон чыгармачыл салымы үчүн» (бул сыйлык Түркиянын искусство жана адабият ишмерлери тарабынан негизделген) сыйлыктарынын ээси болгон.

Т.Океев өз мекенинин чыныгы уулу жана ойчул, мекенчил инсаны болгондуктан, өз ийгилигине чиренбей, кыргыз коомунда болуп жаткан ар кандай жаңычыл иш-аракеттерге да активдүү катышкан. Ал 1980-1988-жылдары Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин эки жолку чакырылышынын депутаты, 1989-1991- жылдары СССРдин Жогорку советинин депутаты, 1985-1989 - жылдары Кыргызстан кинематографисттер Союзунун биринчи катчысы, 1985-1991-жылдары СССРдин кинематографистер Союзунун катчысы, 1993-1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Түркиядагы биринчи, Атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси болуп дайындалган. Андан соң, 1998-жылы «ТҮРКСОЙ» уюмунда Кыргыз Республикасынын окулу, 2001-жылы КМШ кинематографистер конфедерациясынын торагасынын орун басары болуп иштеген.

Советтик кыргыз киносунун өнүгүп-өсүшүнө, калыптанышына теңдешсиз салым кошкон, даңктуу режиссёр жана элчи Төлөмүш Океев дүйнө элдеринин жана маданиятынын баарлашуусуна, кызматташуусуна жол салган. Ал өз фильмдеринде элинин каада-салтын, нарк насилин, адамдык табиятын өзгөчө чеберчилик менен тарткан. Т.Океев тарткан кинофильмдер: Жылкы деген ушул (дар.,1965), Бакайдын жайыты (1966), Боом (дар., 1969), Мурас (дар., 1970), Отко таазим (1972), Көк серек (1973), Кызыл алма (1975), Улан (1977), Алтын күз (1980), Айкелчи Ольга Мануйлова (1982), Ак илбирстин тукуму (1984), Сүйүү залкымы (1986), Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт (1990) жана башкалар. Чыгаан режиссердун замандаштары: «Төлөмүш Океев жылдызы жанган, терең ой жүгүрткөн маңыздуу, тамашакөй жана курч сөздүү, сүйкүмдүү инсан эле. Ал жамандыктын эч кимге кечиримсиз күрөшүүчүсү болчу. Ошондуктан мунун баарын чыгармаларында чагылдырган», - деп эскеришкен.

Кыргыз киносунун жаркын инсаны Төлөмүш Океев 2001-жылы 18-декабрда Анкара шаарында дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Ала-Арча мемориалдык көрүстөнүнө коюлган. 2002-жылдын биринчи жарымында Төлөмүш Океев атындагы фонд ачылып, ушул эле жылы 17-ноябрда «Кыргызфильм» киностудиясына анын ысымы берилген.

# Болот Миңжылкыев



Сейрек үндүү, СССР дин жана Кыргыз ССР нин Эл артисти Болот Миңжылкыев 1940-жылы 24-апрелде Ысык-Көл районунун, Тору-Айгыр айылында кыргыз элинен чыккан, биринчи геолог Абдулла Мунайтпасовичтин үй-бүлөсүндө туулган.

Болот Миңжылкыевдин үнүнүн күчү, кеңдиги, ийкемдүүлүгү бир гана кыргыз угармандарынын эмес, чет элдик угармандарды да таң калтырып, тамшандырган жана алардын урмат-сыйына арзыган. Ал кыргыз ырчыларынын ичинен биринчи болуп, өзүн эң жогорку деңгээлдеги вокалист катары тааныта алды. Ошондуктан анын атагы Советтер Союзунда гана эмес, чет өлкөлөргө да тараган.

Келечектеги атактуу ырчы орто мектепти аяктап, 1961-жылы Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын опера студиясына киргенден тарта, чыгармачылык тушоосу кесилген. Өз мезгилинде КР нын эл артистери С. Юсупобдон, С.Х. Чеховдон сабак алган. 1962-жылы КРнын маданият министрлигинин жолдомосу менен, Өзбекстан Республикасынын Ташкент мамлекеттик консерваториясынын вокалдык бөлүмүнө кабыл алынган. Ал жерден белгилүү вокал боюнча окутуучу И.Калинкованын классында окуп, 1966 - жылы аяктаган. Ушул эле жылы Кыргыз опера жана балет театрынын солисти болуп эмгек жолун баштаган.

Ал эми 1968-1971-жылдары Италиянын Милан театрына билимин жогорулатуу үчүн барган. Анда көптөгөн белгилүү опера ырчылары менен бирге «Ла Скаланын» чоң сахнасында Дж. Вердинин «Дон Карлос» аттуу операсынан, Король Филиппптин италя тилиндеги партиясын, ошондой эле «Борис Годунов» операсынан Борис Годуновдун партиясын аткарган. Керемет үндүү Б. Миңжылкыев 1970-жылдан тарта, Болгария, Польша, Венгрия, Югославия, ГДР, Чехословакия, Батыш Берлин, ФРГ, Швеция, Сирия, Иордания, Вьетнам, Лаос, Япония, КЭДР сыяктуу мамлекеттердин көрүнүктүү опера-театрларына гастролго чыккан.

Б. Миңжылкиев – Орто Азия жана Казакстан музыкант-аткаруучуларынын биринчи конкурсунун лауреаты. 1973-жылы Софияда өткөн вокалисттердин эл аралык конкурсунда алтын медалга жана лауреат наамына татыктуу болгон. Кийинки чыгармачылык жолунда, башкача айтканда 1975-жылы Москвадагы Чоң театрдын жамааты менен гастролго чыгып, АКШ нын «Метрополитен операсынын» сахнасында ырдоо бактысына ээ болгон.

Ал эми 1971-жылдан баштап, Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институнун жеке ырдоо (сольная пения) кафедрасында иштей баштаган. 1983-жылы аталган кафедранын жетекчиси жана профессору болгон. 1992-1997-жылдары Санкт-Петербург шаарындагы Мариин театрында иштеген.

Б.Миңжылкыевдин талыкпаган эмгегинин акыбети кайтып, ал: 1971-жылы Кыргыз ССР нин эмгек сиңирген артисти; 1972-жылы Кыргыз ССР нин Ленин комсомол сыйлыгынын лауреаты; 1973-жылы Кыргыз ССР нин Эл артисти; 1976-жылы СССР Эл артисти; 1976-жылы Кыргыз ССР нин Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты; «Борис Годунов» операсындагы башкы каармандын ролу үчүн жана 1973-1976-жылдары аткарган концерттик программалары үчүн СССРдин Ленин Комсомол сыйлыгынын лауреаты; 1985-жылы советтик, орус жана чет элдик чыгармаларды камтыган мыкты концерттик программасы үчүн

СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреты сыяктуу наам-сыйлыктарга татыктуу болгон. Мындан сырткары СССР Жогорку Советинин 10-чакырылышынын жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.

Заманыбыздын мыкты, сейрек бас ( жоон үндүү обончу) добуштуу, таланттуу улуу Болот Миңжылкыев 1997-жылдын 16-августунда тирүүлүк менен кош айтышты. Анын албес-өчпөс ысмын урматтап, 1998-жылы Мариин жана Кыргыз Улуттук опера-театрында жеке музейи ачылды. Ал эми анын даңктуу ысмы Бишкек шаарынын бир көчөсүнө ыйгарылды.

# Ишенбай Абдразаков



Элдик элчи жана кыраакы даанышман атагына ээ болгон Ишенбай Абдразаков 1937-жылы 12-августа Чолпон-Ата шаарында туулган. 1950-жылдардын аягында Москвадагы Мамлекеттик экономикалык институтту, андан соң 1967-1970-жылдары СССРдин Тышкы иштер министрлигинин Жогорку дипломатиялык окуу жайын бүтүрүп, СССРдин Тышкы иштер министрлигинде бир топ кызматтарды аркалаган.

И. Абдразаков 1971-1975-жылдары СССРдин Япония элчилигинде 3-катчы жана 2-катчы кызматтарында иштеп, тажрыйба топтогон. 1975-1978-жылдары СССРдин Саппоро шаарынын консулу болгон. Ал Кыргыздардан чыккан СССРдин чет элдердеги дипломатиялык миссиясын башкарган – алгачкы инсан.

И. Абдразаков СССР кыйрагандан кийин, Россиянын Федерациясынын Тышкы иштер министрлиги жаңы кызмат сунуш кылганына карабастан, эгемендүүлүккө жетишкен өз мекенине кол-кабыш кылам деп, Бишкек шаарына келген. Ал адегенде, 1994-1996-жылдары КРнын Президентинин консультант-эксперти болуп иштеп, кийин 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы болуп дайындалган. Акыркы жылдары К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде жаш муундарга эл аралык саясат жана дипломатиялык иштер боюнча сабак берип жүрдү.

Элчинин дипломатиялык кызматынын көп жылдары Япония мамлекетинде өткөндүктөн, ал жерде мурунтан түзүлгөн байланыштарды калыбына келтирип, бир топ жыл «Кыргызстан-Япония» коомунун президенти катары, эки мамлекеттин ортосундагы кызматташууну бекемдөөгө аракет кылды. Аны менен катар, Тышкы иштер министрлигинин Байкоочу кеңешинин төрагасы болуп да иштеди. 1999-2006-жылдары Ишенбай Абдразаков Кыргызстандагы Борбордук Азиядагы Америка университетинин Көзөмөлдөөчү кеңешинин мүчөсү болгон.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын өз алдынча өнүгүп-өсүшүнө кошкон салымы үчүн 2007-жылы «Данакер» ордени тапшырылган. Ошондой эле 2008-жылы Япон императору тарабынан чет элдик жарандар үчүн берилүүчү мамлекеттик, жогорку «Улуу тасмадагы Чыгып келе жаткан Күн» ордени менен сыйланган.

Киндик каны тамган жерге ак дилден кызмат кылуунун өрнөгү болгон Ишенбай Абдразаков 2014-жылдын 24-апрелинде күтүүсүздөн дүйнө салды. Маркумдун сөөгү Ала-Арча мемориалдык көрүстөнүнө коюлган.

# Жаныбек Жээнбаев



Физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги Жаныбек Жээнбаев 1931-жылы Түп районунун Күрмөнтү айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ата-энеси Октябрь революциясына дейре, кедей-дыйкан болушкан. Атасы Осконбаев Жээнбай 1921-жылдан тартып, советтик-партиялык уюмдарда партиялык жооптуу кызматтарда иштеген жана БКП (б) нын мүчөсү болгон. Сталиндик катаал мезгилинде 1938-жылы репрессияланган. Ал эми 1957-жылы кайрадан акталып, партияга кабыл алынган. Ал эми энеси Өскөнбаева Баиз колхоздо иштеген, БКП(б) нын мүчөсү болгон.

Ал билим жолун 1938-жылы Күрмөнтү орто мектебинде окуудан баштаган. Согуш мезгилинен кийинки оор шартка карабай, 1948-жылдын аталган мектепти ийгиликтүү аяктаган. Билимге суусаган улан ошол эле жылы Пржевальск шаарындагы Мугалимдер институтуна тапшырып, 1950-жылы аны артыкчылык диплому менен аяктаган. Институтту аяктаган соң, эмгек жолун өзү билим алган Күрмөнтү орто мектебинде 6-10-класстарга физика сабагынын мугалими болуудан баштаган. Андан ары 1951-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып, башкалардан мыкты окугандыгы менен айырмаланган. Ошондой эле коомдук иштерге да активдүүлүк менен катышкан. Өз факультетинде комсомолдук уюмдун катчысы болгон. Бир эле учурда окуп, иштеп, өзүнүн билимин, турмуштук тажрыйбасын кеңейткен, байыткан. 1953-1955-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий оптикалык лабораториясында улук препаратор (препарат даярдоочу киши) болуп иштеген. Кафедранын илим изилдөө иш-аракетине жигердүүлүк менен катышкандыгы үчүн, 6 жолу СССР МАО нун жана Кыргызстан ЛКЖУ БК нын грамотасы менен сыйланган.

Келечектеги окумуштуу университетти бүтүргөндөн кийин, 1956-жылдан 1957-жылга чейин, СССР дин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасына, ал эми 1957-жылдын 15-ноябрынан 1960-жылдын 1-июлуна дейре М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин аспирантурасына жиберилет. Ошентип 1960-жылы физика-математика илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактайт.

Ж.Жээнбаев 1960-69-жылдары Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Физика институтунда (1984-жылдан кийин физика-математика институту болуп атала баштаган) газ разряддар физикасы лабораториясында алгач кенже илимий кызматкер, андан соң башчы болуп иштейт. Кийинки

1969-76-жылдарда академияда директордун илим боюнча орун басары, 1976-жылдан физика-математика институтунун директору жана атомдук спектроскопия лабораториясынын башчысы болуп эмгектенет. Узак илимий жолунда, 1963-жылдан 1977-жылга дейре (12 жыл) Фрунзе политехникалык институтунда жана Кыргыз мамлекеттик университетинде бир мезгилде иштейт. Илим изилдөөнүн түйшүктүү жолунда, башкача айтканда 1970-жылы физика-математика илимдери боюнча доктордук даражасын ийгиликтүү коргойт. Ал эми 1972-жылы СССР ЖАК тарабынан профессор наамы бекитилет. Ошентип илим менен алп урушкан уландын бир кездеги кыялы ишке ашып, талбаган эмгеги менен улам жаңы бийиктиктерди багындыра баштайт. 1984-жылдан баштап, Кыргыз ССР ИА сынын Физика институнун директору болуп калат. Ошондой эле 1987-жылы Кыргыз ССР ИА сынын мүчө- корреспонденттти, 2 жылдан соң 1989-жылы анык мүчөсү болуп, академик даражасын алат. Кыргыз жергесиндеги илим-билимдин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн, Ж.Жээнбаевге 1991-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген илимий ишмери» деген ардактуу наам берилет. Андан соң, 1992-жылы техника жана илим тармагындагы зор эмгеги үчүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылат. Ошондой эле, ал СССРдин үч медалы менен сыйланат.

1993-жылдын декабрынан тартып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, ал эми 1997-жылы аталган академиянын президенти болуп шайланган. Ж. Жээнбаевдин негизги илимий изилдөөлөрү атом спектроскопиясы менен плазма физикасына арналган. Анын жетекчилиги менен Кыргызстанда 1-жолу төмөнкү температуралуу плазма генератору түзүлүп, бир жана эки агымдуу плазматрондор, плазма диагнозун коюу ыкмалары, спектроскопия жолу менен анализдөө иш жүзүнө ашкан. Ал 300дөн ашык илимий эмгектин (анын ичинде 30 ойлоп чыгаруунун, 9 монографиянын) автору жана айрымдарынын авторлошу.

Ж.Жээнбаев АКШ, ГДР, Болгария, Испания, Турция, СССР сыяктуу өлкөлөр катышкан, эл аралык симпозиумдарда, конференцияларда, семинарларда, коллоквиумдарда илимий доклаттары менен чыгып турган. Мамлекеттик делегациянын курамында Канада конфедерациясынын 100 жылдыгына арналган Монрель шаарындагы дүйнөлүк деңгээлдеги Экспо-67 эл аралык көргөзмөсүнө катышкан. Илимий турист катары Японияга да барып-келген.

«Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» дегендей, Ж. Жээнбаев – Россия Федерациясынын Педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын академиги, Дүйнөлүк Инновациялык Корунун ардактуу мүчөсү, Илимдер Академиясынын Эл аралык ассоциация Кеңешинин мүчөсү, Казахстан Республикасынын Кибернетика Академиясынын академиги, Монголия мамлекетинин илимдер академиясынын жана Улан-Батор университетинин ардактуу профессору.

Ж.Жээнбаев өз мезгилинде СССРдин медалдары, БК ВЛКСМ дын ардак грамоталары, Кыргызстандын КПСС нын Борбордук комитетинин ардак грамоталары менен сыйланган. Ал - «Даңк» медалынын ээси, III даражадагы «Манас» Орденинин кавалери. Ошондой эле, Украинанын I даражадагы Георгиевский алтын медалы менен сыйланган.

Академик Ж.Жээнбаев Бишкек шаардык кеңешинин эл депутаты, Евразиялык физиктер коомунун вице-президенти (ЕАФК), Кыргызстан физиктер коомунун төрагасы, ошону менен бирге Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясынын мүчөсү болгон.



Қабылан



К. Тыныстанов достору менен. Ленинград. 1933-ж.



Драматург, лингвист, коомдук ишмер
К. Тыныстановдун туугандары жана жакындары:
аялы Т. Тыныстанова, бир туугандары
Б. Тыныстанов жана К. Тыныстанов. 1925-ж.



Хамза Абдувалиев-Нагима Айтматованын атасы,
үй-бүлөсү менен. Каракол шаары. 1915-1916-жж.



Пржевальскийдин эстелигин ачуу [illegible] Каракол 1894 ж.



[illegible]



Ысык-Көл (Датыш жээги) революцияга чейин



Подполковник, коомдук ишмер, ойчул, элчи Кыдыр аке өз үйүндө Кереге-Таш Ак-Суу



Орто Азия Республикаларынын улуттар бөлүнүш комиссиясынын мүчөлөрү (ылдыйкы катарда, солдон оңго карай) Т. Токбаев, Р. Кудайкулов, Ж. Абдрахманов Ташкент 1924-ж




Тон суусунун боюндагы өргөөлөр



[illegible] Тумашев [illegible]



Областтык Аткаруу Комитетинин президиуму. Солдон оңго карай: Кырбюкомдун БКП (б)нын жооптуу катчысы Д. Салиев, Облаткомдун Төрагасынын орун басары Ж. Абдрахманов, Кырбюкомдун БКП (б)нын жооптуу катчысы И. А. Уэюков, Облаткомдун төрагасы А. Орозбеков, Төраганын орун басары Фатьянов, президиумдун мүчөлөрү И. Тайчинов, Зулфибаева, Бек-Исаков, тургандар: жооптуу катчы Юрин, президиумдун мүчөсү Рыжков жана Кулназаров Н. Ташкент 1924-ж.



[illegible] декадасы [illegible] Ысык-Көл районунун [illegible] иштөөчүлөрү ме[illegible] учуру. Солдо [illegible] В. Мурадилы. Ысык-Көл [illegible]



Жети-Өгүз районундагы жолугушуу: акын Б. Сарногоев (3), манасчы, Кыргыз ССРнин Эл артисти С. Каралаев (4), жазуучулар Т. Сыдыкбеков (6), К. Баялинов, «Сарыуу» колхозунун башкармасы А. Токсобаев (8). Жети-Өгүз 1959-ж.



«Ысык-Көл шериңесинин» катышуучулары: Түрк жазуучусу Я. Кемаль (6), Эфиопиялык сүрөтчү А. Текле (7), англис окумуштуусу, коомдук ишмер, Рим клубунун президенти А. Кинг (8), Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасы, Эл жазуучусу Ч. Айтматов (9) Тянь-Шань тоолорунда. Ысык-Көл форуму. 1986-ж.



Акын демократ Тоголок Молдонун 100 жылдыгына арналган салтанаттуу [illegible] (солдон оңго): төкмө акын Осмонкул Бөлөбалаев, композитор Карамолдо Орозов, акын-комузчу Чалагыз Иманкулов



Кыргызстанда орус совет музыкасынын күндөрү Декаданын катышуучулары: композитор Д.Д. Шостакович Жети-Өгүз районунда. 1964-ж.



«Ысык-Көл шериңесинин» катышуучулары [illegible] оңго карай: СССРдин эх-президенти М. Горбачев, Кыргызстандын эл жазуучусу [illegible] Ленин[illegible] сыйлыгынын [illegible] [illegible] Айтматов [illegible] 1986-ж.



Композитор Фере Кыргыз искусствосу жана адабиятынын декадасынын катышуучулары менен. Оңдо Ы. Туманов. Оңдо тургандар: Джумаканов, Чодронов, Феферман. Москва 1958-ж.



Солдон оңго: Манасчы С. Каралаев, жазуучулар: К. Жантошев, Ш. Бейшеналиев, К. Маликов, А. Токомбаев



# Ысык-Көл –
# манасчылардын
# алтын бешиги

*Уламадан уккан сөз,*
*Үгүтү оюп чыккан сөз.*
*Карылардын аяган сөз,*
*Калк ичинде калган сөз.*
*Арбын жомок - толгон сөз,*
*Ат көтөргүс болгон сөз.*
*Арсыздарга токтолбой,*
*Азамат-эрге конгон сөз.*



Илгертен Ысык-Көл өрөөнү «манасчылардын мекени» деп аталып келген. Кыргыздын залкар манасчыларынын дээрлик көбү ушул касиеттүү жерде туулуп, жашап өтүшкөн. Бул феноменалдуу кубулушту – улуу эпопеянын айрым белгилүү окуялары ушул аймакта өткөндүгү, Манас бабабыз тирүү кезинде Каркыраны жакшы көргөндүгү менен байланыштырышат. Ошондуктан айкөлдүн руху да көл жакасына айланчыктап, таланттуу, арууу жаштарга аян берип, өмүр бою манас айтуу вазийпасын тапшырат деген, ыйык ишеним жашайт.

# Чоң баш [Нармантай]

*«Чоңбаштын жомогу, ай!»*
**(Элдик)**

*Назар, Чоңбаш жомокчу*
*Булар да жакшы айткан дейт.*
*Келишкен кебин укканда,*
*Адамдын дили тарткан дейт.*
**(Тоголок Молдо)**

Нармантай (Чоңбаш) XVIII кылымда Ысык-Көлдүн Ак-Суу аймагындагы бугунун арык мырза уругунан чыккан – өнөрпоз. Өз аты Нармантай экенине карабай, дене бою олбурлуу жана башы өтө чоң болгондуктан, Чоң Баш манасчы аталып, өз ысмы анча колдонулбай, унутулуп калган экен. Манасчылык өнөрдө да ушул ат менен эл эсинде сакталып калган.

Чоң баш манасчы «Манас» дастанын мыкты айткан, ташкындаган талант болгон. Ал мурдагы манасчылардын мурасын сактап, алардын өнөрүн кийинки урпактарга өткөрүп берген - улуу манасчы. Тилекке каршы, анын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар дээрлик жокко эсе.

Ал өз доорунун атактуу манасчыларынын бири, айтылуу Тыныбек жомокчунун устаты болгон. Шакирти Тыныбек Чоңбаш манасчынын өнөрү тууралуу: «Манас» айтабы, жомок айтабы, оозунан көк түтүн буркурап, элдин кулагы сүйүнөөр эле», - деп, тамшануу менен эскерчү экен. Ал тургай, Тыныбек залкар манасчылар Келдибек менен Акылбектин өнөрлөрүн өз устаты Чоңбаш менен салыштырып: «Чоңбашчалык ырчы эмес экен», - дептир. Ушул жерде «күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт» деген накыл кеп эске түшөт. Айтор, бул залкар манасчынын таржымалын терең изилдөө – келечектин иши.

# Назар Болот уулу

*Семетейчи Назардын*
*Кан жесири Каныкей,*
*Бухарды коздой качканын,*
*Талго кыяып долууну*
*Тайторуну чапканын*
*Кара нөшөрдөй жамгырдай,*
*Төгүп ырдап турганда.*
*Каныкейдин арманын,*
*Калк дилине жеткирип,*
*Чогуп ыйлап турганда*
*Ат дүбүртү угулчу,*
*Айыл калбай чогулчу,*
*Жетим-жесир зарына*
*Калк көңүлү бурулчу,*
*Салаалап жашы куюлчу.*
**(Арстанбек Буйлаш уулу)**

Акылбек, Чоюке сыяктуу залкар манасчылардын устаты, бүгүнү арыкмырза уруусунан чыккан алп манасчы Назар Болот уулу Ысык-Көлдүн Түргөн болуштугуна караштуу Сары-Камыш айылында 1828-жылы жарык дүйнөгө келген.

Казак элинин уулу, окумуштуу Чокон Валиханов Токсабанын ортосунда Жыргалаң суусунун боюнда Назар Болот уулунун айтуусу боюнча «Көкөтөйдүн ашын» жазып алган. Тилекке каршы, мыңдан сырткары анын айтуусундагы «Манас» жазылып калбаганы менен, аны көрүп билгендер: «Назар манасчы «Манасты» айтып, толуп-ташып калганда, башындагы топусу шилисинен чекесине келип-кетип турар эле, ошондой эле дастандын үчөөн тең толук билчү»-дешсе, ал эми жомокчу Мамбеталы Ашымбай: «Каныкейдин тайторуну чапканын Назар дастанчы мыкты айтчу экен» - деп эскерет.

Кезегинде Көлдүн атактуу манабы, кадимки Тилекматтын уулу Чыныбай Назар менен Тыныбекти айтыштырып көрөт. Эки залкар манасчы Манас баатырдын дүйнөдөн кайтканы, ага күмбөз салдыруу жөнүндөгү окуяларды айтат. Анда Назыр аттуу устанын Айкөл Манаска күмбөз салгандыгын баяндап Назар манасчы дастанды бир жарым күн тынбай айтат. Манасчынын өнөрүнө күбө болгондор «Назар чоң жомокчу, ал «Семетейди» да, «Сейтекти» да чебер айтат» дешет. Чоң манасчы Назар өзү тууралуу: «Жээрде аттан башка малым жок, Манастан башка жаным жок», - деп, ырдачу экен. Ушундан улам, Назар дүйнө-мүлк күтпөгөн, өмүрүн «Манаска» арнаган кукура манасчы экендигин билсе болот. 1893-жылы Көл өрөөнүнүн залкар манасчысы Назар Болот уулу түбөлүк көз жумат.

# Акылбек манасчы



Чоң манасчы Акылбек болжол менен 1840-жылдары туулган. Буту уруусунун кытай урутунан чыккан. Бизге жеткен маалыматтарга караганда, Акылбек өтө таланттуу жомокчу болгон. Маселен, манасчы Сагымбай Орозбак уулу өзү билген жомокчулардын ичинен Акылбекти жогору баалаган. Манасчылар тууралуу Сагымбай мындай ырдаган экен:

Назар менен Нармантай,
Келдибек, Балык, Тыныбек.
Бларысынан байкасам
Артык билет Акылбек.

Залкар манасчылардын бири Саякбай Карала уулу «Чоң манасчылардын кимисине жолугуп, таалим алып, бирге болгонсуз?» деген суроого: «Чоң манасчыдан Акылбекке кезиктим. Тогуз баласы, жакшы байбичеси өлүп, өзү сексендин беш-алтысына барып калган кези экен. Ошондо да кебелбей, айтып турат кайран киши»,- деп жооп бергени бар.

«Мен өзүмдү бактылуумун деп сезем. Себеби ысык көлдүк атактуу манасчылардан жетоону көрүп калдым. Жетоонун тең оозунан «Манас» уктум. Мына ушул манасчылардын мыктыларынын бири Акылбекти биринчи ирет он үч жашымда көрдүм. Мен жыйырма сегизге чыкканча, Акылбектин «Манасын» көп уктум»,- деп эскерген Ыбырайым Абдрахман уулу. Анын эскерүүсүнө караганда, Акылбек «Манасты» калмак тилинде да айта билиптир.

Замандаштарынын баалоосуна караганда, Акылбек сыяктуу «Манасты» толук айткан, абдан талантуу жомокчулар чанда чыгат.

# Тыныбек Жапый уулу



*Келиштирип айтканда,*
*Түрү жакшы Тыныбек.*
*Кең көкүрөк келишкен,*
*Үнү жакшы Тыныбек.*
*Келбети жандан башкача*
*Сүрү жакшы Тыныбек.*

**(Тоголок Молдо)**

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын көрүнүктүү өкүлдөрү Тоголок Молдо, Сагымбай, Байбагыш, Деңизбайлардын устаты, манасчылык мектепти түптөгөн, даңктуу манасчы Тыныбек Жапый уулу 1846-жылы Ысык-Көлдүн Кайнар (азыркы Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылы) деген жеринде туулган. Атактуу манасчы тынымсейит уруусунун, торгой уругунан чыккан. Атасы Жапый абдан кедей адам болгон.

Тыныбек он төрт жашынан мергенчиликти үйрөнөт. Он сегиз жашынан баштап «Манас» айта баштайт. Күндөрдүн биринде атасы Жапый экөө жумуштап баратып, Кара-Көлдүн Бир-Булагында жашаган үч түтүн жатакчынын үйүнө конуп калышат. Түндө Тыныбектин түшүнө бүтүндөй жоокерлери менен Манас кирет. Алардын ичинен түлкүдөй сур ат минген, тоо боз чаар чепкен кийген, көзүнөн от чыккан, маңдайы жазы, мурду кырдач, жаңыдан чыгып келе жаткан жээрде муруту бар, ээрди жука, орто бойлуу сары чийкил жигит: «Жакшылап таанып ал!» - деп, Манастын баатырлары менен тааныштырат. Ошондо Манас баатыр: «Ой, Тыныбек, биздин ушул жүрүшүбүздү калтырбай айтып жүр!» - деп кылчая бергенде, Тыныбек аны тик багып карай албай: «Макул, Баатыр», -деп, убадасын берет.

Ушул түштөн кийин улуу дастанды айта баштайт. Уулунун элдир-селдир «Манас» айта баштаганын сезип калган Жапый улуу манасчылардан тарбия алсын, үйрөнсүн деп, Чоңбашка жиберет. Чоң манасчыдан Тыныбек жарым жылдай таалим алып, манасчылык өнөрдү үйрөнөт. Кийинчерээк Келдибек, Акылбек манасчылардан да манасчылыктын сырларын үйрөнүп, өнөрүн өркүндөтөт. Жыйырма беш жашында мыкты манасчылардын катарын толуктап, элге башы көрүнө баштайт. «Манастын» касиети колдоп, Тыныбек кийинчерээк бий болуп, бийликке да келет. Шабдан, Байтик, Чыныбай, Сооронбай, Өзбек өңдүү манаптар бир жолу Токмоктун түштүк тарабында, Сооронбайдын багында чогулуп алышып, Тыныбекке 30 күн «Манас» айттырышкан экен.

1898-жылы Тыныбектен «Манасты» жазып алуучулар келгенде, алардын максатын ачык билбеген манасчы көп чечилбей, «Семетейден» айрым үзүндүлөрдү гана айтып берет. «Семетейден» алынган ошол үзүндүлөрдү «Казань» басмасынан араб ариби менен чыгарышат. Ал эми 1925-жылы «Семетейден бир бөлүм» деген ат менен Москвадан жарык көрөт.

Жогоруда айтылгандай, башка манасчылардан айырмаланып Тыныбек Жапый уулу манасчыларды тарбиялоо мектебин түптөп, «Манас» айтуунун сырларын нечендеген жаш манасчыларга үйрөтүп, жаңы муунду тарбиялаган улуу устат болгон. Тыныбек тууралуу эл оозунда: «Ал «Манас» айтып жатканда жерден бир карыш көтөрүлүп калчу, көлдүн үстүнөн басчу», - деген аңыз кептер айтылып жүрөт.

Ал көз жумган күнү ай да тутулуп калган, дешет. Анткени улуу жомокчуга табият да аза күткөн экен. 1902-жылдын сентябрь айында 56 жаш курагында Нарындын Байдуулу-Туюк деген жеринде, дагы бир залкар манасчы бул дүйнөдөн өтөт.

# Чоюке Өмүр уулу

*Чоюке – чынар, мен – чырпык.*
*Чоюке – бүркүт, мен – чымчык.*
**(Саякбай Карала уулу)**



Даңктуу манасчы Саякбай Каралаевдин устаты, залкар манасчы Чоюке Өмүр уулу 1863-жылы Ысык-Көл өрөөнүнүн Түргөн болуштугуна караштуу Кара-Болток айылында (азыркы Ак-Суу району, Маман айылы) жарык дүйнөгө келген. Ал – Арык атанын Байым уругунан чыккан кооноргус талант.

Чоюке да, башка манасчылар сыяктуу эле, манас айтуудан мурун түшүндө Манастын баатырларын көрөт. Бир жолу тери бойоо үчүн, ышкын тергени Казакбай туугандарын экөө Кызыл-Кыянын белине барышат. Өзок жалгап, эс алып алалы деп, экөө тең уктап калышат. Түшүнө аксакал карыя кирет. Аксакал карыя экөөнүн тең оозуна таруу куят. Чочуп кеткен Казакбай оозундагы таруунун бүркүп жиберет. Ал эми Чоюке чайнап, жутуп коет. Кийин бул окуяны Казакбай: «Чоюке жаштык кылып жутуп жиберди, мен болсо чочуп бүркүп жибердим», - деп, өкүнүү менен эскерет. Ошондо болочок манасчы он төрттө экен. Чоюке бул сыяктуу түштөрдү бир канча жолу көрөт. Түшүндө Бакайга, Каныкейге жолугат. Бакайдын тапшырмасы боюнча Таластагы баатырдын күмбөзүнө зыяратка барат. Үч-төрт жылдан кийин, өз айлына келет, бирок көп узабай Кытай тараптагы Текеске өтүп, «Манас» айтып, Жусупакун деген манасчыны байырлап, аны менен бирге кыргыз-казак айылдарын кыдырып, Манас баатырдын баянын айтып жүрөт.

Өз мезгилинде Чоюке өмүр уулу Көл кылаасында «Манас» дастанын айтууда эч кимди алдына өткөргөн эмес. «Манас» дегенде баарын таштап, жада калса, бала-чакасына да карабай кете берген. өзү айтылуу Акылбек менен Тыныбектен үлгү алган. Айрыкча Каныкейдин Тайторуну чапкан жерин айтканда, ыйлабаган киши калчу эмес экен. Саякбай Каралаевдин айтуусуна караганда, Чоюке узун бойлуу, ак жүздүү, чокчо сакал киши болуптур. Манасчы Шаабай Азизов чоң атасы Чоюкенин «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Эр Сарык», «Алымсарык», «Кулансарык», «Кенен», «Акаяр», «Акжол» аттуу дастандардын баарын айтканын белгилейт. Мындан сырткары залкар манасчы «Эр Төштүк», «Жаныш-Байыш», «Жоторуоңдуу дастандарды да айткан.

Анын кереметтүү талантынан таасир алып, үйрөнгөн

шакирттери: Азиз (бир тууган иниси), Саякбай Каралаев уулу, Мамбеталы Ашымбай уулу, Осмоналы Алтыбай уулу, Шаабай Азиз уулу болгон. Эл оозунда ысмы түбөлүк сакталган, чоң манасчы 1925-жылы өз айылында көз жумган.

## Жандаке Байболот уулу

Манасчы 1853-жылы Жети-Өгүз районунун Чырак айылында туулган. Атасы Байболот элдик салтты, ырым-жырымдарды жана динди катуу туткан билимдүү адам болгон. Жандаке жаштайынан эле элдик ыр-күүгө тартылып, шыктуулугу менен башкалардан айырмаланган. Ал атактуу Назар манасчынын шакирти болгон. Ал «Манас» эпосунун орчундуу жерлеринен «Көкөтөйдүн ашын» көбүрөөк айткан. Жандаке «Манас» айтып жатканда боз үйгө эл батпай калчу экен. Белгилүү манасчы жана «Манас» изилдөөчү Ыбырай Абдрахман уулу Жандакени өзүнүн устаты экендигин, аны менен 20 жылча бирге жүрүп, таалим алгандыгын эскерген.

Манасчы Жандаке 1917-жылы Кең жергесиндеги Ак-Шыйрак айылында дүйнө өткөн.

## Жүгөрү Назар уулу

Залкар манасчы Назар уулу Жүгөрү 1864-жылы Түргөн болуштугуна караштуу Сары-Камыш айылында туулган. Жүгөрү атасы айтылуу Назар манасчынын жолун жолдоп, манасчылык өнөргө тагдырлаш болот. Ал жөнүндө замандаштары: «Жүгөрү согуш башталган жылы 77 жаш курагында өлдү. Жүгөрүнү совет мезгилинин алгачкы жылдары тиешелүү мекемелер «Манас» айттырууга чакыртса өзүнүн карылыгын шылтоо кылып барган эмес», - деп эскеришкен.

Жүгөрү манасчы «Семетейди» толук айтып, «Сейтек» дастанынан «Сейтектин төрөлүшүн», «Сейтектин өз элине келишин» өтө чоң чеберчилик менен айтчу экен. Ошондуктан эл аны «семетейчи» деп аташкан. Бирок бул атка көнгөнү менен, ал эпостун бардык бөлүктөрүн толук айта алчу, дешет. Учурунда манасчы Мамбеталы Ашымбай уулу бир канча жыл Жүгөрүнүн жанында жүрүп, таалим алып, кемчиликтерин толуктаган.

Кыргыз элинин ыйык мурасынын атадан балага карай кеткен жолун улаган, чоң манасчы Жүгөрү Назар уулу 1941-жылы Сары-Камыш айылында дүйнөдөн кайткан.

## Азис Өмүр уулу

Арык тукумунун Байым уругунан чыккан Азиз Өмүр уулу 1870-жылы Кол кылаасынын Ак-Суу районундагы Кара-Балтак айылында туулган.

Ал бир тууган агасы Чоюке менен бирге жашап, андан «Манас» айтуу чеберчилигин мыкты үйрөнгөн. Бирок атактуу агасы Чоюкенин манасчынын көзүнчө ыйбаа кылып, «Манас» айтчу эмес, дешет. Чоюке айлап жылдап жер кыдырып, «Манас» айтып кеткенде, Азиз элдин суроосу боюнча, күпүлдөтө «Манас» айткандыгы менен эл оозуна алынган. Ал да агасы Чоюке сыяктуу, Манастын 8-муунуна чейинки окуяларын мыкты айта билген. Башка манасчылардан айырмаланып, Азиз манасчы баатыр бабалардан аян албаганын айтып, өзүн манасчы деп эсептечү эмес. Ошондуктан, кайып дүйнөлүү рухтар жазалап коёрунан чочулап, «Манас» айтууда анын баарын агасы Чоюке манасчыдан үйрөнгөн боюнча айтаарын жана аян албаганын сөзсүз эскерте турган. Эл анын ошол ыймандуулугун жана акпейилдигин өтө баалаптыр.

Чоюке манасчы дүйнөдөн өткөн соң, ал да «Манас» айтууну токтотуп, эл өтө сураганда гана, эрмек үчүн дастандын айрым эпизоддорун айтып берүүчү экен. Кийин баласы Шаабайга аян түшүп, «Манас» айта баштаганда, Азис манасчылык өнөрдү ыйык сакташын катуу талап кылып, өзүнүн билгендерин уулуна үйрөтүп, уулуна манасчылыкты биротоло өткөрүп берип, өзү насаатчы болуп калган.

Азиз Өмүр уулу 100 жыл кылым менен канатташ жашап, 1970-жылы көз жумат.



## Мамбеталы Ашымбай уулу [Көкчөкө]

Манасчы Мамбеталы Ашымбай уулу 1886-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы Кайырма-Арык айылында туулган. Ал – Арык тукумунун Сейитказы уругунан чыккан манасчы. Ал бала кезинен жомокторду, элдик санжыраларды, уламыштарды берилип уга турган. Айылдагы жаштар көңүл ачкан «Кыз оюн», «Селкинчек» өңдүү оюн-зооктордон калчу эмес экен. Өзү да ыр чыгарып, оюн-тамаша куруп, жаштар-

дын арасында жамактатып ырдап жүрүп, өз айлында ырчы аталып кетет. Мамбеталы жаш кезинен эле «Манаска» абдан кызыккан. Ал эми 16-17 жашында Көл башындагы жомокчу Чоюкенин айлына келип, анын жанында кыштап, «Манас» айтканды үйрөнөт. Бардык манасчылар сыяктуу эле, өзүндөгү айтуучулук шыктын жаралышын, кандайдыр бир сырткары күчтүн колдоосу, башкача айтканда, түш көрүү салты менен байланыштырат.

Мамбеталы манасчы өз доорунун Чоюке, Жүтөрү, Кайдуу, Шапак, Дыйканбай өңдүү манасчыларынан өрнөк алган. Өткөн кылымдардын 60-жылдарында Мамбеталыдан «Манасты» жазып алуу иши башталган. Андан «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Алмамбеттин аңгемеси», «Коңурбайдын чабуулу», «Манастын өлүмү» жана «Семетейдин» толук окуясы жазылып алынган.

Мамбеталы Ашымбай уулунун манасчылык өнөрү мыкты болгон. Анысы бааланып, 1939-жылкы Москвада өткөн Кыргыз искусствосу менен адабиятынын I декадасына катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ал ошол жылдан тартып, 1944-жылга чейин Ысык-Көл облустук драма театрында артист болуп иштейт. Кийинчерээк ал ден соолугуна байланыштуу артистикти таштап, өз айлында жашап, өмүрүнүн акырына чейин «Манас», Семетей», «Сейтек» дастандарын айтуу менен бирге, элибиздин улуу мурасын элге даңазалаган. Атактуу манасчы 1969-жылы дүйнөдөн өткөн.

# Саякбай Каралаев

*«Биз үчүн жыйырманчы кылымда -*
*Манас менен Каралаев ажырагыс.»*

**(Ч.Айтматов)**

*«Сен күндөр айткан «Манасты»,*
*Саякбай залкар манасчы,*
*Обдулуп «Манас» айтканда*
*Океан эле, киши эмес.*
*Тайтору атты чапканда,*
*Тартылчу көзгө жүз элес.*
*Татыр ди майлап жиберчү,*
*Так ошол жерде биз эмес...»*

**(Б. Сарногоев)**



XX кылымдын Гомери аталган, улуу манасчы Саякбай Каралаев «Манас» эпосун айтып жатканда, окуянын жүрүшүнө карата бир укмуштуудай обонго салып, бирде тоо дарыясындай буркан-шаркан түшүп, бирде сыдырым желдей мемирел, бирде ботосун жоготкон ингендей боздоп, ар бир каармандын

кулк-мүнөзүн кереметтүү сүрөттөп айтчу, дешет.

Кыргыздын сыймыгы, залкар манасчы Саякбай Каралаев 1894-жылдын 7-май күнү Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Ак-Олон жергесинде жарык дүйнөгө келген. Ал бала кезинен элдик чыгармаларды чоң энеси Дакиштен угуп чоңоёт. Чоң энеси Суранчы сыяктуу чоң манасчылардан уккан, эсте калган ыр саптарын, ошондой эле кара сөз түрүндө баяндалган сюжетин небересинин кулагына куя берген. Ал он эки жашында Жети-Өгүздө Төлбай деген байдын коюн кайтарып, жалчылыкта жүрөт. Өспүрүм кезинде, өзү туулуп- өскөн Семиз-Белден Орто-Токойго келе жатып, орто жолдо кара таштын түбүндө уктап калып, түш көрөт. Түшүндө кара таш боз үйгө айланып, анын ичине кирсе, Каныкей эне тосуп алып, колунан даам таттырат. Даанышман Бакай айкөл Манасты, баатыр Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты бир-бирден сыпаттап айтып, тааныштырып чыгат. Ошондон кийин «Манастан» үзүндү айтып, ошол кездеги чоң манасчылар Чоюке Өмүр уулу менен Акылбекке жолугуп, таалим-тарбия алып, эл алдына чыга баштайт.

Саякбай Каралаев кыргыздардын 1916-жылдагы орус падышачылыгына каршы көтөрүлүшүнө катышып, анын айынан Кытайга чейин качып, 1917-жылы кайра мекенине кайтып келген. 1918-1921-жылдарда ыктыярдуу кызыл гвардиячылардын катарында кызмат кылып Алматы, Бухара, Ашхабадга чейин барган. 1921-1931-жылдары Ысык-Көлгө кайтып барып, Маман жана Ырдык айылдарында айыл кеңешинин төрагалык милдетин аткаруу менен бирге, манасчылык өнөрүн да өркүндөткөн.

Белгилүү окумуштуу-тилчи Күсейин Карасаев Саякбай манасчыны борбор шаарга (Фрунзеге) алып барып, «Манас» айттырып, андан эпосту жазып алуу ишин баштайт. Ал 1939-жылы Москвада өткөн Кыргызстандын адабиятынын жана маданиятынын I декадасында «Манас» айтып, партиялык жетекчилердин жана көрөрмандарды таң калтырат. 1935-жылдан 1954-жылга чейин мамлекеттик филармонияда иштейт.

Саякбай айткан «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Куланшарык», «Алымсарык» эпостору 500553 сапты түзөт. Башкача айтканда, бул вариант Гомердин «Илиада», «Одиссеясынан» 20 эсе, ал эми «Шахнамеден» 5 эсеге, «Махабхараттан» 2,5 эсеге көптүк кылат дешет, изилдөөчүлөр. Ал «Манас» үчилтигинен тышкары, «Бүркүттүн жомогу», «Делдең баатыр», «Бакытай балбан», «Канаттуу куштар», «Кара молдо», «Томор мерген», «Азапты көп көргөн Кубат», «Унутулгус күндөр» өңдүү майда эпосторду да көркөм айткан. Анын айтуусундагы «Төштүк» эпосунун варианты Парижде француз тилинде жарык көргөн.

Саякбай Каралаев кыргыз маданиятын өнүктүрүүдөгү эмгеги үчүн, үч жолу Эмгек Кызыл Туу ордени жана «Ардак белгиси» ордени, Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн медалы менен сыйланган. Залкар манасчыга 1939-жылы Кыр-

гыз ССРинин Эл артисти наамы берилген. Кыргыз элине көөнөрбөс мурас калтырган, улуу манасчы Саякбай Каралаев экинчи инсультка кабылып, 1971-жылы 7-майда ооруканада дүйнөдөн кайткан.

# Мамбет Чокмор уулу



Мамбет Чокмор уулу 1896-жылы Тоң аймагындагы Корумду деген жерде туулган. Устаты таякеси Донузбай манасчы болгон. Бала кезинен таякесинен «Манасты» көп уккан. Бирок кайсы манасчыдан кандайча таалим алганын айтчу эмес, дешет. Сурагандарга «Манасты» бирөөдөн үйрөнбөйт, «кудай берет» деп, кесе айтчу экен. Мамбет төрт жашар маалында, уктап жаткан жеринен жылаңач туруп, качып кетет. Ошондо кандайдыр бир кереметтүү күчтүн таасири менен, Манас менен анын чоролору баскан жолдорду даана көрөт.

Мамбеттин дагы бир түшүнө Манастын кошууну кирет. Ошолордун ичинен бирөө: «Буларды тааныбайсыңбы?» - деп, опузалап суракка алат. Мамбет аларды таанып турганын айтат. Дагы бирөөнүн: «Найза менен сайып өлтүрүп ташта!» - деген добушун угат. Экинчи добуш: «Коркпогун, «Манасты» айтасың», - дейт. Үчүнчүсү: «Жүрөгү түшүп калды, кантип айтсын?» - дегендей болот. Анан бирөө түшө калып, Мамбеттин оң тонгуна моор басат. «Болду, эми жыйырмага толгондо айтат», - дешип, алар кете беришет. Ошентип, Мамбет «Манасты» жалгыздап айта баштайт. Бирок бирөө көрсө, же жолугуп калса, манасчы эсинен танып жыгылып калчу экен. Мына ушундай абалда жүрүп, бир жак ыптасы шал болуп ооруйт. Ошондо жээнинин абалын байкаган Донузбай башкалардык элге бул тууралуу айтат. Ошол мезгилден тартып, тагыраак айтканда, Мамбет жыйырма жашка толгондо «Манасты» купуялатуп айта баштайт.

1965-жылдан 1973-жылга чейин, Мамбет Чокмор уулунан «Манас» эпосунун үч бөлүмү тең жазылып алынган. Мамбеттин вариантында мурдатан айтылып келаткан окуялар бүтүндөй камтылган. Бирок анын айтуусунда башкаларга окшобогон өзгөчөлүк да бар. Мисалы: 1) Манастын түпкү атасы Асан кайгы, деп айтылат. Ал эми кыргыз элинин чачылып кетүүсүнө, бир гана тышкы душмандардын басынчылыгы эмес, ички душмандардын бийлик үчүн күрөшү да себеп болгону белгиленет. Жакып Алтайга эмес, Арсланбапка сүргүнгө айдалып кеткен болот. Манас да ошол Арсланбап жергесинде туулат. Ал бала кезинде абдан эрке, тентек болуп, коз-ачып жумганча бой тартат. Ошондуктан Жакып Чыйырды менен Манасты таятасыныкына жиберет. Ошентип болочок баатыр таятасынын колунда бой жетип, анын таалим-тарбиясын алат. Ошол жерде өзүнүн чоролорун

чогултат. 2) Ал эми Каныкейдин атасына кудачылыкка барганда, атасы Жакып менен эмес, өзүнүн баатыр жигиттери: Агыш, Үрбү, Жангазы, Элчибай, Бокой менен барат. Буга атасы таптакыр каршы чыгат. 3) Шайкожо байдын жылкычысы Манас эмгек акысына жаңы туулган кулунду сурайт. Ошол кулун Аккула болот. 4) Алооке аймактагы баардык хандарды жеңип алып, эми Манаска каршы аттанмакчы болот. Ошондуктан Кокотойдун ашына бараткан Коңурбайга Карткурөң, Чалкуйрук, Маашикер, Жоодүкер деген төрт күлүктү белек кылат. Муну билген Кошой жаш Айдарды Манаска чаптырат. 5) Бул вариантта жети кандын Манаска кол салышы жок. Болгону Алмамбет чалгынга баратканда Чубакты жанына алгысы келет. Бирок буга Кошой каршы чыгып, болбой коет. Ошондо Чубактын ордуна Сыргак барат. Бул эки баатырдын ортосундагы чатакты Камбар чечет. Көптөгөн эпизоддордо Бакай баатыр өзүнүн аскери менен чыгат. 6) «Семетей» дастанынын варианты айрым жерлерин эске албаганда, дээрлик өзгөртүлбөй айтылган. Мисалы: Манас өлгөн соң Бакай Жакыпты эмес, Абыке-Кобошторду утуп, өзүнүн аскери менен, кандуу согушка катышып, Каныкейдин Карахандын жерине качышына жардам берет. Каныкей Бухарада Манаска куран окутат. Акырында Күлчоро Семетейди үңкүргө бекитип, өзү Канчоро менен Кыяздын аскерлери менен чабышып жатып, курман болот.

Албетте, Мамбет манасчы айткан «Семетей» дастанындагы окуялар башкалардан айырмаланганы менен, чыгарманын негизги өзөгү толук сакталган.

Элдик эпосту жан дүйнөсүндө сактап, андагы идеяны эл арасына жайылткан, манасчы Чокмор уулу Мамбет 1973-жылы 77 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

# Каба Атабеков



Бул белгилүү манасчы 1926 - жылы Тоң районундагы Торткуль айылында туулган. Кыргыз Республикасынын Эл артисти. Кыргыз журтчулугуна атактуу, чоң манасчы Мамбет Чокморовдун көрүнүктүү шакирти катары таанымал. Атасынан эрте ажырап, турмуштун баардык кыйынчылыктарын башынан кечирет. Манасчынын эскерүүсүнө караганда, атасы элдик ырларды, уламыштарды, жомокторду мыкты билсе, ал эми энеси айылдагы мыкты кошокчу-жамакчылардан болуптур.

Жаш Кабанын элдик ырларды, ар кандай майда оозеки чыгармаларды жана эпостордун үзүндүлөрдү эл арасында айта койчу адаты, кийинчерээк «Манас» эпосун айтып калуусуна себеп болгон. Ал эки жыл чоң манасчы М. Чокморовдун кыраакылыгы менен, манас айтуу өнөрүн үйрөнгөн. Айрыкча залкар манасчы С. Каралаевдин айтуу манерасы ага чоң таасир берген. Ш.Азизов экөөнүн ортосундагы чыгармачылык атаандашуу, К.Атабе-

көлдүн манас айтуу өнөрүнүн өсүшүнө түрткү болуп, чыныгы манасчы болуусуна көмөкчү болгон.

Каба Атабек уулу – оозеки чыгармачылыктын жана оозеки төкмө поэзиянын үлгүсүн тулку боюна сактап билген, ошону менен катар жазуу үлгүсүн да мыкты өздөштүргөн манасчы. Анын кол жазмасында «Манастан» 64.512 ыр сабы сакталып калган. Ал эми КР УИАнын алтын фондусунда №217 инв. номерлүү анын кол жазмасы менен үч кичине дептер сакталууда. Анда «Чоң Казат» окуясындагы «Жылкы тийүү» баяны камтылган. Негизинен Каба манасчынын варианттары С.Орозбаков жана М. Чокморов айткан варианттарга жакын.

Манас бабабыз жөнүндөгү улуу баянды көкүрөгүндө сактап, элдин рухун көтөргөн, белгилүү Каба манасчы өткөн кылымдардын 1990 жылдарынын соңунда дүйнөдөн кайткан.

# Шаабай Азисов



Саякбайдын шакирти, акын, айтылуу манасчы Шаабай Азиз уулу 1927-жылы Ак-Суу районундагы Кара-Бөлтөк (Маман) айылында манасчылыгы үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 6-7 жашында Кара-Бөлтөктө кой кайтарып жүрүп, Шаабай Жаман-Карагай жактан кыйкырык, сүрөөн, чубаган адамдардын келе жатканын көрөт. Кийин эмне болгонун өзү билбей, эс учун жоготуп жатып калат. Баягы кой короого келгенден кийин: «Бала эмне болду?» - деп, издеген ата-энеси, аны Кудук деген жерден таап, көтөрүп келишет. Көзүн ачса: «Аксарбашыл, аксарбашыл, көзүн ачты!» - деп, атасы ыйлап, баласынын өпкөрүп, кой союп жиберет. Шаабайдын оозу- башы кыбырап, тулку бою оор тартат. Өзүнө келгенден кийин эмнегедир элигип, ырдагысы келет. Бирок эл-журттан уялып, корунуп жүрө берет. «Баланын бетин ачкыла, элден бата алсын», - деп, атасы жакындарын чакырып, Шаабайды кымызга алышат. Ошондо: «Сени кечке бага беребизби, бол айт!» - деп, көк жорго минген бир сакалдуу карыя адам - «Айт!» - деп, үйгө кирет. Шаабай оозун ачып, айта баштагандыгын бир билет да, андан кийин эмне болгондугу эсинде жок. Ошентип, Шаабай манасчы аталарынын жолун жолдоп, эл ичинде «Манас» айтып калат.

Ш. Азизов 1944-1962-жылдары Ысык-Көл облустук драмтеатрда артист болуп иштейт. Саякбай Каралаев уулунун чакыруусу менен, 1952-жылы, андан соң 1962-жылы Ш.Азизов Кыргыз мамлекеттик филармониясына манасчы болуп кабыл алынат. Тилекке каршы, экөөндө тең турак жайдын жоктугунан улам, манасчы кайрадан Ысык-Көл драмтеатрына кайтып келүүгө мажбур болот.

Ш.Азизовдун «Манас» дастанын даңазалап, элдин рухун курчутуп, тарыхый эс тутумун сактоого кошкон салымы – зор. «Алмамбеттин Көкчөгө келиши», «Көкөтөйдүн ашы», «Эки баа-

тырдын кармашы», «Манастын өлүмү» аттуу 8368 сап ырдан турган варианттарды кол жазма түрүндө өз колу менен, 1959-жылы Кыргыз Илимдер академиясына тапшырган. Ал эми 1961-жылдын «Манас» эпосунун «Эр Сарык» (Сейтектин уулу) бөлүгүн да өз колу менен кагазга түшүрүп, аны да аталган фондго өткөрүп берген. Кыргыз Илимдер академиясынын атайын отунучу менен, 1971-жылдын жай айларында, Ш.Азизов бир күн бою кыргыз элинин белгилүү акын, жазуучу, окумуштууларына өзүнүн вариантындагы «Манас» эпосун айтып берет. Ошол айткандарынын ичинен «Сейтектен» 3 842 сап ыр жаздырылып калган. Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын жана «Манас-1000» Мамлекеттик дирекциясынын демилгесинин негизинде, 1995-жылы илимпоздор Шаабайдан «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүкторүн толугу менен жазып алышкан. Андан башка 100 миңден ашуун ыр саптарын магнитафонго түшүрүшкөн. Манасчы Ш.Азизов «Эр Сарык» бөлүгүнөн сырткары, «Алымсарык, Кулансарык», «Кененим», «Акаяр», «Акжол баатыр» аттуу «Манас» эпосунун кийинки бөлүкторүн да айта алган.

«Казакфильм» киностудиясы тарабынан тартылган «Чокон Валиханов» аттуу төрт бөлүмдүү кинотасмада ал манасчынын ролун аткарат. Манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрүн кеңири таанытуу максатында, «Кыргызтелефильм» киностудиясы тарабынан, кинорежиссер М.Убукеев Ш.Азизовдун чыгармачылыгынын негизинде, 1994-жылы «Акыркы манасчы» аттуу 20 мүнөттүк даректүү фильм тартат. Андан кийин да М.Убукеев бул темага кайрылып, Ш.Азизовдун катышуусунда «Манастын ааламы» («Вселенная Манаса») аттуу илимий-популярдуу фильмди жарыкка чыгарат. Манасчынын айтуусундагы «Тайбуурулдун Гүлчорону ала качышы», «Гүлчоронун Үргөнч суусун кечиши» деген окуялары граммпластинкага жазылып, 1981-жылы Ташкенттен чыгат. 2000-жылы Ж.Орозобекованын киносценарийи боюнча, Швейцария менен Франциянын биргелешкен кинокомпаниялары тарабынан тартылган «Манасчы» аттуу даректүү кинотасмада Ш.Азизовдун айтуусу боюнча, «Жети баатырдын өлүмү», «Алмамбеттин жомогу», «Манастын кошогу» аттуу үзүндүлөр чагылдырылат. 1996-жылы Түркия элинин чакыруусу менен, Түрк мамлекетинин көптөгөн шаарларында болуп, «Манас» дастанын айтып келген. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана ПРООНдун «Устат-шакирт» аттуу долбоору менен, жаш манасчы Тилек Асановго манасчылык өнөрдүн сырларын үйрөтүп, манас айтууга тарбиялайт.

Ш.Азизовдун өмүр-чыгармачылыгы жөнүндө: Т.Бакчиевдин, Р.Кыдырбаеванын, Ж.Орозобекованын илимий эмгектери кыргыз, орус тилдеринде жарык көргөн.

Ата-бабаларынан келе жаткан улуу өнөрдүн улантуучусу, классикалык түрдөгү нагыз манасчылык өнөрдүн сактоочусу жана алып жүрүүчүсү Ш.Азизов 2004-жылы дүйнөдөн өткөн.

# Уркаш Мамбеталиев



XX-XXI кылымдарда улуттун уңгусу, тарыхтын жандуу барагы, касиеттүү «Манас» эпопеясын калк арасында даңазалоого өмүрүн арнаган, дагы бир чыгаан манас айтуучу Уркаш Мамбеталиев Түп районунун Талды-Суу айылында 1934-жылы 8-мартта туулган. Ал ата-энесинен эрте калып, атасынын бир туугандасынын колунда жетилет. Бала кезинен эле сергектиги, ырга жакын шыктуулугу байкала баштайт. Ал орто мектепти аяктап, жоокердик милдетин аткарып келген соң, М.Куренкеев атындагы музыкалык окуу жайынан окуган. Аны 1952-жылы бүтүрөт. Билимин тереңдетүү үчүн, Опера жана балет театрынын алдындагы студиядан билим алат.

Чыгармачылык чыйыры Ысык-Көл облустук К.Жантошев атындагы музыкалык драма театрында артист болуп иштөөдөн башталган. Облустук театр жоюлгандан кийин, 1962-жылы Т.Сатылганов атындагы филармонияга манасчы-солист болуп ишке орношуп, ошол жерден ардактуу эс алууга чыккан.

Уркаш Мамбеталиев – «Манас» дастанын мыкты аткарган артист, поэзия чебери катары көп кырдуу чыгармачылыктын ээси. Студенттик курагында эле ыр жазып, элдик дастандардан, уламыштардан, кенже эпостордон айтып, элге таанымала баштайт. Ошондой эле «Жоодарбешим» өңдүү элдик чыгарманы мыкты өздөштүрүп, «Манастан» үзүндүлөрдү аткарып жүрөт.

Анын улуу манасчы С.Каралаев менен биринчи жолу жолугушуусу манасчылык ишинин башталышына негиз болгон. Ал «Манас» эпосунун театр сахнасында жашашына бирден-бир орчундуу салымын кошкон, ошону менен катар эпостун оозеки формасынан, китептик үлгүсүнөн сырткары, үчүнчү катмарда өнүгүүсүнө да өбөлгө болгон – чыгармачыл инсан. «Манас» айтууда У. Мамбеталиевдин жорго тилдүү, жамактоо, көмөкөйдөн айтуу өнөрү байкалбай койбойт.

Ал эл алдында Сагымбай, Саякбай, Молдобасан өңдүү манасчылардын «Манастын төрөлүшү», «Кошой менен Жолойдун күрөшү», «Коңурбай менен Манастын сайышы», «Каныкейдин Тайторуну чапканы», «Семетей менен Тоо балбандын күрөшү», «Семетейдин Таласка келиши» аттуу жана башка бир нече эпизоддордон үзүндүлөрүн аткарып келген. Уркаш Мамбеталиев «Манастын колунун чоң казатка аттанышы», «Алмамбет менен Чубактын жол талашы», «Кичи казат», «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу айрым үзүндүлөрдү Улуттук илимдер академиясына кол жазма түрүндө өткөргөн. Өзүнүн варнантында «Семетейдин» биринчи бөлүгү жарык көргөн.

У.Мамбеталиев кенже эпосторго да көңүл бөлүп, «Эр Төштүктүн жер астына түшүшү», Улуу Ата Мекендик согуштун баатыры Ч.Түлөбердиевге арналган «Чолпонбай» дастаны, С.Орозбаковдун эки томдук «Манас» боюнча 28 сааттык айтуусу, ар кыл макталары Кыргыз радиосунун алтын фондусуна жазылып алынган.

Белгилүү манасчы «Манас» эпосун таанытууда, Япония, Кытай, Польша, Италия, Түркия, Германия жана башка мамлекеттерде гастролдордо болуп, чет элдик көрүүчүлөр анын айтуучулук өнөрүнө суктанышкан.

У.Мамбеталиев манасчы гана эмес, акындык жеке чыгармачылыгы менен да таанымал. Анын «Көктөм», «Жол ырлары», «Тоо жылдызы», «Ашуу», «Алтын аяк», «Таазим», «Тулпарлар», «Арча жыты», «Кабылан курак дүбүртү» аттуу поэзия жыйнактары 10 китеп болуп чыгарылган.

Кыргыз маданиятынын өнүгүшүнө кошкон салымы мамлекет тарабынан жогору бааланып, "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти", "Кыргыз Эл артисти" деген наамдар ыйгарылган. Мындан сырткары III даражадагы Манас ордени, Манас-1000 медалы, Ардак грамоталар менен сыйланган. Дүйнөлүк интеллектуалдык уюмдун алтын медалына татыктуу болгон. "Түп районунун ардактуу атуулу" наамын алган. Эл тарабынан «элдик манасчы», «залкар манасчы» деген урмат-сыйга ээ болгон.

Өз доорунун талантуу уулу, акын, «Манас» айтуучу Уркаш Мамбеталы уулу 2011-жылы күтүүсүздөн көз жумган.



# Сапарбек Касмамбетов

Сапарбек Касмамбетов – манасчы, төкмө акын, эл агартуунун отличниги, «Балыкчы шаарынын ардактуу атуулу», «Манас-1000» юбилейлик медалынын жана «Даңк» медалынын ээси. Ал – 1987-жылдан бери Кыргызстанда өткөрүлгөн «Манас» айтыштарынын 7 жолку жеңүүчүсү. «Манас» эпосунан алынган «Эр Толтой» деген өзүнүн варианты бар.

Сапарбек манасчы 1934-жылы туулган. Жаш чагында «Манас» дастанын айтып калганын: «Манас айтуу – бул өзүнчө узак кеп. Мен «Манасты» 7-8 жашымдан айта баштагам. Эч кимден таалим алган эмесмин»,- деп эскерет.

Дагы бир сөзүндө: «Убагында Саякбай Каралаевди көрүп, учурашып, «Манас» айтканын угуп, таасирленгем. Саякбай Каралаевдин баласы мени менен чогуу иштегендиктен, улуу манасчыны көп көрүп калчумун. Балким мага ошолордун

таасири тийгендир. Англияда мени 24 саат бою «Манас» айттырып, аны Би-Би-Сиде иштеген Гүлнара Касмамбетова англис тилине которду. Ошондон кийин чет элдик профессорлор, окумуштуулар өздөрү кызыктар болуп, өздөрү китеп чыгарып жатышат. Китеп англис тилинде, кыргызча варианты дискке жаздырылган» – деп кыскача баяндаган таржымалын.

Кыргыз тарыхынын кайра жаралуу, жаңылануу доорунда жашап жаткан Сапарбек Касмамбетов – учурда жаштардын насаатчысы жана устаты.

# Талантаалы Бакчиев



Залкар манасчы Шаабай Азизовдун шакирти, манасчылардын жаш муунунун көрүнүктүү окулу Талантаалы Алымбек уулу (Бакчиев) – Бугу элинин Арык мырза уруусунун сарыкалпак уругунан чыккан манасчы. Ал Ысык-Көлдүн Ак-Суу районуна караштуу Маман айылында (мурдагы Кара-Бөлтөк) 1971-жылы 2-декабрда туулган.

Т.Бакчиев – Кыргыз Улуттук жазуучулар кеңешинин, «Манас-мурас», «Манас эли» коомдук бирикмелеринин мүчөсү. Ал – Баку, Бишкек, Ташкент, Санкт-Петербург, Улан-Батор, Якутск, Астана, Будапешт сыяктуу өткөн республикалык жана эл аралык фестивалдардын дипломанты. Ошондой эле Амстердам, Алматы, Ташкент, Бишкек шаарларындагы илимий конференциялардын жана симпозиумдардын катышуучусу. 2004-жылы филология илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Бир канча илимий, илимий-публицистикалык эмгектердин жана окуу куралдарынын автору. Алар: «Манас таануу. Манасчынын жолу» (Б., 2003), «Священный зов. Мнемоническое творчество манасчи» (Б., 2006), «Шаабай» (Б., 2006), «Ашымдын көөнөрбөс мурасы» (Б., 2006), «Манас таанууга киришүү» (Б., 2008).

Т.Бакчиев – КРнын «Маданиятынын мыкты кызматкери», «Манас» төш белгисинин ээси, «Манас» банкынын стипендианты. Ал – 2010-жылдын июль-август айларында Соң-Көлдө өткөн «41 күн бою «Манас» айтуу» иш-чарасынын катышуучусу. Учурда жаш муундардын дилине «Манас» эпосундагы идеяларды жайылтуу, окутуп-үйрөтүү аракеттеринин демилгечиси.

# Тилек Асанов



Тилек Асанов 1982-жылдын 1-февралында Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы Сары-Камыш айылында туулган. Атасы Асан айылдын кадырлуу табыпкери, жамакчысы, санжырачысы болгон. Ал эми Чоң атасы Сооронбай учурунда Кыдыр акенин мүнүшкөрү, саяпкери болуптур.

Тилек он эки жашында нагыз манасчыларга таандык түш көрүүдөн кийин гана «Манас» айтып калат. Түшүндө Манастын кырк чоросу тегеректеп курчап келип, арасынан ким дир бирөө коңур үн менен: «Манас атаңды билесиңби?» - деп, собол салат. Он эки жашар бала эмне деп жооп кайтарарын билбей, акыры «Билем!» - деп, айта салат. Баягы үн: « Анда, эмесе, мындан ары баатыр Манас баянын айтасың!» - дейт. Кайдан-жайдан Саякбай манасчы пайда болуп: «Кана эмесе, утуп тур!» - деп, «Манас» айта баштайт. Бир аз айткандан кийин: «Эми ушул айтканымды улап айт!» - дейт. Бала манасчынын айтканын улап, бир топко чейин айтып барып, анан эмне болгонун билбей калат. Мына ошол түштөн кийин Тилек ачыкка чыгып, эл ичинде «Манас» айта баштаган.

Ал райондук, облусттук, республикалык маданий иш-чараларга, манасчылардын кароо-сынактарына, фестивалдарга катышып, такшалып, 2001-жылы Лондон шаарында өткөрүлгөн, Бүткүл дүйнөлүк фестивалга катышып, лауреат болгон. Учурда Тилек Асанов салттуу «Манас» эпосунун дээрлик баарын айтып жүрөт.

# Доолотбек Сыдыков



Сыдыков Доолотбек 1983-жылдын 24-августунда Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Шор-Булак айылында туулган.

Доолотбек Качкын уулунун да түшүнө аян берилип, ошондон улам «Манас» айта баштаган. 1996-жылы манасчы Мамбет Чокмор уулунун 100 жылдыгына карата өткөрүлгөн, жаш манасчылардын кароо-сынагында 1-орунга, 1999-жылы өткөн «Жаш таланттар» аттуу республикалык фестивалда 2-орунга, ошол эле жылы өткөн республикалык «Жаш манасчылардын сынагында» 3-орунга, 2004-жылдын 25-26 октябрында Таласта өткөн Назар Кайыптын 230 жылдык маарекесине арналган республикалык манасчылар мелдешинде 3-орунга, 2005-жылдын 15-16 октябрында Бишкекте өткөн «Башканы коюп, Манасты айт» аттуу республикалык манасчылар мелдешинде 1-орунга татыктуу болгон.

Учурда Доолотбек Кыргыз Улуттук консерваториянын манасчылык боюнча классында билим алууда.

# Улан Исмаилов



Улан Исмаилов 1984-жылдын 8-июлунда Ысык-Көлдүн Жети Өгүз районуна караштуу Кичи-Жаргылчак айылында туулган.

Анын манасчылык жолго түшүшүнө жаратман манасчыларга таандык аян себепкер болгон. Мына ошол окуядан кийин, Улан Таластагы Манастын күмбөзүнө барып, жети күн бою «Манас» бляныи айтып кайтат. Кийинчерээк эл алдына чыгып «Манас» эпосун айта баштайт.

2006-жылы Соң-Көлдө өткөн «Соң-Көлдү Манас жерлеген» аттуу Эл аралык кароо-сынакта 1-орунга ээ болуп, Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын сыйлыгы менен сыйланган. Ошол эле жылы Бишкек шаарында өткөн «Дүйнө элдеринин эпостору» аттуу Эл аралык фестивалдын дипломанты болгон. 2006-жылы У. Исмаиловдун айтуусунда, Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын «Алтын казынасына» «Манас» үчилтигинин «Манас» бөлүгүнөн, «Манастын Ала-Тоого көчүп келиши», «Чоң казат» аттуу окуяларынын айрым үзүндүлөрү жазылып алынган. Учурда Улан Исмаилов – салттуу манасчылык өнөрүнүн алып жүрүүчүсү.



# ЧОЛПОН-АТА

# Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан-залкар комузчулар

# Мураталы Күрөңкөй уулу



Кыргыз ССРинин Эл артисти, залкар комузчу, кыл кыякчы, чоорчу Мураталы Күрөңкөй уулу 1860-жылы Каракол уездинин Талды-Булак айылында туулган. Анын ата-бабасы өнөрпоз адамдар болгон.

Мураталы 15 жашынан эл аралап, жыйындарда комуз черткен. 1922-жылы Караколдо комузчулар ийримин жетектеген. 68 жашында Бишкекке чакырылып, 1928–1936-жылдары Кыргыз музыкалык драма театрында иштеген. 1936-жылы Кыргыз филармониясынын эл аспаптар оркестринде кыл кыякта ойногон. 1939-жылы Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвада өткөн он күндүгүнө катышкан.

Мураталы черткен жана чыгарган күүлөр тарыхый, турмуштук жана обондуу күүлөр деп бөлүнөт. Айталы, турмуштук күүлөрдөн «Түнкү күзөт», «Кечки жайлоодо», «Ак токту» эпикалык-тарыхый чыгармалардан «Ак Кочкор, Каңкы», «Мендирман», «Акимкан», обондуу күүлөрдөн «Шырылдаң», «Бекбекей», «Бешик ыр», «Селкинчек», «Кошок» жана башкаларды черткен. «Ботой», «Кербез», «Камбаркан», «Шыңгырамалардын» ондогон классикалык үлгүсүн чыгарган. Домбурада да ойной билген. Мураталы терме, насыят ырларды ырдап, «Кыз Дарыйка», «Алпамыш баатыр» деген дастандарды, «Залзал», «Зор күч» өңдүү жомокторду айткан.

Анын чыгармачыл эмгеги Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени менен бааланган. Бишкекте анын урматына арнап, көчө, музыкалык-хореографиялык окуу жайлар аталаган.

# Карамолдо Орозов



Карамолдо Орозов 1883-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Корумду деген кыштакта туулган. Айрым маалыматтарга караганда, Карамолдо Орозовдун туулган күнү 17-ноябрга туура келет. Карамолдонун ата-энеси койгон өз аты Токтомамбет болгон. Атасы ошол кездеги өтө түшүнүктүү, прогрессивдүү адам болгондуктан, Токтомамбетти айылдык медреседен окутат. Анда бала беш жылдай билим алып, араб тамгалары менен кат жазганды жана окуганды үйрөнөт. Окуп, жазып, кат тааныгандыктан жана кара тоголок бала болгондуктан, айылдаштары аны «Карамолдо» деп атап алышат. Ушул ат менен өмүрүнүн акырына чейин жашап, элге таанылган.

Комузду черткенди атасы Ороздон үйрөнгөн. Карамолдонун кесипкөй комузчу болуп өнүгүшүнө ошол кезде Ысык-Көл, Нарын жергесинде аты чыккан Чыңгышбай, Бурул-




Солдон оңго: К. Орозов, композитор А. Затаевич, М. Күрөңкеев. 1928-жыл. Москва.

ча, Байгабыл, Абак, Боккотон, Майлыбай, Кудайберген деген музыканттар менен жолугушуп, алардын комузчулук өнөрүнөн таалим алышы ыбалга болгон. Карамолдо Орозов Октябрь революциясына чейин, мыкты комузчулардын мелдешүүсүнө эки жолу катышкандыгы тууралуу маалымат бар. Ал биринчи Байгабыл деген комузчу менен, экинчи Мураталы Күрөңкеев менен беттешкен. Карамолдонун жеңиши менен бүткөн бул эки музыкалык ат салышуу жаш комузчунун чыгармачылык өсүшү үчүн, эң маанилүү жана чечүүчү роль ойногон. Андан да жеңиштен кийин, ага залкар комузчу Мураталынын берген батасы чоң таасир берип, чыгармачылык тушоосун кескен.

Карамолдо Орозов жаш кезинде эле чебер комузчу катары таанылган. 1928-жылы Касым Тыныстанов баш болгон, Эл агартуу комиссариатынын кызматкерлери кыргыз эл музыкасын нотага түшүрүү үчүн, белгилүү музыка таануучу А. Затаевичти чакырышкан. Ошондо Ысык-Көлдөн Карамолдону атайын алдырып келишкен. А.Затаевич Карамолдонун аткаруусундагы 29 комуз күүсүн жазып алган.

Аткаруучулук стиль жагына келгенде, Карамолдо башка, өзүндөй залкар комузчулардан таасын айырмаланып турганын белгилөө менен, фольклор таануучу А.Затаевич: «Дайыма жана бардык жерде токтоолукту, сабырдуулукту өзгөртүүсүз сактайт. Кээде гана анын аткаруусунда ичте катылып жаткан, чоң темперамент жана арбаң-тарбаң кол шилтоонун изеби сезилип турат. Анын эң мыкты техникасы кандай гана ойноо кыйынчылыктары болбосун, оңой эле жеңүүгө мүмкүндүк берет», – деп жазган.

Карамолдо комуздун регистрдик жана тембрдик каражаттарын кеңдик, эффекттүүлүк менен колдонгондуктан, чакан камералык аспаптан, өзүнүн көркөмдүк техникалык мүмкүнчүлүгүнүн чегинде, универсалдык динамикалык аспаптын деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Анткени комуз чертүүнүн аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрү даана кеңейген. К.Орозовдун аспабы тембринин кооздугу жагынан теңдеши жок, добушунун жаңырышы жагынан айрыкча даанылыгы менен айырмаланган. Ал өзүнүн комузунда зор жигердүүлүк менен «Сынган бугу», «Ибарат», «Терме Камбаркан» ж.б. классикалык залкар күүлөрдү ойноп, тасмага жаздырган. Улуу комузчунун замандаштары: «Ал абдан таза, так жана тышкы дене кыймыл каражаттарын колдонбой, терең ой токтотуучулук менен чертчү», - деп эскеришет.

Карамолдонун эстөө жана угуу сезимталдыгы күчтүү болгон. Ал жөнүндө Кыргыз филармониясынын музыканты, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Ж.Кыпчаков мындай деп эскерет: «1958- жылы кыргыз эл ырчылары менен аспапчыларын тасмага жазуу үчүн, Москвадан адистер келди. Карамолдонун күүлөрүн жазып жатканда иш күн аяктап калды, бирок, жазылып бүткөндө дубль деген кошумча көчүрмө жасап коюш керек экен. Ишти эртеси уланталы деп чечишти. Бирок эртең Карамолдо мурунку тоналдуулуктан чыгып кетет го деп чочулашты. Бир күндөн кийин Москвадан келген адистер комузчунун мурунку күндөгүдөй тоналдуулукта таптак ойноп бергенине, ушунчалык таң калышты».

К.Орозов 1931-жылдан тартып, Кыргыз мамлекеттик музыкалык-драма театрында комузчулук өнөрүн улантып, аткаруучу катары да, күү чыгаруучу автор катары да эмгектенди. 1934-жылы филармония ачылганда Кыргыз эл аспаптар оркестринин комузчу-солисти болуп иштеди. 1935-жылы «Кыргыз АССРинин Эл артисти» деген ардак наамга татыктуу болгон. 1939-жылы Москвада өткөн, Бүткүл союздук элдик аспаптарды аткаруучулардын сынагында экинчи сыйлыкка ээ болгон. 1939-жылы элдик музыка боюнча биринчилерден болуп СССР композиторлор союзуна мүчө болуп кирген. 1940-1941 жылдары Москвада СССР композиторлор союзунун алдындагы обончулардын курсунда стажировкадан өткөн.

1939-1958-жылдары Москвада өткөн, эки жолку Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын декадаларына катышкан. Согуш мезгилинде жана согуштан кийин, Карамолдо кесиптештери менен гастролдорго барып, колхоз-совхоздорго, айыл-шаарларда концерттерге чыгып турган. 1958-жылдан көзү өткөнгө чейин, Мураталы Күрөңкеев атындагы Кыргызстан мамлекеттик музыкалык окуу жайынын комуз бөлүмүндө сабак берип, Чалагыз Исабаев, Бейшеке Жандаров, Чоро Кожомжаров, Тукан Молдогазиев сыяктуу комузчуларга устат

болуп, алардын өнөрүн өстүргөн. Кыргызстан композиторлор союзунда сакталып турган, өздүк ишинде жазылып тургандай, 23 комуз күүсүнүн автору болгон. Бул күүлөрдүн ноталары түшүндүрмөлөрү менен, 1977-жылы чыккан Б.Алагушов менен Т.Медетовдун «Карамолдонун күүлөрү» деген китебинде жарыяланган. Учурунда улуу комузчунун репертуары өзүнүн аткаруусунда Москванын жана Кыргызстандын радиофондусуна жазылып алынган. Карамолдонун көп күүлөрү бир нече симфониялык жана опералык чыгармаларга, ошондой эле Кыргыз мамлекеттик филармониясынын Эл аспаптар оркестринин репертуарына негиз болуп кирген. Асанкан Жумакматов анын «Ибарат», «Сынган бугу», «Көкөн кести» сыяктуу күүлөрүн эл аспаптар оркестри үчүн иштеп чыккан.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган. Эмгек Кызыл Туу ордени, эки «Ардак белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган. 1960-жылы дүйнөдөн өтүп, сөөгү өзү туулган Корумду айылына коюлган. 1961-жылы 25-февралда Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому менен Кыргыз мамлекеттик Токтогул Сатылганов атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү филармониясынын эл аспаптар оркестрине жана Нарын шаарындагы музыкалык мектепке Карамолдонун ысымы берилген.

# Ыбырай Туманов

«Кожомкулдай түрү бар,
Алачыктай чоң киши,
Аны байкап билип ал.
Ыбырайдын сөзүн ук,
Иштен бышкан жоо чечен.
Калыстыгы жанда жок,
Тумандын уулу Ыбырай,
Тегин жерден күү тапкан.
«Жаш тилекке» келгенде,
Комузун колго бергенде,
Тепкенин жогору жагынан,
Тегирменден чоң колду,
Тегеретип чуркаткан,
Тумандын уулу Ыбырай,
Комузчунун кыйыны, ай» - деп,



Осмонкул токмо ырдагандай, Ыбырай Туманов – тегин жерден күү тапкан, баамчыл, сынчыл, «тегирмендей» чоң колдуу, терең ойчул, улуу комузчу. Ага жаратылыш адамдагы алптыкты, айкөлдүктү, шукура чыгармачылыкты берген. Абалы ал угуучу-көрүүчүлөрдү өзүнүн сырткы турпаты, тула боюнун, өзгөчө дене-мүчөлөрүнүн ашкере зордугу, сымбаттуулугу, кар-

маганынан кан чыгарган карылуулугу, колдорунун манжаларынын бөтөнчө чоңдугу, балбандыгы менен таң калтырган. Анын ушундай алп көрүнүшүн биринчи көргөн адам «капырай ушундай кебетеси менен кантип комуз чертсин» деп шектенчү. Бирок, ал жоон манжалары менен комуздун кылдарын кабыштыра басып черткенде, салааларынан сандаган сырдуу кайрыктарга бай күүлөр төгүлчү.

Ыбырай Туманов 1885-жылы Ысык-Көл ороонундагы Ак-Суу районуна караштуу, Ак-Булуң айылында орто чарбалуу үй-бүлөдө туулган. Атасы Туман Олжебет деген байдын малын бакса, энеси анын отун жагып, суусун алып күн көрүшкөн. Туман анча-мынча чоор тартып, ач-жылаңач үй-бүлөсүнүн көңүлүн эртели-кеч жубатса, иниси Жолбун комуз чертип жарпын жазган. Атасынын же агасынын таасири тийдиби, же табияттын шыбагасыбы, Ыбырай жетиге чыкканда, комуз менен түбөлүккө достошот. Өзгөчө атасы күүнүн көзгө көрүнбөгөн жалынын зээндүү баланын көкүрөгүнө уютат. Бара-бара ал жөнөкөй обондорду, жеңил кайрыктагы күүлөрдү чертет. Аны уккандар баладан келечекте залкар комузчу чыгат деп, болжолдошот. Бирок итке мингизген шумпай заман кабыргасы ката элек, жаш баланы күнүмдүк жашоонун айынан ар кимдин оокатын жасоого аргасыз кылат. Ал он бир-он экилерге чыкканда, колуна ыргай таяк кармап, Шайылда деген байдын коюн кайтарат. Ыбырай күндүр-түндүр кой артында жүрсө да, колунан комузун түшүрбөйт. Бара-бара ал кыз оюндарына, жаштардын үлпөтүнө катышат. Элдик ашыктык ырларды ырдап, күүлөрдү чертет. Айыл арасына тааныла баштайт. Ал он бешке чыкканда угуучуларга элдик күүлөрдүн чебер аткаруучусу жана балбан катары таанылат. Ал эр оодарышка, күрөшкө, көк бөрү, аркан тартмай өңдүү улуттук оюндарга катышып, беттешкендерин жеңип, алдына эч кимди чыгарбай «бала балбан» атанат. Бирок анын бүткүл күчү, бүткүл сүйүүсү комузга өтөт.

Ыбырайдын боз улан кездеги репертуарынын негизин өзөгүн түрдүү мазмундагы, түркүн мүнөздөгү «Жаш шайыр», «Сегиз кайрык», «Бургуй», «Бекбекей», «Кермe-Тоо», «Бердикожо, жалгызым», «Кулпенде», «Үч аялдын кошогу», «Гүл ойрон», «Уба-уба, Карагул ботом», «Экөөлөсөң экөөлө», «Керөзен» сыяктуу элдик обон-күүлөр түзгөн. Булардын ар бирин көркөмдүк жактан, өз алдынча иштеп чыгып, татаал кайрыктагы күүлөргө айландырган. Ал терең ойлуу, ар кандай мазмундагы обон күүлөрдүн соңунан, залкар кайрыктуу «Моңолбай», «Бургуй», «Бекташ», «Сарыкобо», «Чегиртке» аттуу элдик арноо күүлөрдү да чертет. Булардан сырткары «Абышканын арманы», «Жетим баланын арманы», «Серкебайдын арманы», «Кыдыр акенин Төгөөчү деген уулу өлгөндөгү арманы» деген кедейчиликтин, таш боор өлүмдүн, оор тагдырдын кесепетинен

келип чыккан, армандуу күүлөрдү аткарган. Бул чыгармалар ошол кездеги, ошол доордогу жалгыз гана адамдын муң-кайгысы эмес, эзилген элдин зары катары жаңырган.

Ыбырайдын обон, арман күүлөрдү өздүк репертуарында өздөштүрүшү, аткаруучулук чеберчилигинин жетилишине, өркүндөшүнө, чертүүгө оор, залкар күүлөрдү аткарууга жалбырттаган шыкты берет. Ал элдик-аспаптык музыкага негиз салуучулар: Музооктун «Муңдуу күү», Күрөңкөйдүн «Маскүйө», Боккотойдун «Ботою», Кудайбергендин «Ботою», Кыдыр Акенин «Ботою», Сейилкандын «Ботою», Чолпонбайдын «Үч коо», Майлыбайдын «Шалкы күү», Мужуктун «Шыңгырамасы», Жакыпбайдын «Шыңгырамасы» деген ар кандай мазмундагы, ар түрдүү стилдеги, ыкмадагы күүлөрдү калкка тартуулайт. Бул чыгармаларды чертүү менен бирге, ал комузчулук өнөрдүн сырларын үйрөнүп, көркөм тажрыйбасын байытат. Бара-бара Ыбырай айыл арасынан уккан, көңүлүнө жаккан чоор, темир комуз, кыл кыяк күүлөрүн комузга салып, атайын иштеп да чыгат. Айрыкча ал чоордун «Койчулардын коңур күү», «Жылкычынын чыңырооы», кыл кыяктын «Калча-акс», темир комуздун «Кош кайрык», «Бурулчанын селкинчек» аттуу күүлөрүнүн негизин алып, терең ойду камтыган, музыкалык темаларын кеңири вариациялап, өнүктүргөн, татаал кайрыктагы залкар күүлөргө жеткирген.

Ыбырайдын Теңизбай, Нурдоолот, Кайду, Мамыр, Кудайберген өңдүү доорунун белгилүү өнөрпоздору менен таанышышы, алардан сабак алышы, комуздун не бир купуя сырларын терең билүүгө, чыгармачыл дареметинин ар тараптуу өсүшүнө күчтүү таасир этет. Ал комуз кармагандан, элдик ырларды ырдоо менен аспабынын коштоосунда «Мендирман», «Карагул ботом», «Той баланын дасторкону», «Жанар куш», деген дастандарды, жомокторду, ал турсун «Манас » эпосунун айрым үзүндүлөрүн да айткан. Булардын обондорун да атайын күбүлбөгөн кайрыктарга, бай күүлөргө айландырган. Айрыкча «Манастын» элге белгилүү обондорун, кызыктуу окуяларын зор чыгармачылык эргүү менен, «Айчүрөктүн Семетейдин Акшумкарын ала качканы», «Алманбеттин арманы», «Каныкейдин арманы» деп күүгө салган. Бул эпикалык күүлөр музыкалык ойлорунун тереңдиги, ачыктыгы, көркөм каражаттарынын ар түрдүүлүгү, мазмунунун олуттуулугу менен айырмаланат. Ал ар бир аткарган күүлөрүнүн (абалкы салт боюнча) тарыхтарын кызыктуу, элдик тил менен баяндап, черткенди да үйрөнөт. Мисалы, Ыбырай «Каныкейдин арманы» аттуу классикалык күүсүн чертээрде: «Айтылуу Манас атабыз өлгөндө Абыке, Көбөш, Адыбай, Көлбай, Чыйбыт, Кочкор малды бөлүштө, Каныкейди Абыке алам деп, Ырамандын ырчы уулуна: «Сен барып Манастын аялына айт «Ат өлсө соору керек, ага өлсө жеңе керек» жообун алып кел деп, жуучу

жиберет. Ошондо Ырамандын ырчы уулу каныкейге барып, ат үстүнөн:

-Каныкей жеңе, кайнилериң жиберди «Ат өлсө соору, ага өлсө жеңе керек», - дейт.

-Арага келген сен белең. Алуучу алты арам беле! - деп, Каныкей оттун жанында жаткан шам- шаарын ала коюп, уруп калат. Каныкей түндө кайын энеси Чыйырды менен Семетей-ди кара үңкүргө бекитет. Эртең менен үрөң-баранда Кобош келип, Каныкейдин эмчегин жара чаап, «Ишенген балаң ушу-бу!» деп жабылуу турган бешикти кылычы менен, тең бөлө чаап кете берет. Ошондон кийин кайын энеси Чыйырдыны ай-далыга мингизип, Семетейди бооруна көтөрүп, Алманбеттин сырбараңын таянып:

Жоргонун белин аша албай,
Боздоп ыйлап баса албай.
Күйүктүн белин аша албай,
Күрмөлүп ыйлап баса албай,
Чарчап ыйлап баса албай,
Балтырдан кара кан кетип,
Каныкейден ал кетип..., жолго чыкканын Ба-

кай билип калып, эки семиз ат менен, эки чанач сүт менен, бир борукту бышырып, Чакмактын белинен Каныкейге жолугат. Ошондо Каныкей Бакайга кайрылып: «Ушул жетимди алып барып, таятасы Темирканга бала кылып бер. Атасын тарткан эр болсо, чоңойгондо элин бошотуп, алты арамдан кегин алар. Жаман болсо кул болуп жүрүп өлөр...

Мына, Бокойдун боксө жол менен,
Бөрү жүрбөс чөл менен.

Ушул жолго салып кет!...»- деп, арманын айтып турганын күүгө салгамын»,-деп, баатыр баянын айтып аткарган. Эпика-лык күүнүн башкы темасына алынган баатырдык эпостун обо-нун эпкиндүү жүрүштөгү албан кайрыктарда вариациялап, маанисин тереңдетип, миң кайрып черткен.

Ыбырай элдик күүлөрдүн кыябын таап, ал эми айтылуу комузчулардын чыгармаларын мыкты черткен. Ал тургай, алардын көпчүлүк күүлөрүн түп нускасына сандаган жаңы түр-дүү музыкалык көркөм каражаттарды, ыкмаларды, штрихтер-ди кошуп, түрлөнтө кооздоп аткарган. Айрым таланттардын күүлөрүн Ыбырай өзүнүн шыгына, кулк-мүнөзүнө, табитине, аткаруучулук күчүнө, ылайыктап, түп-тамырынан бери жаңы-ча иштеп чыккан. Мисалы, кол ойнотуп, араларына ыр аралаш-тырып чертилген Токтогулдун «Миң кыялын», Айдаралынын «Көйрөң күүсүн» Ыбырай колун түрлөнтүп ойнотпой, ырды коштобой, баяндалуучу окуяны, айтылчу ойду бир гана терең кайрыктар менен баяндап, салмактуу чертилген залкар күү-лөрдүн, жаңы классикалык үлгүсүн жараткан. Айрыкча анын укмуштай устаттыгы, кылдаттыгы Токтогул күүлөрүнүн атасы

аталган «Миң кыялында» ачык-айкын көрүнгөн. Чынында эле, Ыбырай күүнүн негизги өзөгүн түзгөн куплеттик формадагы обонду, топтакыр татаалдашкан музыкалык теманы, ар түрмөктө чиелеше өнүккөн классикалык чыгармага жеткирген. Ошондуктан «Миң кыял» күүсүнөн Токтогул менен Ыбырайга гана мүнөздүү кайрыктарды байкайбыз. Анда алтынды кылдаттык менен кынаптап чегелеген зергер сыяктуу, эки залкардын чеберчилигин жана биринин оюн экинчиси өнүктүргөн устаттыгын байкалат. Ошентип, Токтогулдун бул күүсү Ыбырайдын иштеп чыгуусунда, чертүүсүндө калың калктын катмарына тарап, классикалык чыгармага айланды. Ы. Туманов элдик жана илгерки комузчулардын күүлөрүн чертүү менен, өзүнүн үзөңгүлөш кесиптештери Мураталынын «Кербезин», Асанаалынын «Жайкамасын», Алагуштун «Терме күүсү» деген чыгармаларын аткарган. Комузчу Ыбырайдын элдик жана абалкы комузчулардын күүлөрүн редакциялап, ыбырайлык ыкмалар менен иштеп чыгышы, көптөгөн күүлөрдү аткарышы, комуздагы бүткүл кудурети, музыкалык мурастагы кайталангыс кереметтерди терең өздөштүрүшү, келечекте классикалык чыгармаларды жаратууга жол ачкан.

Өз доорунун кандуу окуясы болгон 1916-жылы Ыбырай да үрккөн эл менен Турпанга барат. Ал азган-тозгон калк менен бирге, ал жактан да азап тартып, жапа чегет. Бирок андай көкөй кескен заман көпкө созулбайт. Улуу Октябрдын таңы ар бир өнөр ээсине, өмүрүндө болуп көрбөгөндөй жаңы чыгармачылык шык, кайрат-күч, жөндөмдүүлүк, эргүү жараткан. Советтик бийлик элдик таланттардын аң-сезимин, чыгармачылык кыялдануусун түп-тамырынан бери өзгөртүп, жаңыча жашоого, жаңыча иштөөгө шыктандырат. Атактуу кыргыз шайырларынын, өзгөчө Ыбырайдын чыгармачылыгында кайталангыс, жаңы жол башталат. Ал өзү теңдүүлөрдүн ичинен советтик чындыкты өтө тез жана терең сезип, чын жүрөктөн кабыл алат. Ыбырай 1918-жылы ак падышанын тактан кулаганын «Ооган Камбаркан» аттуу күүсүндө, ал эми 1921-23-жылдары тааланйлуу замандын жергебизге орногонун, карапайым эмгекчилердин эркиндик, теңдикке жеткенин совет өкмөтүнө болгон терең сүйүүсүн «Кеңеш», «Октябрь өзгөрүшү» деген жаркын кайрыктарга бай, программалуу күүлөрүндө баяндайт. Автордун «Кеңеши» алгач аткарылышында эле калк жүрөгүнөн түнөк табат. Анда музыкалык шаңдуулук өкүм сүрүп, жүрүшү өзгөрүп, капысынан кыймылдар, басымдар алмашылат. Күүнүн өзөгүндө болсо, башырандаша кеңеш курушуп жаткан чечендердин шайыр салтанаттары берилет. 1925-жылы Ыбырай «Жаш тилек» аттуу күүсүн чыгарат. Ал күү элибиздин канына терең сиңет. Ал кайда, кайсыл гана элдин арасында аткарылбасын, терең мазмундуулугу, музыкалык маанисинин байлыгы, кайрыктарынын кайталангыс жаңылыгы, көп түс-

түүлүгү, шаңдуулугу менен, угуучулардын дилинен түнөк табат. Ы.Тумановдун чакырык түрүндөгү, программалуу «Жаш тилегинде» билимден, илимден артта калган караңгы кыргыз жаштарын окууга үгүттөйт. Күүдө алардын кылымдардан бери, көксөгөн тилеги эми гана ишке ашып, жаңыдан канат күүлөшкөнү, аткан таңдай улуу замандын ырахатына бөлөнгөнү салтанаттуу жаңырат. Ошентип, автордун «Кеңеш» менен «Жаш тилеги» ойлордун кеңендиги, музыкалык тилдеринин мукамдуулугу, көркөм каражаттарынын көп түрдүүлүгү, жугумдуулугу менен журтчулуктун купулуна толот.

Ыбырай комузчу жаңы доорду күүлөрү аркылуу даңктоо, баяндоо менен бирге, жергебизге совет бийлигин орнотууга да жан-дили менен катышат. Өзгөрүлгөн жерге, өнүгүп бараткан элге карапайым калкты коллективдештирүүгө чакырган «Өзгөрүш», «Колхоз куралы», «Беш жылдык», «Боз салкын» деген жаңы заманды даңазалаган даңкар күүлөрдү чыгарат. Булар да обондуулугу, ойлорунун омоктуулугу, кайрыктарынын жаңылыгы менен угуучулардын арасына заматта тарайт. Автордун программалуу күүсү «Колхоз куралында»:

«Колхоз айлы эң сонун,
Айтып берем болжолун,
Бардык ишти оңдогун,
Эмгектенсең ак жүрүп,
Орундалат ойдогуң!..» - деп обон салат.

Ал эми «Боз салкын» күүсү бөтөнчө көркөмдүүлүгү, өзгөчө обондуулугу менен айырмаланат. Ал бул арноо күүсүн чертердин алдында:

«Таң атардын боз салкын,
Талаабыз толгон карк алтын,
Эртелеп жумушка баралы,
Элибизден абийир алалы», -

деген ыр саптарын айтып аткарган. Автордун «Боз салкын» аттуу арноо-чакырык күүсүндө табияттын сулуулугу менен таң азандан эпкиндүү эмгекке аттанган кужурмөндөрдүн күрдөөлдүү эрдиктери сыпатталат.

1936-жылы борбор шаарыбызда эл чыгармачылыгынын Республикалык биринчи Олимпиадасы болот. Ага республиканын башка өнөрпоздору менен бирге, Ыбырай да катышат. Анын тубаса шыгы музыка изилдөөчү А.Затаевич жетектеген калыстар тобу тарабынан жогору бааланат. Алардын өтүнүчү боюнча, Туманов филармонияда иштөөгө калтырылат. Ал эми А. Затаевич Ыбырайдын «Жаш тилеги» баш болгон, «Боз салкын», «Ооган», «Бургуй», «Желдирме» өңдүү күүлөрүн, «Жоо калды», «Май жалаган», «Боз бала» чыгармаларын жаздырып алат.

Ыбырай жаңыдан уюштурулуп жаткан филармониянын эл аспаптар оркестринде комузда ойнойт. Бир эле мезгилде,

жеке солисти да болуп иштейт. Ыбырайдын чоң чыгармачылык коллективде ар кандай шыктагы, ар түрдүү аткаруучулук манерадагы, стилдеги, кулк-мүнөздөгү ырчы-комузчулар менен иштеши, чыгармачылык кыялдануусунун, ички дүйнөсүнүн, музыкалык аң-сезиминин байышына, жаңыча изденишине күчтүү таасир этет. Ыбырай өз чыгармаларында добуштар аркылуу сүрөттөө, тууроо ыкмаларын да кеңири өнүктүрөт. Анын мындай устаттыгы «Паровоз» аттуу классикалык күүсүндө көрүнөт. Автор 1936-жылы паровозду («Кара тулпарды») өмүрүндө биринчи жолу көрөт да, аны кыргыз оозеки чыгармачылыгында кадимки кара тулпарды сүрөттөгөндөй сыпаттайт. Комузчу бул күүсүндө паровоздун өтө жай жүрүш менен ордунан козголгонун, анан бара-бара ылдамдыгын күчөтүп, куду эле «аргымактын» жүрүшүндөй күжүлдөгөнүн көрсөтөт. Андан ары күүнүн басымдары алмаштырылып, ритмикалык бөлүктөр майдаланат. Кайрадан темптер басаңдагандан басаңдап отуруп, зор локомотивдин станциясына жан келип, токтогонун сыпаттоо менен аяктайт. Күүнүн кайрыктарында «Кара тулпардын» бир станциядан чыгып, экинчи станцияга келип токтогону, дөңгөлөктөрдүн үнүнүн түкүлдөшү эң бир элестүү, өтө таасирдүү чагылдырылган.

Көрүнүктүү эл шайырынын мекен үчүн талыкпай эмгектенгендиги, 1938-жылы өкмөт тарабынан жогору бааланат. Ага «Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наам берилет. Бул сыйлык комузчуну үзгүлтүксүз чыгармачылык изденүүгө шыктандырат. 1939-жыл Ыбырай үчүн өмүрүндөгү унутулгус, кубанычтуу жылдардан болот. Ал ушул жылы КПССтин, СССР композиторлор союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынат. Москвада өткөн Кыргыз искусствосу менен адабиятынын он күндүгүнө катышат. Залкар шайырдын күүлөрү он күндүктө аткарылат. Бейтааныш угуучулардын урматоолоруна ээ болот. СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы М. И. Калинин Ыбырайдын төшүнө «Ардак белгиси» орденин тагып, күүгө бышкан колун кысат. Сүйүнүчү койнуна батпаган комузчу Москванын кооз келбетине, кичипейил жайдары мүнөз элине, өзүнүн кубанычын арнап «Жүрөгүм Москва», «Толкун» аттуу күүсүн чыгарат.

Элдик композитор Ыбырай Туманов 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш темасына да кайрылып, «Биз баатырларды күтөбүз», «Жеңиш» деген классикалык күүлөрдү, эмгекчилерге арналган «Эмгек баатыры» чыгармасын жаратат. Тумановдун арноо күүлөрүнүн бири «Улуу Той». Бул чыгарма Кыргызстандын 25 жылдыгына арналган. Бул күүдө чейрек кылымдын ичинде Ата-Журтубуздун толукшуган күчкө толуп, чар тарабы өнүккөн кубаттуу өлкөгө айланганы айтылат. Чыгармада турмуш ырахаты, көңүл куунактык, демилгелүүлүк терең сезилет. Ыбырайдын «Улуу Той» күүсү баштагы

чыгармаларындай эле, жагымдуу да, лирикалуу да. Белгилүү орус музыка изилдөөчүсү, Кыргыз Республикасынын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты В. Виноградов Ыбырай менен алгачкы жолуктушууда эле: «Комуздун биринчи эле добушу мени аң-таң калтырды жана жүрөгүмдө зор кызыгууну жаратты. Комузчунун комузунун добушу жаңыдан ачылып келе жаткан гүлдөй, таза жана назик эле. Интонациясы укмуштуудай тактыгы жана ачыктыгы менен айырмаланат. Ыбырай күүлөрүн чертип жатканда менин көз алдыма алтынды өтө кылдаттык, ашкере чеберчилик менен кооздоп жаткан, залкар музыкант-зергер катары көрүнчү. Шаңдуу, өтө кылдат иштелип чыккан күүнү, таасирдүү пассаждары, пиццикаттону, (үзүп-үзүп, чымчып чертүү) жалындай жарк дей түшкөн флажолеттер (терип чертүүнү), капысынан пайда болуп, андан ары уланып кеткен, шаңкылдаган аккорддорду, ж.б. да кызыгып тыңшап жаткандай болду. Ооба, ал өзүнүн ыбырайлык жана көңүлдөгүдөй чыккан ыкмалары менен, таң калтырууну жактыра турган» (В.Виноградов «Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары», «Кыргызстан» басмасы, 1974,58-59-беттер). Айрыкча автор таң каларлык ыкмаларды, штрихтерди бак-таалайлуу доорубузга, турмушубузга арнаган «Жыргал күн» деген күүсүндө өтө натыйжалуу, өзгөчө устаттыкта пайдаланган.

Өзгөчө чыгарманын көркөмдүүлүгүн көтөрүүдө, маанисин арттырууда, музыкалык каражаттарды ар тараптан байытууда, флажолеттер башкы ролду ойногон. Күүнүн башкы темасы да флажолеттер аркылуу кайталанып, мажордук тетрахорд биринен - экинчисине өтүп, чыгарманын мазмунун арттырган. «Жыргал күн» күүсүндө бүгүнкү доордун салтанаты, шаңы, карапайым калктын жыргап-куунап жашап жаткан гүл турмушу, берекелүү кең мекенибиздин түмөндөп өсүп жатканы далилденет. 50-жылдары Ыбырай көп улуттуу калкыбызды достукка чакырган «Эки дос», бүткүл дүйнө элдерин бир ата-эненин балдарындай ынтымакта, бейпилчиликте жашоого үгүттөгөн «Тынчтык», жайы-кышы ак карлуу Ала-Тоону мекендеп, чарбанын төрт-түлүк малын көзүнүн карегиндей сактап, асырагандардын ардактуу эмгектерин камтыган «Эпкиндүү чабан», «Жашыл жайлоо мал семиз» деген күүлөрдү чыгарган. Булардын ар бirinде баяндалган окуяларга жараша, түрдүү музыкалык жүрүштөр, обондук түзүлүштөр, көркөм каражаттар бар. Атактуу комузчунун күүлөрүнөн салттуу музыканын түркүн ыкмалары, оркестрдеги аспаптардын үндөрү, тембрлерден турган кайруулар, кайрыктар угулат . Булардын баарын, ал чыгармаларында өтө билгичтик, баамчылдык менен пайдаланган.

1951-жылы Ыбырай Туманов республикабыздын 25 жылдык тоюнда, Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланат. Ал

эми 1955-жылы «Кыргыз ССРинин Эл артисти» деген ардактуу наам алат. Мындай өкмөттүк жогорку сыйлыктар комузчуга зор чыгармачылык эргүү, чаалыкпас кубат тартуулайт. Ал угуучулардын табитин тазарткан «Беш жылдык», «Сегизинчи март» деген күүлөрдү чыгарат. Элдик композитор Ыбырай 1953-жылга чейин Улуттук филармонияда эмгектенген. Андан соң кадырлуу эс алууга чыгат. Бирок, карыя комузчу «карыдым, арыдым» дебестен, баштагысындай эле замана шаңына айкалышкан, өзү жашап жаткан күндүн күүлөрүн чыгарат. Ар кандай салтанаттуу майрамдык концерттерге, фестивалдарга, декадаларга катышат. Айрыкча, элдик композитордун шыгы, аткаруучулук чеберчилиги 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун, 1963-жылы Кыргызстанда өткөн орус музыкасынын он күндүктөрүндө угуучулар тарабынан жогору бааланат. Ал Москвада өткөн он күндүктө «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат.

1963-жылы июль айынын башында залкар комузчу Ыбырай доорубуздун улуу композиторлору Д.Шостакович, В.Мурадели менен Караколдо жолугушат. Ошондо Кыргызстанда орус музыкасынын он күндүгү жүрүп жаткан эле. Ысык-Көлдүн көкүрөгүндөгү Сан-Таштын мейкин талаасында орус, кыргыз шайырлары концерт берип, кезек жашы сексенге чамалап калган, карыя комузчу Ыбырай Тумановго келет. Ал комузун колуна алып, атайы сахна үчүн жасалгаланган, сүт ташуучу автоунаанын үстүнө чыгып: «Мен бүгүн Шостаковичти өз көзүм менен көрүп отурам. Эми арманым жок. Биз андан кыргыздар жөнүндө музыка жазуусун суранабыз»- деди комузун күүлөп. Анан ал «Жаш тилек» аттуу күүсүн черте баштады. Жай чыккан, бейпил күү созолонду, күүнүн ар бир кайрыгы жайлоонун келбети менен айкалашып, угармандардын жүрөктөрүн толкутту. Залкар композитор Дмитрий Шостакович Ыбырайдан көзүн албады. Карыянын черткен күүсүн ал өзгөчө күнт коюп, угуп отурду. Ыбырай күүсүн чертип бүтөөрү менен, Шостакович ага басып барып кол алышып, Кыргызстан жөнүндө бир чыгарма жазаарын айтты. Бир эки ай өтүп, отпой Шостакович Ыбырайдын алдында берген убадасын аткарды. «Орус жана кыргыз темаларына увертюра жазды. Бул эки элдин достугун баяндаган увертюраны уккан сайын, баягы жайлоодогу концерттин элеси көз алдыма шак тартылат. Жүк ташуучу автоунаанын платформасында Шостакович турат, ал эми Ыбырай маэримин төгө улуу композиторду жылмая карайт. Увертюрадагы кыргыз темасынын вариацияларынан Ыбырайдын күүлөрүнүн ыргактары да жаңырат»,- деп жазган эле, Виктор Виноградов.

Ооба, Ыбырай ар бир угуучуну сейрек учурай турган шыгы, мүнөзү, аткаруучулук өзгөчө чеберчилиги менен таңдантып, таасирленткен. 1960 жылдан тартып Ыбырай өмүрүнүн акырына чейин Караколдо жашады. Ушул жылдар аралы-

тында композитор «Ысык-Көл», «Кызыл кырман», «Карыя» деген күүлөрүн жараткан. Өмүрүнүн акыркы жылдарында эл арасын көп кыдырып, унутта калып бараткан күүлөрдү үйрөнүп, ага кайрадан өмүр тартуулаган. Буга «Жоо калдым» деген күү мисал боло алат. Тээ заманында, көл ороонунда Абак деген комузчу өткөн экен. Күндөрдүн биринде Абак жолоочулап келе жатса, төрөлөр күлүк атын жыгып алып, жоо катып шат экен. Ошондо Абак кендирди кескен заманга наалат айтып, муңканган муңдуу кайрыктарга бай ушул күүнү жаратып кан турбайбы... 60-жылдары элдик композитор «Космосту», «Пионерлер гүлдөйт», «Жүз жылдык», «Карыянын кубанычы», «Коргоолго эстелик» деген күүлөрдү чыгарат. Залкар таланттын чыгармачылыгы башкалардан кескин айырмаланган. Биринчиден, ал элдик жана эски комузчулардын классикалык күүлөрүнүн сактоочусу, оңуктуруучусу жана жайылтуучусу болгон. Башка ырчы-комузчуларга караганда Ыбырай аларды көп билген жана көп аткарган. Алсак, ал Кыргыз радиосунун алтын фондуна 120 дай элдик атактуу комузчулардын чыгармаларын жаздырган. Ыбырай алардын ар биринин стилине мүнөздүү, таандык кайрыктарын, ойлорун бири бирине аралаштырбай, чеберчилик менен аткаргандыктан, ал арасында аткаруучу-комузчу катары да таанымал, баалуу болгон.

Ыбырай Тумановдун композитордук шыгы совет бийлигинин алгачкы күнүнөн тартып, көөнөрбөс бийиктикке карай сапар алган. Ал өлкөбүздөгү улуу өзгөрүштү тез кабыл алган. Ошондуктан анын күүлөрүнүн дээрлик баары, өзү жашаган доорго арналган. Анын күүлөрү алгачкы эле кайрыгынан башкалардан айырмаланып турат. Ал эми Ыбырай колдонгон ар түрдүү ыкмалар, штрихтер – бөтөнчө оригиналдуулукка, бийиктикке ээ. Чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүк–ал ар дайым өзүнүн гармониялык тилин, модуляциялык ыкмаларын калыптандырууга, байытууга умтулган изденгич, нукура композитор. Залкар комузчу башкалардан, күүлөрүнүн тематикалык жаңычылдыгы менен гана өзгөчөлөнбөстөн, аткаруучулук өнөрү менен да айырмаланган. Анын эң негизги жана сайрап штрихтери терип, чымчылап, аралаш черткен элдик ыкмалар болгон. Ыбырайдын эң акыркы чыгармасы – шайыр, жандары, салтанаттуу кайрыктарга бай «Жүрөк толкуйт» аттуу күүсү. Аны автор 1965-жылы чыгарган. Ал кийин эл аспаптар оркестрине да аткарылган.

Залкар комузчу канчалык карыса да, ага алдырбай, ал-дан-күчтөн тайбай, комузун таңшыта черткен бойдон, сексен эки жашка чыгып, 1967-жылы узакка созулган оорудан кийин дүйнөдөн кайткан. Элдик композитор Ыбырай Туман уулунун жаркын элеси, шаңдуу кайрыктарга бай, ал эми классикалык күүлөрү калкынын жан-дүйнөсүнөн түнөк алып, көөнөргүс улуу чыгармаларга айланган.

# Чалагыз Иманкулов



Кыргыз элинин корүнүктүү акыны жана комузчусу, Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмери, СССР жазуучулар союзунун мүчөсү Чалагыз Иманкулов 1889-жылы Ысык-Көлдүн күңгөй жагындагы Булан-Сөгөттү (Корумду) айылында туулган. Атасы Иманкул колунан кушу, жонунан мылтыгы түшпөгөн чоң мүнүшкөр жана көзгө атар мерген болгон. Ал атымышка аяк басканда зар какшап жүрүп, эркек баланын үнүн угат. Өзүнүн аты тууралуу Чалагыз комузчу: «Мен төрөлгөндө, ошол кездеги салт боюнча, азан чакырган Молдо менин атымды Абдылда деп коёт, жерге түшөөрүм менен энем эркек эмес, кыз экен деп ырымдап, кулагымды көзөп, иймек тагып, «Чалагызым, Чалагызым» деп жүрүп, Абдылда атым айтылбай, Чалагыз атка конуп кеткен экемин», - деп эскерет.

Чалагыз медреседен 5 жыл окуп, сабатсыздыгын жоёт. Бала кезинде алардын айылына комузчулар көп келүүчү экен, комуздун үнү кайдан чыкса, ошол жерде айланып кетпей жүрө берчү, дешет. Адегенде күүнүн башын Шамырдын уулу Кантаай деген комузчудан үйрөнүп, кийин Карамолдого кошулуп, айыл аралап, комуз черте баштайт. Атактуу кыякчы Мураталы менен жыл сайын жолугуп, андан бир топ элдик күүлөрдү үйрөнүп, аны өздөштүрүп, аткара да билген. Атасы Иманкул Алмолдо деген чоң устага комуз чаптырып берет. Кийин Чалагыз өзү Жансерке деген устадан комуз чабуунун сырларын үйрөнөт. 14-15 жашынан тарта комуз черте баштайт. Таланттуу жаш комузчу алгач угуучуларга «Шыңгырама», «Камбаркан», «Кербез» өңдүү күүлөрдүн чебер аткаруучусу катары таанылат. Ал мындай булбул таңшыгандай күүлөрдү чертүү менен бирге, кийген секетбай ырларды да обон созуп ырдайт. Ал турсун казак, кыргыз элдерине ортоктош «Кыз Дарыйка» деген кенже эпосту да комуздун коштоосунда айтат. Ыр менен күүгө суусуну канбай, дикилдеп жүргөндө Көл өрөөнүнүн атактуу чоң комокчусу, манасчы Дыйканбай менен кадимки ооз комузчу Бурулча байбичеге жолугат. Алардын биринен «Манастын» үзүндүлөрүн, экинчисинен темир комуздун кубулжуган мукам күүлөрүн угуп, таалим-тарбия алып, шыгына шык кошулат.

1916-жылы эл арасына бүлүк түшүп, кыргыз жергесинде чоң үркүн башталат. Ошондо туулган жер менен кош айтышып, күйүткө батып, көзүнүн жашын көлдөтүп, жоо жалаңдап: «Ата конушу жер кайда,

Айланайын көлүм ай,

Азапты жаман көрдүк, ай!

Атадан бала адашып,

Арабелле, өлдүк, ай!
Кемегедей жер чукуп,
Кепини жок көмдүк, ай!
Ат ордуна куу таяк,
Жөө басканга кондук, ай! - деп, Чалагыз арманын айтып,

өз эли менен, Ысык-Көлдөн Текеске карай жөнөйт. Бөлөк эл, бөтөн жерде тартпаган азаптарды тартып, көрбөгөндү көрүп, оор турмушту башынан өткөрөт. Ошентип, зар какшап жүргөндө, кыргыз жергесинде Улуу Октябрдын таңы атат. Ошентип, Кытайга үркүп барган кыргыздар мекенине кайрадан жол тартышат. Чалагыз Иманкул уулу да өз элинин атынан:

«Үмүт үзбөй сууңдан,
Бир жутууга талапкер,
Калгандырсың сагынып,
Мойнума курум салынып,
Өлдө кагылайын, Ысык-Көл!» - деп ырдап, киндик каны тамган Сөгөттү айылына келет. 1922-жылдан 1933-жылга чейин, ал өзүнүн туулуп өскөн айылында жана Темир Молдо негиздеген Темировка кыштагында айылдык кеңештин мүчөсү, катчысы, болостук аткаруу комитетинин текшерүү комиссиясынын башчысы, «Комсомол», «Булан-Сөгөттү» колхозунун биринчи башкармасы, комотряддын начальниги, Темировка сельпосунун башкармасы болуп иштейт. Бирок ал кайсы гана иште иштебесин, колунан комузун, оозунан ырын түшүрбөйт. Чалагыз ошол учурдагы айыл активдеринин эң билимдүүсү жана зээндүүсү эле.

1933-жылы Карамолдо атайын Фрунзеден айылга барып: «Чалагыз жүр, сени да чакырып атат. Ырчы, комузчуларды өкмөт топтоп жатат, сен радиого күү чертесиң, бир тамда олтуруп черткен, бүткүл кыргыз эли угат экен. Укмуш, жүр бачым, атайы сага келдим. Мына, чакырык кагазы», - деп, Чалагызды Фрунзеге алып келет. Карамолдо айткандай эле, ал алгачкы эки жылда радио түйүнүндө иштейт. Кийин 1934-жылы Кыргыз драма театрына которулат. Ал өзүнүн залкар окутуучуларынын бири Муратаалы менен кайрадан жолугат. 1936-жылы Кыргызстан Мамлекеттик филармониясы уюшулат. Чалагыз да башка атактуу, элдик өнөрпоздор менен бирге, театрдан филармонияга которулат. Жаңы жамаатта ак карлуу Нарындан Актан, Асанаалы, Муса, Калмурат, Жумамүдүн, түштүктөн Сайид, Диддабай, Байыш, Көгүлтүр, көлдөн манасчы Саякбай, комузчу Ыбырай, сары өзөндүү кең Чүйдөн темир комузчу, кыякчы (гармончу) Аламкалый, Ысмайыл, Токтонаалы ырчылар, Таластан Токтогулдун окуучулары, токмо Алымкул, комузду булбулдай сайраткан Атай, Шекербек сыяктуу залкар талантгар бар эле. Орустун белгилүү дирижеру жана композитору П.Ф. Шубин Эл аспаптарынан оркестр уюштурган. Анын негизги өзөгүн жогорудагы атактуу инсандар түзгөн. Аларга Шубин музыкалык сабаттуулук боюнча сабак берет. Ошол

мезгилде Чалагыз Иманкуловдун шыгы артып, замандаштары менен бирге, жаңы замандын жарчысы болот. Ал эми 1939-1958-жылдардагы Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадаларына активдүү катышат.

Чалагыз комузчу гана эмес, комуз жасоо чеберчилигин да мыкты өздөштүргөн – чоң уста. Ал элдик комуздун башына, мойнуна өзгөртүү киргизген. Ал комуз колго күч келтирбей, эпсек чертилгендиктен, 1936-жылы Кара Молдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин негизги өзөгүн түзгөн. Анын колунан чабылган комуздарды Мураталы, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Шаршен, Калык, Алымкул, Осмонкул сыяктуу залкарлар өмүр бою чертишкен. XX кылымда Бишкектеги театралдык коомдун алдындагы жана «Кыял» бирикмесинин устаканаларында чабылып, дүкөндөрдө сатылып жаткан комуздардын да автору – Чалагыз комузчу. Ал чапкан комуздун шаңдуу күүсү бир гана КМШ өлкөлөрүнүн аймагында шаңшыбастан, Индияда, Кытайда, Францияда, Монголияда, Польшада, Чехословакияда да таңшып келет.

Чалагыз Иманкулов жазма акын катары да элге таанымал. Анын акындык шыгынын өнүгүшүнө маркум Райкан Шүкүрбеков менен Калык Акиев көмөктү болушат. Анын калеминен жаралган «Нур заман», «Чынтемир», «Замандашым комузум», «Үч кыз», «Өмүр белестери» жана башка китептери жарык көргөн. Ошону менен бирге, атактуу мүнүшкөр да болгон. Ал эс тартканы атасынан ителги, ылаачын, бүркүттөрүн томого тигишти, мээлей жасашты, ар бир куштардын айырмасын, мыктысын ажыратышты жана анык таптоону үйрөнгөн. Ушул кыргыздын көөнөрбөс өнөрүн көзү өткөнчө унутпай, аздектеп сактап келген.

Ч. Иманкулов элдик «Жаа толгоо», «Кер толгоо», «Жанкама», «Кара өзгөй», «Тунгуч Камбаркан» «Алым сабак», «Салтанат» сыяктуу чыгармалар баш болгон, жүзгө жакын ар кандай мазмундагы, стилдеги залкар күүлөрдү мыкты черткен. Мындан сырткары «Карагай булак - чоң Ак-Суу», «Кайгылуу Кекей», «Кереге жайдым, чий калап», «Секетбай», «Орозкундун обону» деген обон-күүлөрдү да чебер аткарган. Ал - кыргыз музыкасынын классиктери Мураталынын, Кара Молдонун жана курбалдашы Ыбырайдын улуу жолун улантуучу-мураскер. Айрыкча, Мураталынын «Чоң кербез», «Такмаза», «Жаш кербез», Кара Молдонун «Сынган бугу», «Ибарат», «Терме камбаркан», «Насыйкат», «Көкөй кести», Ыбырайдын «Жаш тилек», «Кеңеш», «Жыргал күн» деген күүлөрүн чертип жатканда, залкарлар өздөрү чертип жаткандай, уккан жанга өзгөчө сезим тартуулоочу. Анткени ал бул күүлөрдү бүткүл дити менен сүйүп, өзгөчө шыктануу, толкундоо менен аткарган.

1962-жылы Республикалык радионун музыкалык фондусуна Чалагыз Иманкуловдун аткаруусунда элүүгө жакын, тандалган күүлөр жазылып алынган. «Эмгектин наны – таттуу»

дегендей, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн», В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына «Каарман эмгеги үчүн» медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

Көп кырдуу талант, элдик өнөрлөрдүн ээси Чалагыз Иманкул уулу 1980-жылы 91 жаш курагында көз жумган.

# Асанаалы Кыштообаев



Комузчу Асанаалы Кыштообаев Түп районунун Жыргалаң суусунун боюндагы Жайылма деген жерде 1894-жылы төрөлгөн. Асанаалынын чоң атасы Байбуура, атасынын иниси Чилдибай да чоң комузчулардан болушкан. Комуз менен оозанган Асанаалы 7-8 жашка келгенде, Айкөл Манас 40 чоросу менен түшүнө кирет. Ошондо кыр мурун, кабагы бийик, кара сур, кара сакалчан Кан Кошой боз үйдүн керегесинде илинип турган ак комузду алып: «Балам, мынабу комузду чертип жүр», - деп, белекке берген күндөн, комузду колунан түшүрбөй чертет.

Тогуз жашында медресеге кирип, Токтобай деген молдодон жети жыл билим алат. 1914-жылы Текеске кетет. 1916-жылкы Үркүндө Кытайдын Иле, Текес аймагына качып барып, жашап калат. Бир жолу Үрүмчүдө өткөн олуттуу адабияттын жыйынына катышып, таңшыта күү чертип, ал жерден биринчиликти жеңип алат. Ошол мезгилдерде Иле облусунун Көк-Терек чөлкөмүндө элүү башы, эки жылдай болуштун орун басары болуп иштейт. Ал эми 1962-63-жылдары Кытайдан туулган жери Ысык-Көлгө келип, Түп районунун Сан-Таш жериндеги Кара-Чуңкур айылында биротоло жашап калат.

Комузчу Асанаалы Кыштообаев бала күнүнөн эле, бир уккан күүсүн жазбай, дал өзүндөй кылып аткарган, өзгөчө жөндөмгө ээ болгон. Алгач өз чөлкөмүндөгү комузчулардын күүлөрүн чертип жүрсө, кийин өз тарта баштаганы, эки жактан келген чоң комузчулардын өнөрүн, чыгармаларын көкүрөгүнө түйүп, чыгармачылыгын улам байытып отурган. Асанаалы комузчу алгач Ыбырай Туманов менен таанышып, анын көптөгөн күүлөрүн үйрөнгөн. Ошондой эле көл аймагынан чыккан, улуу устаттар: Байтайлак уулу Байгабыл, Ындыбай комузчу, Кайду комузчу, Усуп уулу Мамыр, Мамбет уулу Байзак, Коондук уулу Өмүрзак, Байзак уулу Атай, Ногойбай комузчулардан өрнөк алып, өнөргө тарбияланган. Элдик, бай музыкалык мурастарды төкпөй-чачпай көөдөнүндө сактап келген. Ал – «Салтанат», «Жердиктин кызынын арманы», «Кой бөлөр», «Бай монол», «Карача торгой»,

«Куу иниген», «Карт бабанын зикири», «Тел күрөң», «Эр Табылдынын армааны», «Ой, Кожожаш мергеним», «Көк жорго», «Асем конур», «Боз торгой», «Кара кучкач» сыяктуу элдик күүлөрдү чебер черткен комузчу.

Айтылуу Ысакбек генерал менен Асанаалы комузчу 1947-жылы Илениин СССРге жакын Нарынкол уездиндеги Балыкты деген жеринде, Текес дарыясынын боюнда жолугушат. Генералдын өтүнүчү боюнча, анын аскерлери үчүн "Аскер маршы" деген жаңы күү жаратат. Ошентип, кыргыздын комуз күүсү уйгур, казак, дунган, кыргыз, монгол, татар, орус, өзбек, тажик сыяктуу көп улуттан куралган, Улуттук армиянын маршы болуп калат. Ал эми Кыргызстанга келгенде, бул күүсүн радионун "алтын фондуна" "Жаңы марш" деген ат менен жаздырат. Бүгүн да ал күү Кыргыз радиосунан кез-кезде жаңырып калат.

Ал карыдым, арыдым дебей, комузун таңгылтып, телерадионун алтын казынасына ар кандай мазмундагы жүзгө жакын күүлөрдү жаздырууга жетишкен. Мисалы, 1964-жылы комузчу радионун фондусуна 96 күү жаздырса, кийинки келгенинде, дагы кошумча 38 күү жаздырып кеткен. Алардын көбүн «Бекташ», «Карагул баатыр», «Кызыл чок», «Экөөлөсөң экөөлө», «Буркуй», «Такмаза», «Сандал Кок», «Шырдакбектин боз жоргосу», «Шудунгут» сындуу кара күүлөр түзөт.

Асанаалы Кыштообаев улуу комузчулардын күүлөрүн чертүү менен бирге, өзү да «Таза болсоң суудай бол», «Көк жайлоо», «Кыз кыял», «Жаңы заман гүлдөсүн» аттуу күүлөрдү жараткан. Кезегинде Кыргыз Республикасынын эл артисти, комузчу, күүчү, ырчы-аткаруучу Нурак Абдыракманов да өз мезгилиндеги чыгаан таланты, улуу устат Асанаалы Кыштообаевден таалим алган. Чоң комузчу Асанаалы Кыштообай уулу 1985-жылы 91 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

# Чалагыз Исабаев



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Камбаркан» ансамблинин уюштуруучусу, белгилүү комузчу Чалагыз Исабаев Ысык-Көл районунун Темир айылында жарык дүйнөгө келген. Алгач музыкалык билимди М.Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык мектептен, кийин жогорку билимди Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунан алган.

Өзүнүн эмгек жолун Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик филармониясында улуттук аспаптар оркестринде артист болуп иштөөдөн баштаган. Ошол филармонияда 15 жылдан ашык убакыт комузчулардын оркестрин жетектеген. Анын көркөм жетекчилиги менен, кыргыз комузчулары дүйнө жүзүндөгү көптөгөн мамлекеттерге барып, концерт коюшкан.

Анын «Камбаркан» ансамблин түзгөн учуру – чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жаркын этабы. Этнографиялык стилди камтыган, бул ансамблди түзүү үчүн, Ч.Исабаев Кыргызстанды түрө кыдырып, комузду мыкты чапкан О.Кенчиев, С.Айдаралиев сыяктуу усталар жана сүрөтчү М.Кучкаев менен бир нече ирет жолуккан. Булар менен авторлош болуп, эзелки унутта калган, элдик музыкалык аспаптарды кайрадан калыбына келтирген. Ал жаш таланттарга комуз чертүү, күү чыгаруу боюнча сабактарды берип, ага бүтүндөй окутуучулук даремстин арттаган. Ошондой эле элдик ырларды жана күүлөрдү нотага түшүрүү боюнча эмгеги – зор.

# Орозобай Кенчинбаев



Колунан көөрү төгүлгөн уста, комузчу, сүрөтчү Орозобай Кенчинбаев Ысык-Көл районунун Семеновка айылында туулган. Чебер уста элдик чертме, какма, тартма музыкалык аспаптардын жаңы түрлөрүн чабуу, жасоо менен бирге, үйлөмө чоорлордун түрлөрү: чопо, чогойно, ышкырык, балтыркан чоорлорду, сыбызгы, сурнай, кернейдин, добулбастын, доолдун да добулпастарынын бийиктиктерин таап, этнографиялык ансамблдерде, оркестрде ойнотулуучу жаңы түрлөрүн да оркундөткөн. Ал тигил, же бул ансамблдин, оркестрдин аспаптарынын тобун көбөйтүү, добулпастарын байытуу максатында, эзелтен эле дубаналардын асабына айланган, шайтан-шабырларды куугaн жана өзүнүн келе жаткандын кабарлаган Аса таякка (Аса-Мусага) жезден түрдүү шылдырактарды жасап, аны башына тагып, өзүнчө бир ыргактуулуктуу берген, жаңы музыкалык аспапты да жаратат.

Элдик аспаптарды келтире чаап, келиштире ойногон Орозобай Кенчинбаев 1967-жылдан тартып, Москвада, Сомалиде, Францияда, Якутияда, Италияда өткөн Бүткүл союздук, Эл аралык, дүйнөлүк сынактарга, фестивалдарга, көргөзмөлөргө чапкан жана жасаган музыкалык аспаптары менен катышат. Бир нече жолу ал баш байгелерди жеңип алып, лауреат болгон. 1962-жылдан тарта, кыргыздын салттуу музыкалык аспаптарынын 20 түрүн жасаган. Кыргыз театрынын ишмерлер союзу атактуу музыканттардын, адистердин чечими менен, Орозобай Кенчинбаевге он эки музыкалык аспаптын автору деген күбөлүк берет. Кенчинбаевдин чапкан аспаптарынан «Камбаркан» баштаган «Шаттык», «Ак-Куу», «Боз салкын», «Керемет» аттуу талантту этнографиялык ансамблдер уюштурулат. Ошентип, кыргыздын элдик музыкасынын тарыхында алгачкы жолу улуттук этнографиялык ансамблдер жаралат.

«Камбаркан» ансамблинин уюштуруучусу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, маркум Чалагыз Исабаев

жана Орозобай Кенчинбаев ансамблдин аспаптарын талыкпаган изденүү, тажрыйбалуу эмгек менен жасагандары белгилүү. Айрыкча, анын чопо чоорду жасап, анын үндөштүгүн таап, оркестр аспаптарынын тизмесине киргизгени, салттуу музыкада чоң жаңылык болду. Буга чейин, чопо чоор 3-4 ышкырыктуу үнгө зо калдыкмын аспап катары кабылданган. Ушундай эле аракетти какыл аспаптарда да байкаса болот. Мисалы, добулбастарды үндөштүккө келтирип, керектүү, тиешелүү тондорду берип, андан кийин гана аспап катары пайдаланууга берген.

Орозобай Кенчинбаев кыргыздын, казактын элдик музыкалык аспаптарын чабуу менен бирге, «кыргыздын бүтүндөй кол өнөрчүлүгүнүн энциклопедиясы» деп аталган боз үйдүн бардык жыгач-таштарын, ичиндеги бардык жабдууларынан бери улуттук негизде жасаган. Колу сыйкырдуу устанын колунан жаралган, 12 канат боз үй Манастын 1000 жылдык маарекесинде баш байгеге татыган.

2000-жылы Орозобай Кенчинбаев Италиядагы Бүткүл Дүйнөлүк «SOS - Киндердорф Интернациональ» балдар айылынын жайкы лагеринин борборуна барып, боз үйүн тигип, ар кыл аспаптарда күүлөрдү аткарып, Африка, Азия, Америка жана Европа өлкөлөрүнүн балдарынын алкоолоруна татыган.

Колунан көөрү төгүлгөн Орозобай Кенчинбаев Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Ал бир катар эл аралык фольклор фестивалдарынын лауреаты. Варгандык музыканын Бүткүл Дүйнөлүк Конгрессинде «Мыкты уста», ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Элдик уста» наамын алган. 2000-жылы Италияда өткөн эл чыгармачылыгынын көргөзмөсүндө музыкалык аспаптарды жана боз үйдү мыкты жасагандыгы үчүн, күмүш медалга ээ болгон.

## Намазбек Уралиев



Комузчу, аткаруучу, күүчү Намазбек Уралиев 1956-жылы Ысык-Көл районундагы Кожояр айылында туулган. Чоң атасы Ураалы өмүр бою жылкы багып, тоодо жүргөнүнө карабай, 1930-жылдары филармонияга чакыруу алган чоң комузчу экен. Ал Карамолдо менен үзөңгүлөш чоңоюп, Үркүндөн соң, Совет өкмөтү орногондон тарта кол үзүшкөн эмес. Карамолдо Орозов, Чалагыз Иманкулов, Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев өңдүү залкарлар баштаган филармониянын чыгармачыл тобу айыл кыдырып келгенде, Ураалынын үйүнө түшпөй өтүшпөй, кайтышчу эмес экен. Ошондуктан Намазбек кичинекейинен комузду колдон түшүрбөй чертип, мектепте жүргөндө көп кароолорго катышат. Көрсө, комуз чертүү жана комуз чабуу өнөрү Ураалы тукумунда бар экен. Чоң атасынын комуз чапкан керки, балта, өйгү, жоойгу, сүргү, дүрбү деген бир топ аспаптары болуптур. Намазбек 12-13 жашынан тарта комуздар-

дын сомдолуп коюлганын чоң атасынын үкотүнон таап алып, «чоң атам сомдоп койгон турбайбы, ушуну бүтүрөйүн» деп, 13 жашында анын биринен жасап алган комузун ушу кезге чейин, колдон түшүрбөй чертип жүрөт.

Намазбектин айтымында, чоң атасынын эле ыкмалары менен чаба бербестен, Кожояр айылында атагы чыккан Орозобай Кенчинбаев аттуу чоң устадан жаңы ыкмаларды колдонуп, аспапты урунганды, курчутканды, ошолорду топтогонду, чапканды үйронүптүр. Ата бабадан келе жаткан салт боюнча, өрүк комуз өтө бааркталат. Өрүк комуз күүсү жагымдуу, черткенге ыңгайлуу, сактаганга чыдамдуу болот. Албетте, башка жыгачтардан деле өрүктон кем эмес кылып комуз чапса болот.

Кыргыз элинe таандык музыкалык аспаптар абдан көп. Комузчу, уста Намазбек ушул түрлүү музыкалык аспаптардын бир тобун жасайт. Мисалы, тартма аспаптар – кыл кыяк, темир комуз, комуздун түрлөрү жана добулбас, шалдырак жана башка улуттук аспаптар.

Намазбек комузчу өзү жараткан, он чакты күүлөрдүн – автору. Ал азыр да өнөр үчүтүн улап, жаш муундарга өнөр сырын үйрөтүү менен бирге, комуз чаап, кыргыз дөөлөтторүнүн бири болгон комузду, күүчүлүктү туу тутуп келе жатат.

# Самара Токтакунова



Кыргыз ССРинин Эл артисти, СССРдин Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Самара Токтакунова 1945-жылы Кеминдин Кызыл Суу айылында жарык дүйнөгө келген.

Жашынан элдик классикалык күүлөрдү жана Токтогул, Карамолдо, Шекербек, Ыбырай, Ниязаалы сыяктуу залкарлардын күүлөрүн мыкты чеберчилик менен аткаргандыктан, эл оозуна алынган.

1964-жылы М.Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайынын эл аспаптар бөлүмүндө А.Асакеев менен К.Үкүбаевден билим алат. Ал эми 1988-жылы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун оркестр-дирижерлук бөлүмүн аяктаган. 1963-88-жылдары Улуттук филармониянын «Камбаркан» этнографиялык-фольклордук тобунда, ошондой эле К.Орозов атындагы эл аспаптар оркестринде эмгектенген. Бир катар эл аралык конкурстардын лауреаты. Талыкпаган чыгармачылык эмгеги үчүн, «Даңк» медалы, III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган.

# Бакыт Шатенов



Элдик ырларды мыкты аткарган ырчы, кыргыздын дээрлик бардык аспаптарында кол ойното билген өнөрпоз Бакыт Шатенов 1962-жылдын 9-декабрында Ысык-Көлгө караштуу Григорьевка айылында туулган. М.Куренкеев атындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайынын кыл кыяк классын, андан соң Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун аяктаган.

Алгачкы концерттик ишмердүүлүгүн «Камбаркан» ансамблинде ырчы, кыл кыякчы, комузчу, ооз комузчу, чоорчу болуп иштөөдөн баштаган. Комузда Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын күүлөрүн чертип, ал эми кыл кыякта Мураталынын, Саидинин күүлөрүн тартат. «Ой, булбул», «Күйдүм чок», «Гүл», «Эсимде», «Кыздар ай», «Даанышман» сыяктуу классикалык чыгармаларды түп нускаларынан алыстатпай, чоң чыгармачылык эргүү менен аткарат. Ошондуктан эки жолу «Жылдын мыкты ырчысы» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

2001-жылы А.Огонбаевдин 100 жылдыгына арналган эл аралык «Талас таңшыйт» фестивалында баш байгени багындырса, ал эми учурда «Ордо-сахна» фольклордук тобунда эмгектенет. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти.

# Анара Эсенгулова



Комузчу, аткаруучу Анара Эсенгулова Балыкчы шаарында 1963-жылы туулган. Алгач Балыкчыдагы музыкалык мектепте, андан соң Бишкектеги М.Куренкеев атындагы музыкалык окуу жайында комуз боюнча классында окуйт.

1981-жылы Кыргыз улуттук филармониясынын К.Орозов атындагы эл аспаптар оркестринде, комузчулар ансамблинде иштейт. Устаты С.Токтакуновадан Ньязалынын, Токтогулдун, Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын күүлөрүн үйрөнөт. 1983-88-жылдары Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунда окуп, ошол эле учурда филармонияда, кийинчерээк А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын симфониялык оркестринде эмгектенет. Ал эми 2000-жылдан тарта, «Саамал» этнографиялык-фольклордук тобунда эмгектенүүдө.

Анара Эсенгулова күүлөрдү табына чыгара аткаруу менен, жаңы кайрыктуу, жаңы мазмундуу «Арман күүсү», «Көл башы» аттуу күүлөрдү жараткан. Кыргыз маданиятына кошкон салымы үчүн, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти», «Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын лауреаты» деген наамдарга татыктуу болгон.



Ала кийиз. Сүрөтчү Ж. Уметов

# Улуттук
# Улуу Дөөлөттөр

«Ат жалында казан асып, көчмөн жоокер жашоо менен, желип-жортуп Азияны түрө кыдырган, Эр Кыргыздын арууллугу менен нарктуулугу – БОЗ ҮЙҮНДӨ, улуулуга устукан тарткан МЕЙМАНДОСТУГУНДА, дөөлөттүү каадасы АК КАЛПАГЫНДА, кыраан тукум данкы УКУРУГУНДА, шаңы КОМУЗУНДА, урпак ырысы АРЧА БЕШИГИНДЕ жана кереметтүү буюмдарды жасаган чеберчилик-усталык өнөрүндө, миң сырдуу жаратылыштын менен эриш-аркак жашаган кемеңгерлигинде.

АЙКӨЛДҮК, ЖООМАРТТЫК, КАЛЫСТЫК, АДАМГЕРЧИЛИК сапаттарды туу тутуп жашагандыгында»,- деп Күнчыгыштын түмөн эли, уруу, улуттары даңазалаган. Ананчы! Улуу журттун үчүнө, кылым элдин кыйырына таанылып, мухиттей кең, деңиздей тегиз, жүрүшү айбаттуу, турушу кубаттуу болуп, алпейим шаанин күтүп, кырк уруу элге туу болуу оңойбу?! Кырк уруу элдин кадырын карк кылып, жакшысын чыгарып, жаманын жашырып, кара кылды как жарган калыс акыл-эс менен, мүлдө журт тескөөдө, ошо АРУУ улуулук, АЙКӨЛ кеңеңдик, РУХ тереңдиги Кыргызды Кыргыз кылып, улам жаңылап, улам кайра жаратып, жашаган сайын жашартып келатат.

# Тогоол – Кыргыздын жыл санагы



Кыргыздын жыл санагы жана жылдыздар жөнүндө билими палеолит доорунан бери калыптанганы жөнүндө (50-30 миң жыл илгери) илимий изилдөөлөрдөн белгилүү. Алтайдын чыгыш тарабында табылган, ай календары 24 миң жыл илгери түзүлгөнү жөнүндө тарых илиминин доктору В.Е. Ларичев илимий эмгектеринде кеңири токтолгон (Журнал «Каменный век северной, средней и восточной Азии», АН СССр, Институт истории, Наука, 1985 г., статья «Лунно-солнечный календарь древнокаменного века Сибири»; В.Е. Ларичев, Мудрость змеи: первобытный человек, Луна и Солнце, Наука, АН СССР, 1989г.).

Ай санагын кыргыз эли дайыма айтып, сактап, муундан-муунга мурастап, өз турмушунда кеңири колдонуп келген. Алар кайсы күндөрү ай жаңырып, толуп, бөксөрүп жана Үркөр топ жылдызы менен, тогошоорун жакшы билген. Себеби, бабаларыбыз байыркы доордо эле, бул күндөрү табиятта зор өзгөрүүлөр болоорун байкаган экен. Бүгүн тогол күндөрдүн табиятка болгон жагымсыз таасирин астрономия илими түгүл, кыргыздан башка бир да эл билбегени анык болду. Кийинки он жылдан бери, Кыргызстанда ай календары пайдаланылып калды. Демек, бул – кыргыз элине гана таандык билим экендигинин талашсыз далили. Мисалы, тогол күндөрүн өзбек, казак, түркмөн, тажик, монгол жана башка элдер билбейт.

Тогол жана ай жаңырган күндөрү гравитация жана электромагнит талааларда зор өзгөрүүлөр аба ырайына гана эмес, өсүмдүктөргө, жаныбарларга, өзгөчө адамдарга олуттуу таасир берээрин, бабаларыбыз илгери эле байкап, анын сырын чечмелей билген. Алар: Ок жылдыз, Сумбула жылдыз, Куйрук-

туу жылдыз, Тараза, Чидер, Чолпон, Чычкалуу, Алтын Казык, Жетиген, Жашыл, Кара Куч, Эшек Кырган, Керген сабы, Балбылдак, Жарык, Кокотон, Кош Музоо, Үч Аркар, Толтойдун Огу, Бука, Эгиз, Кош Олум, Кыз Бүйүн, Пери сыяктуу, далай жылдыздардын бири-биринен ажыратып, таанып алган. Мисалы: Сумбула жылдызы «тууганда» – суу муздайт, чоп катат. Тараза жылдызы чыкканда, таң суул, чымын-чиркей жоголуп, мал семире баштайт. Үркөр жерге батпай, жер жылыбайт. Чидер көрүнгөндө – жай аяктайт. Үркөр таң алдында чыкканда – кыроо түшүп, жер салкындайт. Үркөр чак төбөгө келгенде – кыш текелет...

Чолпон-Ата жергесиндеги Саймалуу-Таштагы сүрөттөрдүн биринде Тогоздун сүрөтү чегилген. «Ал сүрөттөр биздин ата-бабаларга таандык» деп ишенимдүү айта алабыз. Анткени алар «бул күндөрү урпактарыбыз көчпосун, ашуу ашпасын, дарыя кечпесин, ууга чыкпасын, аш-той берип бекер убара болбосун» деп эскертүү үчүн, ташка тогоздун сүрөтүн чегип калтырышыптыр. Ал эми кыргыздын түпкү, байыркы тарыхын 15-20 миң жыл илгери тартылган, Хакасия тоолорундагы аскаларга чегилген жылдыздардын сүрөттөрү далилдеп турганын, эч ким тана албастыр.



# Боз үй

Тарых барактарында кыргыздардын боз үйү тууралуу маалыматтар биздин заманга чейинки мезгилге таандык экендиги, белгилүү. Карасук доорунда боз үй пайда болуп, Тоо-кар маданиятында ал кеңири колдонулуп калганын, орус окумуштуусу А.П. Окладников өзүнүн «Сибирь тарыхы» деген эмгегинде («История Сибири», Илим, Ленинград, 1968-ж.) белгилеген. Ал эми тарыхчы Е.Е. Кузьмина «Тяншандан Уралга чейинки байыркы малчылар» аттуу эмгегинде (Древнейшие скотоводы от Урала до Тянь-Шаня., Илим, Фрунзе, 1968г.) Андрон доорундагы үйлөрдөн боз үй пайда болгонун сүрөттөр менен далилдеген. Ал эми «Манас» эпосунда боз үй кыргыздардын негизги турагы катары сүрөттөлөт. XX кылымдын Гомери аталган, улуу манасчы Саякбай Каралаев боз үйдүн жасалышын, тигилишин, жасалгасын күн-түн айтканы,

буугу ачып-жабууда, эшик боону чамгарактан өткөрүүдө колдонулат. Уук – чамгарак менен керегени бириктирүүчү жыгачтар.

Уук көбүнчө талдан, жаш карагайдан жасалат. Уук жасалуучу талды бүрдөй электе кыйып алып, баш-аягын тегиздейт. Анын узундугу болжол менен 2,5-3 метр, диаметри 2,5-3см. Бир боз үйгө болжол менен 40-100 уук керектелет.

Босого – боз үйдүн эшигинин эки жагында жазылыгы 8-15 см, калыңдыгы 4-6 см, бийиктиги кереге менен тең эки босого таяк. Боз үйдүн кийиздерине үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик жабуу кирет. Чийге канат чий, чыгдан, эшик кирет.





Үзүк – боз үйдүн ууктарынын үстүнөн жабылуучу калың кийиз. Алдыңкы жана арткы үзүк деп бөлүнөт. Үзүк койдун күзгү кылчык жүнүнөн жасалса бышык болот. Анганын узундугу болжол менен 7,5-8,5 метр, баш жагы 2-2,5 метр.

Туурдук – үзүктөн жукараак болгон, боз үйдүн кереге жабуусу. Туурасы 2-2,5 метрдей, узундугу 4,5-5,5 метрдей. Бир боз үйгө 4-5 туурдук; жети, тогуз канат үйгө 6-7 туурдук жабылат. Туурдуктун жээги кара-ак, кээде кызыл-ак жиптер менен аралаш жээктелет. Койдун жүнүнөн жасалган жээк суу тийгенде кирип, туурдуктун жээги бырышып калгандыктан, айрым жерлерде топодун жүнүнөн эшилген жип менен да жээктелет.

Түндүк жабуу – боз үйдүн чамгарагын жабуучу кийиз. Ал калыныраак кийизден чамгарактын чоңдугуна жараша (болжол менен узуну да, туурасы да 2 метр) төрт бурч кесилип, жээги оң-сол эшилген жиптер менен жээктелет. Анын төрт бурчуна тагылган, төрт боонун үчөө кырчоого байланып, эшик жактагы жиби түндүктү ачып-жабуу үчүн бош калтырылат. Түндүк жабуу жайында жаан-чачындан, кышында кардан сактайт. Мындайда түндүктүн бир жагын бакан менен көтөрүп коюп, очокко от жагып, түтүн булайт. Ошондон улам, кыргыз бир үйдө жашагандарды «бир түтүн» дейт. «Өзүнчө түтүн булатты» деп, ата- энесинен бөлүнүп, өз алдынча жашай баштаган, жаш үй-бүлөнү айтат.

Чий август айынын экинчи жарымында бышат. Аны жумшак кезинде белге салып жулуп, боолап, көлөкөдө кургатат. Согор алдында кабыгын аарчып, баш-аягын тегиздейт. Ал боз үйгө жылан, ит, мышыктын кирип кетишинен коргойт. Боз үйдүн боо-чууларын жүнгө кыл кошуп колго эшип, жибин ийрип ормокто согуп даярдайт.

Бел кырчоо – боз үйдүн туурдугун белинен тегерете курчаган узун жип. Жабык баш боо – боз үйдүн жабык башынын кереге менен уукка байлануучу жуп боосу. Жел боо (түндүк боо) – чамгарактын эки жагына тагылуучу терме боо. Үйдүн чамгарагын көтөрүүдө аны бакан менен кошо кармайт, көбүнчө уук, керегеге кыстарып коет. Эшик боо – түндүктөн арта салынып, босогого байланат. Саканак тангыч – жайылган керегелердин бири-бирине ашталган саканактарын бириктирип бекитүүчү сызма. Уук тизгич – боо-чуунун эң ичкеси. Сайыл-

ган уuктар жылып кетпеш үчүн кыркалай имериле оролот.

Боз үй тигерде түз жер тандалууга тийиш. Аны журт дешет. Журтка боз үйдү тигерде, алгач керегелер жайылып, бири-бирине ашталып, эшме жип менен тангыч аркылуу арчындалып, бекем тартылат. Керегелердин бир жагы босого таякка бекитилет. Керегелер бири-бирине ашталып, бекитилген жерлерге казык кагылат. Канча керегe болсо, ошончо казык кагылуусу абзел. Канат керегелер тегерете жайылгандан кийин, чамгаракты так ортосундагы бакан менен үйдүн ортосуна туруп, бир адам көтөрөт. Алгач анын төрт жагынан төрт уук, андан соң ар кай жеринен уuктар сайылат. Уuктар сайылып, уук боолор керегe баштарына байлангандан кийин, чамгаракты ошол уuктар көтөрүп калат. Уuктун учтары чамгарактын көзчөлөрүнө буралып, имериле сайылса, бышык болот. Боз үйдүн жыгачы тургузулган соң, уук тизгич чалынып, керегe тангыч керегенин белинен жүгүртүлүп, эшик таякка курчай чымырата ташталат. Андан соң чий керегеге курчалат. Үйдүн туурдуктары канат чий сыяктуу эле керегеге жабылат. Эшик жабуу жабылган соң, үзүк жабылууга тийиш. Түндүк жабуунун 4 боосунун бирөө артына, экөө эки капталындагы бел кырчоого байланат. Алдыңкы жиби ачып-жабуу үчүн бош калтырылат.







# Бешик

Бешик талдан, жаңгактан, арчадан жасалат. Эң баалуусу – арча бешик. Бешикти жасоодо байыркы акылман усталар баардык ыңгайлуулуктарды эске алышкан. Мисалы, бешиктин баш жагындагы алкакка тирөөч коюшкан. Бул тирөөч аяк жагында жок. Анткени, эне бешикке салмагын салып эмизгенде тирөөч кармап турат. Ошондой эле бешиктин эки таманына жаа сымал жыгачтар ашталып, алар бешиктин термелишин

жеңиллетет. Мындан он жыл, жүз жыл, миң жыл мурун деле, энелер алдей ырын ырдап, бешик терметишкен. Бешик көптөгөн Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыз энелеринин алмаштыргыс жардамчысы болгон. Бул ыйык буюмдун качан пайда болгонун эч ким билбейт, бирок, көчмөн турмушта кеңири колдонулганы баарыбызга белгилүү. Биздин көчмөн элибиз үчүн, бешик эң зарыл буюм болгон. Анткени ал элдин көчмөн жашоо образына ыңгайлаштырып жасалган. Кокусунан бала бөлөнгөн бешик аттан оодарылып кетсе да, баланын эти оорубайт, башы жерге тийбейт. Бала кыпчыктабайт, анткени аны бешик сактайт.

Жабуу – бешикти сыртынан жабылуучу кездеме. Жайкы жабуу баланы чымын-чиркейден сактоо үчүн, тордон тигилет. Ал эми кышкы жабуу балага жылуу болуш үчүн, калың кездемеден же баркыттан тигилет.

Боортко – баланы байлоо үчүн, жумшак кездемеден тигилген жазы курлар. Бала муну менен эки жеринен: тизесинен жана төшүнөн таңылат. Төшүн таңуучу боортко узунураак жана кеңирээк болсо, бутун таңуучу боортко кыскараак жана куушураак болот.

Олпоктору– күлтүктүн ордуо оюлган, үч кабат төшөк. Эң астынкы олпоктун ичине арчадан салып тигишет. Бул баланы бешик курттан сактайт. Анын үстүнө баланын асты калың болуу үчүн эки катар төшөк салынат.

Шимек – наристе заарасы агып, күлтүккө түшүүгө ыңгайлашкан буюм. Шимекти адатта койдун шыйрак сөөгүнөн жасашкан. Учурда жыгачтан жасашат. Жыгачтан жасалган, жаңы шимекти кызып турган майга салып, бир кайнатып алуу керек. Андан соң күнгө жактырып кургатат. Ошондо жыгачтын майда тарындылары жоголуп, сыйда болот. Шимек эркек балага өзүнчө, кыз балага өзүнчө жасалат.

Күлтүк – баланын заңы түшүүчү идиш. Адатта бул идиш чоподон же жыгачтан жасалат. Бирок, азыркы күндө айнектен, пластмассадан жасалган идиштерди да колдонуп жүрүшөт. Баланын заарасы ары-бери чайпалып, чачырабаш үчүн күлтүккө топурак же күл салып коюшат.

Жаздык – баланын башына коюлат.

Бут оросу – баланын үстүн жабуучу жууркан.



# Ак калпак

## *Калпак тууралуу баян*

Ак калпак сырын чечмелеген көптөгөн эмгектер бар. Ошолордун ичинен кылымга тете жашаган, манасчы Жусуп Мамайдын вариантынын «Манастын Бейжинге аттанышы», «Алмамбеттин кан болушу» деген бөлүмүндө дал ушул калпакка байланыштуу, окуя эң элестүү сүрөттөлгөнү менен көз ал-

дыга таргылат. Жандан артык жаралган кайран энең Каныкей Чоң Казатка жөнөп бараткан, кырк чоронун ар бирине кардай аппак калпак кийгизип жатып, мындай деген экен:

*Тала жерге жыктырдым,*
*Тармал ирик кырктырдым,*
*Кыздарга кылын тердирдим,*
*Шуушаң менен керттирдим,*
*Майда кумга сабиттым,*
*Төрт талаа кылып жасаттым,*
*Тигишин мыкты жаптырдым,*
*Тышынан чырай тарттырдым,*
*Ичине шайы ичтеттим,*
*Жээгине кара карматтым,*
*Бөркө кошуп бөлөттөн,*
*Арасына ширеттим,*
*Кыркына кыраты жасаттым.*

*Чомаро басып кийерсиң,*
*Жеңеңердин бергенин,*
*Ошондой жерде билерсиң,*
*Ак калпак деп ат койдум,*
*Акыр заман журтуна,*
*Ак калпак кыргыз эли деп,*
*Атагың өчпөй жүрөрсүң,*
*Мурда кыргыз жүрчү эле,*
*Калпакты кийдин билчү эле?*
*Тигишсиз тулук ункупут,*
*Кара кийиз кийчү эле,*
*(Акындын эмне чатагы,*
*Ак калпак кыргыз деген кеп,*
*Жеңеңден калган атагы)...*



КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Кыргыз улуттук кийимдери өзгөчө касиетке ээ. Анткени улуттук кийимдер, анын ичинен калпак, элечек, шөкүлө сыяктуу баш кийимдер – биздин элдин аалам философиясы менен тыгыз байланыштуу. Кыргыз калпагы менен элечегинин тарыхы тереңден түпкүрдөн башталат. Байыркы шумер эли да, калпак кийгендиги тарых булактарында учурайт. Ал эми байыркы гергес (хет,гет-автор) бабалар, айрыкча жоокерлери, сөзсүз, калпак кийген. Жазылыкта 24 аскер башчы алтын калпак кийип, салтанат менен бара жаткан сүрөтү бар.

Окумуштуу С. Г. Сайс мырза гергес элинин кийимдерине карап, алар байыркы кыргыз эли экендигин жазган. Түркиянын Карабел аскасында тик калпак кийген жоокердин жана элечек кийген аялдардын, ошондой эле эки кабаттуу калпак жана куштун канатын элестеткен калпак кийген аскер адамдарынын сүрөттөрү тартылган. Алар кыргыз бабалардын

# Ак калпактын салттык үлгүлөрүнө негизделген жаңы концепциясы белгилүү чебер Айдай Асангулованын кол эмгегине таандык

## Мүчөлгө чейинки балдардын калпактары



Түшөө тойго сунушталат. Сактоочу белги катарында алдыңкы эки талаасына топчу тагылган



Калпактын талаалары шырылып, «секиртме» түшүрүлгөн



Талаалары шырылып, «секиртме» түшүрүлгөн



Сол кыргагында «Умай эне» оюусу сайылган



Сол талаасында «Умай эне» оюусу сайылган



Сол талаасында «Умай эне» оюусу сайылган



Талаалары шырылган



«Тумар» түрүндө шы-рылып, ортосуна топчу тагылган. Жаман көздөн, жаман сөздөн сактайт



Сүннөт тойго сунушталган калпак



Бир мүчөл жаштын калпагы



Эки мүчөл жаштын калпагы



Эки мүчөл жаштын калпагы



Үч мүчөл жаштын калпагы



Төрт мүчөл жаштын калпагы



Беш мүчөл жаштын калпагы



Алты мүчөл жаштын калпагы

кийимдерин кийип, маданиятын улантkан, кыргыз сактар болгонун байыркы тарых булактарында жазылуу. Байыркы тарыхтын атасы Геродоттун эмгектеринде «сактар бир түрдүү, тобосу бийик калпак кийип жүрүшөт» деп жазылган, ошондой эле кытай тарыхый булактарында «кыргыз ажолору кышында суусар тебетей, ал эми жазында, коктом келгенде алтын түймөлүү, тобосу бийик калпак кийип жүрүшөт» деген маалымат бар. Айрыкча, кыргыз сактарынын калпактарынын түрдүү формада болгонун, ал эми аялдарынын элечек, кыз-келиндеринин тик тоболуу шокуло кийгенин жана тебетейлери да болгонун, маалыматтар ырастайт.

Кезинде Акбурун коргонунан алтын жалатылган, кыргыздын оюу-чийимдери түшүрүлгөн калпак табылган. Кийинки эле, Самарканд шаарындагы археологиялык казууларда биздин элибиздин калпактары табылган. Бул фактылар элдин эң байыркылыгын дагы бир ирет далилдеп турат. Кыргыз калпагы бери эле дегенде, беш миң жылдык тарыхты өз ичине камтыйт. Демек, кыргыз калпагынын тарыхынан, анын жасалгаланышынын философиясын, кол өнөрчүлүктүн туу чокусун, этногенетиканын байыркылыгын билип, үйрөнүп, дүйнөгө жар салуучу кез келди. Биз калпактын гана тарыхын билбестен, бүтүндөй тарыхыбыздын жаңы табылгасы менен ширелишибиз керек, анткени тарыхы бар эл, тагыраак айтканда, түптүү эл гана бийик тоболуу калпак кийип жүрөт.

Демек, бийик тоболуу калпак – биздин элдин улуулугун, маданиятын, кайратын билдирген баш кийим.

Ошондуктан табияттагы кубулуштар менен тыгыз болуп, географиялык этночарбабызды, өзгөчөлүгүбүздү биле жүргөнүбүз, ийги.

Нечендеген кылымдар өтсө да, Кыргыз эли Манас атадан калган ак калпагын ыйык сактап, туу тутуп жашап келет.



# Тебетей



Азыр бул жерде жалаң баш кийимдер тууралуу сөз болуп жаткандан кийин, адамдардын коомдогу даражасын, социалдык абалын аныктап турган, тебетейлерге да кыскача токтоло кетели.

Кулакчыны менен койдун терисинен тигилген тебетейди «телпек» дешкен. Аны карапайым адамдар кышкы суукта кийишкен. Өз чарбачылыгы менен чектелген, катардагы адамдардын сый тебетейи «көрпө тебетей» болгон. Орто чарбасы, малы, алыш-бериш катышы, айылында анча-мынча кадыры бар, өз оокатына тың адамдар түлкү тебетей кийишкен.

Ал эми бир айылдын билерманы, башкалар үчүн кадыры сиңген адамдарга суусар тебетей кийүүгө уруксат берилген. Ал эми бир чөлкөмгө бийлик жүргүзгөн, башка урууларга таа-

нымал, башкача айтканда элдин тагдырын чечип, намыс талашкандар адамдар күндүз тебетей кийишкен, бирок алардын баары төбөсүн кара менен каптатышкан. Анткени кыргыздардын ичинде хандык даражага жеткен адам гана, төбөсүн кызыл менен тыштатып, кийүү салты болгон. Мындай тебетейди «Кызыл чок» деп аташкандыгын, элдик тарых ырастап турат.

# Такыя



Кыз бала уз-чулук өнөргө колуна ийне алып менен аралашып кетпеген, алгач ага жүз аарчы сайдырышкан, мына ошол жүз аарчы сайылып бүткөн соң, анын жашоого даярдыгы башталгандыгын түшүнүп, ага такыя кийгизишкен. Такыя аппак кийизден жасалып, таптаза болгон. Качан кыз баланын өнөрү жетилип, өз себин өзү даярдай баштаганда, анын даярдыгына жараша такыяга оюмдар түшүрүлгөн.

Бул бир караганда, кыздын уздук чеберчилиги жетилип келе жаткандыгын көрсөтсө, экинчиден анын өз камылгасы канчалык бүтүп жаткандыгын элге түшүндүрүп турган. Мындан биз кыздын себинин даярдыгын эле эмес, кыргыз оюмдары жөн гана кооздук үчүн болбостон, ал белгилүү бир маанини да түшүндүрүп турган жазуу экендигин көрөбүз.



# Шөкүлө

Эгер кыздын себи даяр болуп, айрым учурда даяр эмес мезгилде деле, кайын журту калыңын өткөрүп койсо, мындай кыздар башынын бош эмес экендигин билдирип, шөкүлө кийишкен. Эң кызыгы, кыз бара турган жердин канчалык оокаттуу жана мансаптуу экендигин, шөкүлөдөгү шолпу, чач учтуктар элге билдирип турган. Ошондуктан кайын журту шөкүлөнү даярдоодо, өздөрүнүн мыкты сапаттарын «айтып» калууга аракеттенишкен.

Бул эки айылдын уул-кыздары биригип, кыз оюн кургандa, кыз менен жигиттин өз ара пикир алышуусуна өтө ыңгайлуу шарт түзүү менен, алардын кимисинин башы бош, кимисинин кайындап койгон жери бар экендигин, мына ушул баш кийимдер айтып турат. Бул болсо, кезегинде бирин-бири тааныбаган, эки жаштын өз ара пикир алышуусу үчүн, маанилүү роль ойноойт.

# Үкү топу

Биринчиден, үкү топудагы ар түрдүү оюулар кыз баланын жаш өзгөчөлүгүн билдирип турган. Экинчиден топуга оюуларды түшүргөн чеберден тактык талап кылынган. Баш-

качп айтканда, чебер канчалык өнөрлүү болбосун, чыгармачылыгына жараша оюуларды өз алдынча өзгөртө алган эмес. Анткени бул оюулардын өзөгүндө идеограмма жатат.

Ушуга байланыштуу, кыргыздар дайыма такыяга, ал тургай, бардык нерсеге түшүрүлгөн оюулардын касиетин туруктуу сактоого өзгөчө көңүл бурган. Ошондуктан үлгүлөр салттуу көрүнүшү өзгөртүүгө ашыккан эмес. Болбосо, ар бир ийне кармаган чебер чыгармачылык дараметине жараша, жаңыжаңы оюуларды тартуулоого толук мүмкүнчүлүгү болгон.



## Чач өрүм

Кыргыз эли эркектердин гана баш кийимине маани бербестен, аялдардын да чач өрүмдөрүнө да өзгөчө көңүл бурган. Илгертен ата - энелер кыз баланын эки, же үч жашынан баштап, төбө чачын «айдар чач» деп коюшуп, улам жыл өткөн сайын ага чач кошуп өрүп турушкан.

Беш жашында саамай чачтарын өрө баштажкан да, ал кыздын «секелек» деп аташкан. Жашы чоңоюп, чачы өскөн сайын тал-талдап өрүшүп, саамай чачы беш өрүмгө жеткенде «беш көкүл» дешкен (болжол менен он эки жашынан тартып, эки саамайына беш-бештен өрүм өрүшкөн ). Так ушул жаштан тартып, кыз бүлө болууга даяр деп эсептелген. Ошондой эле турмушка чыгуу үчүн, өз себин даярдоого киришкен.

## Белдемчи

Белдемчи – кыргыз элинин байыркылыгынын талашсыз далили. Анткени бул кийим топчу ойлонуп табыла элек доорго таандык. Ал баркыт, нооту жана башка кездемелерден этеги жазы, жогорку бөлүгү кууш, кашат коюлуп, эки учалуу тигилет. Жээктери саймаланып, кундуз карматылып, чачыланып кооздолот. Белдемчини жазда, күздө, айрыкча кышта тартынат. Белдемчинин кездемеси, тигилиши, көркөмдөлүшү, түсү, аны кийүүчү кишилердин жашына, өңүнө, турку боюна, табитине жараша жасалат. Ошондуктан элдик ырларда:«Кызыл, көк кочот келтирип, кырча белге кынаптап, кыз бурак сенин белдемчиң», - деп айтылат.

Адегенде белдемчини бычып, сырткы тигишин өзүнчө тигип алат. Андан соң, ага бор менен түшүрүүчү көркөм кочотту чиет. Бул буюмдун четине «кыял оюмун» үзгүлтүксүз, жазылыгы төрт элидей узун кылып чиет. Эгер ал «кыял оюму» кызыл оң менен толсо, сыртынан жашыл оңду айлантып, кочотту ачуу керек. Мунун этек-кочотунун эни сөөм-карыштан ашпоосу керек. Мында көркөм буюм үчүн кызыл, жашыл, сары, ак жиптер сырдуу айкалышат. Белдемчинин этегине,



мурункудан жазы чийим түшүп, ага кызыл-сары оңду айкалыштырып, анын ичи-сырты «ала мончоктолот». Анын жээктерине сайма көчөттөр түшүрүлүп, андан кийин кундуз, көрпө же ак терилери кошо коктолот. Тигилген буюмдун тигилиши жана көркөмдүгү аялдын жашына ылайыкташтырылат. Мисалы, байбичелер кийүүчү белдемчи, кобүнчө, кебез, жука кийиз, жүн, жаңы же ара тууган козу-улактын ийленип, бөлгөн терилери менен иштелет. Кончулуктун көзүн алган бул кооз кийимдин бир нече үлгүлөрү бар. Мисалы, белдемчинин бели төрт элиден келип, эки оңүрү, этек, жээги жазылыгы нукуйдай сайма аркылуу кооздолушу керек. Буга түшүрүлүүчү саймалар «кочкор мүйүздөнүп», ал көл толкунундай жана бутактуу дарактай көрүнөт. Белдемчинин сайма көчөттөрүн берүүдөн мурун, абал эки тарабына кош жээк түшүрүлүп, мунун ортосун өзүнчө толкун сызыктар менен саймалашат. Андан соң саймалар кабыргаланып, балаты бутактанып кетет.

Албетте, мындай эдик кийимдерди саймалоо, кыз-келиндердин жаш өзгөчөлүгүнө тыгыз байланыштуу болгон. Чепкен, кемсел, чыптама, белдемчи сыяктуу кийимдерге жээктей толкун сайма түшүрүп, араларын тегерек чекитче саймалар менен кооздосо , анда абдан кооз көрүнөт. Мисалы, «Бадам оюмдун» өзүн чебер жалгыз эле сайып койгон учурлар бар. Ошол эле баатырлардын жоо кийимдеринин бир бөлүгү катары, алды жактан тартылып, алар казатка аттанганда ичти жана табарсыкты сактоо үчүн да жасалган. Мындай жоо кийими металлдан, териден, калың кийизден, булгаарыдан даярдалган. Эгер белдемчинин бели төрт-беш элидей жазы болсо, адатта, ал топчуланат. Ал эми белдин эни тайкы жасалса, боо тагылат. Анын боосу, көбүнчө, кызыл, жашыл, көк, ак түстөр менен колдо эшилип, топ чачыланат. Буюмду шурулап кооздоо анын түсүнө жана келдемесине тыгыз байланыштуу. Азыркы уздар белдемчини баркыттан тигип жатышат.

Бул буюм тегичеде же керege башына, же тор ала бакана да илинет. Үйдүн ички жасалгасы үчүн, башка кийим кечектердей эле мунун да өз орду бар. Эгер келдемеге кызылга сайма түшүрсөк, ал «кызыл белдемчи» деп аталат. Ошондон улам, көз алдыга көлдөгү кемедей, бир тартылып кетүүчү кубулуш элестейт. Эгер «кыргак сайма» менен «илме сайма» аралаш сайылса, чачыгына шуру чогорулсо, сайманын көчөттөрү сүзгүралк түшүрүлсө, анда чыптама менен үндөш, бир бүткөн ойду туюндурат. Ошондой эле асынма баштык кошулат. Мындай «атыр баштыктар» өткөн мезгилдерде көрком үлгү катары жасалчу. «Кочкор кочөтү» «илме сайма» менен «кыргак сайманын» жуурулушунан пайда болуп, буюмга өзгөчө жүз тартуулайт. Анткени булар биринин кооздугун экинчиси толуктап, «кочкор кочөтү» бир караганда үкүсү сенселген тебетейди, түтүнү булаган боз үйдүн символун чагылдырып турат. Ал эми 45-50 жаштагы зайыптар үчүн, кара баркыттан тигилген белдемчи кийүү шарт болгон.

Белдемчи – төрөп-түшкөн аялдар үчүн, белин бекемдөөгө арналган сырткы кийими. Илгертен эле, энелер «жоон көрдү» тойдо белдемчинин кызына белек катары тартуулаган. Биринчиден, бул кийим көчмөн кыргыз аялдары үчүн, белин бекем бууганга, тазалыкты жана ден соолукту сактаганга ыңгайлуу болгон. Экинчиден, той-тамашаларда кооздук үчүн кийишкен. Ошондуктан белдемчини саймалап, этегине суусар, кундуз терисин көктөп, кооздошкон. Учурда кайрадан белдемчи тагуу жанданып баратат.

Уздар белдемчи жээгине «миттс» коюшат. Мунун бөөсү чалма болот. Бүчүлүк жасоо үчүн кеддемени тешкенде, албетте, кийим бузулат. Натыйжада кемселдин үч жеринде, белдемчинин бир жеринде чалмасы болот. Ал эми төрт учу «топ чачы» менен чокголот. Мындан башка белдемчинин бешманты болот. Ал түюк жака, тегерек жака делет. Башкача айтканда, жеңинин учуна сайма кочоттордү кооздолуп сайылууга тийиш. Илгерки аялдар опко-боорун, белин жылуу кармай турган белдемчи кийер эле. Анткени белдемчинин белине бир карышка жакын кийиз коюлуп, этеги кенен бычылгандыктан, атка мингенде тизени жаап турган.

# Комуз



Комуз – кыргыз элинин уникалдуу музыкалык аспабы. Ал – кыргыздын жыгач устачылык өнөрүн аныктаган буюм. Комуздун жаралышы жөнүндө эл арасында көп төгөн уламыштар бар. Улама көптүн биринде: «Абалкы замандарда Камбаркан деген мергенчи жашаптыр. Күндөрдүн биринде аң уулап жүргөн мергенчиге сыйкырдуу бир үн угулуптур. Камбаркан мерген үн чыккан жерге жакын келсе, бутактары куураган бир эски даракка маймыл (башка бир версия боюнча, тыйын чычкан – ред.) секирип ойноп жатып, ичи жарылып, ичегиси бутактын башына илинип, өзү жерге түшүп калыптыр. Ичегиси күнгө кургап, шамал болгон сайын, андан сыйкырдуу добуш чыгып, жаңырып турат. Камбаркан ошол ичегини кесип алып, жыгачтын ичин көңдөйлөп, аспап жасап, алгачкы комузду жараткан экен»,-деп айтылат. Бул атам-замандан бери айтылып келген уламыш. Ал эми комуздун келип чыгуу тарыхына кайрылсак, комуздун элесин Мисир пирамидаларынын боорунa түшүрүлгөн сүрөттөрдүн арасынан да көрүүгө болот.

«Арфа» деген аспапты орустардан башка бүт дүйнө эли «арпа» деп айтышат. Арпаны элестетсеңер, машагынын тикендери текши келип, узун болот. Аталган музыкалык аспап да ошого окшош жасалып, «арпа» деп аталып калган, дешет. Бул аспабын көчмөн турмушта алып жүргөнгө ыңгайсыз жана оор болгондуктан, ал колдонуудан чыгып калган. Ал эми анын ордуна комуз пайда болуптур. Ал байыркы замандан ушул күнгө

чейин, өз калыбында, өз өлчөмүндө сакталып келе жатат. Комуз ушунча узак жолду басып өткөндүктөнбү, айтор, 18 түрдө күүлөнөт. Дүйнөдөгү бардык аспаптар бир, же эки которулушка чейин күүлөнөт. Демек, комуз дүйнө элинин аспаптарынан кеминде он эсе жогору турат десек, аша чапкандык болбос.

Комузга тандалган жыгачты алгач сомдоп, анан кайнатат. Андан соң, жай боюу шамал кирбеген, күн тийбеген жерде кургаткандыктан, муну жыгач усталар «саратан жедирип» деп коюшат. Ошондо жыгач ийилип-чоюлуп бүтүп, жарылбай кургап, чапканга даяр болот. Мындай чаралар көрүлбөсө, өрүктүн жыгачынын ичи кургагычакты, сырты жарылып калышы мүмкүн. Илгери ата-бабаларыбыз комуз жасаардын алдында, жыгачын кышында эле кыкка көмүп коюшчу экен. Жазында кык түтөп, кызый баштаганда көмгөн жыгачын сууруп алышкан. Ошондо да, ал жарылбай жакшы кургаган деп айтышат.

Комузду көбүнчө катуу жыгачтан чабышат. Себеби терек, тал сыяктуу жумшак жыгачтан жасалган комуздун үнү чыкпайт. Ал эми карагай менен жаңгактан жакшы комуз чыгат. Бирок эң мыкты комуз өрүктөн чыгат. Анткени комуз чапкан усталар: «Өрүк үнду жутпаган укмуштуудай жыгач. Жыгачтын темири десек да жарашат. Өзү катуу болгондуктан, жогорку сапаттагы болоттор да, тез эле мокоп кала берет», - дешкен.

Комуздун кылын илгеркилер эчкинин, айрым учурларда кашкулактын ичегисинен тартышчу. Бирок, койдун ичегисинен көбүрөөк жасалат. Кыл жасаш үчүн, тоодогу койлордун ичегилери жакшы, дешет. Себеби жем менен багылган койдун ичегиси тегиз болбойт. Жаңы эле союлган койдун ичегисин эки чийдин ортосуна кыпчып алып, челдейт. Ичиндеги челин аппак болгучакты, улам сыдырып туруу керек. Сыдыргандан кийин, кадимки жиптей кылып, ийикке ийришт. Андан соң алыс аралыктагы кермеге керип туруп, ортосуна салмак илишет. Салмагы оорураак болсо, кыл ичкерип кетет, жеңил болсо жоон болуп калат.

Ошондуктан чоң же кичине кой экенин эсепке алуу менен салмак илүү зарыл. Бүгүнкү күндө көпчүлүгү кайырмактын кылын тартып алып эле чертишет. Ал эми Нурак Абдрахманов болсо көпкө издеп, байкаштырып жүрүп, акыры капрон жипке токтолгон. Айтымында, анын үнү ичегиден тартылган кылга жакыныраак. Ичегинин тартканда тырмак жооруп, ичегинин өзү да бачым жыртылат. Капрон жиптен тартылган кыл бекемирээк болгонуна карабай, баары бир, чыныгы табияттан жасалган кылга уккулуктуулугу жагынан тең келе албайт. Түшүнгөн киши анын үнүнө алымсынбайт. Ичегинин үнү шоодураң, кулакка жагымдуу угулат.

Комуз – кыргыз элинин тагдырлаш, сапарлаш элдик аспап. Ошондуктан комузду колуна алган кыргыз нускасы «Күүнүн башы – Камбаркан,» - деп, анын байыркылыгын даңктап турат.

# Кемер жана кур



«Кемер-кур» деген сөздүн өзү эле, анын маанисин ачып турат. «Кеме» жана «эр», же «эм» жана «эр» деген сөз уңгулары айтып тургандай, кемер-кур күч-кубатка байланышкандыгын байкаса болот. Андрон маданиятынан башталып, Карасук, Тоо Кар, Таштык, Сак, Усун дөбө мүрзөлөрүндө көптөгөн санда кемер-курлар жана алардын калдыктары табылган. Кыргыздар кемер курду XX кылымдын 50-60-жылдарына чейин, үзгүлтүксүз пайдаланган, андан кийин гокмо акын же манасчылар гана курчанып калышты. Европа, орус, кытай, араб, өзбек ж.б. элдер кемер-курду сейрек тагынышкан. Бирок элинде кур тагынуунун өзгөлөргө окшобогон, салты бар. Мисалы, Бала эрезеге жетип, үйлөнгөндө атасы баласынын белине кемер-кур тагып, ырым кылган, «өзүнчө түтүн болдуң, белиң бекем болсун, турмушуңа тың болгун»,- деп кур менен кошо батасын берген.

Элдик кызматка келип, чоң жоопкерчилик алып жатканда, кыргызда эр жигиттин белин бекем бууп кур салышкан, ал бир жагынан ошол адамдын кызматтык даражасын билдирсе, экинчи жактан «күч-кубат берип турат» деген ишеним болгон. Кемер-кур тууралуу «Айкөл Манас» эпосясында так-таамай айтылган. Кемер-кур атадан балага мурасталып, кээ бир үй-бүлөдө чоң аталарынан калган курду сый-урмат менен сактап, ыйык буюм катары этият мамиле жасашкан. Мисалы, Мураталы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайда залкар комузчунун музейи ачылып, ага тиешелүү бардык буюмдар коюлган. Бирок залкардын урпактары анын кемер-курун бербей коюшуптур. Көрсө, бул касиеттүү курду чарчап-чалыккан адам тагынса, же ооруп-сыркоолоп калган наристенин үстүнө коюп койсо, кадимкидей сакайып кетет экен.



Кемер-кур адамдын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык абалына, даражасына, же болбосо, өзгөчө өнөрүнө жараша ар кандай металлдардан жасалган. Кемер-курду изилдеп, кайрадан жандандыруу – өтө маанилүү чара. Кемер-кур – салттуу буюм. Анткени анын рухани да, медициналык да мазмуну бар. Ар бир кыргыздын эр азаматы жакшылык-жамандыкта кемер-кур тагынууга тийиш. Анткени, кемер-кур – жигиттик сапатты, чапчаңдыкты, ирээттүүлүктү, тыкандыкты көргөзүп турган эн.

# Камчы



Ар бир кыргыздын үйүндө камчы көздешет. Заманга жараша, ал мурункудай колдонулбай, айрыкча шаардыктар үчүн, улуттук символ же сувенир катары үйүндө турат. Камчы – ат жабдыктарынын бири. Кыргыздардын ээлтеден берки буюму. Аны мал айдоочу курал катары гана колдонбостон, эллик көркөм буюм катары да көтөрүп жүрүшкөн.

Кыргыз элинде камчы эр-жигиттин куралы, бийликтин сүрү, символу болгон. Жоокерчилик заманда башына коргошун уютулуп, аскер куралы катары колдонулган.

Кыргыз эли камчынын түрүн жасап, жылаан боор, кош өрүм, төрт кыр жана башка, өрүмдөр менен өрүп, ыкмалар менен кынаптап, сын-сыпаттташкан. Он эки, жыйырма төрт, отуз эки өрүмгө чейин, өргөндөр бар. Аны биринчи өрүп, сыдыргыга салып, тилгенден кийин ар бирин бирден сыдыргы менен сыдырып, улам-улам суулап, бекем тартып, аягында дагы бир сыйра сыдыргыга салып жасашат.

Камчынын өрүмүндө эле ар кандай ыкмалар бар. Мисалы, сегизден тартып кырк сегизге чейинки тал менен өргөн усталар бар. Кээ бир кишилер «бир табылганы алып туруп, бир кулач кайышты мык менен кагып койсо эле камчы болуп калат» деп ойлошу мүмкүн. Албетте, бул туура эмес, камчыны жасоо татаал иш. Азыркы убакта камчынын бир топ түрүн чыгарып жатышат. Боз үй, комуз, калпак сыяктуу эле, камчынын да өзүнүн орду, маанисн терең сыры бар. Таза кактөн өрүлгөн камчыдан артык камчы жок.

Кыргыз эли кимдин кандай адам экенин, кимдин баласы, кайсы жердин кулуну экенин колундагы камчысынан эле, баамдап коюшкан. Камчынын тилеги жакшы, салт боюнча «наристе, эркек бала камчылансын, уулдуу бол» деп ырымдап, белекке беришкен. Камчыны илгенде салпылдатпай, бүктөп туруп илишкен.

Камчы – кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүн даңазалаган, улуттук буюм. Өлкөдөгү дүр-дүйнө дүкөндөрүнөн камчынын түрүн кезиктирүүгө болот. Айрыкча, чет өлкөдөн келген конок-туристтер кыргыздын камчысын улуттук сувенир катары, көп сатып алышат. Ошондуктан камчы жасоо, сатуу иши ишкерликтин бир каржы булагына айланды. Тилекке каршы, алып-сатуу менен алектенген адамдар камчынын сапатына көңүл бурбай, эптеп пайда табууну көздөп, улуттук кол өнөрчүлүктүн кадыр-баркын кетирүүдө. Себеби тез аранын ичинде кайышты иийип, аны жакшылап иштебине келтирбей, камчы жасоо, анын сапатын бузат.

Ак мөңгүлүү тоолорду мекендеген Кыргыз баласынын кан-жаны мал менен, дешет. Ошондуктан ата-бабаларыбыз:

«Мал-жан аманбы?», - деп учурашкан. Төрт түлүктү асыроодо, айтапы, жылкычылар жылкыларды айдаганда ат үстүндөгү куралы укурук менен камчы болгон.

## Укурук



Кыргыз укуруту суу жээгинде өскөн, сулкулдаган кайың-талдан тандалып, ысык күлгө бейпил, бейкам жашоосунда боз салдырып, үйүрлөрдөн азоо кармап, тай, кунанын үйрөттү. Улуу көчү орго тартса, өбөк болуп, тике ылдыйда жөлөк болду. Укурукту колго алгандан, боз балдары үйүр үйрүп, жигиттери тентектене жылкы тийип, жоокерликке үйрөндү.

Капсалаңдуу күн түшкөндө, көк асабасын желбирете, укурутун узарта, бүтүн журтту эл коргоого, жер коргоого чакырды. Капысынан жоо кашылса, найза болуп сунулду. Сыйыртмагы душмандардын моюнуна оролуп, айгай сала сүйрөдү. Жигиттерди эрдиктерге сүрөдү. Кылымдарды карыткан көчмөн жоокер жашоодо, Кыргыз бийлигинин наркы укуругунун узундугу менен даңкталып, дөөлөтү да укуруту менен өлчөндү.

Достору Кыргыз калкын «укуруту улуу» деп даңазалады. Жоомарт, аруу Кыргыз коңшу уруу, журттарга кылычын кыңгырата, найзасын кылкылдата күч көрсөтүү ордуна, укуругун сүйрөй келип, ак пейилинен ынтымак, ырыс каалап, тынч жашоого шерт түзүп, достошуп турду. Ойлогон ою ишке ашкан Кыргыз достоштон эл тартуулаган мингенин укуругуна жетелеп, сүйүнүчтүү кайтып, айыл четине келгенде агытып жиберди. Үйүрүнө кайтып келген тартуусун тапшыруу шылтоосунда келген коңшуларын ардактап тосуп, узатып, алакалуу достугун чыңады, кыз алып, кыз берип тукум улап, очор-бачар жашоосун улантты, Кыргыз! Душманы «Кыргыздын укуруту узун» деп коркуп да, сыйлап турду.

## Чүкө, томпой

Томпой менен чүкөлөр Афанас маданиятынан мурдагы доордо, Афанас, Андрон, Карасук, Тоо-Кар, Таштык маданияттарына таандык, дөбө мүрзөлөрдө көптөгөн санда табылгандыгы тууралуу орус окумуштуусу С.В. Киселев «Түштүк Сибирдин байыркы тарыхы» аттуу эмгегинде («Древняя История Южной Сибири».,Москва., 1951г., АН СССР) жазган.

Карасук, Тоо-Кар маданияттарындагы мүрзөлөрдө табылган томпой, чүкөлөрдө уруулардын эн тамгалары оюлган («тиги же бул уруунун сөөгү жатат» деген белги). Көп чүкөлөр тешилген. Мүрзөлөрдө коюлган, балбал таштарда да эн тамгалар

чепилген. Бул тамгалар: Ай тамга, Айры тамга, Төмон тамга, Күн тамга, Жаа тамга, Орок тамга болуп, кыргыз урууларына таандык.

Учурда да кыргыз энелери чүкөнү тешип, жип өткөзүп, бешикке байлап коюшат. Энесинин сүтүн эмп, уйкусу канган баланын оң колун бошотуп коёт. Бала ошол илинген чүкөлөргө «жетем» деп, кол созуп, ар кандай аракеттерди жасайт. Бул ыкма менен баланын сологой болуп калбоосунун алдын алган. Себеби сологойлор жоокерчилик заманда бир топ ыңгайсыздыкты жараткан (жаа тартканда, кылыч чапканда ж.б.).

Бүгүн да кыргыздар чүкөнү таза мүлжүп, өкчөп, ар кандай түскө боёп, ырымдап сактай беришет. Баланы бешикке салганда да, чүкө менен ырым кылышат. Кыргыздын чүкө-томпойго негизделген 25 улуттук оюну бар. Ордо, упай оюндары кыргыздан башка дүйнө элдеринин бириндe да жок. Жапон, Түрк, Жөөт ж.б. көптөгөн элдерде томпой, чүкөнү «сөөк» деп аташат, орустар «альчики», «астрагалы» дешет. Кыргыз тилинде томпой-чүкөгө байланышкан 34 сөз бар. Демек, аталган бел доболу маданияты кыргыздарга таандык. Чүкө – таш доорунан бери, калыптанган кыргыз урууларынын талашсыз белгиси.

**Афанас маданияты** – Түштүк Сибирдеги энеолит доорунун (б.з.ч. III миңинчи жыл, II миңинчи жылдын башталышы) археологиялык маданияты. Хакасиядагы Афанас тоосунда табылган көрүстөндөн улам аталган.

**Андрон маданияты** – Батыш Сибир, Казакстан жана Түштүк Уралдагы коло доорунун (б.з.ч. II миң жыл) археологиялык маданияты. Ачинскийдин жанындагы Андрон кыштагынын атынан улам аталып калган.

**Карасук маданияты** – Түштүк Сибир жана Казакстандагы коло доорунун соңундагы (б.з.ч. II миң жылдын соңу, I миң жылдын башталышы) археологиялык маданият. Карасук дарыясынын атынан аталган.

**Тагар маданияты** – Жогорку жана ортоңку Енисейдин темир доорундагы (б.з.ч. VI – III кылым) археологиялык маданият. Минусин ойдуңунун жанындагы Тагар (Тоо-тар) аралынын атынан коюлган.

**Таштык маданияты** – Орто Енисейдеги темир доорунун (б.з.ч. I кылым - б.з. V кылымы) археологиялык маданияты. Таштык дарыясынын атынан коюлган.

** Большой Энциклопедический Словарь, Москва, 1998г., Издание 2-е.*



Таштык Дөбө маданиятынын табылгалары

# Үстукан тартуу

Көчмөн жоокер кыргыз эли малчылык менен аңчылыкты кесип кылып, тамак-ашы эттүү болгондуктан, мал сойгондо аны жиликтегенди мыкты билген. Андыктан үй-бүлө мүчөлөрүнө жана конокко жилик бөлүштүрүүнү «устукан тартуу» деп атаган. Устукан тартуу - кылымдар бою иштелип чыккан, жол-жоболордун тартиби.

Устукан – малдын этинен бышырылып, меймандарга тартылуучу жиликтери жана мүчөлөрү. Кыргыздын салттуу турмушунда устукан чоң мааниге ээ болгон. Ал улут салты катары катуу сакталган. Андан жаңылган адам айыпка жыгылган. Устукан малдын бардык этинен чыгарылган. Ал көпчүлүк учурда негизги тамактын, мисалы, беш бармактын алдында берилет. Казанга эт салууда да, эң алгач каржилик (кол жилик) салынып, андан кийин гана, башка мүчөлөр салынат. Малды, айрыкча, кой сойгондо, бир жиликтин эти экинчи жиликке өтүп кетпеши зарыл. Эгер жилик алмашып калса, устукан сырын билгендер, аны атайылап жасаганга шылтап, ырыскыны атайын ооштурган катары, айыптаганы да белгилүү.

## Үстукандын бөлүнүшү

**Койдун эти 12 устуканга бөлүнөт:**

Сан жиликтер – жамбаш, жото жилик, кашка жилик.

Кол жиликтер – далы, каржилик – ар бири экиден.

Жогоруда аталган устукандан сырткары, койдун башы, куймулчагы жана кабыргалары да кирет. Күң жилик, төш, омуртка устуканга кошулбайт. Төш кызга, омуртка балдарга, ал эми күң жиликти үйдөгү аял затына, тагыраак айтканда, көбүнчө келинге беришет. Бунун себебин «жиликтердин этинин даамдуулугу жана калориялуу болушунан» деп түшүндүрүшөт. Албетте, мындай мамиле үй-бүлө мүчөлөрүнө болгон – камкордук.

Кабыргалар: тыштуу кабырга, кара кабырга жана карчыганын кабыргасы деп айырмаланат. Кээде чоң жиликтер жок болсо, ордуна кабырга улууларга тартыла берет. Бирок жиликтер болгон убакта да, абдан сыйлуу конокторго устукан менен кошо кабырга тартылат.

Кыргыз элинде меймандарга устуканды улуулата тартуунун, айныксыз ирети бар. Баш эң сыйлуу конокко, же улуу адамга тартылат. Башка, сөзсүз, каржилик же кабырга кошулуп тартылат. Андан кийинки устукан – жамбаш. Андан соң: куймулчак, жото жилик, кашка жилик, каржилик, далы, карчыганын кабыргасы, кара кабырга болуп, меймандын жаш ку-



рагына жараша тартыла берет. Бирок эркек кишинин улуусуна баш, жамбаш, аял кишинин улуусуна куймулчак тартылат. Ошентсе да, устукан тартуунун жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн да биле жүрүү абзел. Мисалы, Чүй, Талас өрөөндөрүндө башты аксакал карыяга берсе, Нарын, Ысык-Көл өрөөндөрүндө жашы кичүү конокко берет.

Меймандарга бодо малдын этинен, койдукундай устукан берүү мүмкүн болбогону менен, учанын эти, сан эттер, арка, кыртыштуу кабыргалар, жылкынын чучуту, картасы, карыны, уйдун сары жүрмөсү эң сыйлуу конокторго тартылат. Бодо малдын жилиги экиге бөлүнөт, ошондой эле анын жогорку бөлүгү «сыйлуу» деп эсептелет. Кандай гана мал болбосун сан жиликтер, сан эттер сыйлуу болот. Тамак жеп жатканда, үйдүн балдарына, кызмат кылып жүргөн келиндерге устукан берүү, үйлөрүнө ала кетүү (аялдар) жөрөлгөсү бар.



# Ат – адамдын канаты

Кыргыз эли ат жалында казан асып, көчмөн цивилизациясын түптөп, жылкы баласын асырап, чексиздик менен жарышып жашаган. Ошондуктан шамалдай күлүктүн, жаныгы тынч жоргонун кадырын мыкты билишкен. «Манас» эпопеясында Айкөл Манас баатыр баштаган, баардык баатырлардын эрдигин, мүнөзүн толуктап турган, өздөрүнө гана шайкеш келген, күчтүү аттары болгон. Мисалы, Манас баатырды Аккуласыз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Андан кийинки замандарда жашаган, жоо менен беттешкен Эр Эшим баатырдын Шарп Кула күлүгү (1626-жыл); Сарыбагыш Темирдин 1730-40-жылдары калмактан ала качкан күлүк аты; Бугунун Бапа уруусунан Садык баатырдын 1760-70-жылдары минген – Кыркмачкер күлүгү; Солтодон чыккан Шапак баатырдын Көк Чолок тулпары (1780-90-жылдар); Атаке баатырдын Керкулун күлүгү (башка маалыматтарда «Ноктолуу Тору» деп да аталат); Солто Бекинин Кара Кызылы (1830–40-жыл); Сарбагыш Төрөгелдинин Ак Кызылы (1835–50-жыл жана башкалар); Бугу Балбайдын Сур Айгыры, деги эле, баатыр тууралуу айтканда, ал минген күлүк аттын тарыхы, сөзсүз, кошо баяндалган. Жогоруда белгилегендей, баатырдын жоокерлик тагдыры, анын канаты болгон, күлүк аты менен, тыгыз байланыштуу.



1885-жылында Эсенкул уруусунан чыккан Шадыкан Токтомат уулу аттуу киши күзүндө, Кызыл жоргосун минип, эртең менен Токмоктон чыгып, Боом менен жүрүп, Кубакы, Кочкор аркылуу өтүп, Жоон-Арыктан Долонду ашып, Нарынга барып, Шаркыратманы ашып, күн батаарда Ат-Башы жерине барган экен. Бул жүрүш жогоруда мисал болгондорго караганда, жеңил сезилген. Анткени алар алынды 350-400 чакырым жолду күнчөлүк басып өтүп, ошондон «ат – аткан октой» деген накыл калтырган.

Илгерки кыргыздар: «Эрдин куну Эрмиттин айыбы болбосо, чаң тийбес», -деп тандап, айыбына күлүк ат алган. Бир күлүк үчүн кыздан, катындан кечкен, ал тургай эки элдин ынтымагы бузулуп, канча кан төгүүлөр болгон. Ал эми коопсуз замандарда тулпарын көзүнүн карегиндей сактап, суук көздөн далдалап, үйүнө катып, кишен салып баккан. Кыргыз баласы ат жалында куштай сызып, жер кезип, жашоо кечирген. Ошондуктан элдин ангеме-кептеринде, макал-лакаптарында, дастан-жомокторунда, деги эле, элдик оозеки чыгармачылыгында жылкы баласы тууралуу өзүнчө сөз бар. Мисалы: «Желдей болуп жүргөндөн · жылкы болгон», «Ат, аттан соң жат», «Кулун сындуу ат, бала жыттуу кыз болсо», «Киши аты терчил, киши кийими кирчил», «Ат эси менен, баш мээси менен», «Эр жигит бирде мырза, бир-

де куя · күлүк ат чапса күлүк, сатса пул, ат сүрүнбөй, жер таанылбайт· эр сүрүнбөй, эл тааныбайт», «Атка бербес кунан бар, кызга бербес жубан бар», «Жакшы атка бир камчы – жаман атка миң камчы», «Атың барда жер тааны – атаң барда эл тааны», «Акыр заман – аттан ажыраган жерде», «Ат – адамдын канаты», «Ат – муратка жеткирет», «Ат башына күн түшсө, оозлугу менен суу ичет – эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет», «Ат баспайм деген жерин – үч басат», «Жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт», «Аты жоктун – буту жок», «Элин сагынбас эр болбос – үйүрүн сагынбас ат болбос», «Ат сыйлаган жоо баспас – эр сыйлаган эшикте калбас», «Адам сүйлөшкөнчө – айбан кишенешкенче», «Жакшы аттын жалын сакта – жакшы эрдин кадырын сакта», «Атты арыганда көр, эрди карыганда көр» деген сыяктуу накылдар айтылат. Айрыкча, жоокерчилик доорлордо, баатырлар жанын атына тапшырган. Кээде ээси уктап калса, бөтөн кишини байкап калган ат аны чапчып, же тиштеп ойготкон.

Кыргыз элинде жакшы атынын башын бийик жыгачтын башына илген ырым бар. Негедир сынчылар кишини жана жылкыны гана сынап, башка малды сынабаган. Мисалы, күлүк, чобур болорун кулун жана тай кезинде сынап билген. Үйдө отуруп, аттын баскан дабышын угуп эле, күлүк болорун билген. Аттын жаш же кары бээден туулгандыгын даана аныктаган. Байгеге чапкан күлүктүн марага чыгаарын, же артта каларын алдын ала билген. Ал эми Бугу уруусунан чыккан Найман, Жаныбек сынчылар күлүктү 18 түргө, бүркүттү 65 түргө бөлгөн экен. Айрыкча, чакчы дегендер аттын канчалык жерге жүгүрөрүн, а сынчылар болсо, жылкы баласынын күлүк, же чобур болорун билип:

*«Саадактап саны салынган,*
*Илбирстей ичи тартылган,*
*Бөрү кулак, бокон сан,*
*Буудангa чалыш ат экен.*
*Кулун сындуу кураң сан,*
*Кулжа мойн төгөрөк,*
*Куланга чалыш ат экен.*
*Кашка тиши кадоодой,*
*Кара тили бүлөөдөй,*
*Телегейи тегиз тарамыш,*

– деп сүрөттөсө, экинчи бир ырда:

*Жото жилик жоңгондой,*
*Кара куйшу кылкандай,*
*Жазы жаак, кең маңдай,*
*Жонуна жатып коңгондой,*
*Балык эти баладай,*
*Туяктары чарадай.*
*Кар жилиги кадоодой,*
*Музга туюп, ташта өсүп,*
*Тоо кайыптан жалгашкан,*
*Кыска бакай, тик далы.»*
*«Эшек туяк, элик баш,*
*Эңчер бойлуу, жагак төш.*
*Кара саны түрүлгөн,*
*ээрди шалпык, бото көз,*
*чымыр туяк, үкү аяк,*
*өйдө-ылдыйды ылгагыс.*
*Тайган иттей кыржыйтып,*
*бүткөн бою тарамыш,*
*Камкөргөндөй кирчыты,*
*жуп жумуру мойну түз.*
*Балык эти балкылдап,*

*боору сырлуу тептегиш.*
*Арпа сыйбас азуусу,*
*Коюлданган кашка тиш.*
*Эңөө жерде эликтей,*
*өргө чапса учкан куш.*
*Тарткан жаадай зыркырап,*
*дайра кечсе кебелгис.*
*Ужал-ужал кипкин бел,*
*төө тагоорсук, тайган төш.*
*Каман жаак, алма аш,*
*үлбүр сагак, үй чоку.*
*Туу чокуда кулагы,*
*үй куймулчак, тик жамбаш.*
*Чыкмак эти түрүлгөн,*
*кара эти жок кагелес.*
*Чымыр туяк, тик бакай,*
*айчылыкты арыгыс,*
*күндөп-түндөп жүрсө да,*
*чарчабаган талыгып.*
*Шымалынган эликтей,*
*кулун куйрук басо түш,*
*тал-тал кекул сыйда жал,*
*таап алган армансыз,»- деп*
*айтышыптыр.*

Ала-Тоону мекендеген кыргыз баласы үчүн жылкы башка малдан артыкча болгон. Ошондуктан илгерки заманда жылкычылар жоого аттанган азаматтарды коштогон, такоол болгон «аскерий чоң күч» саналган.



Семетейдин салбуурундап чыгышы



# Аккула

## Күлүк таптоо

Күлүк таптоо – ыраңга семирген атты таптап байлоо жана көп семирген атты кайра таптоо болуп, эки жол менен ишке ашат. Ыраңга семирген атты таптоо экинчисине караганда өтө кыйын болот. Өткөн замандарда чапкан атка жем бербестен, бетеге, боз от, оттотуп, кээде бээнин сүтүн берип, мамыга көбүрөөк байлап коюп таптаган. Муну «куу мамы» деп аташкан.

«Ат чабар этине келди» деген белги бир нече болот. Биринчи – тери калбайт, экинчи – май калбайт, үчүнчү – каны толук, арык болсо да эти, сыны, сөөгү семиз аттыкындай болот. Төртүнчү – сууту абдан кандырылат. Этине абдан келген аттын белгиси өз мүнөзүнө жараша болуп, кээ бири маңдырап, кээ бири чакчаңдап турат. Алардын баары, кандай суусаганына, канчалык чөпкө тойгонуна карабай, аса байланып, таң ашырылат.



Чабар күнү суу берилбейт. Байгеге чабылуучу аттын жинигин өлмөгү – ачкалыктан, же семиздиктен, болбосо тер катkандыктан болот. Бул үчөө болбосо, канчалык алыска чапса да, майып болбойт. Аттын табы катуу же жумшак болот. Табы бузулган күлүк атка үч түрдүү даба кылынат. Биринчи, арык болгондуктан, эрте көктөмгө агытылып, семиртилет. Экинчи, кышында арык болгондуктан, кырга агытып жиберет. Үчүнчү, күкүрт, же көбүнчө, карандыз берет.

Жанын таштап чуркай турган аттардын соорусу былкылдабастан, жабышып турат. Чоң тер алганда, барыш-келиши 25 чакырым болуп, кулактын учунан тер акса, ошончолук калың

жабууда жүрүп, «чуу» дегенде эле, аягы буйдалбастан анда-мында бир тийип, жулунуп ала качат.

Тер алганда, ат кандай күлүгү болсо, эртеси байгеде ошондой жүгүрөт. Чыгар аттын белгиси – жүнү тиштик болуп, бузугу жок болсо, сийдиги тунук болот. Колго семиртип, чабылган атты күзүндө кокко бир байлап, семиртип, кайта кайтарат. Жеми көбүнчө арпа, таруу болот. Эгерде күлүк этинен ооп бара жатса, анда буудай берет.

# Ээр-токум

Ээр бекем жыгачтардан бүтүн чабылып жасалат. Жигит ээр, аял ээр, бала ээр айырмач болуп, үчкө бөлүнөт. Ээр чыдамдуу жана узак пайдаланууга жарактуу болуш үчүн, булгаары менен капталат. Ээрдин оол маңдай жагы күмүштөн, жезден же калайдан чегеленип, кооздолот. Андай ээрлердин кашы куш баш кылынып жасалат.

Ээрдин отура турган бөлүгү «копчук» деп аталат. Ээрдин алдыңкы эки кабырына көмөлдүрүк тагуу үчүн, эки төңөлүк кадалат. Көмөлдүрүк бек кайыштан, сырткы бети кооздолуп жасалат. Көмөлдүрүк тик өйдөдө ээр ооп кетпес үчүн, кызмат кылат.

Ээрдин арткы кабырына куюшкан үчүн, канжыга үчүн төрт төңөлүк кагылат. Куюшкандын төңөлүгүнө күткүн байланат. Куюшканды эки түрдө жасайт. Алар «өрмө куюшкан, тикме куюшкан» деп аталат. Куюшкан тик ылдыйда ээр алдыга ооп кетпес үчүн, кызмат аткарат.

Канжыга бекем кайыштан тилинип жасалат. Канжыгага бөктөрүнчөк же башка нерселер байланат.

Ээрге мингенде жумшак, ыңгайлуу болуш үчүн, корпочо салынат. Ал ичине жүн же пахта салынып, шырылган тошоктон же жүндүү териден жасалат. Жигиттерге же жоокерлерге корпочону жумшак булгаарыдан тигишкен.

Аттын жонуна алгач жумшак таар же кездемеден шырылган чакан жабуу «ичмелик» деп аталат. Анын үстүнө кийизден шырылган, ортосунда кичине тешиги бар, сырты кайыш менен капталган тердик жабылат. Анын үстүнө ээрдин кабыры жата турган эки желдик же жаздык коюлат. Ээр менен жаа желдикке отургузулат.

Тердик күзгү койдун кара жүнүнөн жасалат. Аялдардын, кыздардын тердиги сырты булгаары менен капталып, анын бетине оюм-чиймелер түшүрүлөт. Илгери байлардын кыздары- нын тердигинин көрүнүктүү жерлери күмүш менен чегеленген.

Ээрдин эки үзөңгүсү болот. Тепкичи темирден же коладан жасалат. Илгери ага да алтын же күмүш чаптырылган. Үзөңгүгө кайыш боо байланат. Ээрди ат үстүнөн жылдырбаш үчүн, басмайыл колдонулат.



Басмайыл кайыштан жасалып, бир чоң, бир кичине тонолук тагылып коюлат. Кичинесине байламта кайыш байланат.

Ат башына жүгөн салынат. Жүгөн өрүлүп жасалат. Жүгөнгө ооздук, тизгин, сагак тагылат. Ал да күмүш сагалдырыктар менен кооздолот. Ичине нокто катылат. Ноктого чылбыр байланат.

Аталган бардык жабдууларды усталар, өрмөчүлөр жана уздар жасашат.

# Ыңырчак – токум

Ыңырчак менен өгүздү токуйт. Ошондуктан «ыңырчак-токум» деп аталат.

Ыңырчак жазыраак, жалпак жыгачтан жасалган эки кабыргасы (жатак) болот. Жатактын алды-артына талдан ийилип жасалган эки жаача бекитилет. Жаалар бекем жасалат. Капталына жана ортосуна кошумча жыгачтар бекитилет. Мине турган жерине калың кайыш коктолуп бекитилет. Үстүнө кийиз капталат. Ыңырчакка көмөлдүрүк тагылат.

Кыргыз эли уйду же бычылган букаларды «өгүз» деп аташып, жер айдоо же көчкөндө жүк жүктөп, унаа катары пайдаланышкан. Ошондуктан өгүздү, кобүнчө, койчулар менен дыйкандар пайдаланышкан. Ыңырчакка үзөңгү жана басмайыл пайдаланылат.

Уйдун, өгүздүн мурдун козоп чүлүк тагып, ага мурунтук жип байланат. Мүйүзү жок, токол болсо, нокто тагып коюшкан. Нокто чүлүк камыштын тамырынан жана талдан жасалган.

# Ком-токум

Ком – төө токуму. Кыргыздар көчкөндө, алыс жолго жүк ташууга чоң күч катары, төөнү пайдаланышкан. Төөнү чөлдүү жерлерде унаа катары да минишкен. Төөгө жүк артууга ылайыктап, ком жасашкан.

Ком негизинен, кийизден төөнүн эки өркөчүнүн ордун ачык коюп, өркөчтүн алды-артына чейин, жапкычдай кылып жасалган. Эки өркөчтүн ортосуна калың кийиз, же жууркан салып, отурганга ылайыкталган. Деги эле, алыс жолго чыкканда, өркөчтүн бийиктиги менен тең кылып, өркөчтүн ортосун жумшак буюмдар, же жүн менен толтуруп коюшкан. Андан соң, алардын үстүнө кийиз же башка нерседен ком жапкан.

Өркөчтүн алды жагына же төөнүн капталына эки комжыгач коюлуп, алды арты бекитилет. Андан кийин, каалагандай жүк арта берсе болот.

Төөнү башкаруу үчүн мурдун козоп, жыгачтан бурула тагып, бир учуна жип байланат.



# Бүркүт таптоо

Бүркүт таптап, аны аң-ууга салган адамдарды «мүнүшкөр» деп аташат. Ошондон улам, эл арасында «Бүркүт салсаң Алтайдын кызыл түлкүсүн кийерсиң, карчыга салсаң калжа жеерсиң» деген макал айтылат.

Бүркүт чын куран айында үйүгүшөт. Бугу айынын аягында жалама зоого, же чолго жумуртка тууйт. Ал бир-экиден артык жумуртка туубайт. Кулжа айында жумурткасын жарып, балапан чыгарат. Теке айында балапандын канат-куйругу чыгат.

Балапан чагында атасы жемин энесине берип, энеси аны баласына берет. Анткени эркек бүркүт уясына жакын барбастан, обочо олтурат. Ошондуктан жемди дайым энеси берет. Ал эми ата-бүркүт балапаны жетилип, учарда гана жакын келет. Бала-бүркүт жаңыдан учканда, жакын жерге ары-бери учат. Анын ата-энеси аз-аздан чабыттатып жүрүп, алыска учканга көндүрүшөт. Ошондой эле илбесин алганды, тамак таап жегенди да үйрөтөт. Бирок күздүн акыркы айына чейре, уясынан көп алыстабайт.

# Бүркүттүн жашы

Бүркүт жашына карай: бир жашта – бала., Эки жашта – бозум., үч жашта – таш түлөк., төрт жашта – кум түлөк., беш жашта – барчын деп аталат. Адатта колдо багылганы 40-45 жашка, жапайысы 100гө чыгат.

Сын жагынан алганда, бүркүттүн кыраандынын канаты сары, жүнү тегерек, буту ич жагына ийри, көзү ак, канатынын мөрүсү калың, буту ичке, балтырына тутамга батпайт. Буту көк, тумшугу көк, көзү чүңкүл болуп, ургаачысынын айырмасы билинбейт.

Чөл бүркүтү ачка болсо, жаш козуну эшип кетип, жей берет. Уядан кармап алынган бүркүт шаңшычаак келет. Торго түшкөн бүркүт шаңшыбайт. Бирок колго багылган менен торго түшкөн бүркүттүн табы бир болот. Ошентсе да, уядан алынган бала-бүркүт көпкө ачка калса, ээсине кол салгандан кайра тартпай, жеп койгондору да болот, дешет.

Бүркүт арык, канат-куйругу сынган болсо, ал кыраандыктын белгиси, дейт мүшкөрлөр. Мындай бүркүттү он чакты бүркүт ээрчип алып, анын алганын жешет. Жалтанбаган, коркпогон баатыр-бүркүт, көбүнчө, уядан алынган балапандан чыгат. Дал ошо бала-бүркүт кара калтар түлкү алат. Бала-бүркүт аң уулап чыкканда, тордо кармалган бала-бүркүт кайпактап, четке чыга берет имиш.



# Бүркүттүн табы

Бүркүттү эт менен он күндө семиртип, жеген этин кайтарганда, этти жууп, ак жем кылып, майдалап жана өпкө берип таптайт.

Анын балтыр эти былкылдаган маалда, он беш күн ичинде аңга салууга болот. Аны ысык жерге койбостон, салкында асырайт. Чыргаа менен үндөккө келтирет.

# Бүркүттү түлөтүү

Бүркүттү абдан арыктатып туруп, кайтадан жакшы семиртенде, таптаза болуп түлөйт. Эч убакта бүркүттү томогосуз койбойт. Бүркүт олжосун 8-9 чакырым жерден көрүп, кагынып, жулуна бергендиктен, бутуна шишик чыгат. Бүркүттү аңга салганда, каман, кулжа, аркар, эчки-теке, элик, жээрен, карышкыр, сүлөөсүн, түлкү алат. Ошондуктан кыраан эмес, байлооч, жаман бүркүт болсо да, түн ичинде жанына карышкыр жолобостон качат. Ал эми адамдар сезгенген дартка бүр-



күттүн отун ичет. Тилекке каршы, бүркүт «маңка ооруусу» менен сезгенсе, аман калганы аз болот.

Бүркүттүн биринчи сыны: көзү чоң, жүндүү, өзү да чоң, ийиндүү, көкүрөгү кең, мойну сары, жүнүнө кырoo турбайт. Ал эми куйругу узун, жүнү шоодурак, аркасында ак жүнү болот. Жемсөөндө он чакты кызыл жүнү болот. Көзү кызгылтым, кабагы бийик, көзүнүн чарасы кең, көзүнүн куму кайнап турат. Шыйрагы ичке, саны жоон, шыйрак жүнү кызыл, көзүнүн ичинен буу чыгып турат. Көк тумшук, көк аяк, тумшугу узун, төш сөөгү миздүү жана кырдуу болот. Ошондой эле жемсөөсү чуңкур, беш салаа батирлык кең болуп, жүнүнүн учу ичке болсо, анда «кыраан - карышкыр алуучулар» деп аташат.

Бүркүттүн экинчи түрү – чөл бүркүтү. Анын эки мүрүсү калың, жүнү көбүнчө саргыч, сырткы жүнү терек жалбырак, көзү чекир, буту көк, шадылуу, көкүрөгү жагдайыңкы, көкүрөгү жоон, көчүгү шыймыгый, тумшугу көк, тырмагы узун болот. Кандай гана болбосун, жогдорлуу бүркүт «кыраан» болот. Жогдордун учу ичке, андан аркы учу жазы болсо, нак та «кыраны» – ушул.

Кыргыздардын эс тутумунда калган атактуу бүркүт – Индостандын Көк Аяк бүркүтү. Орол тоонун Ак ийин бүркүтү кулун менен тайды көтөрүп кете берет. Илешин Чөл бүркүтү карышкыр, кийик алат. Алайдын Ак көз бүркүтүнөн не түрлүү кыраан чыгат. Арка өрөөнүндөгү бүркүттөр да – кыраан. Булар да тоо эчкинин улагын көтөрүп, карышкыр, түлкү алат.

Түлөк бүркүттү 40-45 күндө таптап, аңга салууга болот. Таптаганда, ар үчүнчү күнү эртең менен жаш этти сууга салып, кирин кетирип, катуу бербей, жумшартып берет (муну ак жем дейт). Жаныбарлардын этинен – жылкы, кой, коён, кекилик этинен башкасы берилбейт. Айрыкча, жылкы эти өтө пайдалуу болот. Анткени бүркүт ооруп калса, жылкынын жаш этин берилет. Бүркүт семизирээк болсо, көп оорубайт. Алгырлыгы да жакшы болот. Үй эти жакса да, көңүлүн карартат.

Эл оозундагы уламышка караганда, Кокон хандыгынын доорунда, Бугу уруусунун, Шапак урутунан чыккан Томо аттуу кишинин Сары-Эжи деген кыраан бүркүтү болуптур. Дагы бир уламышта Тынайдын урутунан чыккан Жумаш деген киши бүркүтү талпынганынан Он-Бир жылганын оюнан кое берсе, Кеңетинин коосуна конуп калат. Жумаш чуу коюп жете келет да, көргөн көзүнө ишенбей, аң-таң калат. Себеби ошол коонун ичинде бир жолборс эки күчүгү менен, өлүп жаткан болот. Көрсө бүркүт өз олжосун алып, ээсин күтүп отурган экен. Ошондо Жумаш бүркүтүн чырга тартып, кондуруп алып жөнөп кеткен имиш.

Илгери Карган абышканын жалгыз баласы өлгөн соң, кайгыга батып, үйүнөн чыкпай калат экен. Ошондо курдаштары аны алаксытыш үчүн, бүркүт салып, аң уулоого алып чыгышат. Ошондо алар бир кызык окуяга күбө болушат. Асманда эки бүркүт бир бүркүттү улам эңип, жогорулап учуп бара жатканын көрүшөт. Акыры ал бүркүт төмөн карай кулаганда, берки эки бүркүттүн бири асманга шаңшый учуп чыгып, өзүн ташка чаап өлөт. Аны көргөн экинчи бүркүт аны найза бою көтөрүп, кайра таштап жиберип, шаңшыган боюнча башка жакка сызып учуп жөнөйт. Көрсө биринчи жерге түшкөнү бала-бүркүт, ал эми учуп бара жаткан экөөнүн бири – эне-бүркүт, бири – ата-бүркүт экен. Ошол бала-бүркүт каманга кол салып, бирок анын тишине чалынып, набыт болот. Ошондо ата-эне бүркүттөр камандан өч алыш үчүн, аны көккө көтөрүп чыгып, жерге таштап жиберип, өлтүрүшүптүр. Бирок

1840-жылдары саяктын Курманкожо урутунан Чычай деген мүңүшкордүн карышкырды, тоо эчкини үйрү менен алган, Карачолок деген бүркүтү болгон экен. Ал эми 1867-жылы сарыбагыштын Жантай уругунан Дуулат Смайыл уулунун бүркүтү доңуз алып жүрүп, бир кезде каманга салат. Бирок каман бүркүттү чалып өлтүргөн экен.

Калмактар бийлеп турган мезгилде, бир жигит туткундан качып келе жатып, жолдон бир карышкырга кез келет. Жигит «бул карышкыр бүгүн болбосо да, эртең мени жейт окшойт» деп зарлап олтурса, капыстан карышкыр кайдадыр качып жөнөйт. Ошондо асмандан зуулдаган дабыш чыгып, кудум чагылган сыяктуу чарт этип, карышкырга бир тиет. Аңтан болгон жигит чуркап барса, карышкырды бир бүтү менен

боордон алып, бир буту менен оозунан капшыра чеңгелдеп, бир бүркүт козун чукуп жеп жаткан болот. Кубанган жигит карышкырды жара тартып өлтүрүп, жүрөгүн, боорун тиги бүркүткө берет. Караса, бүркүттүн бутунда кыска боосу, мойнунда шурусу, билегинде күмүш билериги бар экен. Ошентип колуна бүркүттү кондуруп алып, сапарын улантат. Жигит 6-7 күндөн соң, эл караанын көрүп, бүркүт менен достошуп, аны коё берген, дешет.

## Бүркүт 55 түргө, анын ичинде 20 кыраан урукка бөлүнөт:

1. Буудайык;
2. Алпкаракуш;
3. Муз мурут, кергеп бүркүт. (баш кыраан);
4. Кара жүндүү кабырык;
5 Чал бүркүт;
6. Чөгөөл;
7. Карала;
8. Капкара;
9. Кара көө;
10. Куу кашка;
11. Коңур чегир;
12. Шашкалаң сары;
13. Үч ала;
14. Ибн кыз;
15. Куу чегир;
16. Бай кашка;
17. Бай коңур;
18. Баатыр кашка;
19. Чокунун карасы.
20. Май чегир



Учуп бара жатканда бүркүттүн кыраан, же жаман экенин билген бугу элинде сынчылар болгон. Бүркүт салыш ал кезде байлардын көңүл ачкан оюну болсо, кедейлердин арасында бүркүт салууну кесип кылып, жан сактагандар да көп болгон.



# КУШ, ЧҮЙЛҮ, ТЫНАР ТАПТОО

Ургаачысы-куш, эркеги чүйлү болуп, түйгүн, тынар, кыргый бир уруктан тарайт. Булардын ичинде түйгүндан соң, кырааны тынар болот. Булар башкалардай эмес, кептин куш деп саналат. Уядан аз гана кармап, көбүнчө торго кармайт. Куштун атактуу кыраанын «Туурук таман, түз көз» дейт. Илгери ачарчылыкта бир чүйлү салып, Жумгалдын аягы «Карачылуу Кермен» түз деген жерде сарбагыштан Тынай Түлкү уулу 7 үйлүү кишини асырап, аман алып калыптыр.

Куштун кыраашы тоодон каз, куу алат. Түлөк куш кыйды, акылдуу болот. Куштун жашы 7-8 ден өтпөйт, өмүрү кыска болот. Кушту бүктүрмөгө үйрөтүп, салганы көп болгон. Кандай куш болсо да, кекилик, чил, ала берет.

Кушту алтыдан он эки күнгө чейин таптап, андан соң салууга мүмкүн. Анын жемине жылкы, кой этин жана алдырган нэбесиндин этин берет. Муздак бербестен, бардык жемин жылуу берет. Куштун кыраашы сындуу, мүрүсү калың жүндүү, барак төштүү болуп, тик олтурат. Кыргызда куш салууга, солтолор өзгөчө мүнүшкөр болот. Кушка тоодак алдыруу четтен чыгат. Кыргыздын мүнүшкөрү күйкөгө кекилик, чил, борбашка чымчык алдырат.

Ылачын, ителги, шумкарга томого каптабайт. Буя айтылгандар анды тээп алса, куш чүйлү, түйгүн, тынар, кыргый илип алып, олтуруп калат. Же өлтүрүп кетет. Эгерде ала албаса артынан куубайт. Бүркүт, ылачын, ителги шумкарлар анды өлгөнчө куйт.



# Ителги, шумкарды таптоо

Шумкар ителгиден таралып, бүркүттөн соң, кээде түйгүндан да кыраандыгы менен айырмаланып турат. Шумкар жөнүндө кыргыз элинде бир канча дастандар бар. Маселен, Семетейдин Акшумкары жана башкалар. Шумкар топтуу тоодак, куу, казды алууга жарайт. Эски сөздө ителги (шумкар) тегирмендин ташын сындыра тээптир деп көп айтылат.

Чындыгында кыраан шумкар, бүркүттү жыга тебет. Түлкү алганы болот. Коёнду тепкенде башын жара тепкени болот. Ал эми түйгүн күш, чүйлү салганда, алар бир гана олжону алып отуруп калат. Шумкар, ителги, ылаачындын кыраандары эч убакта азга ыраазы болбойт. Өлтүрө тээп, жулу болсо да кырып таштайт. Эң соңкусунда курмандыгынын тарпына отуруп алып, этинен тоё жеп тим болот. Ошондой эле шумкардын кыраандарын ээрчип, тамак жеп жүргөн ителгилер да көп болот.

Шумкар алты урукка бөлүнөт. Алар:

1. Байпактуу шумкар;
2. Күйкө шумкар;
3. Кандуу бүркөр;
4. Кара шумкар;
5. Ак шумкар;
6. Ителги шумкар.

Булардын ичинен - күйкө шумкар эң кыраааны. Ал колго чанда түшөт. Ылаачын – атактуу кыраан, куу шумпай. Балким, күйкөнүн шумкардан кыраандыгы артык болсо болоор. Бирок ителги менен ылаачындын ортосунан баар туулат. Ителги, шумкар, ылаачын, баардын табияты бир. Шумкар абдан суук,



бийик тоонун башындагы зоолорго тууйт. Бийик зоого тууган-дыктан, уядан баласын алуу өтө кыйын. Ошондой шумкардын туйт турган атактуу уясы – Семетейдин Акшумкарынын Арпадагы уясы. Ал тууралу семетейчилер мындай деп ырдаган:

«Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан.»

Сарбагыш уруусунан Шапак аттуу жигит 1886-жылы Кытайда жашаган чоңбагыш уруусунан жылкы тийип келе жатып, таңга маал Арпадагы чырмалыштын зоосунун жыгасында өрдөп калат. Ошондо үстү жагындагы бийик уядан Акшумкардын 3-4 балапанын көрөт. Бир шумкар кечке чейин, ал балапандарга он чакты каздын бөкторун келип таштап кетет экен. Ошол зоодо уя көп болгондуктан, уялардын түбүндөгү коктуда каз, куу, суур жана кичине тоодак, кийиктердин сөөгү куурап, кат-кат болуп чирип, үйүлүп жатыптыр.

Арпаны жердеп жүргөн элдин айтымына караганда, 1898-жылдын кышында саяк уруусунан Мусакожо Келдибек уулу Арпага сайрандап келип, асмандан топулдап түшкөн өрдөк-каздарды терип алган экен. Буя олжодон жергиликтүү жылкычылар да кур калбай, эки-үч атка жүктөп, алар да алып кетишиптир. Кокту караса, шумкарлар бир далай каз-өрдөктөрдү Арпанын зоосун көздөй куушуп, ошондон алар аскага урунуп, жерге топулдап түшүп жаткан экен. Ал эми



1906-1907-жылдары Арпада ушундай эле көрүнүш дагы кайталанынтыр. Ошондогу жер жайнаган каз-өрдөктөрдү терип жаткандар, алардын көбүнүн жүрөгү кабынан чыгып кеткенин байкашкан. Шумкарды тоодакка, каз-өрдөккө салганда, ал ээси турган жерге аларды айдап келип, андан соң кыра баштайт.

1850-1860-жылдар чамасында Чоң-Кеминде мындай окуя болгон экен. Ителгинин уядагы балапанын алууга эки киши келсе, анын эки-үч балапанын бир бүркүт жеп олтуруптур. Бир маалда уяга бир ителги келип, бүркүттү тепкенде бүркүт уядан учуп, жакын жердеги ташка конот. Ал жерде ителги тепкилесе, бүркүт тоотуп да койбой, отура берет. Ошондо ителги баркылдап үчкан боюнча, Кеминди карай учуп кетет. Бир маалда коркунучтуу үнду уккан бүркүт учууга шашылып калат. Бирок канды бүркөр учуп келип, бүркүттү бир тээп өткөндө, жүнү бурай түшот. Бирок жаза тээп калган болот. Ошондо ал чакмак ура атып, көккөлөй учуп, да бир тээп өткөндө, бүркүт канаты менен жер чапкылап, жатып калат. Эки шумкар кайра учуп кетишет. Баягы эки киши барып бүркүттү караса, башы талкаланып калган экен.

Ителги-шумкарга байланышкан уламыштар өтө көп. Ителги, бүркүт, ылаачын, шумкар, баарын таптоо окшош болот. Бүткүл канаттуунү таптаганда, көбүнчө үйкусун сүй алып, этине келтирет. Куш, чүйлү, туйгун, кыргый, тынар тамакка ынсаптуу болуп, эндигенде бир жерине да жутузбай, абдан таза болот. Ал эми ителги, шумкар, бүркүт, ылаачын, турумтай сук жана ачкүсөн, кир болушат.

# Тайган таптоо

Кыргыз эли күлүк атты, алгыр кушту кандай баалаcа, тайбас тайганды да ошондой ардактаган. Тайган салып, аң уулоо кыргыз өнөрүнүн бири. Тайгандын эрдиги, кармаштары тууралуу илгертен түрдүү уламыштар, жөө жомоктор айтылып келе жатат. Алардын биринде:

*«Ит кыраны тайгандыр,*
*Тайганды таптап салгандыр.*
*Тамактанып тойгондур.*
*Табам десең тайган тап,*
*Жакшы таптап, жакшы бак.*
*Табын билсең, тайгандын,*
*Табылганы таалай бак.*
*Түйгүндү күтпөй тайган күт,*
*Тайганды багып тойгун журт.*
*Түйгүндү салбай, тайган сал,*
*Тайганды салган тапкин мал»,* - деп айтылат.



Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар кулжа, эчки-теке, карышкыр, түлкүлөрдү тобу менен ала алат. Аңдардын кайсынысын болсо да, бир серпип отүү менен толорсугун суурут, болбосо бир тиштөө менен ооз омурткасын бирча тиштеп, жото жилигин бычырата коёт. Алгыр тайганы бар айылга түн ичинде эч убакта карышкыр келбейт. Мисалы, Нарын өрөөнүндөгү Атбашы жергесинде бир мергенчи тайганын алып, аң уулап жүрүп, бир аюу менен капыстан бет келип калат. Ошондо аюу мергенчини качырып калат. Шашып, апкаарып калган мергенчи аюуну ата албай, буйдалып, айласы кетет. Өзүнө аюу кол салаарда, тайганы бурдап кетет. Аюу бакырып, кайрадан чап саларда, дагы бурдап кетет. Ошол учурда мерген мылтыгына ок коюп, атканга үлгүрүп, аман калган экен.

Жолборско кол салган тайгандар да болгон. Мисалы, 1840-50-жылдары бугу уруусунан чыккан Эшкожо уулу Балбайдын бир жылда жүздөп бугу-марал, аркар-кулжа, эчки-теке алган Актаман деген тайганы жолборс алган, дешет.

1770-80-жылдарда Солто уругунан Жамансарт Кошой уулу Какбаш деген тайган менен 300 гө жакын чөөгө кезигип, 91ин атып өлтүрүп, 90 чөөнү тайган бурдап өлтүргөн соң, качып кутулган, дешет.

Тайгандын анык кыраны - Куумайык. «Аны көк жору туулп, туугандан үч күнгө жете киши көрсө, кумайык (тайган) болуп, андан өтүп кетсе жорунун балапаны болот» деген элдик ишеним бар. Таза тайганды башка дөбөтко буддурбас үчүн, туулар замат муздак суута малып алат. Күчүк чагынан сөөк бербейт, чийки эт бербейт, итке талатпастан, эр жүрөк, тай



Бөрү

манбас кылып асырайт. Ал эми таза семиргенде, кайра конок кожо берип байлап, ууга салаар чакта шорбакта берет.

***Кыраан болор тайгандын сыны өзгөчө болот. Башкача айтканда:***

1. Кабагы тик болот.
2. Тумшугу ичке, узун болот.
3. Көзү кыпкызыл.
4. Сырты октой жүз.
5. Мойну жумуру.
6. Оозу өтө чоң.
7. Бели кыска.
8. Эки жамбаштын кошкон эни төрт эли, же андан да кең.
9. Төлөрсүгү тик.
10. Беш манжа-таманы кууш, кичине.
11. Туу куйругунун түбү жоон болот.





Бугу Эне

# Ысык-Көл өрөөнүндөгү шаарлар

# Каракол шаары

1889-1922-жылдары жана 1939-1992-жылдары Каракол шаары саякатчы Н.М.Пржевальскийдин ысымын алып жүргөн. Эгемендик жылдары Каракол тарыхый аталышы кайра кайтарылган.

2009-жылы Кыргызстанда болуп өткөн каттоонун жыйынтыгы боюнча, Каракол шаарында 63377 жаран жашайт. Анын ичинде: кыргыздар – 43 951, же 69,3 %; орустар – 10 762, же 17,0 %; уйгурлар – 2493, же 3,9 %; өзбектер – 2156, же 3,4 %; татарлар – 1102, же 1,7 %; дунгандар – 942, же 1,5 %; казактар – 678, же 1,1 %; калмактар – 544, же 0,9 %ды түзөт.

Каракол шаары деңиз деңгээлинен 1690-1850 метр бийиктикте. Кыргыз республикасынын борбор шаары Бишкектен 420 километр алыс аралыкта жайгашкан. Жакынкы темир жол бекети Балыкчы шаарында. Шаар тескей Ала-Тоонун боорунда жайгашкан. Каракол суусунун алдыңкы куймасында жана Ысык-Көлдөн 12 км чакырым алыстыкта турат. Шаардын климаты мээлүн-континенталдуу. Жылдык орточо атмосфералык жаан-чачын 350–450 мм түзөт.

1869-жылы Чүйдөн Кашкарды көздөй кеткен, кербен жолунда А.В. Каульбарс Каракол шаарын негиздеген. Ошол жыл-





Жети-Суу облусунун Ысык-Көл уездинин. Каракол шаарынын планы. 1883-ж



Каракол шаарынын жайгашуу планы 1945-ж

дын кулжа айында шаардын биринчи көчөлөрү, аянты жана конок үйү курулган. Бул күн шаардын түптөлгөн күнү катары белгилүү.

Шаар генералдык план боюнча, түз кырдуу салынган жана көптөгөн жашыл бакчалардан турат. Анткени ал учурдагы шаар куруу мыйзам ченемдерине ылайык, ар бир курулган үйдүн алды-артында гүл бакча болуусу зарыл эле. Борбор Азиянын башка шаарларына салыштырмалуу, үйлөрдү башкача типте куруу аракети жасалган. 1887-жылга чейин негизинен топурак-кесек же кыш үйлөрү салынса, 1887-жылдан кийин, шаарда жыгачтан кесилип жасалган бай оймолуу, кооз үйлөрдүн саны өскөн. Ушул күнгө чейин, шаарда тарыхый дунган мечити жана христиан православдар чиркөөсү сакталуу.

Төңкөрүшкө чейинки Кыргызстандын башка шаарларына салыштырмалуу, Каракол шаарынын маданияты жогору болгон. Бул шаардан көптөгөн саякатчылар, окумуштуулар чы- гып, Борбор Азиянын илимий жактан изилдөөгө чоң салым кошушкан. 1887-жылы Я. И. Корольков деген адам шаарда метеостанция, ал эми Н. М. Барсов коомдук китепкана, штабс-капитан В. А. Пяновский 1907-жылы жылкы заводун ачкан. Бул Кыргызстандагы алгачкы маданий жана өнөр жай борборлорун куруу аракеттери болгон.

Учурда Каракол шаарында ЭТЗ, чакан тигүү цехтери, этти кайрадан иштетүү боюнча жеке менчик чарбалар иштейт. К.Тыныстанов атындагы Кыргыз мамлекеттик университет жана медициналык, педагогикалык орто окуу жайлары, Гебзе атындагы түрк лицейи, Т.Сатылганов атындагы лицей жана башка 11 жалпы билим берүүчү мектептер бар.

Каракол шаары АКШнын Эшвилл (Түндүк Каролина) шаары жана Түркиянын Гебзе шаары менен боордоштук келишимин түзгөн.



Барон А.В. Каульбарс
(1844-1925жж.)
Орус аскер ишмери, окумуштуу географ, кавалерия Генералы




# БАЛЫКЧЫ ШААРЫ

Балыкчы шаарынын аймагы 33,57 чарчы километр. Климаты кескин континенталдуу. 1954-жылдан бери эл тегиз отурукташып, шаар болуп негизделген. Калкынын саны 42 875 адам. Элинин улуттук курамынын 84,5% ын кыргыздар, 11,0% ын орустар түзөт. Калк негизинен ислам жана христиан диндерин тутунушат.

Шаар алгач «Балыкчы» аталып, кийин «Рыбачье» деп өзгөртүлгөн. Ал эми 1993-жылы эгемендүүлүктүн шарапаты менен, «Балыкчы» деп мурдагы аты кайтарылган. Шаарда суу порту жана темир жол бекети, эт жана ун иштетүүчү ишканалар курулган.

Балыкчы шаарынын ордунда, илгери Улуу Жибек Жолун улаган, кербендерди тейлеген, беш түтүн боз үйлөн жана кампалардан турган чакан кыштак болгон. XIX кылымдын экинчи жарымында, 1871-жылы кыштакка жакын «Кызыл-Токой» деген жерге М. И. Бачин аттуу орус балыкчысы келип, үй салып, Ысык-Көлдөн балык кармай баштагандыктан, Бачино атыгып кеткен. Андан соң, XX кылымдын башында кыштак дагы он чакты боз үй жана жапыз турак-жайларга көбөйүп, 1909-жылы Балыкчы атка конгон. 1915-жылдын аягында Балыкчы шаарында 24 түтүндө 137 киши жашаган, анын 20 түтүнү балык кармап күн көргөн.

Илгертен бул жер «Буутан» же «Көтмалды» деп аталган. Илгери Кочкор суусунун бир салаасы Ысык-Көлгө куйган. Ал азыркы Балыкчы шаарынын түштүк-батышында, узундугу 8 километр, жазылыгы 18-180 метр, тереңдиги 3-4 метрге жеткен. XX кылымда Көтмалды аймагында жер өздөштүрүүнүн натыйжасында, өзөн бир топ өзгөрүүгө учураган. Баш жагы түзөтүлүп, айдоого айланып, ылдый шаарга жакын жеринде өнөр-жай ишканалары, жол курулуштары курулуп, эски нуктун ордунда 3 километрдей кургак сай калган.



Александр фон Гумбольдт (1769-1859)
Немец окумуштуусу.



Семенов-Тянь-Шанскийдин Ысык-Көлгө келгендеги маршруту

Көтмалды суу агымы Ысык-Көлдүн жээгиндеги Кызыл-Сазды аралап өтөт. Бул 500 метр аралыкта эски нук менен, бир аз кара суу агат. Көтмалды суу агымынын пайда болгон убагы белгисиз. Анткен менен анын акыркы 130 жылдык абалы негизинен маалым. Илгери саратан жайда, Кочкор дарыясы кирген мезгилде, суу коктусунан өзөнгө батпай, кашаттарга чейин жайылып, Боом капчыгайын карай имерилиште суу жээктен ашып, аны жемирип, жердин ыгына карай, эңкейиш менен Ысык-Көлдү көздөй агып, Бууган салаасын пайда кылган.

Жайдын аягында Кочкор суусу тартылганда, Буугандын суу агындысында аз эле суу калып, күзүндө биротоло токтоп калган. Бул мезгилдүү суу салаасы Көтмалды же Бууган аталкан. Кочкор суусун торогон Орто-Токой бөгөтү курулгандан бери, Бууганды нугу куурап, суу акпай калган. Кылымдар бою Бууган бир калыпта турган эмес. Анын абалы Ысык-Көлдүн деңгээлинин өзгөрүшүнө тыгыз байланыштуу болгон.

XVII кылымдан XIX кылымдын биринчи чейрегине чейин, көлдүн суусу көбөйүп, Ысык-Көл чанагына батпай, Боом капчыгайы аркылуу Сары Өзөн Чүйгө куйган кезде, Бууган Көл суусунун астында калган. Кийин көлдүн тартылышы менен, салаа кайта калыбына келип, узарган жана нугу кеңейип, тереңдеген. П.П.Семеновдун 1867-жылкы маалыматы боюнча, Көтмалдынын жазылыгы 12 метрге жеткен. 1860-жылы М.И.Венюков Көтмалдынын аймагын ченеп, картага түшүргөн кезде, салаанын узундугу 3,5 километр, май айында суунун тереңдиги 1 метр 80 сантиметрден ашык, агымынын ылдамдыгы 103 м/сек болгон. 1898-жылы май айында Л. Шеффер изилдегенде, Бууганды узундугу 5,5 километрге жетип, өзөн менен Ысык-Көлдү көздөй, суу агымы 10 м3/сек ылдамдыктагы суу аккан.

Көтмалдынын байыркы тарыхына токтолсок, мындан 9-10 миң жыл мурун Бууган аркылуу Чүй суусу аккан, дешет. Анын 32 километрге созулган уландысы Балыкчы булуңунун тамашындагы суу астында жаткан өзөндүн нугунан көрүнүп турат. «Көтмалды» топоними илгертен белгилүү. Ал тууралуу «Манас» эпопеясында да айтылат. Бирок Европа илимпоздору үчүн анын абалы бүдөмүк эле.

1831-жылы А.Гумбольдт, 1832-жылы К.Риттерб Көтмалдыны «Ысык-Көлдөн агып чыккан суу» деп айткан. Бул өзөндүн картадагы так ордун, абалын илимде биринчи болуп 1856-жылы П.П.Семенов аныктаган. Ал эми «Бууган» топоними илимий адабияттарда 1875-жылдан кезигет. 1875-жылы А.В.Каульбарс аны «казылган аң, арык (канава)», 1903-жылы В.Сапожников аны «Кочкор суусунун бир салаасы» деп эсептеген. Бул эки аттын качан жанакандайча пайда болгону, тагыраак айтканда, этимологиясы белгисиз. Бирок жергиликтүү карыялардын айтуусуна караганда, бул аталыш Көтмалды суу

агымынын нугун тороп, бууп калгандыктан, «Бууган» деп аталышы мүмкүн. Анткени өзөндүн айрым жерлери Бууган-Арык, Бууган-Чий, Ак-Чий Бууган жана башка аталыштар, аталган өрөөндүн өзгөчөлүгүн билдирет. Мындан сырткары, Ысык-Көлдүн батыш өңүрүн ээлеген чакан аралча бар. Ал аралдын чөбү калың болгондуктан, жай ортосунда жергиликтүү эл көчүп барат. Ошондо ал аралга ат менен сүзүп өтүп, барган адамдар белине чейин суу болчу экен. Балким ошон үчүн ушундай аталган деген да кеп бар.

Түркстандык окумуштуу, Ысык-Көл уездинин башчысы А.П.Чайковский «Арий эли жашаган жана көчүп кеткен мекен» (Чайковский А.П. «Родина народов арийской расы, где она была и отчего покинута»., М., 1914.) аттуу эмгегинде, Ысык-Көл ойдуңундагы катуу жер силкинүүдө Боом капчыгайы аркылуу бүткүл Түркстанды аралап, Каспий деңизине куйган Жаңдарья дайрасынын нугунун өзгөрүшүнө алып келгендигин, божомолдогон. Дал ушул фактордон улам «Орто Азиянын бүтүндөй агын суу системасын өзгөртүп, ал жерде жашаган арийлердин гүлдөп-өнүгүшүнүн негизин талкалаган» деген жыйынтыкка келген. Анткени, Геродоттун эмгектеринде, Ригведа, Авеста ыйык китептеринде «арийлердин мекени чоң дарыя тутуму талкаланган жерде болгон» деп айтылат. Ошондой эле, Евразия материгинде ири дарыя агымынын талкаланган изин жалгыз гана Орто Азия аймагынан көрүүгө болот. Ушул эле эмгекте Боом капчыгайын сүрөттөп отуруп, анда жашаган жергиликтүү калк тууралуу буларды баяндаган: «Жергиликтүү калк өткөн кылымдын жарымына чейин, өздөрүн бурут же жапайы кыргыз деп аташкан. Баары көчмөн, жакынкы мезгилдерде гана Россиядан келгендердин жебинен бир канча кыштактар отурукташты. Ал эми өрөөндүн тегерегиндеги жайыттары – бир укмуш». Окумуштуу «Бурут» терминин Ригведа китебинде Барати (Barhati) түрүндө кездешип, ал ошол байыркы доордо белгилүү бир уруунун аталышын билдирген» деген тыянакка келет. Кесиби дарыгер, этнограф окумуштуу Н.Д. Зеланд, «Киргизы» (этнологиялык очерк) (Санкт-Петербург, 1885г.) деген эмгегинде «... бул элдин канында чынында арийлердин каны бар» деп жазып калтырган.

Жон жерден арий элдери жана Ысык-Көл тууралуу маселени көтөрүп жаткан жокпуз. Бул проблемалар П.П.Семенов-Тянь-Шанский, Н.М.Пржевальский, Ю.Н.Рерих жана Е.Е.Кузьмина өңдүү табият таануучу, тарыхчы жана этнографтарды тегин жерден кызыктырган эмес. Учурдагы окумуштуулар «Ысык-Көлдүн сырын чечмейин, анын жаралышынын себептерин иликтеп тапмайын, Тянь-Шандын жана жалпы Борбордук Азиянын эволюциясын түшүнүү кыйын» деген тыянакка келип жатат. Чындыгында, бул дүйнө коомчулугунун алдында кыргыздардын идентификациясы тууралуу маселе.




# Чолпон-Ата шаары



Чолпон-Ата Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, Бишкек шаарынан 265 км алыстыкта жайгашкан шаар. Бул чакан курорттук жай – өзгөчө жер алдынан чыккан булактары жана минералдык суулары менен атактуу. Ал аймакта балдар үчүн көптөгөн эс алуу жайлары, ошондой эле ден соолукту чыңдоочу борборлор жайгашкан.

Бул шаардын тарыхы Улуу Жибек Жолунун сапары менен тыгыз байланышып, биздин заманга чейинки I миң жылдыктардан башталат. Чолпон-Ата тогуз жолдун тоомунундагы чоң-чоң суулардын ортосунда жайгашкандыктан, соода кербендери бул жерге тез-тез өргүп турган. Мезгил өткөн сайын, анын аймагы кеңейип, бул жерде кербен-сарайлар курула баштаган.

Советтик мезгилде, тагыраак айтканда, 1922-жылы Чолпон-Ата шаарында жаңы турак-жайлар курулуп, отурукташуу башталган. Ал эми 1975-жылы «шаар» макамына ээ болгон. Учурда калкынын саны 15000 адамдан ашык. 1979-жылдан тарта, Ысык-Көл мамлекеттик маданий-тарыхый музей-коругу уюштурулуп, иштей баштаган. Музейдин коллекциясы шаардын байыркы доордон XX кылымдын башталышына чейинки тарыхый жолун чагылдырып турат. Ошондой эле көп-

төгөн экспонаттар байыркы көчмөн мурастарын камтып турат. Мындан сырткары Ысык-Көлдүн тереңинен табылган тарыхый буюмдар – аталган музейдин баа жеткис байлыгы. Музейдеги буюмдардын көбү өзгөчөлүгү менен таң калтырат. Мисалы, аялдын келбетин элестеткен, курмандык чалуу үчүн даярдалган жайпак таштын төрт бүтү. Бул табылгалар байыркы Ысык-Көлдүн жашоочуларынын диний ишенимдеринен кабар берип турат. Музейде кыргыз жазуу маданиятынын үлгүлөрү сакталып турат. Бул жазуунун көбү «Манас» эпосуна таандык.

Шаардан 5 км аралыкта 1926-жылы кавалерист-буденновчу Леонид Раппорт тарабынан негизделген ат заводу бар. Бул жерде кыргыз жылкыларынын жаңы породалары чыгарылган. Ал эми айтылуу терек аллеясы Леонид Раппорттун (аллеянын демилгечиси болгон) ысымын алып жүрөт. Мындан сырткары М.Ауэзовдун, А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган музей жана шаардын тарыхын чагылдырган «Саймалуу-Таш» музейи бар.

Чолпон-Атага жакын эле жерде миң жылдыктарды камтыган, байыркы петроглифтер жайгашкан жер бар. Анда 42 ташка чегилген байыркы сүрөттөр турат. Ошондуктан бул жерди кээде «Таштан жасалган бак» деп да аташат. Ар бир сүрөт өзгөчө, анткени жаныбарлардын сүрөттөрү жана аңчылыктын көрүнүштөрү, ошондой эле байыркы майрамдардын жана согуштардын элестери тартылган. Шаардын түндүк жагында аска таш бетине сүрөттөр тартылган байыркы археологиялык эстеликтер Күнгөй Ала-Тоонун этегине чейинки аймакта созулуп жатат. Буканын, иттин, жолборстун, камандын, жаачылардын, коендордун, төөлөрдүн, жырткыч айбанаттардын, уруулук эн тамгалардын, тулку бою орнаменттештирилген эчкилердин, бугулардын, ошондой эле сактардын, акинактын кыска кылыч куралынын сүрөттөрү кездешет. Чолпон-Атадагы Саймалуу-Таштагы сүрөттөрдүн автору кыргыздар болгон. Буга Саймалуу-Ташта тогоол чегилгендиги (б.з.ч. 2 миң жыл мурун) далил. Анткени «Тогоол түшүнүгү» кыргызга гана таандык.

Петроглифтер тууралуу эң алгачкы кабарды XIX кылымдын аягында В.В.Бартольд жана С.М.Дудин маалымдаган. Археолог Д.Ф.Винник, Г.А.Помаскина (1975-ж.), Я.А.Шер (1980-ж.) жана Кемеров университетинин аска бетиндеги сүрөттөрдү изилдөө экспедициясы (1987-88-ж.) тарабынан да кеңири изилденген. Ал эми 1990-жылдан немис изилдөөчүлөрү менен бирге сүрөттөрдү сактап калуу максатында, реставрациялоо иши башталган.

Таштардын беттерине көбүнесе койлордун сүрөттөрү тартылгандыктан, бул аймак «Чолпон-Ата» деп аталып калган. Себеби, кыргыз эли койдун пирин – «Чолпон-Ата» деп атаган. Ошондон улам, бул аймакты «Чолпон-Ата» деп жүрүп, ал ата-

лыш кыштакка, кийин шаарга ыйгарылган.

Чолпон-Ата – Ысык-Көлдүн жээгинде бийик тоолор менен курчалган, малга жайлуу ороондору менен белгилүү. Бул жер – жайында эс алуучулар үчүн, табылгыс жай. Мында климат мелүүн болгондуктан, туризмди өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөр бар.



# Ысык-Көл дубанындагы тарыхый жер-суу аттары

Жер суу аттары тууралуу билим - улуу илим. Тилекке каршы, бир кылым бою, кыргыз баласы бул көөнө билимди эстен чыгарып койду. Жер суулардын аталыштары эллин алты миң жыл илгерки тарыхын билүүгө көмөк берет. Ошондуктан бул аталыштар кыргыз калкы Азия аймагынын көп жерлерин миңдеген жылдар бою мекендегенин далилдеп турчу – билим. Кыргыз бабаларыбыздын даанышмандыгынын дагы бир белгиси, алар табиятты ыйык туткандыктан, жер-сууларга адам ысымын эч качан койгон эмес (Айкөл Манастан башка). Бүгүн Ысык-Көл аймагында, дегиле Кыргызстанда кездешкен жер-суу аттарын, Алтай, Хакасия жергелеринен кеңири учуратсак болот. Мисалы:

**Суулар:** Чу, Түргөн, Талдыбулак, Талдысуу, Арашан, Корумду, Кы- зылсуу, Балыкчы, Аксуу, Каракол, Кантеңирсуу.

**Көлдөр:** Манас, Кыргыз, Маракол, Кошкөл, Каракол, Байкол, Аккол, Жылуукол, Узункол, Таштуукол, Тереңкол, Талдыкол, Түзкол, Ошкол, Ысыккол ж.б.

**Тоо-кыр, сай-өзөндөр:** Чалкан, Үчөлөң, Үчаркар, Түлкү, Ташөзөн, Таңдөбө, Уйтүшкөн, Чалкчат, Манас, Кызылташ, Кызыларт, Коргон, Күнгөй, Көкчокор, Карлукыр, Каракыр, Караташ, Карагай Карабулак, Карайгыр, Бутумүйүз, Кабырга ж.б. ( «Республика Алтай», Атлас, Новосибирск, ФГУП «ПОнижгеодезия», 2005г., «Республика Хакассия», Москва, роскартография, 2005г.)

# Ак-Сай

Ак-Сай – Тоң районундагы айылдын жана суунун аты. Күнбатыш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айыл. Айылда кыдык уруусунун жаанбай, кудайбакты, бешбала, суксур, алдакс уруктарынын эли жашайт. Бул айыл Ысык-Көлдүн боюнда жайгашкан. Ак-Сай суусу аккан сайдагы таштар жалтырак, ак болуп көрүнгөндүктөн, суунун аты «Ак-Сай» деп аталып калган.



# Ак-Суу [Теплоключенка]

Ак-Суу – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы айылдын, капчыгайдын, суунун жана моңгунун аты. Ак-Суу районунун борбору. 1870-жылы негизделген. Ак-Суу суусу Жыргалан суусунун сол куймасы. Ак-Суу суусуна Чоң Кашка-Суу келип кошулганда, суу ак чопо (цемент оңүнө окшош түстө) болуп көрүнөт. Ак-Суу дегени, ошондон.

# Ак-Теке

Ак-Теке – Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылындагы тоонун (тоштун) аты. Кийинки мезгилдерге чейин эле айылдын кире бериш сол жагындагы тошто жапайы ак теке оттоп жүрчү экен. Жергиликтүү кыдык, доолос, уруулары бул жаныбарды «ыйык» деп эсептегендиктен, «Ак-Теке» аталып калыптыр.

# Ак-Шыйрак

Ак-Шыйрак – Ысык-Көл облусунун Ак-Шыйрак айылдык округуна караштуу айылдын, өрөөндүн, суунун, тоо тоомунун аты. Ак-Шыйрак өрөөнү Борбордук Тянь-Шандагы, Сары-Жаз суусунун бассейининде, түндүгүнөн Эшекарт, түштүгүнөн Боор-Албас, Ак-Зоо, Миң-Теке, Кайчы жана Кара-Зоо тоолору менен чектешип турат. Узундугу - 60 км, туурасы - 6 км.

Ак-Шыйрак суусу – Борбордук Тянь-Шандагы суу. Сары-Жаздын оң куймасы, узуну - 98 км, бассейндин аянты - 2290 м. кв. Борколдой кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндөгү моңгулөрдөн башталып, Кайчы суусуна кошулган жери «Ак-Шыйрак» деп аталат. Ак-Шыйрак тоо тоому Борбордук жана Ички Тянь-Шандын чегинде. Узуну - 60 км, эң жазы жери - 28 км. Эң бийик жери - 5100 метр.

Ак-Шыйрак деген аттын келип чыгышын, жердин үстүнкү катмарындагы топурактын өзгөчөлүгү менен байланыштырышат. Мындан сырткары, кыргыз элинин каны-жаны болгон мал, малчылык менен эриш-аркак болгонү маалым. Ал эми Ала-Тоону элик, кулжа, теке, аркар жана башкалар мекендешкен. Кызыгы, Ак-Шыйрактагы малдардын шыйрактары башка тоолордогу малдардын шыйрактарына салыштырмалуу, ак чопо менен боёлгонсуп турган. Ошон улам, жердин аты «Ак-Шыйрак» аталган.

Илгери ушул жерде бир бай кыргыз жашаптыр. Ага малай болуп, бир жетим бала жүрөт. Бай баланын акысына бир тай берет экен. Ал тайдын шыйрагы ак болот. Тай асый бол-

гондо, мыкты күлүк болуп чыга келет. Баягы бай берген акысына ичи күйүп, кайра күлүгүн алмакчы болот. Ошондо айласы кеткен жетим бала күлүктү минип качат. Жолдо баратып күлүк ат кокусунан өлүп калат. Эл «баягы Ак-Шыйрак жүргөн жер., Ак-Шыйрак кана? Ошол жерде өлгөн...» дешип, баягы күлүк уламышка айланат. Ошентип атактуу күлүктүн атынан «Ак-Шыйрак» деп аталып калат.

Дагы бир элдик кепке караганда, ушул жерлерден жолоочулар өтүп баратышса, алдыларынан теке, кулжа, оңдуу тоо айбанаттары чыгат. Ал айбанаттардын туяктары ак болуп көрүнөт имиш. Ошондуктан жолоочулар бейтааныш жерди «баягы ак туяк жер., Ак-Шыйрак болсун» деп атап кетишиптир.

## Ала-Көл

Ала-Көл – Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы көлдүн аты. Каракол өрөөнүнүн оң капталындагы кууш коктуда жайгашкан. Узундугу - 2,8 км, эң жазы жери - 600-700 м., Аянты - 1,5 чарчы километр. Көл чанагы деңиз деңгээлинен 3532 метр бийиктикте жатат. Мөңгүдөн агып чыккан чакан өзөн көлдү толуктап турат. Богот көлдөрдүн тибине кирет. Көл суусу боготтун астынан сарыгып агып чыгып, Каракол суусуна куят.

Ала-Көл «Ит-Ичпестин Ала-Көлү» деп да аталат. Каракол аркылуу чыккан Көлдөн агып түшкөн суунун башы эки чет болуп айрылып кетет. Аяккы-Сазынын күнгөй тарабында тоонун башынан суу агып түшөт, ошол тоонун этегинде таштуу бел бар. Ал эки белден агып, Каракол суусуна кошулат. Көлдүн бир жери ачык, бир жери суу. Ошол себептен «Ала-Көл» деп аталат.



## Аюу Төр

«Аюу-Төр» деп, бийик жайлоонун төрүндө аюулар көп жүргөндүктөн аталып калган. Мындай төрлөр Сары-Жазда, Каракол капчыгайында, Ак-Суу капчыгайында бар.

# Байсоорун

Байсоорун – Ысык-Көл районундагы тоо кыркасынын, суулардын (Чет Бай-соорун, Орто-Байсоорун) жана Ананьево айылынын мурунку аты. Мындан башка үч ороондун, үч коктунун аты да «Байсоорун» деп аталат. Бул аттын мааниси «байлыктын гүлдөп турган жери» дегенди түшүндүрөт.

# Бакалуу-Көл

Бакалуу-Көл – Сары-Жазга жакын жайгашкан көлдүн аты. Карыялардын айтымында, бул көлдө ак бака чардап турчу экен. Сары-Жаз жолу салынып жатканда, ак бака башка жакка ооп кеткен, дешет. Негизинен бул жер ыйык жер катары эсептелет.



# Бактуу Долоноту

Туура аталышы – Бактуу-Долон-Ата. Бактуу-Долоноту – Ысык-Көл районундагы айылдын, суунун, чокунун аты.

Бактуу-Долоноту чокусу Күнгөй Ала-Тоодо, Долоноту (Чоң Кеминдин сол куймасы) жана Бактуу-Долоноту сууларынын башынан орун алган. Бийиктиги - 4476 м., чокусу тик жалама беттүү. Чокунун түндүк тарабы мөңгүлүү. Тоодо долоно көп өсөт. Ал бутактуу болгондуктан, жерге ийилип турат.

Элдер долоно өскөн бул жерлерди «ыйык» деп эсептешет жана сыйынышат. Чынында эле, бул жерлер касиеттүү.



# Бар-Булак

Бар-Булак – Тоң районундагы Ак-Терек айыл аймагына караштуу айылдын аты. Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде. Бар-Булак – минералдык, дарылык касиети бар, жер астынан чыккан жылуу суу. Айылдан 2,5 км. түндүк чыгыш тарапта. Ысык-Көлдүн жээгинен 600м аралыкта, деңиз деңгээлинен 1653 м бийиктикте жайгашкан.



Суу 1979-жылы 1100м. тереңдиктен бургулоо жолу менен чыгарылган. Минералдык суу бургуланган кезөнөктөн өзү агып чыгат. Суу жытсыз, тунук, бир аз кычкыл даамы бар. Температурасы - 44 градус С, минералдуулугу - 4,0-4,7 г/л.

Тоң районунда да Бар-Булак өрөөнү бар. Бул өрөөн «Бар-Булак-Жөкөтой өрөөнү» деп да аталат. Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк батышында жайгашкан. Бул өрөөн Тегерек, Кызыл-Мойнок, Чоломо, Жылгынды-Коо жана Кара-Коо тоолору менен курчалып турат. Айылдын, өрөөндүн, суунун «Бар-Булак» деп аталышы, «бул жерлер булакка бай» деген мааниде коюлган.

# Барскоон

Барскоон – тарыхый жер. Ал Жети-Өгүз районундагы айыл өкмөтүнө караштуу айылдын, капчыгайдын, ашуунун жана суунун аты. Барскоон айылы 1911-жылы негизделген. Ал эми орто кылымдардын VI-XIII асырында Барскан шаарчасы болгон. Шаарчанын урандылары (калдыктары) азыркы Барскоон айылынын түндүк батышынан орун алган. Аянты - 4 км кв. Шаар монголдордун жортуулунда талкаланган. Барскоон шаарчасынын топонимиялык мааниси азыркы Барскоон айылынын аталышына дал келет.

Уламыштарга караганда, жолоочулар келатса, ташстан барсайган коондор бышып туруптур. Кайра кайрылып, ушул тушка келгенде, «баягы барсайган коондор өскөн жер «Барскоон» аталсын» деп атап кетишиптир.

Махмуд Кашкардын маалыматы боюнча, бул топоним түрк элдеринин адамга берилүүчү энчилүү атынан келип чыгыптыр. Ал бул аттын маанисин эки түрдүү мүнөздөгөн. Биринчиден, Барскан – бул түрк элдеринин эрте феодалдык тарыхый уламышындагы баатыр жана жол башчы Алп Эр Тоңанын уулунун ысымы катары түшүндүрүлөт. Экинчиден, Махмуд Кашкар уламыштарда айтылган маалыматка таянып, кайсы бир уйгур бийлигине кызмат кылган жылкычынын ысымы катары белгилейт. Бул шаарча кийинчирээк ошол жылкычынын урматына «Барскан аталып калган» деп жазган.

Дагы бир уламышта Манас баатыр Ысык-Көлдөгү Тамга айылынын атын койгондон кийин, андан ары баратып, калмак баатыры Барскоонго жолугуп калат. Барскоон абдан күчтүү жана кайраттуу экендигин көрсөтөт. Ошол окуядан кийин, Айкөл Манас Барскоон баатыр жашаган жерди анын атынан атаган, дешет.



Тарыхый топонимдеги «Барскоон, Барскан, Барсган, Барсаган, Фарсхан» деген аталыш – байыркы кылымдардан бери белгилүү. Аны орто кылымдардан бери, Орто-Азия менен Кашкар аймагындагы шаар, кыштак, дарыя, уруу жана кишинин аты катары божомолдоп келатышат. Ал эми VIII-XII кылымдардагы араб-фарсы кол жазмаларына караганда, ошол кездеги Ысык-

Көл оройну Жогорку Барскан округуна кирген. Тамим ибн Бахр (VIII к.) жана Кудаманын (X к.) маалыматтары боюнча, аталаган аймактын курамында 8 шаар болгон, алардын төртөө «чоң шаар» деп эсептелген. Шаарлардын аталышы, алган орду X кылымда эле «Дүйнөнүн чектери» («Худуд-ал-Аллам») китебинде жазылган. Анда Искел шаары Ысык-Көлдүн түндүк жагында Тон (Тунук) жана Талхиза кыштагы каалган ары, тоолордун арасында, чигил менен карлуктардын чегинде, ал эми аймактын борбору – Барскан шаары Көлдүн жээгинде жайгашканы айтылат. Автору белгисиз бул эмгекте «Барскан шаары –анакты курулган, кооз, бай шаар. Аны карлуктар бийлейт» деп айтылган.

Ошондой эле фарсы тилинде жазылган Абусаид Гардизининин «Кабарлардын көркү» (XI к.) деген чыгармасында – Барскан шаары чигилдерге караштуу экенин, анын 6000 аскер чыгарышарын баса белгилеген. Андан мурда X кылымда Кудама «Барскан аймагынын аскер күчү 20 миң жоокерден ашык. Ал көлдүн жээгиндеги бир шаарда» деп жазган.

1154 жылы Аль-Идриси түзгөн дүйнө картасында – Жогорку Барскан (Барсахан) Сахан же Түрк көлүнөн (Ысык-Көл) алыс, түштүк батыш тараптан көрсөтүлгөн. Барскан шаарчасы Улуу Жибек Жолунун бир тармагында жайгашып, чыгыш менен батышты байланыштырып турган, белгилүү соода түйүнү болгон. Бул шаарча түргөш, карлук, карахани жана кидан (кытай) феодал мамлекеттеринин саясий, экономикалык жана маданий турмушунда маанилүү роль ойногон.

Ысык-Көлдүк Махмуд Кашкар (ал Барсканда туулуп, өскөн) шаар жөнүндө бир нече эскерүүлөрдү жазган. Ал эмгектеринде « бул шаарды Афрасиабдын уулу Барсаган салдырган, шаар ошонун атынан коюлган» деп билдирген. Ал эми Гардизининин оюбоюнча «шаарды Фарсы жеринен келгендер курган, ошондон улам Фарсхан (Барсхан)- «Фарс каны» деп аталып калыптыр.

Түрдүү мезгилдердеги тарыхий жана археологиялык изилдөөлөр «орто кылымдагы Барскан шаарчасынын орду азыркы Барскоон кыштагынын аймагында жайгашкандыгын, ошондой эле мындагы эски шаардын урандылары анын далили» деп көрсөтүүдө.



Андагы шаар урандысынын аянты 4 чарчы километр. Шаар, айрыкча VIII-XII кылымдарда, географиялык ыңгайлуу орунду ээлеп тургандыктан, болуп көрбөгөндөй өнүгүп турган. Анткени шаар хандыктын карамагында – батыш менен чыгышты, түндүк менен түштүктү (Жетисуу, Чыгыш Түркстан, Кытай, Мавренахр, андан ары Жер Ортолук деңиз) байланыштырган кербен жолдору, Нарын менен Сары-Жаздын сырттындагы жайыттар кирген. Ысык-Көлдүн ыңгайлуу табигый шарты Барскан шаарчасынын дүркүрөп өнүгүп-өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн.



# Боом

Боом – Ысык-Көл областындагы капчыгайдын аты. Боом капчыгайы – Күнгөй Ала-Тоонун батыш четинде жайгашкан өткөөл капчыгай. Узундугу - 25 км. Таманынын жазылыгы - 150-350 м. Күнгөй Ала-Тоонун батыш учун, Терек-Жон тоосунун чыгыш учун, же бул эки тоонун ортосундагы байыркы ороонду кесип өтөт. Боом «болжолу жок кокту» же монголчо «чоң жарака» деген сөздөн келип чыккан, дешет.

# Бордуу-Төр

Бордуу-Төр – Сары-Жаздагы суунун, жердин аты. Бул төрдө бор (мармар) бар. Жергиликтүү эл тери ашатып, аны ондошот. Кошулмасы акиташтан башка, ун сыяктуу ушаланып калат. Негизинен тери ондогондо колдонулат. Ошондуктан бул төр «Бордуу-Төр» аталган. Экинчиден, бул жерде жошо да бар. Аны менен, илгери боз үйдүн керегелерин ондошкон. Анткени жаандын суусу тийгенде керегелердин өңү өчпөйт.

# Бүркүт

Бүркүт – Тоң районунун Күн-Батыш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Айылдын мурунку аты «Большевик, Бүркүттүн Оюу» деп аталган. Мында бугу уруусунун кылык тобундагы торгой, суксур уруктары жашашат.

Айылдын жогору жагында Бүркүт тоосу да бар. Бүркүт тоосунда мурун кадимки бүркүт болгон экен. Бул тоодо жар бар. Жарлуу тоо болгондуктан, кээде Бүркүт эмес, «Кызыл-Тоо» деп да аталып жүрөт. Ал Ак-Сай менен Бүркүт айылдарынын ортосунда жайгашкан. Ошол тоонун үстүндөгү кызыл жарда бүркүттүн уясы бар, дешет. Ошол себептен тоо, анын жанындагы айыл да, «Бүркүт; Бүркүт-Уя; Бүркүтчү» деп аталып калган.

«Бүркүт» аталышындагы жер-суулар Түп районунда, Сары-Жазда, Сары-Жаздын сырттарында көп кездешет. Булардын баары – бүркүттүн жашоосу менен тыгыз байланышкан аталыштар.

# Далы



Далы – Жети-Өгүз районунун Ак Терек айылындагы жердин аты. Кыр-Коонун күн батыш бетиндеги далы сыяктанган жерге карата айтылган – аталыш.

# Даркан [Дархан]

Даркан – Жети-Өгүз районундагы Даркан айыл өкмөтүнө караштуу айылдын аты. Ал Жууку суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Ал эми 1911- жылы негизделген. Анда негизинен желдең тобундагы төрт уруу – күрүчбек, тойчу, итийбас, аккүп уруктары жана бир аз ногойлор, адигине уруусундагы жору уруктары жашашат. Бул топонимдин түшүндүрүлүшү түрк тилдерине жана монгол тилдерине негизделип, бир канча вариантта түшүндүрүлөт.

Даркан – түрк-монгол тилдеринде «уста», «темирчи», «кол өнөрчүлүк». Илгери кыргыз элинен даркан усталар чыккан. Ошондон улам, эл арасында «Кылдын беле кылычты даркан, Соктун беле соотту даркан» деген сөз бар. Бул эски түрк тилдүү элдин сөзү. Орто кылымдагы кандардын наамы. Айрыкча, IX-X кылымдардагы Хазар хандыгынын доорунда жашаган феодалдардын наамы. Тагыраак айтканда, Орто-Азияда, Закавказьеде, Казан, Астрахан жана Крым хандыктарынын

тушундагы мамлекет салыгынан бошотулган феодалдардын жер-суу, мал-мүлктөрү (XII-XVII).

Ал эми кыргыз тилинде «даркан» сөзү «чоң, кенен, бийик» деген маанини түшүндүрөт.



## Жеңиш чокусу

Жеңиш чокусу - Тянь-Шань тоо тутумундагы эң бийик чоку. Какшаал тоо тизмегиндеги, Чоң-Ак-Тоо тоосунда жайгашкан. Бийиктиги - 7439м. Чоку бүт кар, мөңгү менен капталган. Төбөсү жайпак, тектир түрүндө.

1943-жылы Аскердик топографтардын экспедициясы Борбордук Тянь-Шандын жаратылышын изилдөө менен бирге, эң бийик чокуну ачышкан. Бул чокуну Советтик Армиянын фашисттик Германияны жеңгендигинин урматына «Жеңиш чокусу» деп аташкан. Ал эми 1956-жылы 30-августта биринчи жолу В.Абалаков жетекчилик кылган, советтик альпинисттер Жеңиш чокусун багындырган.

## Жер-Үй

Жер-Үй - Тоң районундагы Күн Батыш жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу айылдын аты. Анда бугу уруусунун кыдык тобунун суксур уругу жашайт.

Ысык-Көл облусундагы Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында өрөөн түбүндөгү Жер-Үй мөңгүсү бар. Ал Ак-Сай суусунун бассейнинен орун алган. Мөңгү башы деңиз деңгээлинен - 4640м., этеги 3430 м. бийиктикте. Мөңгүдөн Жер-Үй суусу башталат.

Эр Табылды – касиеттүү Ысык-Көлдү Чалкалмактын чабуулунан бошоткон баатыр. Ал кыргыз элин, кыргыз жергесин баскынчылардан бошотуп, аларды Нарын өрөөнүнөн, Балгарт, Кара-Каман, Кара-Саздан сүрүп чыгарган. Эр Табылдынын баатырлыгын далилдеген тарыхый жер аттары сакталып калган. Тоңдо Чалкалмак Табылдыдан жарадар болуп, аз жерден өлбөй калат. Чалкалмак сакалынын бир жагын сырттагы Балгарт суусунан жулдуруп жиберип, араңжан келип, жерден үй казырып, дарыланып жаткан жери «Жер-Үй» деп аталып кеткен. Ушул аймакта дагы бир кызыктуу чоң дарак бар. Эгерде аны балта менен чапса, андан кызарган суюктук агат, дешет.



# Жети-Өгүз

Жети-Өгүз – айылдык аймакка караштуу айылдын аты. Мындап бугу уруусунун бөлөк тобундагы данияр уруусу, черик уруусу, кыргыз элинин адигине уруулары жашайт. Ушул аймактагы район, капчыгай, суу жана курорт да «Жети-Өгүз» наамын алып жүрөт.

«Жети-Өгүз» топониминин келип чыгышын, жергиликтүү элдер уламыштар менен байланыштырышат. Анын бирinde мындайча баяндалат: «Илгери бир баланын жети торпогу болгон экен. Бала «эт алганына жакшы» деп, жетөөнү тең бычтырып, тоого айдап жиберет. Арадан бир топ убакыт өтөт. Торпоктордон дайын чыкпайт. Көрсө, ал мезгилдерде калдун

айланасындагы тоолордун ичи чычкан мурду жөргөлөгүс, жыш чер-токой болгон экен. Бала айдаган малынан түңүлүп, жырткыч жаныбарларга жем болду го деген ойдо жүрөт. Күндөрдүн биринде, кайдан-жайдан жети торпок тең Көк-Жайыктан жети өгүз болуп калганда табылып калат. Ошондон улам, баланын кубанычына ортоктош болуп, бул жер «Жети-Өгүз» аталып калыптыр.»



# Жыргалаң

Жыргалаң – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы суунун, айылдын, булуңдун жана Ак-Суу районундагы курорттун, минералдык суунун, өрөөндүн, шаар калдыктарынын аты. Жыргалаң суусу Тескей Ала-Тоонун түндүк капталынан башталып, Ысык-Көлгө куят. Узундугу - 97 км., бассейнинин аянты - 2079 км. кв., 50 дөн ашык куймасы бар. Бассейнинде жалпы аянты - 1,54 км. кв. болгон, 42 майда көл бар.

Жыргалаң – шаар тибиндеги айыл. Ал деңиз деңгээлинен 2300 м. бийиктикте жайгашкан.

Жыргалаң булуңу – Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Узундугу - 18 км., туурасы - 1,5-2,5 км., жээк сызыгынын узундугу - 42 км., булуңдун тереңдиги - 59м..

Жыргалаң курорту – Ак-Суу районунун аймагында дары баткактуу тоо курорту. Курортто муун, булчуң жана нерв системасынан жабыркаган оорулар дарыланат.

Жыргалаң минералдуу суусу – Ак-Суу районундагы дарылык касиети бар, жылуу суу булагы. Ал 1960-жылы табылган. Суу түссүз, жытсыз, даамсыз. Бул суу менен муун, булчуң жана нерв системасынан ооругандарды дарылашат.

Жыргалаң өрөөнү – Ысык-Көлдүн түндүк-чыгыш уландысы. Ал Ак-Суу, Түп районунун аймагында жайгашкан. Аянты - 1150 км кв., узундугу - 120 км., туурасы 0,5-1,5 км.. Жери кара жана тоо-токой топурактуу, тоолуу бөлүгүндө тулаң, карагай, бадал, субалыты өсүмдүктөрү өсөт. Илгери жоокерчилик заманда бир бейтааныш адам келип: «Суусунда балыгы көп. Жээгинде оту кон экен»,- дейт. Башкалары андан: «Кандай жер экен? - деп сурашса,- Жыргал жер экен»,- деп жооп берген экен. Ошондон кийин, бул жер «Жыргалаң» деп аталып кетиптир. Дагы бир вариантында «Жыргалаң» - «жылма аккан суу» деген калмак сөзүн түшүнтүп турат, дешет.

Ак-Суу районунда Жыргалаң суусунун жээгинде XX кылымдын башында келип отурукташкан орус айылындагы элдер тарабынан «Жыргалаң – жыргал» деген маанисине карата, «Отрадное, Раздольное» деп аталып калыптыр. Дагы бир уламыштарда айтылгандай, «Жыргалаң – тогуз суунун тоому экен, бул суунун атын кандай коёбуз?» - дешсе, бир олуя - «Жыргалаң койгула!» - деген экен. Анткени бул жерлерде алтын бар. Суунун өйүз-бүйүзүндөгүлөр кор болбой, жыргал өмүр сүрүшөт. Жыргалаң дегени ошондон.

Илгери Жуматай-бүркүтчү деген карыя болгон. Ал кушту жылоолошун тутугу менен бакчу экен. Айыл карыялары ага бир кузгун карганы атып таштоону айтышат. Бирок Бүркүтчү макул болбой коёт. Жуматай өзүнүн курдаштары менен бирге, айылындагы бардык жигиттерди чогултуп, аң уулоого чыгат. Ошондо Жуматай мүнүшкор «Куу-Чегир» аттуу бүркүтүн асманга коё берет. Куу-Чегир учуп жүргөн куштардын бардыгын кыра баштайт. Андан кийин, Көк-Бел тоосуна шашылган бойдон учуп кетет. Ошол окуядан кийин, бүркүт кайтып учуп келбейт. Жуматай карыя үйүнө кетет. Ал эми элдер жер жайнаган олжону 5 күн жыйнашат. Ошол күндөн баштап, элдер Тасма тоосунан Түргөнгө чейинки токойду «мергенчиликтин, аңчылыктын мекени экен» деп тамшануу менен, ал жерди «Жыргалаң» деп атай баштаган, дешет.

## Зындан [Токтогул]

Зындан – Ак-Суу районунун Ак-Булуң айыл аймагына караган айылдын аты. Жыргалаң суусунун оң жээгинде жайгашкан. Бул айыл 1930-жылы негизделген. Анда арык уруусунун балтатыр тобундагы кедей уругу жашайт.

Зындан – бир мезгилдерде Чыңгызхан, Батыйдын байлыгы катылган жер. Буга – Темирландын Чыгыш менен Батыштын ортосу деп, Чаар-Жондун астына, алыскы узак жолдон кийин, ат которуп, эс алдырып турганга деп, салдырган кер

бен сарайы куба. Ошол узак сапардан келе жаткан кербендерди атайын тийип-качып тоногон каракчыларга зындан салдырып, жердин түбү, ордун түбү деп, кийин ал жер «Зындан» аталып калыптыр.

Зындандын тоосу чеп оңдонуп турат. Ошондуктан эл көмүскө жер Зынданды «Коргоо» деп да аташкан. Ал эми айылдын мурунку аты – Токтогул. Бул атты өз мезгилинде, белгилүү акын жана драматург Ж.Бөкөнбаев келип, Токтогул Сатылгановдун урматына коюп кеткен экен.

Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында өрөөн тибиндеги Зындан мөңгүсү бар. Анын узундугу - 3,4 км., аянты - 3,2 км. кв. Ал Тоң суусунун бассейнинде жайгашкан. Мөңгүнүн башы деңиз деңгээлинен - 4230м., этек жагы - 3600м. бийиктикте турат. Кар чегинин бийиктиги - 3910м. Мөңгүдөн «Зындан» суусу башталат.



# Кажы-Сай

Кажы-Сай – Тоң районундагы шаар тибиндеги айылдын, жердин, суунун аты. Бул шаарча 1947-жылы негизделген.

Уламыштарга караганда, Кадж жана Сай деген эки бир тууган болуптур. Эки бир тууган колунан көөрү төгүлгөн уста экен. Кичүүсү Сайга кокустан элдин көзү тийип, устачылык өнөрүн таштап, башы ооган жакка жер безип кетиптир. Бир тууганын издеп, жолго чыккан Кадж дагы, тилекке каршы тентип кеткен экен, дешет. Ал эми жергиликтүү калк эки бир тууган усталардын урматына бул жерди «Каджы-Сай» деп атап алышыптыр. Себеби Каджы менен Сай бул чөлкөмдө биринчи турак-жайларды куруп, өзгөчө кол өнөрчүлүк таланты менен элдин эсинде сакталып калган экен.



# Кан-Теңир тоо тоому

Кан-Теңир тоо тоому Борбордук жана Чыгыш Тянь-Шандын аймагында жайгашкан. Ал – Тянь-Шандын эң бийик бөлүгү. Анын аймагында Жеңиш (7439 м.) жана Кан-Тоо (6995 м.) чокулары жайгашкан. Чоку пирамида түрүндө. Капталдары тик (түш. боору - 60 ка, түнд. жагы - 40-45-ке чейин). Чоку жергиликтүү элге эчактан бери белгилүү болгон. Анткени эл алыстан көрүнгөн кар-муздуу чокуну, байыртадан эле мекендегендиктен, Ысык-Көл, Текес, Сары-Жаздык кыргыздар «Кан-Тоо», Баянкөлдүк казактар «Олуя-Чоку» деп аташкан. Ал эми 1780-жылы Оренбургда түзүлгөн карталарда ал «Кан-Тоо» (Гора Хана) деп аталып жүрөт.

1900-жылы Сары-Жаз аймагын изилдеген венгр илимпозу Д. Алмаши Хан-Теңир чокусунун жергиликтүү аты «Кан-Тоо» деп белгилеген. Илимий эмгектерде «кан» топоними «кандай кызыл» деген маанилен келип чыккан» деген пикирлер айтылат. Ал эми окмуштуулар Э.М. Мурзаев, С.У.Умурзаковдордун оюн боюнча «тоонун, чокунун өтө бийиктигинен улам, «тоолордун каны (падышасы)» деген түшүнүктү туюндуруп турат.Ошондой эле жергиликтүү эл тарабынан «асман

мөлжиген тоо», «Теңирдин», «асмандын каны» деген маанide, тоонун өтө бийиктигине байланыштуу келип чыккан ат деп эсептешет.

Аталган топоним кайсы мезгилде, качан коюлгандыгы, кайсы элдер кайсы убакта ушундайча аташкандыгы тууралуу илимий изилдөө – азыркы учурдагы негизги актуалдуу маселелердин бири. Бирок кыргыз элинин дүйнө таанымына байланыштуу, тоонун салыштырмалуу өзгөчөлүгүнө карата, «асман мөлжиген тоо, Теңирдин каны» деген маанide «Кан-Тоо», «Кан-Теңири» деп аталып калгандыр.



# Каракол

Каракол – Ысык-Көл облусунун борбор шаарынын, капчыгайдын, суунун аты.

1. Каракол – «кара - чоң, кол – армия, аскер» деген маанилерди билдирет. Карыя санжырачылардын айтымында, илгери өткөн мезгилдерде, азыркы Каракол шаарынын жайгашкан жери ажайып кооз, чер токойлуу болгон экен. Ошондуктан бул жерде чоң кол, чоң аскер оргуучу экен. Айтылуу Темирландын колу да, ушул жерге келип оргуган, дешет. «Кара» сөзү кыргыз элинин түшүнүгү боюнча «улуу, эбегейсиз чоң, күчтүү, касиеттүү, зор» деген маанини туюнтуп турат.

2. «Каракол» калмак сөзү деген да, гипотеза бар. Калмак тилинде коол – «чер», «токой» деген маанини туюнтуп турат. Мурда бул жер калың чер баскан токой болгондуктан, шаардын алгачкы турак-жайларын, ошол карагай-черлерди кыйып салышыптыр. Ошондуктан «калың өскөн токой чер» деген маанide «Каракол» атка конгон экен.

3. Кара колдуу, дарымчы кара киши биригилерден болуп ушул жерге там салып, элди ар кандай оорулардан айыктырган экен. Ошол себептен бул жер «Каракол» деп аталып калыптыр.

4. Азыркы Каракол капчыгайы – адамдын колунун беш манжасынын салааларындай болуп тирелип тургандыгынан улам, ошол тирелген карагайларга байланыштуу «Каракол» деп аталып кеткен.



# Каркыра өрөөнү

Каркыра өрөөнү Ысык-Көлдүн чыгышында. Ал түндүгүнөн Кетмен жана Кеген тоолору, түштүгүнөн Тескей Ала-Тоо тармагы менен чектелет. Аянты - 400 км. кв. жакын, узундугу - 78 82 км., туурасы-35 км., деңиз деңгээлинен 1800-2750 м. бийиктикте. Рельефи боюнча 5 районго бөлүнөт. Өрөөндө ото шордуу Туз-Көлү бар. Өрөөн күрөң жана кара топурактуу.

Эл арасында Каркыра жайлоосунун аталышына байланыштуу бир нече уламыштар айтылып жүрөт. Мисалы: 1. Жоокерчилик заманда калмактын Каркыра деген кызы олжого келет экен. Ал кызды кыргыздын жылкы кайтарган, мыкты жигиттеринин бирөөнө алып беришет. Калмак кызы акылдуу, адамгерчиликтүү жана ашкан сулуу болуп, жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө арзыйт. Ошондо жалпы журт: «Бизге болгон өтүнүчүң бар болсо, биз сенин өтүнүчүңдү аткаралы»,- дешет. Калмак кызы акыл калчап, азыркы Каркыра жайлоосу турган жерди сурайт. Ошол жер ал зайыптын урматына «Каркыра» деп аталып калыптыр, дешет. 2. «Каркыра» аталышын – бул жерлерге куз мезгилинин сентябрь айында учуп келишип, кайра жаз айларында келго конушкан каркыраларга байланыштырышат. Алар жылуулукту сүйүшөт. Иле суусунун боюна барып, жумуртка тууп, балапан чыгарышат. Анткени ал жерде эл көп болбойт экен. 3. Каркыра – жайлоонун аты. Топ каркыра учуп жерге конуп, өз убагында мекен кылышкан – жер. Манас баатырдын чоролорунун бири Кошой балбан Жууку, Чоң-Кызыл-Суу, Көк-Жайык

жактар көңүлүнө топ келип, «отуну, суусу, жайыты кенен жер экен, каркыралар мекендеген жердин аты «Каркыра» болсун»- дептир. 4. «Каркыра» атоосун – Каркыркандын ысымы менен да байланыштырышат.

Жер-суу аттарынын варианттуулугу – өткөн доорлордун ташка тамга басқандай, көп кырдуу тарыхынын бир мисалы. Бул аталыштар – мекен үчүн, туулган жер үчүн болгон аяусыз кармаштардын тактары. Анткени жер-суу аттарынын өз тарыхый булактарынан улам алыстап, алмашылып айтылышы, тигил же бул доордун аёосуз саясий абалынан кабар берип турат. Эл – бирде жер менен бооруктоп, кайгыга батып, жеңилүүгө учураса, бирде шаңшып, көкөлөп, жеңишке жеткенин жер-аттары айныксыз далилдеп турат.

# Кароол-Дөбө

Кароол-Дөбө – Ысык-Көл районундагы дөбө, айылдын аты. Айкөл Манас баатырдын доорунда, ушул жерде хан ордо болгон экен. Дөбөгө атайын кароолчу коюлуп, дайыма ошол жерден дүрбү салып, калмактын колун байкап турушкан, дешет. Ошондуктан ал жер «Кароол-Дөбө» деп аталып калган экен.

# Кум-Төр

Кум-Төр – Жети-Өгүз районунун аймагындагы жердин, түздүктүн, өрөөндүн аты. Кум-Төр өрөөнү – Тянь-Шандын метеостанциясынын түндүгүрөөк жагында бир аз бийиктеп барып, кайра кеңири түздүккө айланат. Айрыкча Кашка-Суунун тушунда түздүк өтө кеңейип, туурасы 12-15 км. ге чейин жетет да, Тескей тоолорунун түштүк капталдарына барып такалат. Түздүктө майда көлдөр көп. Эң ириси – Жуукучак көлдөрү.

Бул өрөөндүн тамагында кум, сай, таштар өтө көп болгондуктан, «Кум-Төр» деп аталып калыптыр.Бул кум-таштарды суу агымы менен, Петров мөңгүсүндөгү морена тоо тектери агызып келген. Учурда да мореналар мөңгүнүн этек жагында дөбө-дөбө болуп үйүлүп жатат.

Кум-Төр өрөөнүн Ак-Шыйрак тоолору түштүк жактан курчап турат. Кум-Төр – Ички Тянь-Шандагы суунун аты, Нарын дарыясынын башаты. Ак-Шыйрак тоосундагы Петров мөңгүсүнөн башталып, Ара-Бел суусу менен кошулат да, Нарындын оң курамы Тарагайды түзөт. Узундугу -36 км, бассейндин аянты -233 км кв. Кум-Төр суусунун 32 куймасы бар. Ири-куймалары: Сары-Төр, Бордү, Ак-Бел. Кум-Төр. Өткөн замандарда кыргыз эли кумдан алтын чайкап алышчу экен. Ошол себептен да, бул жерди «Кум-Төр» деп аташкан. Бүгүн Кум-Төр ири алтын кенине айланды.



# Күрмөнтү

Күрмөнтү – Түп районундагы Сары-Булак айыл округуна караштуу айылдын аты. Ал Күрмөнтү суусунун боюнда жайгашкан. Анда токой уруусунун элчи уругу жашайт.

Күнгөй Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндө Күрмөнтү ашуусу бар. Бул ашуу Күрмөнтү суусунун башында жайгашкан. Бийиктиги - 3582 метр. Айырмач сыяктуу таш корумдуу бел. Капталдары тик, майда чокулары бар.

Күрмөнтү колтугу -Түп суусунун бир буйткасы. Узундугу - 3 км., жээгинин тереңдиги - 20 метр. Жээктери тик, толкун менен шамалдан ыктоо жайгашкан.

Күрмөнтү айылынын дал ортосунда үйдөй болгон балбал таштар бар. Ал таштар азыркы учурда жерге батып турат. Мурунку мезгил-доорлордо ушул аймакта балбал таштар көп болчу экен. Азыр да Ысык-Көлдүн жээк жактарына жакын жерлерде аталаган таштар кездешет. Айылдын «Күрмөнтү» деп аталып калышы, ушул таштарга тыгыз байланыштуу, дешет карыялар.



# Кырчын-Күнгөй

Кырчын-Күнгөй – Ала-Тоонун түштүк капталындагы чуңкурча, Ысык-Көл районундагы Кичи-Ак-Суунун ортоңку агымындагы кооз жер. Ысык-Көлдөн 13-15 км. аралыкта, деңиз деңгээлинен 2000-2300 м. бийиктикте жайгашкан. Узундугу - 7-9км. туурасы - 2-2,5 км. Түндүгү жана Түштүгү тик



капталдуу, батышы Көк-Бел жана Бел-Булак моиноктору, чыгышы Үч-Күнгөй, Көк-Добо менен чектешет.

Кырчын Күнгөй – тектон которулуусунун натыйжасында, Ак-Суу өрөөнүнөн бөлүнүп калган чуңкурчак. Ооз жагы кууш, ичи кең, тектирлүү. Чыгыш капталын Ак-Суу сайынан баштап, четин ыргай аралаш, чытырман карагай токойу ээлеп, калың шалбаа өсүп турат. Ал эми Желе-Карагай суусунун чыгыш тарабында арча басымдуулук кылгандыктан, шибер бетегелүү келет. Кырчын өсүмдүгүнүн көп өскөндүгүнө байланыштуу, «Кырчын» аталышына конгон.

# Кызыл-Суу

Кызыл-Суу – Жети-Өгүз районунун борбору. Шаар тибиндеги айыл. Мурунку аты – Покровка, Климовка. Бул айыл 1867-жылы негизделген. «Кызыл-Суу» деп аталышынын себеби, кызыл палеоген чопо тектерине байланыштуу. Чопо сууну начар өткөргөндүктөн кар эригенде, же жаан-чачын болгондо, жерге суу сиңбей, кызыл беттерден чопо түстүү суулар агып түшөт. Эгерде суулар бирдей табигый климаттык шартта жайгашып, калыптанса, айтылган бардык нерселер окшош болсо, аларды ажыратыш үчүн: «Чоң Кызыл-Суу», «Кичи-Кызыл-Суу», «Кызыл-Суу» деген сыяктуу салыштырма терминдер колдонулат. Бул аттар «кызыл түстүү суу» деген маанини туюндурат деп божомолдоо, чындыкка ылайык келет.

Покровка - Советтик бийлик мезгилинде коюлган ат. Жерге адам атын берүү орус элинде көп учурайт. Кыргызстанда көп айылдын аттары Покровка деп аталып калган. 1930-жылга чейин эле, бул айыл Новопокровский, Сливкин деп эки түрдүү айтылган экен. Кийинчерээк гана биротоло Покровка деп аталып калыптыр.

Сливкин – азыркы Кызыл-Суу айылынын эң биринчи аты. Бул кыштакты 1865-жылы Тамбов губерниясынан оой келген, орус дыйканы Сливкин негиздеген. Ал эми 1870-жылы түшүрүлгөн Ысык-Көлдүн картасында Сливкин «Деревня Сливкин» деп болжолдоп көрсөтүлгөн. 1884-жылга чейинки атайын планда үч көчөлүү чакан кыштак катары берилет. Мында 1889-жылы 120 түтүн эл жашаган. Андан кийинки, 1894-жылдары тартылган 2 чакырым масштаблуу картада Новопокровский (Сливкин) 515 түтүндөн тургандыгы белгиленген. Ал эми 1913-жылы Верныйда (Алматыда) расмий маалымат булактарында «Покровский 1873-жылы негизделип, 359 түтүн калкы болгон» деп көрсөтүлгөн.

# Орто-Өрүктү

Орто-Өрүктү – Ысык-Көл районунун Өрүктү айыл аймагына караштуу айылдын, ошондой эле суунун, ашуунун аты. Бул айылда бөлөк уруусунун аллаяр уругу жашайт.

Орто Өрүктү суусу – Күңгөй Ала-Тоонун түштүк капталынан башталып, кууш өрөөн аркылуу агып өтүп, Ысык-Көлгө куят. Узундугу - 17 км., бассейнинин аянты - 49,8 км, анын айланасында 7 куйма бар. Эң баш жагында 3628 м. бийиктикте Орто-Өрүктү ашуусу жайгашкан. Анын Ортоңку агымы – токойлуу.

Өрүктү топониминин келип чыгышын – тоодогу жапайы өскөн «өрүктүү жер» деген маани менен байланыштуу, дешет. Ал эми айрым бир уламыштарда «Өрүктү – кишинин ысымы» дешет.

Эл оозунда байма-бай айтылып жүргөн уламыштарга караганда, көлдүн айланасын бир нече жыл калмактар басып алып, алардын башчылары Бака-Манжы, Кан-Таажы дегендер көл өрөөнүн мекендеп турган экен. Ошол доорлордо, алардын тың чыкма баласы, атактуу Дорго хан өзүнчө киши кире алгыс, кирсе кайра чыга алгыс, төрт бурчтуу чоң дарбазасы бар, бийик чеп салдырыптыр. Дарбазаны өгүз менен сүйрөтүп ачтырып, өгүз менен сүйрөтүп бекитчү экен. Дорго өзүнүн чебин колго түшкөн туткундарга бир нече жыл дегенде, салдырып бүткөн имиш. Күндөрдүн биринде Дорго Тансоорун жана Өрлүк деген эки уулдуу болот. Катуу ооруган Дорго өзүнүн өлөрүнө көзү жеткен соң, улуу баласы Тансооруга чепти, кичүү баласы Өрлүктүгө өзүнүн жакшы көрүп, минип жүргөн күлүк атын керээз кылып калтырган экен. Тансоорун (Байсоорун) ашкан кара мүртөз, орой, ырайымсыз, ал эми Өрлүк болсо, саяпкер жана боорукер болот. Кийин ошол жерлер Тансоорун эмес, Байсоорун болуп өзгөрүп аталып кетиптир. Байсоорун – өзүнчө чоң үч кокту. Чоң-Байсоорун, Орто-Байсоорун, Чет-Байсоорун деп аталат. Тансоорун турган чеп «Төрткүл» деп аталып калыптыр. Чептин аянты болжол менен 3 га болот. Ал эми Өрлүк турган жер «Өрүктү» деп аталып калган экен. Азыр да үч өрөөн «Чоң-Өрүктү», «Орто Өрүктү», «Кичи-Өрүктү» деп аталып келе жатат.

# Жергез

Жер чеги же энчиленген жер дегенди түшүндүрөт. Мисалы, кыргыз жергези, бугулардын жергези, саруулардын жергези деп, алар жашаган, дыйканчылык, малчылык, аңчылык кылган энчилүү жери. Көчмөн жоокер элдер бир жерден экинчи жерге көчүп барганда ал мейкиндерде көчүп, конуп жүргөн уруу, улуттар менен макулдашып, өз малын жайганга, аңчылык кылганга жер кесип алган. Ал жерди баланча уруунун же элдин жергези атап коюшкан. Ысык Көлдөгү Жергез, Чоңжергез, Кичижергез аталыштары Орус колонизаторлору келгенде жергиликтүү элге өзүнүн жерин кесип бергендиктен арман кылып, атайылап Жергез аташкан деген кеп бар.

# Тастар-Ата

Тастар- Ата – Көл, Чүй өрөөндөрүндөгү жердин аталышы. Бул жердин аты «таш жыйындысы» эмес, башкача аіткандай «таштарды үйүп, жасалма мазар ойлоп чыгаргандай» жөнөкөй сөз эмес.

Тээ Тимурдун мезгилинде «Тастар» деп, сарайдагы казан-аяктарды караган кишиге айтылган. «Тас» иран тилинен которгондо «кесе, суу куйган идиш, таштек» дегенди билдирет.

# Кош-Көл

«Кош» сөзү кыргыз тилинде «эки жана жуп» деген маанини билдирет. Ошентсе да, Кош-Көл жайгашкан жерде эки көл эмес, бир эле көл бар. Ал эми перси тилинде «хош» – «жагымдуу, сонун, сулуу, кооз» деген маанини да түюндурат. Бирок бул эки тилдеги сөздүн бири- бирине канчалык дал келерин илим аягына дейре изилдей элек.

«Ош» сөзү да ошол сөздөн «кош-хош-ош» деп тыбыштык өзгөрүүгө учураган, дешет. Бирок кыргыз жерине ислам дининин кириши менен, ар кандай үгүттөө аракеттеринин алкагында, Ош шаарынын аталышына байланышкан, түрдүү уламыш кептер айтылып жүрөт. Кыргыз жергесиндеги жер-суу аттарынын кыргызча аталышы илимде толук изилденбей, ар кандай кайчы пикирлерди жаратып, бир беткей гипотезалар менен коштолгону анык.

# Көйкап

Көйкап» – уламыштарда «Каф тоосунун аркасындагы айыл» дегенди билдирет.

Көй – огуз-түркмөн тилинде «айыл» деген сөз.

# Төрткүл

Төрткүл – Ысык-Көл жана Баткен облустарындагы жердин аталышы. Төрткүл – «төрт гүл» эмес, «төрт куле» - «төрт мунара» деген маанини түюндурат. Анткени бул мунаралар орто кылымда шаардын төрт бурчуна орнотулган. Орто кылымдагы Тоң шаары азыркы Тоң районундагы Төрткүл айылынын ордунда болгон, дешет.

# Түргөн

Түргөн – Ысык-Көл өрөөнүндөгү жер. «Түргөн» сөзү огуз-түркмөн тилинде «гүргөн» деп айтылып, карагайдын бир түрүнүн аталышын билдирет.

Ысык-Көл өрөөнүндөгү жерлердин аталышы ар кайсы доорлордогу тарыхый-саясый абалдан кабар берип турат. Ошондой эле, бул өрөөндүн узак, татаал, тарыхый сапарынын далили катары, мындан аркы терең илимий изилдөөлөргө болгон муктаждыгын тастыктайт.



# Сан-Таш

Сан-Таш – Күнгөй Ала-Тоонун түндүк-батышында, Түп суусунун ортоңку агымында жайгашкан, тоо аралык бир топ жерди ээлеген коргон. Коргондун негизги чордонунда «Сан-Таш» аталган таш дөбө бар. Ушул таш дөбөлөрдүн тарыхына байланыштуу, андагы ашуу да, өрөөн да «Сан-Таш» деп аталат. Коргондун диаметри - 56 м., бийиктиги - 4 м. Коргондун үстү жайпак келип, чыгыш жакка ыктап турат. Коргондун борборундагы оро сыяктуу, казылган жерде каракчылардын кирип-чыккан изинин орду бар. Чептин этек жагында кеңендиги 1 м.

болгон, айланган таштар жатат. Коргондун курулушуна 3500 куб. тан ашык таш жумшалган.

Аталган коргондун алгачкы көрүнүшү бир топ жоготууга учураган. Себеби бир кездерде, баскынчылар тарабынан бузулса, ал эми кийинчерээк отурукташкан, айрым элдер курулуш иштери үчүн, таштарын байма-бай алып, «коргондун үстүнө көмгөн» дегендей абалга алып келишкен. Ошондуктан тарыхый коргондун баштапкы көрүнүшү толук сакталган эмес. «Бул коргон Алтай жергесиндеги пазырык коргонуна окшош» деген окумуштуулардын бүтүмү бар.

Пазырык коргонундагыдай соок койуу жөрөлгөсү б.э.чейинки VI III кылымдардын аралыгына таандык. Бул сак урууларынын кол башчыларынын күмбөздөрү болгон. Күмбөз б.э. чейинки, сак-усун мезгилиндеги VI-I кылымдарга тиешелүү.

Бир топ жерди ээлеген мүрзөлордүн айланасында: ылайдан жасалган, таш менен ылай кошулган, үйүлгөн таштан, таштар менен курчалган калыптагы башка түрдөгү коргондордун да тобу бар.

Күмбөздө 257 коргон сакталган. Башка күмбөздөрдөгүдөй эле, мурда мындай коргондор көп болгон. Алардын көпчүлүгү чөп орула турган жерлерде жайгашкандыктан, барган сайын үйүлгөн таштардан курулган коргондор кыйрай баштады.

Эл ичинде Сан-Таш дөбөсү жөнүндө айтылган уламыштарга караганда, XV кылымдын акыркы чейрегинде, Тимур (Тамерлан) «Самаркандан биринчи жолу Кытайдын Нис провинциясын карай жортуулга чыкканда, Ысык-Көл өрөөнүндөгү too арасындагы өткөөл аркылуу өткөн экен. Ошондо Тимур ар бир жоокерге «бирден таш алып, белдин этегине үйгүлө» деп буйруптур. Үйүлгөн таштардан бир чоң дөбө пайда болуптур. Албетте бул дөбөдөгү таштардын саны Тимурдун аскерлеринин санына барабар болгон. Күндөрдүн биринде Тимур аскерлери менен жортуулдан кайтат. Кайрадан баягы too арасындагы өткөөл аркылуу өтүп баратып, Тимурдун ар бир аскери баягы чоң дөбөдөгү таштан бирден алып, жанына үйүп кетет. Ошентип ошол жерде бир чоң, бир кичине таш дөбө пайда болот. Ошол эки дөбө жоодон курман болгон баатырларга арналган эстелик катары, биздин күндөрдө кандуу тарых барактарын далилдеп, «Сан- Таш» деп аталып калган. Анда он миңдеген таш үйүлүп жатат.

# Тулпар Таш



Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш тарабындагы табигый жаратылышы адамды суктандырган, керемет жайлоолордун катарына Бел-Кара-Суу кошулат. Ал жайлоо айтылуу «Жыргалаң» көмүр кени казылган шаарчанын түштүк жагында жайгашкан. Аталган жайлоонун башка жайлоолордон артыкчылыгы – ал узундугу он чакты, туурасы төрт-беш чакырым келген түзөңдүү жайыт. Анын чыгыш четинде «Тулпар» аттуу өңү боз-көгүш келген таш жатат.

Тулпар-Таш – Бел-Кара-Суунун өзгөчөлөнгөн жери. Анын узундугу 5-6 метрге, бийиктиги 6 метрге жакын. Таштын «Тулпар» деп аталып калышына, мында миң жылдар илгери жашаган эл таштын үстүнө эки ээр-токум жасагандыгы менен байланыштуу, дешет. Ал таш ээр-токум азыр да бар. Ага миниш үчүн капталында туяк сыяктуу оюкчалар менен, таштын аяк четинен баштап, ээр-токумга жетип, минсе болот. Албетте бул жерлер «касиеттүү, ыйык» деп саналат.

Тулпар-Таштын жайлоо катары тарыхта калышына, XVIII кылымда дүйнөгө атагы чыккан окумуштуу Чокон Валихановдун (Уалиханов) чоң салымы бар. Себеби ал эки жыл катары менен келип, дал ушул Тулпар-Таштан Бугу элинин белгилүү манабы Боромбайга жолугуп, кыргыз элинин жашоо-тиричилигин, каада-салтын, элдик оозеки чыгармачылыгын, «Манас» эпопеясын изилдеп жазган, биринчи окумуштуу болгон. Мында ташка чегилип жасалган, ар түрдүү сүрөт-белгилер бар. Алар бир гана Ысык-Көл өрөөнүндө эмес, кыргыз жергесинде көп кездешет. Ошондой эле кыргыз элинин байыркы таржымалынан кабар берип турат.

# Кыдыр Акенин Тайкашкасы

Кыдыр Акенин Тайкашкасы – Ысык-Көлдүн Сары-Жаз сыртындагы жер аты. Бул жер аты жөнүндө эл оозунда бир нече варианттагы уламыштар айтылып калган.

Олжобай кыштоосунун жанындагы, бул жерде «Кыдыр Акенин Тайкашка деген күлүк аты карышкыр менен кармашкан» дешет. Акыры Тайкашка жаралуу болуп, ушул жерде өлгөн экен. Кыдыр Аке Тайкашкасынын башын Олжобай суусунун (эки суунун) ортосуна сайып кетиптир. Кийин орус солдаттары келгенде, алар тулпардын куу башын аткылашып, эрмектешип, түшүрүп салышыптыр. Ошол окуядан кийин, бул жер «Кыдыр Акенин Тайкашкасы» деп, аталып калган экен.



Тайкашкага байланыштуу бул окуя кыргыз баласы үчүн жылкынын касиети канчалык барктуу экендигин айгинелеп турат. Жылкы тукуму – кыргыз элинин жашоосунда, анын кан-жаны менен барабар жашаган жаныбыр. Жылкы – кыргыз баласынын канаты, ал эми бээнин сүтү – дартка даба болгон, кайрат-күч тартуулаган, чаңкоосун баскан суусундугу. Ошондуктан кыргыз калкынын оозеки чыгармаларында жылкы тууралуу нечендеген учкул сөздөр, макал-лакаптар, уламыштар, жомоктор айтылып келет. Айрыкча, айкөл Манас баатыр баштаган, Эр-азаматтарды өздөрүнө татыктуу тулпарларсыз элестетүү кыйын. Алар жасаган эрдиктердин баарын – алардын мыкты аттарына тыгыз байланышта баяндашкан. Мисалы: Манас баатыр төрөлгөндө, Аккула да туулат. Бул мисал кыргыз элинин «баатыр менен тулпардын тагдыры бир» деген түшүнүгүн айгинелеп турат.



# Камбар Ата

# Ысык-Көлдүн ыйык жайлары

Ысык-Көл өрөөнү тектоникалык кыймылы күчтүү аймак болгондуктан, жер алдындагы жанар оттордун, токтоосуз жүрүп турган химиялык реакциялардын таасиринен улам, ар кандай деңгээлде ысыган суулар жер үстүнө жол таап, кайнар жана жылуу булактарды жаратып турат. Андай булак суулар чыккан жерлерди Кыргыз эли эзелтен ыйык санап, мазарга айлантып, сыйынып келген. Табиятынан билимдүү элибиз булардын жана башка энергетикасы күчтүү жерлердин адамдардын жан дүйнөсүнө, ден соолугуна таасир этип, дартка дабаа, кеселге шыпаа касиетин жакшы билишкен.

Ысык-Көлдүн жаралышына байланышкан уламыштардын, дээрлик көпчүлүгү өрөөн түбүндө жанар от жаралып, өрөөндү кайнак суу, же арашан суу, же жер алдынан чыккан ларды суу каптаганы, же сулуу кыздын армандуу төгүлгөн көз жашы менен байланышканы, төгүндөн болбосо керек. Табият менен эриш-аркак жашап, анын сырларын беш колундай билген Кыргыз калкы энергетикалуу жерлердин сырларын тереңтүшүнүп, жашоо турмушунда кеңири пайдаланып келгени маалым. Байыркы көчмөн, жоокер кыргыз элинин алдыңкы окуудөрү Кытайдын, Тибеттин окумуштуулары жана Бхарат (Индия) элинин сыйкырчылары менен, ошондой эле аалам менен байланышкан Мисир (Египет), Шумер, Ассир элдери менен байланышып, илимий алака түзүп, жаратылыштын сырларын иликтегени тууралуу маалыматтар тарыхый кооножазууларда (летопись) баяндалган.

Тээ атам заманда бери, кыргыз бабаларыбыз Хан-Теңир чокусун ыйык санап, алыстан сыйынып, ал эми жакындан жүгүнүп, ага сыйынып келишкен. Хан-Теңир чокусу - кыргыз тоолорунун эң бийик чокуларынын бири. Өткөн замандарда анын чыгыш тарабында жайгашкан ыйык булактарына сыйынышкан. Тилекке каршы, Үзөңгү-Кууш кытайларга берилген соң, кыргыздар бабалары «касиеттүү» деп, аздектеген жерлерден ажырап калышты. Ушундай эле, өкүт менен Казакстан Республикасына берилген Каркыра жайлоосундагы ыйык жерлерди эскериниет.

Ушундай мазарлардын (эл ээси бар, өзгөчө жерлерди «мазар» деп атаган) бири – Тулпар-Таш. Анын узундугу - 6 метр, бийиктиги - 7 метр. Таштын чокусуна жакын жерде аттын туяктарына окшош оюктар бар. Бул мазарга өнөр шыкка, айтала сынчылыкке, мүнүшкөрлүккө кызыккандар келип зыярат кылышат. Ошондуктан балдарынын өнөрү өркүндөшүн тилеген ата-энелер көп келишет.

Кыргызстанда миңден ашык мазарлар бар. Алардын ондон бир бөлүгүндө гана зыяратчыларды кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Көл өрөөнүндөгү жүзгө жакын мазарлардын абалы да ушундай. Бирок акыркы жылдарда зыяратчыларды кабыл алуу инфраструктурасы жолго коюла баштады. Буга далил катары, Манжылы-Ата мазарына келгендерди маданияттуу тейлөө аракеттерин атасак болот.

# Манжылы-Ата мазары





Ысык-Көл ооронундо мазарга айланган, ыйык жерлер абдан көп. Эл арасында эң белгилүү, касиеттүү жерлердин бири – Манжылы-Ата. Болжолу, бул жерди илгерки кылымдарда батыш тарапка кудуреттүү жерлерди табуу үчүн, жер кезген олуялар таап, аны изилдеп, үйрөнүп, элге маалымдаган болуш керек. Биринчиден «Манжылы» аталышы «ман» - адам, «жылы» – өзөгү» деген сөздөрдөн келип чыккан, дешет. Экинчиден, «чоң манжалуу адам» деген сөз «Манжалуу» лакабына айланып, бул жерлерде ушундай адам жашагандыгын туюнтуп турат. Ушул сезими сергек, олуялыгы бар адам булактарынын көзүн тазалап, анын кудуреттүү сырларын, дарылоочу касиетин ачып, аны ыйык мазарга айлантышы да мүмкүн. Ал эми «ата» сөзү «ыйык» деген түшүнүктү берери белгилүү. Ошондуктан бул жер «Манжылы-Ата» деп аталып калгандыр...

Манжылы-Ата – Тоң айылынан 5 чакырым түндүк-чыгыш тарабында, Балыкчы – Каракол аралыгындагы Улуу Жибек Жолунун жээгинен орун алган мазар. Бул жерде жети ыйык булак бар: Манжылы-Ата, Майтик дубана, Илим-билим, Бала, Бугу-Эне, Азиз жана Үй-бүлө. Булактар бир сайда жайгашканына карабай, сууларынын химиялык жана дарылык курамы ар башка. Булак суулары өз чегинен башка тарапка агып чыкпайт, тескерисинче булак көзүндө мөлмүлдөп, кээде соолуп, кээде кайра пайда болуучу кубулушка ээ.

**1. Манжылы-Ата булагы** – Манжылы-Ата мазарынын рух ордосу.

**2. Майтик дубана мазарындагы** кош булактын бири – боӊок дартына, экинчиси - бөйрөк оорусуна шыпаа.

**3. Илим булагы** ичеги карынды дарылайт.

**4. Бала булак** төрөй албай калган аялдарды дарылап, балалуу болушуна жардам берет.

**5. Бугу-Эне булагы** да кош булактан турат. Биринчиси – боор, ичеги-карын дарттарына, «Көз-Булак» аталган экинчиси – көз ооруларына шыпаа.

**6. Азиз-Булак** – көз, кулак жана муун ооруларына шыпаа. Бул булак башка булактардан айырмаланып, суусу кээде ашып-ташып, айланасын сазга айлантат.

**7. Үй-бүлө булагынан** жан дүйнөсү жабыркагандар сакайышат. Учурда бул мазарга келген адамдар үчүн, жатак үйлөр, ашканалар, түлөө үчүн курмандык союлуучу жайлар курулган. (3-абзац) Манжылы Ата мазарынын ыйыктыгын мыкты билген Мойту аке, өз сөөгүн ушул жерге коюуну керээз кылган. Ошондуктан анын сөөгү мазардын батыш тарабындагы дөңдүн кырына коюлган.

Айрым адамдардын айтуусуна караганда, Саякбай жаш кезинде жол жүрүп келатып, Манжылы Ата мазарынын жанында түнөгөн, хан боз үйгө түш келет экен. Ошол жерден Каныкей апанын колунан кымыз ичип, эт жеп, Манас баатырдан аян алгандыктан, улуу манасчы болуп жетилиптир.



# Ак-Терек мазары

Ак-Терек – Бөкөнбаев айылынан 5 чакырым күн чыгыш тарапта, Жууку тоолуу сайдын этегинен орун алган мазар-булактын аталышы. Өткөн кылымга чейин, ошол булактын көзүндө миң жылдык ак терек асман тиреп турчу. Ошондуктан мазар «Ак-Терек» аталып калган, дешет. Учурда анын айланасында 6 чоң кара дарак өсүп турат. Ал дарактардын бутагы булакка карай ийилип тургандыктан, алыстан караган адамга боз үйдөй болуп көрүнөт.

Мезгил-мезгили менен булактын суусу көбөйүп, төмөн карай шылдырап агат. Зыяратчылар булактын тегерегин коозоо үчүн, ага кетчү жолго кызыл таштарды тизип коюшкан.

Мазардын суусу тазалоочу касиетке ээ. Анын күчтүү кубаты адам денесин тазалап, күчүнө күч кошот. Ак ниет, терең ишеним менен келген адамга үмүт тартуулап, жан дүйнөсүнө кубат берет. Мазарга жергиликтүү адамдар гана сыйынып, азырынча кеңири белгилүү эмес. Ошондуктан мазардын айланасын көрктөндүрүү жана түнөк жайларды куруу, учурда жолго коюла элек.



# Акун-Булак мазары

Акун-Булак - Ала-Баш айылынан 2 чакырым түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан мазар-булактын аты. Бул мазарда да, кыдыракей жети булактын көзү бар. Бул жерде бир чоң түп тал өсүп турат. Айланасы дөңсөөлөр жана түндүк тарабынан Кара-Тоонун кырлары менен, ал эми түштүгүнөн жайыттар менен курчалып турат. Жанында чыгыштан батышка карай кеткен, чоң жол өтөт.

Мазардын касиети – анын булактарында. Жети булактан, үч булактын суусунун даамы бири-биринен айырмаланып турат. Бул суудан ичкен адамдар ашказан, ичеги-карын ооруларынан арылат, дешет. Булактын энергетикасы да түрдүү дартка оң таасирин тийгизет. Суунун химиялык курамынын өзгөчөлүгү, айрым жараттардын тез арада сакайышына жардам берет.

Эгер, аталаган булак суулары атайын изилдөөдөн өткөрүлсө да, анын дарылык касиетинде шек жок. Бул мазар да, негизинен жергиликтүү тургундарга гана белгилүү. Ошондуктан ушул күнгө дейре, анын табигый өзгөчөлүктөрү сакталып турат.

# Жети-Чөйчөк мазары

Жети-Чөйчөк мазары - Кажы-Сай айылынын желке тарабында жайгашкан мазар. Эзелтен бери белгилүү бул мазардын жанына, ал эс алуучу пансионат курула баштап, аягына дейре бүтпөй, токтоп калган. Ушул пансионаттын сол жагын жандаган чыйыр жол тоо аралап, Кажы-Сай суусуна алып ба-

рат. Суудан өтүш үчүн бир көпүрө салынган. Андан өтүп, адамдар кичи лөңсөөлөрдү аралай жол улайт.

Зыяратчылар ошол жолдордон өткөн соң, бөтөнүн көз жашындай мөлтүрөгөн, тунтунук, жети булакка токтошот. Ал булактардын суулары – ар башка дааамга ээ. Ошондуктан ар бир булак түрдүү ооруулардын өз өзүнчө дарылай алат. Бул булактардын касиеттүү курамы байыртан бери белгилүү. Бирок аталган мазар-булактардын кудурети (энергетикасы) өтө күчтүү болгондуктан, анын ыйыктыгын ардактеп, ага ар ким эле даап бара алган эмес. Ошондон улам адамдар ал сууларды күндөлүк тиричилик үчүн пайдаланышпаган.

Бул мазарлардын бири «Махабат булагы» деп аталат. Жергиликтүү тургундардын айтуусуна караганда, бул булакка ар ким эле бара албайт. Анткени бул мазар-булак өзүнө көргүн гонду эле жакындата бербейт. Булактын мындай касиеттүү сыры – өзгөчө феноменге ээ. Ага тайынуу үчүн адамдын денеси да, сезими да, ою да таза, аруу болуш керек, дешет.

Бул жакка келген адамдарга айыл аксакалдары жол көрсөтсө гана, алдыда күтүлүүчү кыйынчылыктар азаят дешет. Мындай кубулушту эзотерик окумуштуулар бул жерлердин ыйыктыгына (жердин ээси кайыптар деп эсептешет) жана жер алдынан чыккан өзгөчө нурларга байланыштырышат.

Наталья Нестерова аттуу табып «бул аймакта жети булак эмес, он эки булак бар» деп эсептейт. Табып аялдын айтуусуна караганда, адамдар өз жан дүйнөсүнө шайкеш келген булактарды гана көрө алат, имиш. Адам канчалык көп булактарды көрө алса, анын рухунун өнүгүүтүсү ошончолук бийик. Аталган булактардын нукура курамын илимий изилдөөгө тереңмаани берилбей, ушул күндөргө чейин, анын чыныгы сыры ачылбай, бейдарек бойдон калууда.

# Акбаш-Ата мазары

Акбаш-Ата мазары – Бору-Баш айылына жакын жерден орун алган мазар. Ушул жерде илгертен белгилүү, эски көрүстөн болгондуктан, өзүнчө кудуреттүү касиетке ээ. Башка ыйык жерлерден айырмаланып, бул мазарда булактар же башка өзгөчө көрүнүштөр жок. Бул жердин артыкчылыгы – анын бир дөңчөсүндө Ысык-Көлдүк кыргыздар үчүн, өзгөчө кадыр-барктуу, маани-маанызы бар Акбаш атанын сөөгү коюлган. Бул мазардын ыйыктыгынын белгиси катары, анын жанында үч кичине сары тал жана андан арыраакта узун терек өсүп турат.

Элдик уламышка караганда, Акбаш ата көл жээгинде туулган, ыйык жети бир тууганын эң улуусу болуптур. Ал акылман жана адилеттүү олуя болгон экен. Көзү өткөн соң, сөөгү коюлган жерге сары талдар менен теректер жыш өсүп, анын жаткан жерин көлөкө кылып, бутактары көрүстөндүн үс-



түнө ийилип турат, дешет.

Жергиликтүү калк бул мазарга келип, узакка созулган кургакчылыкта жамгыр жаашын тилеп, ал эми көз ачырбаган жаанчыл күндөрдө күндүн ачылышын суранышып табынышса, тилектери сөзсүз аткарыларын айтышат. Акбаш Ата мазары – бул аймакта жашаган кыргыздар үчүн да, калмактар үчүн да бирдей ыйык. Эки элдин өкүлдөрү илгертен ага каттап, зыярат кылганы маалым. Мунун себебин Акбаш атанын энеси «калмак кызы» экендиги менен байланыштырышат.

# Кошой-Ата мазары

Ак-Корум жайлоосунда Кошой атанын сөөгү коюлган дөңсөөнүн чокусу «өтө касиеттүү мазар» деп саналат. Мазар күмбөздүн тоңурагында арча өсүп турат жана анын жыты менен адамдарды өзүнө тартып турат. Мазардан жогорураак жагында дагы арча бар. Мындан башка бул аймакта бир да арча өспөйт.

Мазар улуу Кошой баатыр атанын сөөгү жатканы менен гана эмес, табынууга келген адамдардын көңүлүн жай кылып, рухани күч бергени менен да даңазалуу. Тоң районунун Ак-Корум жайлоосундагы бул ыйык мазарга Көл жана Нарын өрөөнүнүн тургандары келип, зыярат кылып турушат.

# Алма мазар

Ичке-Жергез айылына жакын жерде Алма мазар жайгашкан. Мазарда эки алма дарагы өсөт. Кичинекей алманы – «Бала мазар», чоңун – «Ата мазар», дешет. Ичке-Жергез айылынан күн чыгыш тарапты көздөй, болжол менен 3-3,5 чакырым аралыкта мал сактоочу жай бар. Анын чыгыш тарабындагы тоону ашканда, эски шахта көрүнөт. Аталаган мазар эски шахтадан, болжол менен 150-200 метр аралыкта жайгашкан.

Зыяратчылардын айтымында, 1949-жылы шахтада иштеген орус шахтёрлору алма дарагын кыйып салышат. Ошондон көп өтпөй эле, күтүлбөгөн жерден каза болуп калышат. Бул – абдан байыркы мазар, дешет.

# Ак-Бака мазары

Кереге-Таш айылына жакын жерде, тоо коктусунда жайгашкан Ак-Бака мазары бар. Мазар жети көк терек курчаган тунук булактан турат. Мазар-булактарга жолдун чыгыш тарабындагы Кереге-Таш айылы менен Сары-Камыш айылын туташтырган чыйыр жол алып барат.

Булак бутактары арбайып-тарбайып жайылган теректердин, ошондой эле бутактары бир капталына ооп өскөн теректердин жанынан орун алган. Ушул булактар күздөн жазга чейин тунтунук болуп турат да, жаз келгенден тарта, суусу өйдө көтөрүлүп, төмөн карай ага баштайт.

Жергиликтүү тургундар булактын айланасына жана кичинекей жол чыйырына таш кынап, жанына арык салышкан. Булактын сазында илгери ак бака болгон, дешет. Ал сайраганда, дартка кабылгандар сакайып кетчү экен. Башкалардын айтуусуна таянсак, булактын суусу дарылык касиетке ээ. Ошондой эле зыяратчылар да, бул жердин өзгөчө энергетикасын сезип турушат.

# Бакалуу-Көл мазары

Бакалуу-Көл мазары – Ак-Булуң айылындагы мазар. Түгөн токой чарбасынын борборунан, болжол менен 4-4,5 чакырым аралыкта, кичирээк суу көлчүктүн жанында бакага окшош чоң таш бар. Карыялардын айтымында, мурун бул жерде чоң көл болуптур. Ал көлдө көп бакалар чадан жатышчу экен. Ошого байланыштуу бул жер «Бакалуу-Көл» деп аталып калыптыр.



# Кайнар-Булак мазары

Бул ыйык мазар-булак – Каракол шаары тараптан Үч-Кайнар айылына киргенде, айдоо талаанын түндүк-батыш жагындагы дарыянын жээгинде жайгашкан. Уламыштарда айтылгандай, илгери Айкөл Манас бабабыз кытай баскынчыларын кыргыз жергесинен куун баратып, ушул дарыянын жээгинде бир түнөп кеткен экен. Андан кийин, Семетей менен Айчүрөк да ушул жерге түнөп кетишкен, дешет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин, бул жер «ыйык мазар» деп эсептелинет.

# Көйкап мазары

Көйкап мазары – Көйкап жайлоосундагы белгилүү мазар. Мазардын төрү – жайлоо. Көйкап жайлоосу - Ак-Суу районундагы эң ири жайлоо. Илгертен эле, кыргыз эли «бул мазарды кайыптан жаралган, анын ээси – кайып» деп, айтып келишет.

# Май-Булак мазары

Май-Булак мазары – Таш-Кыя айылынын түштүк тарабындагы, тоо боорунан чыккан долоноолуу булак. Бул булактын тегереги майланышып тургандыктан, «Май-Булак» деп аталып калыптыр. Эгер мазар-булактын жанында, куран окуп калса, булак суусу калимкадей шылдырап көбөйө баштайт, дешет. Тарых изилдөөчү Мансуров Бектур ажынын айтымында, жергиликтүү эл «Жер эненин ээси – ушул жер» деп эсептешет.

# Эр Табылдынын ыйык жери

«Эр Табылдынын ыйык жери» деп аталган мазар – Көл жээгинен 1,5 км. аралыкта жайгашкан Кызыл-Туу айылынын түндүк-чыгыш тарабынан орун алган. Элдик уламыштарга караганда, Эр Табылды душмандар менен болгон чабышта жарадар болуп калып, ушул жердеги дарактарга өзүнүн жаратын сүртүп сакайткан экен. Ошондон улам, бул жер «Эр Табылдынын ыйык жери» аталып, зыяратчылардын мазарына айланыптыр.

# Калыгул Олуя күмбөз мазары

Эл мындан 143 жыл мурда, Кара-Ой айылына Калыгул Олуянын күмбөзүн куруптур. Олуянын бейити топурактан куюлган кыш менен тургузулган. Азыр да жаңы күмбөздүн ичинде урандылар сакталып турат. 1998-жылы небереси Турдакун Усубалиев сыртынан курчап, чоң күмбөз курдуруптур. Күмбөздүн төрт тарабы окшош, ичине кирүүчү эшик жок. Анда мрамор таштар коюлуп, ага Олуя атанын:

*«Мындан ары кызыгы жок,*
*Мактанып жер жетеби?*
*Адам мындан кетээрби?*
*Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар!»* - деген сөздөрү чегилип жазылган.

# Ысык-Көл өрөөнүн мекендеген жаныбарлар жана канаттуулар



Кыргыз жергесинде алгачкы жолу 1948-жылы Ысык-Көл коруу уюштурулган. Коруктун негизги максаттарынын бири сууда сүзүп жүрүүчү канаттууларды сактоо болгон. Корголуучу жайлар – көлдүн бети жана анын жээктериндеги 2 км. кургактыктын тилкеси. Коргоого алынган канаттуулар: аккуу, кызыл тумшук өрдөк, кашкалдак, боз каздар жана башкалар.

Кийинки мезгилде Ысык-Көлдүн жээгиндеги бадалдар жана чөптүү саздак жерлер азайып кеткендиктен, аларды мекендеген кыргоол, коён жана башка майда жаныбарлардын саны кескин кыскарганы байкалып, алар да коргоого алынган. Жаныбарлар менен канаттууларга аяр мамиле жасап, асыроого үйрөтүү – жаш муундарды тарбиялоонун кечиктирилгис милдети .

Учурда илбирс, тоо эчки, теке, куран, марал жана башка жаныбарлардын жайыттары тарып, анан да алабарман мергенчилик жасоонун айынан сейректеп калды. Бүркүт, жана башка алгыр куштарды эсепсиз кармоо, ошондой эле чет жерлерге контрабанда түрүндө сатуунун негизинде, алардын да саны азайып кеткен. Булар мамлекет тарабынан коргоого алынып, дээрлик баардыгы кызыл китепке киргизилген.

Көлдө балыктын 22 түрү бар. Айрыкча, алып келинген севан форели, судак балыктары жергиликтүү балыктардын табигий ордун ээлешип, алардын тукум курут кылуунун ал-

лында турат. Бул байырлаштырууну «бүгүнкү күндүн орду толгус, илимий жаңылыштыгы же адам баласынын терс таасиринин бир мисалы» деп койсок болот. Ушуга себептен, көлдүн байыркы мезгилдеги берки, өз (эндемик) балыктарын калыбына келтирүү аракеттери жүргүзүлүүдө.

Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү өтө ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Географиялык чөйрөнүн татаалдыгы жана зоогеографиялык региондордун кошулган жер- леринде жайгашкан абалы – Кыргызстан фаунасынын калыптанышындагы негизги фактор. Республиканын фаунасына омурткалуулардын 500 дөн ашуун түрү кирет. Анын ичинде: балыктын - 75, жерде-сууда жашоочулардын - 4, сойлоп жүрүүчүлөрдүн - 28, канаттуулардын - 368, сүт эмүүчүлөрдүн - 86 түрү бар.

Акыркы маалыматтар боюнча, Кыргыз жеринде курт-кумурска менен кенелердин 4 миңдей түрү кезигет. Ал эми курт-кумурска энтомофаунасына: нийнеликтердин 60 тан ашык, канталанын - 100, кычуурлардын - 6, дырылдак коңуздардын - 250, өсүмдүк биттеринин - 140, трипстердин - 120, кумурскалардын 86 дан ашык, эбелек муруттуулардын - 163, кычы коңуздардын - 27, сасык коңуздардын - 178, чыртылдак коңуздардын - 75, булгаары жегичтердин - 15, жалбырак жегичтердин - 350, дан жегичтердин - 40, шиш тумшуктардын - 73, майда коңуздардын - 31, чаңча жегичтердин - 20, таарычтардын - 160, аары сымалдардын - 33, чырылдак чымындардын 200дөн ашык, шайтан көпөлөктөрдүн - 27, коксинеллиддердин - 40, көпөлөктөрдүн - 140, төрт буттуу кенелердин - 56 түрү бар.

Кыргызстанда балыктын 75 тей түрү бар. Алардын ичинен каңылтыр сымалдуулар көп. Чабак, көкчаар, жылтыр жана сазан – промыселдик балыктар. Бирок акыркы жылдары мындай балыктар аз кармалууда. Балыкты көп кармоо жана зыяндуу балыктардын (пескарь, гольян, голец) санын азайтуу максатында, Ысык-Көлгө севан жилинигири, таман балык, кубулма балык, көк серке, каңылтыр, судак ж.б. кое беришкен. Алардын ичинен севан жилинигири менен судак жакшы ылгайлашып, промыселдик мааниге ээ болгон, бирок алардын көбөйүшү менен, көлдүн өзүнүн абориген балыктарынын саны кескин азайган.

Майда көлмөлөрдө, өзөндөрдө, агын сууларда сазан, кызыл канат түрпү, чортон, жылтыр, жаян, муруттуу балык, көкчаар ж.б. балыктар бар. Алар менен кошо азык болуучу, майда балыктар да жашайт. Кыргызстанда жергиликтүү балыктар башка, сырт жактан алынып, байырлаштырылган жана кокусунан пайда болгон балыктар да бар. Мисалы, амур чабагы, элеотрис. Амур чабагынын мекени - Казакстан, элеотристики – Ыраакы Чыгыш.

Көл аймагында жерде-сууда жашоочулардын 4 түрү кезигет: жөнөкөй бака, данатин бакасы, Борбор Азия жана көл

бакалары. Жөнөкөй бака түздүктөрдө, данатин бакасы тоолуу жерлерде, башкача айтканда Ысык-Көлдүн, ички Теңир-Тоонун 3500 метр бийиктикке чейинки аймактарында кездешет. Бакалардын Теңир-Тоонун бийик жерлерин мекендегени – булак сууларына байланыштуу. Кызыгы, бакалар кыштаган булактар толук тоңбойт. Түздүктөрдө жашаган бакалар мөмө-жемиш менен дан эгиндеринин көптөгөн зыянкечтерин, ошондой эле адамга ооруу (малга ылаң) таратуучуларды (чиркей, желимче, көгөн д.у.с.) жок кылышат. Бакалар жана алардын көнөк баштары балыктарга, суу жана саз канаттууларына азык болот.

Көл жээгинде сойлоочулардын 1000 ден 3200 метрге чейинки бийиктерде жашай турган түрлөрүнө никольский кескеги, гималай жылааны, кулук кескелдирик, чаар сойлок жана башкалар кирет. Жылаан уусу медицина өнөр жайында пайдаланылат. Кийинки 15–20 жыл ичинде алардын саны кескин азайып кеткендиктен, баардык түрү Кызыл китепке катталган.

Кыргызстанда өтө сейрек канаттуулардын бири каракур Ысык-Көл, Кемин аймагындагы карагайлуу токойлордо гана жашайт. Алар Кыргыз Республикасынын башка аймагына таралбагандыгынын себеби аныктала элек. Ал эми тоодак, безбелдек, булдурук, карабоор, токой чили жарым чөл жана чөл аймактарын мекендейт. Тилекке каршы, булардын саны барган сайын азаюуда. Ысык-Көлдө сейрек куштар – мала жана тармал казандар, тармал кышылдак куу, куркулдак куу, боз каз өңдүү сейрек учуроочу канаттуулар кыштайт. Алгыр куштардан бүркүт, карчыга, шумкар, ителги, кыргый жана башкалар бар. Бул алгырларды кыргыздар (эзелтен бери) таптап, түлкү, коён, кыргоол, өрдөк, кекилик өңдүү айбанаттар менен канаттууларга салып, аң уулаган.

Учурда бүркүт, шумкар жана башка алгыр куштардын саны бир кыйла азайып кетти. Алардын санын сактап калуу жана көбөйтүү максатында, 1979-жылы Орто Азияда алгачкы жолу Ысык-Көлдөгү алгыр куштардын питомниги уюштурулган. Промыселдик маанидеги канаттуулар – улар, бөдөнө, кекилик, чил, өрдөк. Канаттуулардан, айрыкча улар, тоодак, безбелдек азайып кетти. Эң кооптуусу, тоодак менен безбелдек таптакыр жоголуу чегинде турат...

# Кекилик



Кекилик – орто салмактагы куш. Анын жону көгүш ала, капталдарында кара сызыктары бар, тумшугу жана буту кызыл. Чытырман шалбааларда да, кум таштуу тоо этектеринде, кардуу чокуларда да жашайт. Уясын кургаган өсүмдүктөрдүн арасында, суута жакын капчыгайларга салат.

Кекилик жумурткасын таштардын арасындагы чуңкурга таштайт. Адатта жумурткасын майда талдардын же жыш чөптөрдүн астына бекитет. Ал балапандарын чыгаруу үчүн, 7-10 жумуртканы 23-25 күнгө чейин басып жатат. Ошентип балапандарын апрелдин ортосунда чыгарат.

Кекиликтер ар кандай өсүмдүктөрдүн уруктары, бүрлөрү менен азыктанат. Курт-кумурскаларды, алардын личинкаларын да жешет. Кыргызстандын түштүк өрөөнүндө кекиликтер колго багылат. Анткени алар колго бат үйрөнөт. Аларды кооздугу, мукам сайрашы же «кекилик уруш» деген оюн үчүн, колдо капаста багышат.

# Улар



Гималай улары же тоо улары – ири куш. Анын салмагы 3,6 кг чейин жетет. Ал – өтө сак канаттуу. Бак-дарак өспөгөн аска-зоолордо жашайт. Жогору жөө чыгат, ал эми төмөн карай түшкөндө, ылдамдыгын басаңдатыш үчүн гана канаттарын каккылап, калкып учат. Жыл мезгилинин көпчүлүк убактысында 10-15 тен топтолуп алып жашашат. Эртең менен төмөн суу боюна түшүп келип, күндүз кероэлин кечке жогору карай оттоп отуруп, чыгып кетет.

Улар негизинен жашыл чөптөр, анын тамырлары жана өсүмдүктөрдүн уруктары, кабыктары менен азыктанат. Аска-зоонун боорунда, башкача айтканда ит-куш жетпес, татаал жайларда түнөшөт. Уяны аскаларга салат. Балапан чыгаруу үчүн, 5 тен 12 ге чейин жумуртка таштайт. Аны бир ай баскан соң, балапандарын чыгарат.

Улар тоонун дары чөбүн тандап жейт. Анын эти да даамдуу. Ошондуктан уларга аңчылык кылгандар – көп. Азия элдери «анын этинин дарылык касиети бар» деп билишет. Уларга байланышкан, элдик аңгеме-баяндар, ишенимдер абдан көп. Мисалы, улардын этин жеген адам өзгөчө күч-кубатка ээ болуп, ден соолугу жакшырат, дешет. Ошондон улам, «Улуу тоодон келген барбы? Улар этин жеген барбы?» деген лакап айтылып жүрөт.

# Кыргоол



Кыргоолдун салмагы 720 дан 1800 граммга чейин жетет. Жалпы туркусу боюнча тоокту элестетет. Бирок кыргоолдун куйругу тооктун куйругуна караганда узун. Биздин өлкөдө эң-кооз жана ачык түстүү кыргоолдор бар. Кыргоолдун тоогу коросуна караганда, бир топ жупунураак келет. Ал буурул-саргыч келип, мойну сыя-көгүш болуп турат. Ал эми коросу, кызыл-тазыл, көгүш болуп, ачык түсү менен гана айырмаланбастан, салмагы жагынан да айырмаланат.

Кыргоол – өтө сак жана коркок. Жыш бадалдардын арасында өзүн коопсуз сезет. Коркунуч жаралган маалда кыргоол башын жана мойнун алдыга созуп, куйругун көтөрүп алып, качып жөнөйт.

Ал алыска чуркоо жагынан, алдыга эч кимди салдырбайт. Ал ачык талаада да, жыш бадалдардын арасында да, бирдей катуу чуркайт. Көбүнчө жерде басып жүрөт. Өтө зарыл учурда гана учат. Мергенчилер үчүн, табылгыс эрмек.

# Бөдөнө



Бөдөнө – тоок тукумдууларынын эң кичинеси. Кадимки бөдөнөнүн салмагы 73-130 граммга чейин. Анын түсү айланачөйрөгө түспөлдөш. Андыктан, аны жерден дароо байкоо мүмкүн эмес. Ургаачысы менен эркеги түсү жагынан анча айырмаланбайт. Болгону моюн жана боор жагындагы кара тактары менен айырмаланып турат.

Бөдөнө жерде, калың чөп арасында жашайт. Уясын ээн талааларга салат. Кээде бийик тоолуу өрөөндөрдө да жашайт. Жазында уя салууга ыңгайлуу, чөптүү жайларга келгин куштар менен, кошо учуп келет. Бир канча күндөн кийин эркектери «быт-пылдык» айтып баштайт. Уяны жайыттуу жерлерге салат да, 10-15 жумуртка туушт. Ал чөп уруктары, жаңы өнүп келе жаткан чөп бүрлөрү менен азыктанат. Ал эми жайкысын курт-кумурскаларды жана омурткасыз жандыктарды терип жейт. Адамдар бөдөнөнү капаста да багышат. Бөдөнөгө тор жайып кармашат жана ага мергенчилик кылышат.



# Ак куу

Ак куу канаттуулар арасында «өзгөчө түр» деп аталат. Ошол себептен, ал – дүйнөлүк фаунанын 7 түрүнүн жана Кыргызстандын фаунасынын 3 түрүнүн бири. Кыргызстандын Соң-Көлүндө кээ бир жуптары уялашат. Жайында (келгин куштар учуп келгенде) республиканын бардык аймактарында кездешет. Ал эми Ысык-Көлдө, дээрлик, баары кыштайт. Жай мезгилинин айрым бир учурларында ири көлмөлөрдө да кездешет.

Жашаган аймактары – өсүмдүктөргө бай, ири көлмөлөрдүн тайыз жерлери. Көлдүн бадалдуу тайыз жерлеринде, аралчаларда уялайт. Күз мезгилинде Ысык-Көлгө 1400 гө жакын ак куулардын учуп келгени белгилүү. Ак куу 4 жашта барып жетилет. Уясына 7 ге чейин жумуртка тууйт. Республикада анын табигый душмандары жок. Көбүнчө суудагы жана жээктеги өсүмдүктөр менен азыктанат. Тилекке каршы, Ысык-Көлдүн тайыз жерлерин катуу суукта муз каптап, ачка болуп, кырылган учурлары да кездешет. Кээде сууга тоңгон же ачкадан алсызданган ак куулар бүркүттөргө жем болушат. Адамга оңой байыр алат.

Ак куу 1985-жылы Кыргыз ССРинин Кызыл китебине киргизилген. Ага аңчылык кылууга тыюу салынган. Каратал жапырык жана Ысык-Көл коруктарынын аймагында коргоого алынган. Айрыкча Ысык-Көлдө кыштоо мезгилинде коргоо күчөтүлөт. Андыктан Ысык-Көл менен Соң-Көлдө кичи коруктарды уюштуруу, кыштоочу жана уялоочу жерлерди мезгил-мезгили менен изилдеп туруу зарыл.

# Кашкалдак



Кашкалдакты бир калыптагы каралжын түсү жана мандайында ак кашкасы аркылуу оңой таанууга болот. Мандайындагы кашкасынан улам, «кашкалдак» деп аталган. Эркегинин кашкасы ургаачысыныкына караганда, чоңураак. Чоң кашкалдактардын башы, мойну жана куйрук алды кара болот. Анын кыр аркасы бозомтук кара, боор жагы боломтук, буту жашыл боз.

Кашкалдактын жашоосу суу менен тыгыз байланыштуу. Кургакка чанда гана чыгат. Кооптуу учурларда сууга качат. Камыш, бадалдарга жашынат. Ага жагымдуу жай катары, терең, бирок, чакан көлдөр; таза же азыраак туздуу, ири көлдөрдүн кысыктары; чий баскан саздуу жээктер эсептелет. Кашкалдактар учуп келгенден кийин, алардын жупташуу оюндары башталат. Топ-топ болуп, суунун ачык жерине чогулушуп, кууш-май ойношот жана өзгөчө үн чыгарып, чуу салышат.

Кашкалдактын уясы адатта суу ортосундагы жыш бадалдардын арасында болот. 4-9 чейин жумуртка туут. Ата-энеси кезектешип басат. Жумурткадан чыккан балапандар калың тыбыт менен капталат. Жүндөрү кургаган соң, уяны таштап чыгып кетишет. Негизинен өсүмдүктөр жана суудагы майда жандыктар менен азыктанат. Кашкалдак уялоо учурунда же алыс жактарга уча баштаган мезгилде мергенчилердин тузагына кабылат.

# Кайырма-соно



Кайырма – ири канаттуу. Корозунун салмагы 1,7 килограммга жетип, башы кара-жашыл аралаш, боору күрөң болуп, куйрук жагы кара түскө боелуп турат. Бул өрдөккө мүнөздүү белгилер: сары же сары-жашыл аралаш, тумшугу, буту кызгылт-сары, ал эми ургаачысынын тумшугунун ортосу кара, тегереги күлгүн-кызыл, учуп бара жатканда канатындагы ак жолчолор даана байкалып турат. Жөн учпай чуу көтөрүп учат.

Добуштуу үйдө багылган өрдөктүкүндөй каркылдап турат. Мергенчилерди кызыктырган – негизги канаттуулардан бири. Кыргызстандын бардык өзөн-сууларында бар. Жайкысын чоң кайырмалар түлөйт. Короздорунун түлөгөнү, ургаачылары жумуртка басууга жатканда башталат. Ал эми ургаачылары жөжөлөрү канат кагып калганда, тагыраак айтканда, июль айларында түлөйт. Түлөк 2 айга уланып, канаттары түшө баштаган маалда, бул өрдөк 20-25 күнгө чейин уча албай калат.

Ал өсүмдүктөр, майда жандыктар менен азыктанат. Тамакты 30-35 сантиметр суу тереңдигинен таап жейт. Кайырма же соно – колго багылган көптөгөн өрдөктөрдүн төл башы. Ал колго бат үйрөнөт.

# Кызыл тумшук өрдөк



Кызыл тумшук өрдөк да чоң өрдөктөрдүн катарына кирет. Анын короолунун салмагы 1-1,3 килограммга чейин, ургаачысынын салмагы 0,9-1,1 килограмм болот. Жазында корозунун башы ачык сары түскө ээ болуп, калың жүндөрүнөн улам баш чарасы чоң болуп көрүнүп турат. Арка белинин арт жагы, мойну, алды жагы кара түстө болуп, эки жанында кара тактары бар. Тумшугу кызгылт гым, буту кызгылт-кызыл.

Ургаачысынын жону буурул тартып, алды жана жүзү ачык түстө болот. Сууда жакшы чумкуйт, ошондой эле кургактыкта да жакшы жүрөт. Корозу жазында аяр ышкырып турат. Ал эми ургаачысынын үнү жоон болот. Алар камыш баскан терең көлдөрдө жана тайыз сууда жашайт. Уяны камыштын калың жерлерине салат. Алатта 6 дан 10го чейин жумуртка басат. Өсүмдүктөрдүн жашыл сабактары, бүрлөрү менен да азыктанат.

# Карчыга



Карчыганын бир жылдыгынын жана андан чоңураактарынын канаттарынын түсү, денесинин арка бел жагы бозомтук-буурул, курсак жагы агыш, жол-жол буурул тактары болот. Анын ургаачысы эркегине караганда, бир топ көлөмдүү келип, түсү да күңүртүрөөк келет. Бир жылдан ашканы ак буурул, саргыч келип, темгил-темгил тактуу түскө ээ болот.

Карчыга көп жазы жалбырактуу, ийне жалбырактуу аралаш токойдун дарактарына уя салат. Балапан чыгаруу үчүн, ууга 3-4 жумуртка таштап, ургаачысы 38 күнчө басат. Эркеги тамак ташыйт, андан сырткары балапандарын да азыктандырат. Бул куштар негизинен майда, орто, ири канаттуулар менен, ошондой эле майда кург кумурскалар, коен, тыйын чычкандар менен да азыктанат.

Алар Кыргыз жергесинде жазында жана күзүндө жер которуштуруп учканда кезигет. Кыш мезгилинде, көбүнчө ийне жалбырактуу, арча токойлуу тоолордо кыштайт. Мергенчи, саятчылар кыргоолду колго үйрөтүп, коендорго жана өрдөктөргө ууга салат. Карчыганы «канаттуу карышкыр» деп да аташат. Чындыгында, анын сырткы түспөлү гана окшош болбостон, жырткычтык жагынан да карышкырга окшош.

# Кыргый



Кыргый салмагы жана күчү жагынан ургаачысына алдырып коет. Адатта эркеги азык илип келе жатканын тууралуу билдирип үн салат. Ургаачысы алдынан тосуп чыгып, тамагын алат же болбосо эркеги уяга таштап учуп келип, таштайт. Эгер эне куш өлүп калса, балдары да ачкадан өлүп калышы мүмкүн. Себеби азыкка деп, атасы алып келген чымчыктарды, балапандары жулмалап жей албайт. Азыкты энеси үзүп берет.

Эгер балапандардын көздөрүнүн каректери кара болуп турса, бул тамактандыруунун керектиги тууралуу – белги. Курсагы тойгон балапан энесине далысын салып уктайт. Энеси баласынын кара көздөрүн көрбөй калганда, тамак берүүнү токтотот. Кыргыйларды алгыр куш кылып тапташат. Айрыкча, бөдөнө сыяктуу, майда канаттууларга ууга салышат.

# Бүркүт



Бүркүт – көлөмдүү чоң куш. Ал алгыр куш катары да, мыкты сапаттарга ээ. Канаттары да салыштырмалуу узун жана кууш, куйруктары бир аз тегерек болуп турат. Буттары – кубаттуу, тепкөөрлөрү – курч. Канатынын узундугу 60-72,5 см., салмагы 4-6,5 кг. Ургаачылары эркектерине караганда салмактуу келип, экөө бирдей келбетке ээ. Төрт жаштан чоң бүркүттөрдүн түсү кара-күрөң келип, тумшугу көгүш-күрөң тартып турат. Желкеси, моюндун арты саргыч. Канаттары кара-күрөң, куйругу күңүрт, көзүнүн өңү саргыл-күрөң. Тепкөөрлөрү кара, буту чычкак-сары, тумшугу көгүш-күрөң болуп турат.

Бүркүт отурукташкан канаттуута кирет. Бирок, жаш бүркүттөр кээ бир аймактарга көчүп-конуп жүрүшөт. Уясын бийик тоолорго, аскаларга салат. Уясынын диаметри 3 метр, бийиктиги 2 метрге жетет. Уя кургак чырпыктардан салынат. Анткени уяны көп жылдан пайдаланат.

Бүркүттүн жуптары туруктуу болот, башкача айтканда, түбөлүктүү болот. Жумуртканы эрте, марттын ортосу же аягында таштайт. Уяга 1 ден 3 кө чейин, көбүнчө 2 жумуртка туушат. Балапан басуу 43-45 күнгө созулат. Балапандар 75-80 күндөн кийин, канат күүлөгөнгө жарап калат. Ата-энеси менен келерки жазга чейин чогуу жашайт.

Бүркүт – жырткыч канаттуулардын эң күчтүүсү. Анын азыгы: коендор, суурлар, жаш эликтер, аркарлар, тоо текелер, түлкүлөр, карышкырлар; ал эми канаттуулардан: кекилик, улар сыяктуулар. Тилекке каршы, Кыргыз жеринде бүркүттөрдүн саны өтө азайып кеткен. Айрым жерлерде такыр эле жоголуп бара жатат. Ошондуктан бүркүттөр Кызыл китепке киргизилген. Учурда мамлекет тарабынан корголуп турат.

# Ак куйруктуу суу бүркүт



Ак куйруктуу суу бүркүт – зор куш. Сыртынан карганда, бүркүткө окшошуп кетет. Канатынын узуну 57,5-69 см., салмагы 3-6,5 кг. жетет. Анын ургаачылары чоң, ар кандай буурул түстөргө оролгон. Жүндөрүнүн көп жери агыш-буурул болуп тургандыктан, «Ак куйруктуу суу бүркүт» деп аталат. Чоңураак бүркүттүн көзү агыш-сары болуп турат. Жашыраагыныкы буурул болуп, тумшугу сарыгыч, текөөрү кара, буту сары болот. Ак куйрук суу өзөндөргө, деңиз, көл, агын суулардын жээктерине жакын жашайт. Уясын дарактарга салат, чанда гана, аскалардан кездештирсе болот.

Кыргызстанда бул канаттууну кышкысын гана кездештирүүгө болот. Октябрь айларынын аягы, ноябрь айынын башында учуп келип, апрель айынын келиши менен жер которуп учуп кетет. Ар кандай азыктанат. Өлүчө балыктар менен, мыңдан сырткары суу канаттуулары менен да азыктанат. Өрдөк, каздар сууга чумуп кетип, кайра дем алганы чыкканын аңдып туруп, чеберлик менен илип кетет. Ак куйруктуу суу бүркүт да Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген.

# Ылаачын



Илимде ылаачынды «Сапсан» деп аташат. Канатынын узундугу 30-39 см., канатынын кулачы 85-120 см., салмагы 700-1300 грамм. Ургаачылары эркегине караганда чоңураак келет. Канаттары ала буурул, көзүнүн алдында кара так бар. Ал эми моюнунун эки жагында улана отуруп, мурут сымал жолчо болуп калган. Тумшугу көгүш ала, көзүнүн тегереги кара буурул болот. Текөөрү – кара, тумшугу жана буту – сары.

Уялаар маалда, тоолордо гана жашайт. Уяны аскаларга, токойлорго, айрым учурда шаарлардын бийик имараттарына, бийик курулуш калдыктарына да салат. Жумуртканы 2-ден 4-кө чейин тууйт. 28 күн бою жумуртканы эркек, ургаачысы алмак-салмак басышат. Ылаачындар учуп баратып, бактек, көгүчкөн чымчыктарды талп түшүрүп, ошолор менен азыктанат. Ылаачын учуп жүргөн майда канаттууларга аңчылык кылгандыктан, кеңири мейкиндикти сүйөт. Анын ылдамдыгы өтө чоң. Ылаачындын өтө машы секундасына 75-100 метр ылдамдыкта учат. Ошондуктан кыргыздар аны мыкты аңчы куш катары баалап, колго тапташып, ийине жеткенде өрдөк-каздарга агытышат.

# Ителги



Ителги – Кыргызстанда сейрек кездешкен куш. Ал – куштардын ирилеринин бири. Ителгинин ургаачысы, эркегине караганда чоңураак болот. Канатынын жазылышы 105-130 см. ге жетет, узундугу 34-42 см., ал эми салмагы 820-1100 грамм. Арка бел жагы ар кайсы буурул түстө. Канаты агыш шакекчеленген күңүрт буурул сыяктанып турат. Алды жагы агыш.

Уя салуу маалында, тоо таанып кетет. Ал эми тоо арасындагы өрөөндөргө башка аймакка учуп бара жатып, же кыштоо үчүн гана токтойт. Азыктануусу ар түркүн. Майда канаттууларды, чычкандарды, коенлорду алат. Ошондуктан куш салган мергендер анын асмандан да, жерден да аң алган касиетин жактырышат.

Ителги учуп бара жатканког үчкөндү көрөөрү менен, бийиктикке көтөрүлүп отурбастан, канаттарын ыкчам күүлөп, кууп жетип, тээп, жерге түшүрбөй илип кетет. Эгер арасы 200 метрден ашык болсо, ителги бийиктикке ыкчам көтөрүлүп, көз ачып-жумгуча, тик шукшуурулуп келип, тээп өтөт. Ошондо күүлүү шыңгыр угулган соң, когучкөн өзүнүн акыркы учушун токтотуп, төмөн көздөй кулайт. Кызыгы, ителги канаттарын жазып жиберип, желпип атып, шукшуурулган инерциясын азайтып, анан ылдый кулап бара жаткан когучкөндү илип алып, колго түшөт. Бул өзүнчө эле, кереметтүү бир көрүнүш.

# Жагалмай



Жагалмайдын жону боз ала, көкүрөк жагы ак. Бул жырткыч куштун канаты узун жана учтуу келет. Жагалмай куштардын ичинен ылдамдыгы жагынан эч кимди алдына салбайт. Катуу кетип бара жаткан поездди же автоунааны кууп жетүү, ага анча деле кыйын эмес. Ага бир гана ылаачын тең тайлаша алат. Жада калса, ийнеликти кокустан көрүп калган жагалмай аны алыш үчүн, 200 метр бийиктен чабуул жасап, илип кетет. Бул – аталган куштун канчалык ылдамдыкка ээ экендигин далилдеп турган аракет.

Жагалмайлар көбүнчө майда чымчыктар, ири курт-кумурскалар менен азыктанат. Ал олжосун учуп бара жатып алат. Кеч жазда учуп келип, уя сала баштайт. Анткени ушул учурда майда чымчыктардын баары учуп келишет. Башкача айтканда, балапандар кеңири азык менен камсыз болушат. Жагалмайдын балапандарын тойгузуу – өтө машакаттуу. Ага суткасына 12-13 саат кетет. Бул күнүнө 12-13 жолу тамактандыруу дегенди түшүндүрөт.

Жагалмай – Ысык-Көлдүн өрөөнүнүн эң кооз кушу. Ал колго оңой көнөт. Мүнүшкөрлөр аны алгыр куш катары, майда чымчыктарды алууга үйрөтүшөт.

# Кулаалы



Чоң кулаалынын арка бел жагы кубарыңкы-көгүш, куйругу ак, бозомтук шакекче оюлары бар. Канатынын ич жагы ак, тышы боз. Экиден алты канатчасы кара. Куйругунун ортонку канаттары бозомтук. Ал эми эки жанындагы канаттары буурул, боз шакекчелери бар. Курсак көкдөйү ак, моюн жагы кубарыңкы-көгүш.

Кулаалынын ургаачылары эркегине караганда чоңураак келет. Түсү жагынан да бир аз айырмаланып турат. Тумшугу жана гекөөрү кара, тамгын сары. Кулаалынын түсү 3 жыл жашаган соң, бир түскө оо болот. Канаттарынын жазылышы 99-120 см. ге жетет, узундугу 31-37,5 см., салмагы 310-550 г. га барабар.

Кулаалы келгин куш болуп саналат. Ал ачык талааларда, ошондой эле бийик тоолуу муздак чөлдөрдө, токойлуу тоолордо жана аскаларда, тоолордун төмөнкү түздөрүндө жашайт. Кулаалы чычкан түркүмүнө кирген кемирүүчүлөр, кескелдириктер жана майда чымчыктар менен азыктанат. Бул канаттуу апрелдин аягы, майдын баш жагында уяга конот. Уяны жерге салып, 3-5 ке чейин, ак же буурул тактары бар жумуртка туурт. Балапан чыгаруу үчүн, жумуртканы ургаачысы бир ай басат. Ал эми эркеги тамак ташыйт.

Кулаалынын балдары жумуртканы жарып чыккан соң, 35 күндөн кийин, уядан учуп чыгышат. Ошондон бир жума ата-энесинин көзөмөлүндө болот да, андан кийин гана өз алдынча учууга жана жашоого өтөт. Сыягы, илгерки ата-бабалар кулаалыны да колго таптаган окшойт. Себеби «Манас» эпосунда «Кулаалы таптап, куш кылдым» деп айтылат. Бөлөк кулаалы да кийинки кезде ого азайып кетти. Ошондуктан ал Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген.

# Көк жору



Көк жору – ири куш. Тулку боюнун түзүлүшү да башка канаттуулардан кескин айырмаланып турат. Анын канаттары узун, учтуу, куйругу кууш-ача. Негизги түсү көгүш-бозомтук же саргыч. Арка бели, канаттары жана куйругу күңүрт-боз же кара. Кээде темир жаттын сыяктуу кубулуп турат. Тумшугунун алдында «сакалчасы» болгондуктан, орустар «Бородач» атаса керек. Көзүнүн тегереги кызыл, тумшугу жана тамагы боз. Башка жоруларга караганда буту жана текоору катуу жана күчтүү. Тоолуу жерлерди мекендейт.

Көк жору тоолордун этегинен, түбөлүк кар жаткан тоо кыркаларына чейин жашап, аскаларга уя салат. Ал бийик белдерге жакын аймактарды тандайт. Булардын жубу түбөлүктүү бирге жашашат. Көк жорунун уясына жетиш өтө кыйын. Уяга 1 ден 3 кө чейин жумуртка туулт. Учушу каалгып жеңил. Чебер кайкып учканы, каалгыганы да – өтө көркөмдүү. Жерде эркин басып жүрөт. Азыгы ар кандай жаныбардын тарпы. Ал жаңы тарпты жакшы көрөт. Кээде өздөрү оорулуу чычкан, суурларды кармап алышат. Талаада калган сөөктөрдү жутуп алып, оной сиңирет. Ошондон улам, аны «табиятты таза кармоочу» деп да аташат.

# Ак чардак



Ак чардак дүйнө жүзүнүн баардык деңиз, көл, мухиттеринен кезигет. Ак чардак – тулку бою келишкен, учушу жеңил, ойкуп-кайкып канат каккан, сулуу куш. Канатынын алды жагы агыш түстүү, жон жагы бозомтук-буурул. Башы кочкул-күрөң жана канаттарынын учтары кара. Салмагы 250-400 грамм. Учканда 3500 метр бийиктикке чейин которулот.

Ак чардактар келгө жазында март айларында учуп келе башташат. Уя сала турган аймактарга жакын жерлерге көчүп-конуп, конуутшкон соң, жай айларынын башталышында уя сала башташат. Топтошуп, чогулуп учуп келип, уя салышат. Ал топторго бир нече жуптан, бир нече жүз жупка чейинки чардактар биригет. Уяларына 2 же 3 жумуртка таштайт. Жумурткалары боз же буурул тактары бар, киргилт жашыл болот. Жумуртканы бүлөнүн экөө тең кезектешип басып отуруп, 22-24 күндө балапандарын чыгарышат.

Негизинен суудагы жана кургактагы майда жандыктар, башкача айтканда майда чычкан, кемирүүчүлөр, балыктар, бакалар, сөөлжандар менен азыктанат.



# Илбирс

Тоо илбирстерин башка жырткычтарга окшоштуруу деги эле, мүмкүн эмес. Анын териси ак, сары, кара темгилдүү, булут сымал бозомтук болуп турат. Кээде тоо илбирсин «Барс» деп да аташат. Анын себеби, анын башындагы саймалуу тактар, куйругун көтөрүп жүргөн кааласынан болсо керек. Бирок барс башка майда мышыктар сыяктуу эле, кырылдаган добуш чыгарып турат.

Тоо илбирсинин көлөмү анча чоң болбогону менен, өзүнөн үч эсе чоң тоо текени жыга алат. Анын бою жерге жакын, буттары да кыска. Анын басышы – арканда басып бара жаткан адамдын басыгын элестетет. Ал жалама зоолордо да, аңчылык кылат. Кубаттуу буттары менен асканын кырларына жабышып, ал эми куйругу тең салмактуулукту сактоого жардам берип турат. Анткени куйругунун жоондугу адамдын колунун жоондугундай. Узундугу 1,5 метрден ашат.

Башы анча чоң эмес, жазы формада. Негизги азыгы – тоо текелер, аркарлар, керек болсо, топоддорго да кол салат. Ошондой эле кээде суур, улар, кекилик кармап жейт. Илбирстер тоолуу жерлерди мекендешет. Илбирске адамдан башка, тең тайлаша турган душман жок. Айрыкча, соңку мезгилде, илбирстин саны кескин кыскарып кеткендиктен, Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген.



# Сүлөөсүн

Сүлөөсүн – чоң жырткычтардын бири. Тулку бою 82-105 см., салмагы 8-15 килограмм. Өзүнө өтө тыкан, буттары узун жана күчтүү болот. Башынын эки жаагы эңдүү сакалча менен капталган. Камыш сыңдуу кулагынын учтарында кылдары бар. Куйругу кыска, кышкысын жүнү калың жана жумшак.

Сүлөөсүн камыштуу суу жээктеринде, чытырман токойлордо жашайт. Түздүү дарак, бадал тилкелеринде да кездешет. Ал дарактарда, аскаларда мыкты жүрөт. Ошондой эле, сууда да мыкты сүзөт. Кокус азык жетишпестиги байкалса, отурукташкан жайынан, башка жакка жер оодарып кетет. Ал түнкүсүн чымчыктарды, чычкандарды кармап жейт. Балык да уулайт. Айрым учурда эликтерге, үй жаныбарларына да кол салат. Сүлөөсүн курмандыгына дарактан секирип кол салат, дешет. Бул – чындыкка дал келбеген божомол. Сүлөөсүн олжосун акырын аңдып, бугуп жатат да, ыңгайы келгенде кол салат.

Сүлөөсүндүн куусу кышында же эрте жазда башталат. Бул учурда эркектери мыёлоп, бакырып, ар түрдүү чуу чыгарышат. Алар 2-3 кө чейин бала тууйт. Баш калкалоо үчүн, кулап калган бактардын коңулдарын, терең чуңкурларды, үңкүрлөрдү жана аскалардын жаракаларын пайдаланат. Бала мышыктарды тарбиялоого ургаачысы менен эркеги бирдей катышат. Бала мышыктар ата-энеси менен кийинки төлгө чейин бирге жашайт.

Бул укмуштуу жырткыч жаныбар да Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген.



# Карышкыр [бөрү]

Карышкырдын башы узунунан келип, шуштуйган тумшуктуу, тиштери курч болот. Кулактары учтуу, тикчийген. Негизинен жүнү боз түстө. Аныcы жайында - суюк, кышкысын - коюу. Ал чөл түздүктөрүнөн баштап, бийик тоолуу жерлерге чейин жашайт. Карышкыр, айрыкча, түн-күсүн жолтуулдайт. Айлана тегерегинде жашаган, ар кандай жаныбарлар менен тамактанат. Ошентсе да, жайы-кышы анын азыгынын негизин туяктуулар түзөт. Ачка карышкыр 10 килограммга чейин эт жегенге жөндөмдүү. Бирок күндөлүк ченем - 2 ден 6 килограммга чейин.

Карышкырлар үйүгүшүп жашашкан – жырткычтар. Себеби алар үйүгүшүп аң улаганда гана, чоң олжо таба алышат. Жайында түгөйлөр тукум улоо үчүн, топтон убактылуу бөлүнүшөт. Түгөйлөр туруктуу жашап, түбөлүктүү бирге болушат. Март, апрель айларында ургаачы карышкыр 4-6 бөлтүрүк тууйт. Бөлтүрүктөрдү багууга жана тарбиялоого – бөрүнүн үйүгү толук катышат.

Үйүкта башкаруунун бекем иерархиясы сакталат. Үйүк башчысы дайыма эркек карышкыр болот. Башка карышкырларга караганда үйүк башчысынын куйругу бир аз көтөрүлүп турат. Мына ошол келбети менен, ал башкалардан айырмаланат. Ал ургаачы карышкырлардын арасында да жашай берет. Ал дайыма өз үйүгүнүн алдында болуш керек. Айрыкча, жоопту кырдаалдарда же аң улоодо үйүк башчысы алдыга чыгып, өз үйүгүн баштап жүрөт.

Карышкырлар эч качан өз олжосун аңдып турушпайт. Алар аны өздөрүнө ыңгайлуу жерге айдап барышат. Үйүгүшкан карышкырлардын өз аймактары болот. Алар өз аймагынын чегин белгилеп, бекем коргошот. Аң улоо маалында, карышкырлар ар кандай ымдоо-жаңсоолордун (мимикалардын) жардамы менен, бири-бирине маалымат бере алышат. Мисалы, баштын ар кандай кыймылын, куйруктун көтөрүлгөн же кыпчыган абалын эң сонун колдонушат. Аңчылыкта чоң карышкырлар менен өспүрүм карышкырлардын аракеттери бири-биринен айырмаланып турат.



# Чөө

Чөө сырткы келбети жагынан бөлтүрүк карышкырга окшошуп кетет. Жонуна чейинки бийиктиги 45–50 см., салмагы 7 ден 13 килограммга чейин. Жүнүнүн түсү кызгылт, кызгылт, кирпил-сары жана каратжым болуп турат. Куйругу сары - бозомтук, учу кара болот.

Чөө коюу өскөн бадалдардын жана чырпыктардын арасында, колмөлөр менен суу алыштардын жанында, көбүнчө эл отурукташкан жерлерге жакын жашайт. Негизинен чөлдүү жерлерди мекендейт. Бийик тоо арасында сейрек кездешет. Мисалы, алар Нарын облусунун 3000 метр бийиктеринде да кездешкен учурлары бар.

Жашоочу жай катары табигый чункурларды, жаракаларды, чоң таштардын арасындагы буйтка жерлерди, кээде кашкулак, жапайы кирпи, түлкү жана башка жаныбарлар казган ийиндерди колдонушат. Өздөрү чанда ийин казышат. Алардын ийиндерин жакшы тапталган жалгыз аяк жол аркылуу таап алса болот.

Чөө ар түрдүү тамактанат. Көбүнчө майда жан-жаныбарлар жана чымчыктар, ошондой эле кескелдириктер, жыландар, бакалар, балыктар, чегиртке жана башка курт- кумурскалар менен азыктанат. Анын тамагынын негизин өлүмтүктөр, чоң жырткычтардан калган тарптар, калдыктар жана ар кандай таштандылар түзөт. Ошондой эле, жер- жемиштерди да жейт. Мисалы дарбыз, коон, жүзүм, ит мурун, карагат мөмөлөрүн жана өсүмдүктөрдүн тамырын да жейт.

Түгөйлөр буларда да түбөлүктүү жупташат. Куут январдын аягынан февралга чейин болот. Чөө 60-63 күндөн кийин, бештен, он экиге чейин күчүк туушт. Чөөлөр бөрү (ит) тукумдуу жырткыч жаныбарлардын тобуна кирет.



# Түлкү

Түлкү - жырткыч жаныбарлардын эң айлакери. Балдар жомогунун белгилүү каармандарынын бири. Ал келбеттүү жана сымбаттуу. Узун денесинин 40% жүгүнүн сеңселген куйругу улантат. Бардык эле, түлкүнү сары түс дешет. Бул бир жагынан туура, бирок анын курсагы, чаңдыры бозомтук, же кызгылт-бозомук. Төшү ачык ак түстүү. Жону жана капталдары ачык сарыдан боз түскө кубулуп турат. Түлкүнүн жүнү жайкысын суюк жана кыска болот. Анын башы чоң, буту узун болгондуктан, жайдан кышка караганда көрксүз.

Түлкү түрдүү шарттарга бат ыңгайланат. Ал көбүнчө токой, бадал аралаш аралчалары бар ачык жерлерди, ойдуңдарды жана дөбөлүү жайларды тандайт. Буттарынын кыскалыгына карабастан, ал тез чуркайт. Иттерден аны күлүк тайгандар гана кууп жетип, серпе алат. Шамдагайлыгы жагынан да теңдешсиз. Учуп бара жаткан коңуздарды, ийнеликтерди оңой эле кармап алат. Азык издөөдө да айлакер. Куугундан буйтай чуркап, качып, из жашырып, куулук кылат. Ар кандай айлаларга маш. Жашаган аймагынын көрүгүн шартына жуурулушуп, керек болсо сойлоп жетип, суурларга, чычкандарга, чымчык куштарга мыкты аңчылык кыла алат.



# Арыс, кара куйрук

Арыс кара куйруктун түлкүсү ичке келип, бою созулуңку. Кышында жүнү жибектей үлпүлдөп, калың тыбыттуу жана кылкандуу. Кышында тери жүнү толугу менен агарып, куйругунун учу гана карарып турат. Дал ушул өзгөчөлүгү менен, башка арыс чычкандардан айырмаланат.

Жашоо аймагы өзөндүү өрөөндөрдү, көлгө куйган суу куймаларынан тартып, таштуу бийиктерге чейинки жерлерди ээлейт. Арыс кара куйрук туруктуу бир аймакта жашайт, кышкысын керектүү өлчөмдө азык камдап алып, өзү жеп салган кемирүүчүлөрдүн ийиндерин ээлеп, кыштайт.

Коркунуч пайда болгон учурда, арткы эң каналдары аркылуу жагымсыз, сасык жыттанган заттарды чачат. Арыс бака, кескелдириктерди, майда чымчыктарды кармап жейт. Үй жаныбарларынын ичинен тоокторго оч болот.

# Кашкулак



Кашкулактын түлкүсү, айрыкча, арт жагы толук келип, баш көңдөйүнө жакындаган сайын ичкерип отурат. Жогорудан көргөн адамга шыңаа формасын элестетет. Буттары кыска, эттүү, тырмактары жер казып, ийин салууга ылайыкташкандыктан, узун. Куйругу кыска, жүнү кылдуу келип, көрүнүшү жагымсыз.

Кашкулак түрдүү шарттарда кездешет. Мисалы, тоолордо, токойлордо, талааларда жана жарым чөлдүү аймактарда жашайт. Ал терең ийин казып алып, анда өмүрүнүн көп бөлүгүн өткөрөт. Негизинен майда жандыктар жана алардын жумурткалары, үлүлдөр, сөөлжандар, жер-жемиштер, жаңгак, чөптөрдүн тамырлары менен азыктанат.

Октябрь-ноябрда, эгер, кар жаабай, күндүн табы узагыраак болсо, чээнге кирбей, качан кар жаап, суук башталганда гана кышкы уйкуга кетет. Кашкулакка ит-куштар оч болгону менен, ал оңой алдырбайт. «Эти жана майы дары» дегенге ишенген адамдар ага мергенчилик кылат. Тилекке каршы, кашкулак жылдан жылга азайып барат. Ошондой эле ал – пайдалуу жаныбар. Ошондуктан коргоого муктаж.



# Аюу

Аюу – жалпыбызга жакшы белгилүү жырткыч. Мындан бир канча мезгил илгери, аюулар Кыргыз жеринин баардык аймагында кездешчү экен. Азыр болсо, анын жашоо ареалы абдан эле тарыды. Аюулар бийик тоолуу жерлерде бир аз гана санда сакталып калды.

Аюу көбүнчө чөбү мол төрлөрдө, сазга же сууга жакын бадалдуу жана токойлуу жерлерде, кожогат, карагаты көп, суур, эликтер жашаган бийик тоо беттеринде жашайт. Жайкысын коопсуз түздөрдө же чөптүү беттерди тандайт. Кышкысын аска беттериндеги үңкүрлөрдү жана чоң дарактардын коңдойлору менен буйткалуу жерлерин, жатак катары пайдаланат, же болбосо атайын үңкүр казып, чээнге кирет. Чээнге кирчү жай үчүн туюк жерлерди тандайт.

«Аюулар кышкысын баш көтөрбөй уктайт» деп айтуу кыйын. Ал кыш ортосунан оогондо, эки же үч мамалак тууйт. Мамалактары көз жарганда 0,5 кг салмакта болуп, алсыз, көзү көрбөйт. Туура бир айдан соң гана, айлананы тааный баштайт. Жаз чыкканча чоңоюп, энесинин сүтүнөн башка, чөп-чар, мөмөлөрдү, курт-кумурскаларды жей баштайт.

Күүт маалы июнь, июль айларында болот. Адатта үн катпаган жаныбар, күүт маалында доошу күркүрөп, ач-айкырык салат. Эркек аюулардын арасында аёосуз, карсылдашкан кармаштар болот. Аюулар да Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген.

# БУГУ-МАРАЛ



Бугу – биздин жерди жердеген, эң ири жапайы жаныбар. Жайкысын буурул саргыч-күрөң түстө болот. Ал эми кышкысын жалпы түсү агыраак болуп, буттары, чаптары жана мойну карала жын тартат. Тулку боюнун алды жагы арткы бөлүгүнө караганда каралжын келет. Ургаачысынын мүйүзү жок – токол. Эркектери аркайган, салмактуу мүйүздүү эл. Музоолору алгач туулганда ала-темгил тактуу болот.

Маралдар ийне жалбырактуу токойлорду мекендейт. Жайкысын токой тилкелеринен жогору көтөрүлүп, сырткы жактарга бет алышат. Куут учурунда эркектери бири-бири менен катуу салгылашат. Бадарын 8,5-9 ай көтөрөт. Туут алдында ургаачылары далдаа жер таап, бир же айрым учурда эгиз чаар музоо тууйт.

Өзүнүн сырткы кооз көрүнүшүнө байланыштуу өтө сүйкүмдүүлүккө ээ. Байыртадан маралды кыргыздар ыйык жаныбар катары баалап келген. Марал Кыргызстандын кызыл китебине кирген.

# ЭЛИК



Элик – бугу тобуна кирген, ага сыртынан окшошуп кеткен, кичи жаныбар. Кулактары узун, учтанып турат, куйругу чолок, жүнү терисинен өскөнү байкалбайт. Өңү-түсү бир калыптуу. Жайкысын ачык сары. Кышкысын булуттуу бозоруңку. Эркегинин мүйүзү ургаачысына салыштырмалуу чакан.

Кыргызстанда кеңири тараган түр катары талаа дарыяларынын боюндагы шалбалуу жерлерде жана токойлуу жерлерде, тоолордун бадалдуу тилкелеринде, 3500 метр бийиктиктеги кыркаларда жашайт. Эликтер чөп, бадал жалбырактары менен азыктанат. Жайкысын майда-майда топ болуп, эркектери өзүнчө, ургаачылары өзүнчө жашашат. Күзүндө куут башталганда, адатта сентябрь, октябрь айларында саны 10-15 ке жеткен, ара- лашма топтор пайда болот. Куут маалында эркектери күүгө келип, үн салышып, өз ара каршылдаша сүзүшүп, күч сынашат. Мындайда жарадар болгондору, жабыркагандары учурайт.

Адатта эне элик 1 гана чаарчык тууйт, чанда эгиз болушу мүмкүн. Август айында чаарчыктарынын ала-так жүнү түлөп, бир түстүү болот. Чоң эликтердин мүйүзү май айында катып, терисинен тазаланат. Эликтер 9-10 го чыкканда карыйт, көп жашаганы 11-12 жашка гана чыгат. Негизги душманы – карышкыр. Алар эликтерге кышкысын көп зыян келтирет.

# Тоо теке, тоо эчки



Жапайы эчки-текелер – колдо багылган эчкилердин тукум башы. Тулкусунун узундугу 130-165 см., бою 110 см., салмагы 100-130 килограмм. Буту кыска жана жоон. Мойну кыска жана кубаттуу, башы анча чоң эмес. Кулактары кыска жана учтуу. Мүйүзү өтө чоң жана салмактуу. Мүйүзүнүн узундугу 1,5 метрге чейин жетет.

Текенин алдыңкы ээгинде чоң тутам сакалы бар. Жүнү бозомтук буурул. Жонунда кара сызыгы бар. Жапайы эчки-текелер зоокалуу, шагыл-таштуу тоолорду мекендейт. Тоо кыркаларында, аска беттериндеги кычыктарга же секилерге өскөн чөптөрдү оттойт. Текелер эчкилерден жана улактарынан бөлүнүп жашайт. Ноябрь-декабрь айларында куут башталганда гана аралашат. Май айында эчкилер көбүнчө эгиз же бирден улак тууйт. Табигый шартта эчки-текелер 15-17 жыл жашайт.

# Жейрен, кара куйрук



Жейрендин тулку бою сымбаттуу, көлөм жагынан орточо чоңдуктагы жаныбар. Денесинин түсү жагымдуу. Кум түспөлдөнүп, тулку боюнун алды жагы, моюну, буттарынын ич жагы агыш. Агыш түсү куйругунун деңгээлине чейин гана. Куйругу да кескин кара түскө ээ. Анын башталышы саргыч кумга окшошуп, уч жагы кара. Тулкусунун узундугу 95-115 см., бою 60-75 см., салмагы 18-33 килограмм. Ургаачылары эркегине караганда кичине, ошондой эле мүйүзсүз болот.

Жейрендер түздүктөрдү же дөбөлүү чөлдөрдү, тоолуу ороондордун боксолорун, 2000-3000 метр бийиктикке чейинки аймактарды мекендейт. Таштуу жана чөпө кыртыштуу чөл, талаа аймактарын сүйөт. Кууту октябрь-ноябрь айларында башталат. Ошондо күчтүү эркектери 2 ден 5 ке чейинки ургаачы жейрендин үйүрүн топтойт. Ошондон 5,5 айдан кийин туут башталат. Ошентип, апрель, май айларында улак жейрендер пайда болот.

Кыргызстандын аймагында, өткөн кылымдын 80-жылдары, жейрендердин 2 түрү Ысык-Көл жана Баткен облустарында жашаган. Алардын тагдыры азыр белгисиз. Бирок, «алардын тукуму сакталып калды» деген ишенич бар. Убагында спорттук мергенчилик үчүн жейрендерди пайдаланышчу. Учурда аларга мергенчилик кылууга тыюу салынган. Анткени Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген.



# Аркар-Кулжа

Анын бою 110-115 см., салмагы 150 килограммдан жогору. Бул сулуу жаныбардын эркегинин көлөмү чоңураак. Мүйүзүнүн орточо узундугу 110-120 сантиметрге жетет. Аркарлар – кой түркүмүнө кирген, өзгөчө мүйүздүү жаныбар. Өңү жайкысын ачык күрөң түстө. Башы, төшү, тулку боюнун алды жагы, куйрук алды жана буту ак түстө.

Аркар Кыргызстандын баардык аймагына таралган – жаныбар. Эң көбү Ысык-Көл жана Нарын облустарынын сырттарындагы тоолордо. Алар 3000-5000 метр бийиктиктерди мекендейт. Тоо этектерине сейрек түшөт. Алар ачык, бетеге жайыттуу тоо капталдарында жашайт. Чукул аска-зоолорго, тар капчыгайларга баспайт. Булардын кочкорлору бийик тоолорго чыгып кетет да, мезгил-мезгили менен гана орун которуштурат.

Кууту ноябрдан-январь айынын ортосуна чейин болот. Табигий душмандары карышкырлар, айрым учурларда тоо илбирстен. Аркарлар ишенчээк келет, кээде колго багылган мал менен кошулуп, оттоп кеткен учурлары кездешет. Бул сулуу жаныбардан окумуштуулар жаңы породаны – меринос-аркар койлорун чыгарышкан.

# Жапайы коён



Жапайы коён – узун кулактуу, арткы күчтүү жана узун буттарына караганда, алдыңкы буттары эки эсе кыска, өңү боз жаныбар. Коёндор Кыргызстандын баардык жерлеринде жашайт. Алар бадалдуу, чычырканактуу же чөбү калың жерлерди жана шыбак, шыраалжындуу чөлдүү талааларды да мекендейт. Ошондой эле тоо этектеринен бийик белдерге чейинки жерлерде да жолугат.

Коёндор жаздан күзгө чейин, ширелүү чөп менен азыктанып, кышкысын дарактар менен бадалдардын кабыгын жана тамырын жеп, жан сактайт. Алар күндүзү уктап, түнкүсүн оттойт. Жапайы коёндор өздөрү ийин казбайт, бирок суурлардын, кашкулактардын жана арс чычкандардын ийиндерин ээлеп алат.

Куут февралдан башталып, сентябрдын аягында токтойт. Бул мезгилде алар ар ай сайын 9дан кем эмес, бөжөк тууп, чоңойтот. Ага карабай, жапайы коёндордун саны кобойбой келаткандыгы байкалат. Элүү, алтымыш жыл илгери, Ысык-Көлдүн айланасында коёндордун топтору шалбааларда, жол бойлорунда өтө көп учурачу экен. Алардын санынын кыскарышын, окумуштуулар экологияга жана бул жаныбарлар арасында болуп туруучу эпидемияга байланыштырууда. Кыштын узак болушу да алардын санын азайтат.

# Каман-Донуз [жапайы чочко]



Жапайы чочко олбур денелүү, узундугу 130-175 см., бою 100 см., салмагы 60-175 килограммга чейин болот. Башы өтө чоң, шынаа тумшуктуу. Кулактары узун, жазы. Көздөрү кичине, чочко тумшуктуу. Түк жүнү калың. Кышкысын жүндөрү узун болот.

Донуз баардык аймактарда кезигет. Ар түрдүү азыктанат. Жерди челип, тамырларды, козуларды, сөөлжандарды таап жейт. Жазда камандар тоонун бийик жерлерин карай көтөрүлүп, кышында кайра төмөн түшүшөт. Мунусу жайыттардын өзгөрүшүнө жараша болот.

Туут ноябрь-январь айларына туш келет. Ургаачы донуздар 6 дан 10го чейин торопой тууйт. Алар торопойлорун ээрчитип, өзүнчө жашайт. Торопойлору туулганда чаар түстө болот.

Камандар токойлорду калыбына келтирүүдө чоң роль ойнойт. Негизги душманы – карышкыр. Кар калың түшкөн маалдарда, камандарга карышкырлар көп кол салат. Кээде такыр тукум курут кылып жиберишет. Сүлөөсүн, аюу, илбирстер да камандарга чанда болсо да кол салат. Учурда камандардын саны кескин кыскарып кеткен.

# Кубулжума жилиңгир балык



Кубулжума жилиңгирди адегенде, Түндүк Америка, Аляскадан Европага андан соң Азияга алып келишкен. Өткөн кылымдын 70-жылдары чакан көлмөлөрдө өстүрүүгө сунуш кылынып, тажрыйба Ысык-Көлдүн Бостери айылында башталган. Ошондон бери ал балыкчылардын сүйгөн балыгына айланды.

Ысык-Көл жилиңгиринен, кубулжума жилиңгирдин өзгөчөлүгүн түсүнөн жана тулкусунун формасынан айырмаласа болот. Тулку боюн ачык кызгылтым сызык бойлоп өтүп, белинен курсак көңдөйүнө чейин тактар менен болунуп турат. Куйругунда ачасы тереңирээк жана тумшугу кууш келет. Бул балыкты көлмөлөрдө бардык жыл мезгилинде кармоого уруксат берилет. Бирок зарыл болгон мыйзамдуу документтерди толтуруу керек.

# Каралжын балык



Бул балыкты Кыргызстанга оруссиянын түндүк көлдөрүнөн алып келишип, Ысык-Көлгө жана Соң-Көлгө көп беришкен. Балык муздак жана тунук сууда жашагандыктан, бир гана Соң-Көлдө байырлап калды. Балыктын узундугу 40-55 см, салмагы 2-3 килограм.

Тулкусу жазыраак келип, түсү каралжын, күмүш өңдөнүп турат. Башында жана жонунда майда кара тактар бар. Кыр аркасы бүкүрөйүп турат. Ал көбүнчө көлдөрдө жана дарыялардын бассейнинде жашайт. Агын сууларда, дээрлик, аз. Кеч күздө муздун астында да урук ташташы мүмкүн. Урук 5 айда жетилип, көнөк баш балдары жазында чыга баштайт.

Каралжын балык жогорку даамдагы баалуу азык болгондуктан, баалуу балыктардын катарына кирет. Бул түргө кирген дагы бир балык сиглудога. Анын баш чарасы кичине, тумшук жагы жалпак келип, мурун жагы көңкөйүп турат. Лудога дегени, ал уругун суунун таш-кумдуу жайларына таштайт. Лудога Ысык-Көлдө XX кылымдын соңунан бери жашайт. Көлгө куйган суу, өзөндөргө өрдөйт. Бул балык алатта өтө тереңде жүргөндүктөн кайырмакка аз илинет.

# Көк чаар



Кыр арка жагында, баш чарасында, чабактарында жайгашкан кара боз тактардан улам, Ысык-Көлдө көк чаар алабула болуп көрүнөт. Ошондуктан кыргыздар аны ала букага

салмагырын айтышкан. Тулкусунда кабыкчалары жок болгондуктан «жыланач» деп да аташкан.

Көк чаар качандыр бир кезде Ысык-Көлдө абдан эле көп экен, бирок, мамлекет тарабынан жакшы көзөмөлдөнбөй калып, саны кескин кыскарып кеткен. 2008-жылы өзгөчө коргоого алынып, балыктын бул түрүн уулоого мораторий жарыяланган. Бул иш-чара көк чаар балыгын популяциялоо менен бирге, аны көбөйтүүгө багытталган. Көк чаарды илимий максаттар жана жасалма жол менен көбөйтүү үчүн кармоого болот.

Аталган балык дагы эмнеси менен баалуу? Жакшы шарттарда бул балык 10 ай же андан да ашык убакыт жашайт. Салмагы 0,8 ден 1 килограммга чейин жетет. Эти даамдуу. Бирок бир өзгөчөлүгү, анын курсак көңдөйү уулуу, кара чел менен капталган. Көк чаардын уругу да уулуу келет. Азык кылып пайдаланаардан мурун, ошол кара челди алып салыш керек. Уругун тамакка пайдаланбоо зарыл.

# Ит мурун



Ит мурун балык өтө кеңири тараган түрлөргө кирет. Ири жана майда көлдөрдө, дарыяларда, суу сактагычтарда, көлмөлөрдө жашайт. Таза, анча мунддак эмес, сууну жактырат. Ит мурун күндүзү абдан кыймылдуу, түнкүсүн суунун тереңине сүзүп кирип кетет.

Кыргызстандын сууларында мунун эки түрү: Түркстан жана Ысык-Көл түркүмү кезигет. Экинчи түркүмү Ысык-Көлдүн бассейнинде гана жашайт. Биринчи түрү дарыялардын агымында, каналдарда, тоолуу эмес чалкөлдөрдө кеңири тараган. Ал уруктарды жеп алгандыктан, зыянкечтердин катарына кирет.

# Кара жон балык



Кара жон балык – тоолуу Азиянын фаунасынын нукура окулу. Ал агын сууларда, toktоп калган көлмөлөрдө, көлдөрдө, суу сактагычтарда жашайт. Жашаган жерине жараша балыктын түсү ар башка болуп, кубулуп турат. Мисалы, тунук, таза көлдөрдө кара балыктын арка бели кара буурул, башы ачык жашыл, капталдары ачык кызгылт сары, курсак чарасы сары болот.

Ысык-Көлдө кара балык өзгөчө корголгон түр. Мунун өзгөчөлүгү – анын уругунун уулуу болушу жана курсагынын ички көңдөйүндө уулуу кара челдин болушу.

# Күмүш чабак



Бул чакан балыктын Кыргызстанда эки түрү кезигет. Алар «Ысык-Көл жана Чүй күмүш чабагы» деп аталат. Айтып тургандай, ысык-көл күмүш чабагы Көлдө гана жашайт, ал эми чүй күмүш чабагы Чүй суусунда гана болот.

Аталган балык ар кандай шарттарга ыңгайлашып, жашоосун улантуу касиетине ээ. Азык тандабайт. Аңдыктан балыктын бул түрүн аквариумдарда да кармаса болот. Бул чакан балыкты орус эли «голыш», «гольчик», «голячка», «голек», «пеструшка», «пеструха», «пестрая» деп да атап жүрүшөт.

Арка бели буурул жашыл, капталдары алтындай куюлушкан жашыл-саргыч болуп, ал эми курсак көңдөйү күмүштөнүп турат. Бир караганда ит мурунга окшоп кетет. Суу астында күмүш чабактар ар кандай абалды ээлешет, чоңураактары тереңде, майдалары суу үстүндө сүзүп жүрүшөт. Чабак жашоосунун экинчи жылы гана, уруук таштай баштайт. Урукттарды таштын арасына, шагылдарга, ал эми көлдөрдө өсүмдүктөр өскөн аймактарга, суулардын куймаларына чукул жерлерге чачышат.

Бул балыкты жылдын бардык мезгилинде кармаса болот. Ал ар кандай жандык, өсүмдүктөргө илинне берет. Чабактын өзүн жырткыч балыктарды кармоо үчүн, айрыкча, жилингир (форель) тутууда пайдаланса да болот. Анын этин жегенге болот. Аддтта андан сорпо да, куурма да жасашат. Ыштаса – табылгыс оокат.

# Чыгыш тыраңы



Чыгыш тыраны өткөн кылымдын башында, Кыргызстандын аймагында климаттык жактан ыңгайлаша баштаган. Алгач Чүй өрөөнүнүн көлмөлөрүнөн Ысык-Көлгө алып келинип, коё берилген. Кубулма кара балык менен катар эле, көлдүн таза суусу бар ойдуңдарынан орун ала баштаган.

Тыранды балык уулоодо – таануу оңой. Анын тулкусу жазы, арка бели жайпылгансып турат. Ири кабыкчалары жана куйругунун төмөн жагында узун келген чабакчасы да бар. Тырандын жаш тукумдары күмүш-ак түстө ээ. Бул балык тез чоңоёт. Чоң көлмөлөрдө узундугу 40-45 см. ге жетип, салмагы 3 килограмга чейин болот.

Экологиялык жактан ийкемдүү балык, ар кандай табигый шарттарга бат ыңгайлашат. Көлдүн шарты жагымдуулук кылганы менен, көбүнчө каналдарда, майда озон сууларда жашайт. Урук таштоону суунун температурасы 15-18 градуска жеткенде баштайт. Уруктары суу алдындагы өсүмдүктөргө же башка ар кандай нерселерге жабышып алат. Суу алдындагы омурткасыз жандыктар менен азыктанат.

# Кубулма-кара балык



Кубулма – жылуулукту сүйгөн, жай өскөн, аз кыймылдуу, суу түбүн сүйгөн балык. Анын оозу кондойунун бурчтарында бирден кыска муруттары болот. Тулку бою майда кабырчыктар менен коюу капталган. Түсү кооз келет, арка бөлүгү кочкул жашыл болуп, бара-бара каралжын тартып кетет. Курсак кондойу буурул алтын аралаш көрүнүп турат. Жондору каралжын.

Кубулма балык Кыргызстанда жасалма жол менен өстүрүлө баштаган. Адегенде Чүй дарыясынын бассейнинде, кийин Ысык-Көлгө коё берилген. Ал азыр Түп кысыгында байырлаган. Сатуу үчүн көп пайдаланылат. Суу өсүмдүктөрүнүн арасында жашайт. Ошол жерден азыктанып, урук чачат. Карп тукумдуулар сыяктуу эле, жайында кайырмакка бат илинет. Кышкысын суудагы чополорду казып кирип, жан сактайт.

# Көксерке



Көксерке – биздин суулардагы жырткыч балык. XX кылымдын орто ченинде алып келинген. Ысык-Көлдө уруктанып, көбөйүүгө бат ыңгайлашып кеткен. Тилекке каршы, ал Ысык-Көлдө байыртан туруктуу мекендеген чабактардын санын азайтып, көптөгөн зыян алып келген. Азыр аны жок кылуу чаралары көрүлүүдө.

# Сазан



Сазан – азыркы карптын байыркы жапайы бабасы. Ысык-Көлдө жана майда агын сууларда байырлайт. Урукту алыс барбай, ошол эле чалкөлмөлөргө таштайт. Камыш, балырдын арасына ургаачылары урук чачып, эркектери аларга сүт куюп турушат.

# Майда чабак



Ысык-Көлдүн майда чабагы – өтө уникалдуу. Узундугу 14-15 см., салмагы 40 гр. болот. Кызыгы, ал таң калтырарлык өзгөчөлүккө ээ. Кышкысын 140-150 метр тереңдикке чумкуп кетет.

Майда чабак көбөйүү учурунда, эркеги ургаачыларды тартуу үчүн, ак бермет кабыкка чулганат. Мындай мезгилде чабакты кармоого катуу тыюу салынат. Урук суу астындагы кальцийдин калдыктары чогулган таш кесектерге же үйүп калган катуу кум кесектерге ташталат.

# Соңку сөз ордуна

**Урматтуу Окурман!**

Бул китепти түзүүдөгү негизги максатыбыз – туулган жерибиз, Ата-Журтубуз, касиеттүү Ысык-Көлдү жана ал жерде жашаган элибиздин тарыхый тагдырын, элдик маданиятын, нарк-насилин башкаларга кенен-кесир тааныштыруу менен бирге, андан канат күүлөп, кадам таштап, ааламга жар салган, чыгаан уул-кыздарыбыздын эмгектен тапкан ийгиликтерин даңазалоо эле.

Ысык-Көл – Кыргыз Мамлекетинин дөөлөтү. Бул китепти түзүү идеясын ишке ашыруу бир топ убакытты алды. Ошентсе да, Жаратканды жардамы менен, китеп 2 тилде даярдалып, Сиздерге сунушталып отурат. Андагы маалыматтардын канчалык деңгээлде так берилгендигин өзүңүздөр калыс баалайсыздар деп, ишенебиз. Анткени «Кыргыз берметиˮ аталган, жер соорусу, касиеттүү Ысык-Көл өрөөнүнүн дөөлөттөрүн алыбыздын жетишинче тизмектөөгө аракет кылдык. Туулган жерибиз Ысык-Көлдүн илимге белгилүү болгон, ошондой эле ушул күнгө дейре, илимге белгисиз, купуя сырлары арбын. Карт тарыхта өз изи бар, кыргыз элинин кылымдарды карыткан, узак жолу – Ысык-Көл өрөөнү менен тыгыз байланыштуу.

Бул эмгекти жаратууда «Кереметтүү Кыргыз жеринин ар бир аймагы жөнүндө ушундай китептер чыкса экен» деп, тилек кылдык. Себеби ар бир дубанда, аймакта, шаарда, айылда кыргыз элинин көөнөргүс тарыхына байланышкан, баалуу маалыматтар, ошондой эле көргөн жанга эргүү берген, ажайып жаратылыш байлыктары бар. Албетте, булардын баары жаш муундарыбыздын мекенчилдик сезимин калыптандырат жана бекемдейт.

Жаш дүйнөбүздөгү идеябызды ишке ашырууга көмөктөш болуп, китепти чыгарууда өздөрүнүн кеп-кеңешин аябай, жакындан жардам берген: белгилүү коомдук ишмер Дастан Сарыгуловго, жазуучу Токтобай Мүлкүбатовго, окумуштуулар – Жаңгороз Канимстовго, Сыртбай Мусаевге, Алмаз Алдашевге, Мустафа Кидибаевге, Кубат Табалдиевге, журналисттер – Муңдузбек Тентимишевге, Кубан Мамбетовго, ошондой эле «Ак Санат лингво» маданий агартуу» коомдук бирикмесинин жетекчиси Ленара Ниязбековага ыраазычылык билдиребиз.

**Урматтуу Окурман!**

Асыл максатыбыз ишке ашып, китеп колуңуздарда турат. Анын мындан аркы өмүрү, Сиздер менен. Ушул китепти түзүүгө катышкан мекендештерибиздин атынан, Сиздерге бакубат жашоо каалайбыз. Ар бирибиз улуу кыргыз элибиз менен касиеттүү жерибиздин гүлдөп өсүшү үчүн, болгон күч-аракетибизди жумшап, ынтымак-ырашкерликте, аман-эсен бололу! Кыргыз жерибиз элибизге түбөлүккө куттуу болсун!



# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. – Б.: Илим, 2011.
2. Бартольд В.В. Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б.: Шам, 1996.
3. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Сост.: К. Ташбаева, Л. Ведутова. – Б.: Айбек, 1997. 1-2 том.
4. Проблемы политогенеза кыргызской государственности. – Б.: АРХИ, 2003.
5. Мокрынин В. Археология и история древнего и средневекового Кыргызстана. – Б.: Илим, 2010.
6. Плоских В. Затонувшие памятники Иссык-Куля (Исследование «Атлантиды» Центральной Азии на Великом Шелковом пути). – Б.: КРСУ, 2013.
7. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас, салт / Түз. К. Жусупов. – Б.: Кыргызстан, 1993.
8. Мамбетов К. Ысык-Көлдүн даанышман залкары. – Каракол, 2013.
9. Жусупов К. Байыркынын издери / Сүр. Т. Курманов. – Б.: «Кыргызстан – Сорос» фонду, 2001.
10. Үмөталиева Ш. Калыгул Казыбек Казакбай.
11. Алагушов Б. Комузчулар өнөрү. – Фрунзе, 1976.
12. Кыргыз Совет энциклопедиясы. – Фрунзе, 1978. – Т.3. – Б. 162.
13. Урстанбеков Б.У., Чоротегин Т.К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Фрунзе, 1990.
14. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999.
15. Мокрынин В., Плоских В. Археология и История Кыргызстана. – Б.: Илим, 2010.
16. Плоских В.В. Гипотеза А.П. Чайковского об Иссык-Куле как прародине ариев и современные исследования // Вестник КРСУ. 2012. – Том 12. – №1.
17. Бегалиева А. Историко-культурное наследие в туризме Кыргызской Республики. – Б., 2011.
18. Турсунов Э. Боронбай: тарыхый роман. – Б.: Алам, 2004.
10. Кыргыз эл оюндары / Амиркулов Х.И., Сүрөтчүсү К. Молдокасымов.
11. Ысык-Көлдөгү ыйык жерлер: тарых, зыярат, өнөр. – Б., 2009.
12. Асанов Н. Ысык-Көлдүн жер-суу аттары. – Каракол, 2006.
13. Алымбеков К.А., Тайтелиев Ч.А., Абдысатаров Р.К. Асырлардан калдырылганы арналган өмүр. – Б., 2007.
14. Уңгулар баскан жол урпактар үчүн кайда. – IV китеп. – Карга эле басма үйү, 2011.
15. Асанканов А.А., Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. – Б., 2010.
16. Каратаев О. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. – Б., 2003.
17. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк / Түз. О.К. Каратаев, С.Н. Эралиев. – Б.: Бийиктик, 2005.
18. Манас энциклопедиясы. – Бишкек, 1995. I-II том.
19. Темиржанова М., Субанкожоева Ч. Биздин замандын залкар манасчысы Жусуп Мамай. – Б.: Турар, 2012.
20. Асанбеков К. Ысык-Көлдүн Жети Ажайып. – Каракол, 2011.
21. Иманалиев К. Кыргызым. – Б., 2012.
22. Подводные тайны и нераскрытые загадки Иссык-Куля. – Б.: КРСУ, 2010.
23. Абдрахманов О. Ата Журт баяны. – Б.: Учкун, 2009.
24. Табалдиев К.Ш. Древние Памятники Тянь-Шаня. – Б.: V.R.S. Company, 2011.
25. Акылман Калыгул: ырлар, насааттар, даректүү баяндар, илимий изилдөөлөр / Түз. С. Мусаев, А. Акматалиев. – Б.: Шам, 2000.
26. Худяков Ю. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1995.
27. Жети-Суу тарыхынын очерктери. – Бартольд. – Соч., II том.
28. Акматалиев А. Кыргыздын эл өнөрчүлүгү. – Б., 1996.
29. Сарыгулов Д. Ыйман сабагы. – Б., 2004.
30. Сарыгулов Д. Макала. Кыргыздын байыркы тарыхы. Китепте: Эзелки ... 1-Улуттук Кеңеш (жыйында). – Б., 2008.
31. Буудайбек Сабыр уулу. Улуттук ак калпактар. – «Мектеп» басмасы. – Фрунзе, 1977.
32. Чайковский А.П. Родина народов арийской расы – где она была и отчего покинута. – М., 1914.
33. Байтур А. Кыргыз тарыхы (кытай булактарындагы кыргыз) оорулуштурулушу жана изилдөөлөрүндө). 1-китеп. – Мамлекеттик тил фонду, 2005.
34. Зеланд Н.Л. Киргизы (этнологический очерк). – СПб, 1885.
35. Кузьмина Е.Е. Древнейшие скотоводы от Урала до Тянь-Шаня. – Фрунзе, 1986.
36. Максимов Е.В. Загадки озера Иссык-Куль. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1985.

# Мазмуну


1 Баш сөз. Редколлегиядан

2 Касиеттүү көлдүн жээги

3 Ысык-Көлдүн тарыхый шаарлары

4 Ысык-Көл жөнүндө уламыштар

5 Ысык-Көл дубанындагы кыргыз уруулары

6 Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан Беш мырза

7 Ысык-Көлдөн чыккан атактуу Жети Акс

8 Ысык-Көлдөн чыккан улуу инсандар

9 Ысык-Көл - манасчылардын алтын бешиги

10 Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан залкар комузчулар

11 Улуттук улуу дөөлөттөр

12 Ысык-Көл өрөөнүндөгү шаарлар

13 Ысык-Көл дубанындагы тарыхый жер-суу аттары

14 Ысык-Көлдүн ыйык жайлары

15 Ысык-Көл өрөөнүн мекендеген жаныбарлар жана канаттуулар

16 Соңку сөз

17 Колдонулган адабияттар

